Б. ӨМҮРАЛИЕВ

# КЫРГЫЗ ТИЛИ

9

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГЕРБИ




## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ЖЕЛЕГИ



## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГИМНИ

Сөзү: *Ж. Садыков, Ш. Кулуевдики*
Муз.: *Н. Давлесов, К. Молдобасановдуку*

Ак мөңгүлүү аска-зоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.

***Кайырма:***
Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колунда.

Байыртадан бүткөн мүнөз элиме,
Досторуна даяр дилин берүүгө,
Бул ынтымак эл бирдигин ширетип,
Бейкуттукту берет кыргыз жерине.

***Кайырма:***

Аткарылып элдин үмүт тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын,
Ыйык сактап, урпактарга берели.

***Кайырма:***

Б. ӨМҮРАЛИЕВ

# КЫРГЫЗ ТИЛИ

Синтаксис
II бөлүк

Кыргыз орто мектептеринин 9-классы үчүн окуу китеби

*Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен*

Үчүнчү басылышы

Гимназия №68
город Бишкек шаары

«Билим-компьютер»
Бишкек – 2012

УДК 373.167.1
ББК 81.2 Ки — 922
Ө—99

*2-басылышы 2007-жылы жарык көргөн.*

Бул окуу китеби 1999-жылы Кыргыз Республикасынын Билим жана маданият министрлиги тарабынан окуу китептерине карата жарыяланган конкурста жактырылган.

**Өмүралиев Б.**
Ө—99 **Кыргыз тили:** II бөлүк. Синтаксис. Жалпы билим берүүчү кыргыз орто мектептеринин 9-кл. үчүн окуу китеби. Кайра ишт. 3-бас. – Б.: «Билим-компьютер», 2012. – 160 б.
ISBN 978-9967-452-49-7

**Окуу китебинде колдонулган шарттуу белгилер:**

| — теориялык маалыматтар тик сызык менен белгиленди.
БК — байланыштуу кеп боюнча көнүгүү.
too[1] — сөзгө фонетикалык талдоо жүргүзүү.
билим[2] — сөзгө сөздүн курамы (унгу, мүчө) боюнча талдоо жүргүзүү.
бийик[3] — сөздү сөз түркүмү катары талдоо.
Айылга баратамын[4] — сүйлөмгө синтаксистик талдоо жүргүзүү.

Мисал үчүн пайдаланылган сүйлөмдөр менен тексттердин авторунун аты, фамилиясы кыскартылып берилди. Шарттуу кыскартуунун тизмесин 156-беттен караңыз.

**Ө 430602020-12**

**УДК 373.167.1**
**ББК 81.2 Ки — 922**

ISBN 978-9967-452-49-7

© Өмүралиев Б., 2012
© Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, 2012
© «Билим-компьютер» басмасы, 2012

# VIII КЛАССТА ӨЗДӨШТҮРҮЛГӨНДӨРДҮ КАЙТАЛОО

**1.** Окугула. Тил жөнүндө айтылгандарга көңүл бургула. Улуу адамдар эмне үчүн эне тилди жогору баалашкан? Өз оюңарды билдиргиле.

1. Илим менен билимге көпүрө – тил,
Көкөлөткөн адамды тили деп бил.
*Ж. Баласагын.*

2. Келбесе сөз сүйлөөгө кызыл тилиң,
Кайдан болот азыркы толгон билим!
Сөз сүйлөп, сөздөн сөзгө жетпеген соң,
Дүйнөнүн биз билмекпиз кайсы бирин?
*А. Токомбаев.*

3. Тилиңе кулдук кылам, энем, атам!
Кечиргин, мен тараптан болсо катам.
Сен сүйгөн, сен сүйлөгөн ушул тилде,
Кубултуп, безеп ырдап келе жатам.
*А. Токтомушев.*

4. Сөзү жоголгон журттун өзү жоголот.
*А. Байтурсунов.*

**2.** Текстти көркөм окугула. Андагы негизги ой эмне жөнүндө? Текстте сөздүн кереметтүү касиети жөнүндө эмнелер айтылды? Сенин оюң кандай?

## СӨЗ ЖӨНҮНДӨ ДАСТАН

Сөз – адамдын маданияты. Адамды адам менен байланыштырган – сөз. Сөз – акылман насаатчы, мыкты билим. Эл билген улуу эмес, сөз билген улуу. Ошон үчүн элибиз: – Жылуу сөзгө жылан ийининен чыгат, – деп айтышкан. Демек, сөз – баарынын башаты.

– Сөз болбосо, эненин балага болгон мээрими кантип төгүлмөк. Атанын акылы кайдан айтылмак?! Сүйгөн жардын жылмаюусу да, көз жашы да – сөз. Аалам кандай чексиз болсо, сөз да андан кем эмес.

Сөз билүүнүн өзү да улуу керемет! Ошон үчүн сөз үйрөнөлү! (*С. Р.*)

## § 1. СӨЗ АЙКАШЫ

**3.** Окугула. Сөз айкашындагы негизги жана багыныңкы сөздү тапкыла. Бул сөздөр бири-бири менен кандайча байланышат?

Терең[1] билим, сочинение жазуу, акырын айтуу, мелдешке чыгуу, жолдошторго кезигүү[1], алты окуучу, мектептен билим алуу, асмандагы жылдыздар[2], лыжа менен жүрүү, айылдаштар[2] менен кезигүү, ашуу аркылуу баруу[3], алмалуу бак, кыраан бүркүт, эне тилди үйрөнүү, эненин мээрими, бийиктиктен секирүү, айылдан кезигишүү, кара кылды как жарган[3], ак таңдай акын.

**4.** Атоочтук жана этиштик сөз айкаштарын тапкыла. Негизги сөздү аныктагыла, ал кайсы сөз түркүмүнөн болду? Сөз айкашынын түзүлүшү кандай?

Кыраатты менен сүйлөө, жасалма жибек, жакшы адаттарды калыптандыруу, жайлоодон түшүү, жайлоонун гүлү, башына чөп сындыруу, данкы таш жаруу, кара чыйырчыкка уя салуу, кара сур келин, кара көз кыз, үйүр-үйүр жылкы, үйдөгүлөрдүн экөө, жүгөрүдөй сапсары, аскадай бийик, алардын баары, суудан кургак чыгуу, эт менен челдин ортосунда, ырдагандардын ар бири, макал сөз, жасап сүйлөө, жагалмайдай сызуу, кой чарбасын өстүрүү.

**5.** Сөз менен сөз айкашын, сөз айкашы менен сүйлөмдү салыштыргыла. Алардын айырмачылыгын түшүндүргүлө.

1. Күмбөз – Манастын күмбөзү. – Биз Манастын күмбөзүн көрдүк. 2. Жер – туулуп-өскөн жер. – Туулуп өскөн жеримди сагындым. 3. Жардам берүү – ата-энеге жардам берүү. – Ата-энеге жардам бердик. 4. Аңгемелешүү – Ата мекен жөнүндө аңгемелештик. 5. Көз – ач көз. – Ач көз дүйнөгө тойбойт. 6. Бото – ботодой боздоо. – Ал ботодой боздоду. Тил – тили таттуу. Тили таттуу жаш бала сүйлөп берди жай гана.

**6.** Сөз айкашын катыштырып, ар бирине бирден сүйлөм түзгүлө. Сүйлөм эмнеден түзүлөт? Сөз айкашы менен сүйлөмдүн айырмасы эмнеде? Түшүндүргүлө.

Ак бата алуу, акактай таза тилек, деңиздей толкуу, жогорку окуу жайына баруу, илимий китепкана, көздөн кайым болуу, көзү ала чакмак болуу, көзүнүн агы менен тең айлануу, балдан таттуу, алмаздан катуу, келаткандардын бирөө.

**7.** Сөз айкашындагы байланыштын жолдорун (ыкташуу, таандык байланыш, башкаруу) аныктагыла.



Адептүү бала, ажырагыс достук[3], жазуучулар менен жолугушуу[3], абайлап сүйлөө, аскердик бөлүк, тилекке жетүү, балык кармоо, бейкуттукта жашоо, кырсыктан сактануу, гүл өстүрүү, ата мекендин топурагы, жакшылыктын белгиси, илимий даража, тоонун суусу.

Ү л г ү: *Адептүү бала*

к а н д а й?

адептүү ← ыкташуу — бала х

**8.** Көчүргүлө. Сөз айкашына талдоо жүргүзгүлө: а) негизги жана багыныңкы сөздү көрсөтүү; б) сөз айкашынын кайсы түрү (атоочтук, этиштик); в) негизги жана багыныңкы сөздөрдүн байланышуу жолдорун аныктоо; д) алар кайсы сөз түркүмүнөн экенин.

Жогорку билим, курбуларымдын үчөө, анардай кыпкызыл, каада-салтты үйрөнүү, карыны сыйлоо, биринчи учурашуу, жаңылбай сүйлөө, учурашкандардын экөө, айдан ачык, кабагы бүркөлүү, комуз чертүү, кыякчынын ар бири, кызыл гүл.

**9.** Окугула. Сөз менен сөз айкашынын айырмасын түшүндүргүлө.

Бака жалбырак – бака жалбырак жыйноо, ачык-айрым – ачык-айрым киши, көл – көлгө түшүү, жалбыз – жалбыздын жыты, үчүнчү – үчүнчү беттешүү, залкар – залкар жазуучу, оюн – оюнга баруу, үч – үч киши, сабак – мугалимдин сабагы, түзсүз – түзсүз көл, тунук – тунук булак, таттуу – таттуу алма.

## § 2. ЖӨНӨКӨЙ СҮЙЛӨМДҮН ТҮРЛӨРҮ

**10.** Окугула. Айтылыш максаты жана грамматикалык түзүлүшү боюнча кандай сүйлөмдөр бар? Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүн тапкыла. Эмне үчүн ээ менен баяндооч сүйлөмдүн негизин түзөт?

1. Бостон карышкырды өзү да көрдү. Ал желе-жортуп кетип бара жаткан экен. Жалына арта салынган бала өкүрүп-бакырып ыйлап баратат. Бостон тамагы айрылганча бакырып, артында чуркап баратты:

– Ташта, Акбара! Ташта баланы! Экинчи бөрү аттууга тийбейин! (*Ч. А.*)

2. Ал таң калгандай балдарга карады:

– Силерге ким керек, балдар?

– Эже, уруксат этиңиз? Биз агайга келдик. (*Т. С.*)

**11.** Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзүп, төмөнкү суроолорго жооп бергиле; а) баш мүчөлөрү толук катышса, ал кандай сүйлөм болот; б) баяндоочко айкындоочтордун ичинен кайсылар башкарылат; в) башкаруу байланышы деген эмне?

1. Туйгундун экинчи түрү – тунжур. Бул да – куштун кырааны. Сырткы жүндөрү, канат-куйруктары боз ала келет. Ылаачындар кара чаар, кызыл чаар, көк чаар түстө кездешет. Ылаачын ителгиден да учкул. («*КБ*») 2. Агай, биз айылдан келдик. Биздин айылга быйыл элүү жыл толот. Эл-журт айылды өз эмгектери менен гүлдөттү. Заңгыраган сулуу мектеп курулду. Бак-дарактар отургузулган. Жыйырма кишилик оорукана да бар.
Ошентип, айылыбыз өсүп-өнүгүп баратат. («*А*»)

**12.** Окугула. Сүйлөмдөрдүн грамматикалык түзүлүшүн аныктагыла. Жөнөкөй сүйлөмдүн кандай түрлөрү бар?

1. Каныбектин кызыл ала болуп турганын көргөндө Анархан, ээги-ээгине тийбей, ыйлап жиберди. (*К. Ж.*) 2. Бурмаке бөкчөңдөп калтыраган арык колу менен ооруларга суу берип жүрөт. (*М. Э.*) Эл ичи – алтын бешик. Бир көргөн – билиш. Эки көргөн[3] – тааныш (*Мак.*) 4. Тил – ар улуттун руханий күзгүсү. Тилсиз улут болбойт. (*Ч. А.*) 5. Кыш. Суук катуу. Жол жүрүп баратабыз.

**13.** Окугула. Сүйлөмдөрдүн аягына кайсы тыныш белгиси коюлат? Эмне үчүн? Сүйлөмдөрдүн интонациялык айырмачылыктары кандай?

Душманымды ээлде кечирбейм // Бирок заманыма кек санаган жерим жок // Антсе да, согушта доом көп // Атылган ок, төгүлгөн кан тарыхтын эсебинде // Ал эми адамдардын бүлүнгөн өмүрүчү // Аны тарыхтын кайсы бетине жазабыз // Ал үчүн ким жооп берет // Алимандын тагдырын эстегенде ичим күйүп чок болот // Анын убал-сообу кимде // Кайран келиним // Гүл сүйгөн келиним // (*Ч. А.*)

**14.** Көчүргүлө. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзүп, эки жана бир тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрүн аныктагыла. Алардын түзүлүшү кандай болот?

1. Түз сүйлөп, чынчыл болгун. (*Ж. Баласагын*) 2. Айкөл Манас кабылан чачылган элди жыйнаган. («*Манас*») 3. Жай айы... Ала-Башка бара жатабыз. Айлана тыптынч. Алыстан Чоң-Төр көрүнөт! («*КБ*») 4. – Таятам экөөбүз сени абдан жакшы көрөбүз, мүйүздүү Бугу эне. – Билем. (*Ч. А.*)



**15.** Окугула. Жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрүн аныктагыла. Анда сүйлөмдүн кайсы мүчөлөрү катышты?

## ӨМҮРДҮН БАШАТЫ – ЭНЕ

Эне... Кандай кереметтүү сөз! Жашоодо туу туткан адамым – менин энем. Энемде бир касиет бар эле. Кишинин назарын сындырганын ушунча болуп көргөн жокмун. Бир нерсени кыйытып жумшак айтчу.

Энемдин көтөрүмдүүлүгүнө таң калам. Көрсө, бул балдарынын бактысы үчүн кылган аракети турбайбы! Ал киши үчүн адам көңүлүнөн өткөн улук нерсе жок болсо керек. («*Асылзат*» *гезити*)

# БАЙЛАНЫШТУУ КЕП

## § 3. ТЕКСТ ЖАНА КЕП ЖӨНҮНДӨГҮ МААЛЫМАТТАРДЫ ЖАЛПЫЛОО

**Текст – бул мааниси жана грамматикалык түзүлүшү боюнча өз ара байланышкан бир канча сүйлөм.**

Ар бир тексттин мазмуну, темасы, негизги ою (идеясы) болот.

Текстке мүнөздүү белгилердин бири – анда бир нерсе жөнүндө кабар берүүнүн аякталып бүткөндүгү. Башкача айтканда, тексттин маанилик бүтүндүгү.

Дагы бир негизги белгиси – текстти түзүп турган сүйлөмдөрдүн өз ара байланыштуу болушу. Мында сүйлөмдөр тизмектешип айтылып, биринин маанисин экинчиси улантат жана толуктайт. Ушуга байланыштуу тексттин мазмуну, андагы негизги ой ачык-так жана толук баяндалат.

Тексттеги сүйлөмдөрдү ырааттуу байланыштырууда мурдагы сөз кайталанып келиши мүмкүн, же анын ордуна башка сөздөр, же синонимдер пайдаланылат.

Ушундай эле, байламта, киринди сөз ж. б. тилдик каражаттардын мааниси чоң.

Тексттин жалпы мазмунун берүүдө баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү сыяктуу кептин ар кандай түрлөрү колдонулат.

16. БК. Текст деген эмне? Ага мүнөздүү белгилер кайсы? Тексттин темасы жана андагы негизги ой жөнүндө эмне билесиңер? Төмөнкү тексттен мисал келтиргиле.

### ЧОЛПОНБАЙ

Ысык-Көлдүн балыгындай сүзүп, Чолпонбай бат эле суунун аркы өйүзүнө чыкты. Дон суусунун бөгөп аккан терендиги, мөндүрдөй жааган душмандын октору Чолпонбайды чочута албады. Эмне кылуу керек? деген ой көз ачып жумганча пайда болду.

Чолпонбай ДЗОТко[1] улам жакындап, жети баштуу желмогуздар менен арбашты. Ажал менен бетме-бет кармашты. Уламдан-улам шумдуктуу окуя жакындап келет.

[1] *ДЗОТ* – коргонуу үчүн жыгачтан жасалган жашыруун траншей.



Чолпонбай болжогон жерине жетип, биринин артынан бирин зыркыратып, гранаталарды ыргытты. Бирок ийинде жаткан жети баштуу желмогуздар ажалдын огун себе беришти. Дал ошол секундада Чолпонбай чыгыш тарапты бир карады. Алда кайдан аркайып Ала-Тоо карап тургансыйт. Ак-куласын алкынтып, баатыр Манас келе жаткансыйт!..

Чолпонбай көзүнөн жалынын чыгарып, тишин кычыратып чайнап алды да: «Мына менин ата-бабаларым ким экенин бүт дүйнө билсин, өз көзү менен көрсүн! Айтканынан кайтпаган, ажалдан башын тартпаган, душманга башын ийбеген баатырлардын тукуму – мен!.. Мен дагы элим үчүн, жерим үчүн, ата мекеним үчүн ыйык милдетимди аткарам!.. – деп ДЗОТтун оозун жүрөгү менен басты.

Бул укмушка карап турган жолдоштору эмес, кара жер да солк эткенсиди. Бул – кимдин уулу? Бул кыргыз элинин уулу! (*К. Ж.*)

**17. БК.** Текстти талдагыла: а) анын мазмуну темасына шайкеш келеби; б) андагы негизги ой эмне жөнүндө болду; в) текстте кептин кайсы түрү колдонулду; г) сүйлөмдүн кайсы түрлөрү пайдаланылды?

### УЛУУ АГАРТУУЧУ



Ар бир элдин улуттук сыймыгы болгон илимпоздору, залкар жазуучулары, чыгаан ишмерлери болот эмеспи. Ошондой жылдыздардын бири – Ишеналы Арабай уулу. Деги, агартуу ишине ак эмгек өтөгөн Ишеналы Арабай уулу ким?

Ал Уфадагы Медресе Аали аттуу жогорку дин мектебин ийгиликтүү бүтүргөн. Окуп жүргөн кезинде, 1911-жылы, Молдо Кылычтын «Зилзала» аттуу поэмасын басмадан бастырып чыгарган.

Эл кыдырып, балдарды окуткан. Кыргыз тилинин биринчи окуу китеби «Алиппе» Ишеналы Арабай уулу тарабынан түзүлүп, 1924-жылы жарыкка чыккан. Бул окуя элибиздин маданий турмушунда чоң майрам катары эсептелген. Даназалуу биринчи кызыл мугалимдер ушул окуу китеби аркылуу келечекке канат кагышкан.

Анын ысмы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетине ыйгарылган. («*И. Арабаев» деген жыйнактан*).

## § 4. КЕПТИН ТҮРЛӨРҮ

Учу-кыйрына көз жетпеген ажайып дүйнө бизди курчап турат. Биз анын табышмактуу сырларын билүүгө кызыгабыз, алар жөнүндө өз пикирибизди айтабыз, ой жүгүртөбүз. Ошентип, башкалар менен пикир алышууда кепти колдонобуз. Демек, кеп дегенибиз белгилүү бир учурда тилди күндөлүк турмушта колдоно билүү болуп эсептелет. Ушуга байланыштуу кептин үч түрү бизге белгилүү: баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү.

**18. БК.** Текстти көркөм окугула. Анда баяндалган окуяны ирети менен кайра айтып бергиле. Окуянын башталышын жана анын аякталып бүтүшүн көрсөткүлө. Текст адабий чыгарманын кайсы түрүнө кирет?

### ТӨШТҮК

Төштүк, Чалкуйрукту минип, журтта калган өгөөнү көздөй жөнөдү. Анамына дегенче, ачып көздү жумгуча журтка жакындап калды. Ошондо адамдан эстүү Чалкуйрук адамча сүйлөдү:

– Желмогуз кемпирге барганда, энеке, мына бул өгөөнү алып берчи. Түшсөм мине албайм, минсем түшө албайм, – дегин.

Кемпир: «Отурсам тура албаган, турсам отура албаган бир кемпир элем, өзүң түшүп ала кой», – дейт.

– Ошондо мен боз коёндон жапыз болоюн, сен боз куштан илгир бол. Кемпирдин жети башын ыргыта чаап, өгөөнү илип алсаң, бизге кудай бергени.

Төштүк кемпирдин жанына барып, айтышып туруп, алты башын кылыч менен кыя чапты. Кемпир качып берди. Төштүк артынан кубалап калды. Аттын дүбүртүнөн улам тоо жарылып, көл болду. Тоодой таштар убаланып кумга айланды. Ангыча кара жер как жарылып, желмогуз кемпир жер астына кирип кетти. Төштүк кууп артынан кошо кирди.

Көрсө, желмогуз кемпирдин Төштүккө келишинин себеби мындай экен. Жер алдындагы Урумкандын Узунчач аттуу кызы жер үстүндөгү тогуз уулдун кенжеси, Элемандын эркеси Төштүккө ашык болуп калат да, «Төштүктү азгырып алып кел» деп жети баштуу желмогуз кемпирди жиберген экен.

(*«Эр Төштүк»*).

**19. БК.** Текстти окугула. Анда сөздүн күчү аркылуу көркөм чыгарманын каарманы кандайча сүрөттөлгөн? Каарманга мүнөздүү негизги белгилерди көрсөткүлө. Текст кайсы адабий чыгармадан алынган?

Желелеп калың бырыш баскан жүзү качан болсо чүрүшө күлүмсүрөп, жүлжүйгөн көздөрү «ыя, бир жумушуңду бүтүрүп берейинби? Айт, айта кой, мен азыр....» – деп тургансыйт. Мурду салаңдап, кемирчек эмей эле жалаң эт өңдүү. Кудай же бойдон, же сакалдан айтпаптыр, кедейген бою бакене, чүрүшкөн ээгинде эки-үч куйкул сары кыл сербейип, маке чал десең да келишпейт.

Момун куракту башка карыяларды көрчү: күмүш чапкан ээр токунуп, жараган ат минип, кең жака ичикчен, суусар тебетейчен; сакалы көкүрөгүндө жайкалып, салабаттуу бастырып баратса, ким да болсо ийилип салам айтат. А Момунчу, жеткен атагы Момун элпек. (*Ч. А.*)

### КЕПТИН СТИЛДЕРИ

Кыргыз адабий тилинде текст түзүүнүн ар кандай ыктары бар, алар кептин с т и л д е р и деп аталышат.

Кептин стили жалпысынан с ү й л ө ш ү ү жана к и т е п с т и л и болуп экиге бөлүнөт. Китеп стилине төмөнкүлөр кирет: публицистикалык стиль, көркөм стиль, илимий стиль, иш кагаздарынын стили.

## § 5. ПУБЛИЦИСТИКАЛЫК СТИЛЬ

Учурдагы маанилүү окуялар, иш-аракеттер, жаңылыктар жөнүндө маалымат берген чыгарманын бир түрү п у б л и ц и с т и к а деп аталат. Ал латындын *публикус* деген сөзүнөн алынган, бизче *коомдук* деген маанини билдирет. Бул чыгарма элдин кеңири катмарына ылайыкталып, *коомдук*, саясий, маданий маселелер боюнча кабар берет.

Публицистикалык стилге төмөнкүлөр мүнөздүү:

а) гезит, журналдарда, радиоуктурууларда, телекөрсөтүүлөрдө, жарыш сөздөрдө, журналисттердин кептеринде ж. б. колдонулат;

б) маанилүү коомдук, саясий жана маданий кабарларды билдирет, аларга туура мамиле жасоого чакырат;

в) ачык-так, жеткиликтүү жана таасирдүү болуш үчүн учкул сөздөр, макал-ылакаптар, фразеологизмдер кеңири пайдаланылат;

г) коомдук, саясий сөздөр көбүрөөк колдонулуп, кээ бир сөздөр өтмө маанide (*пахта – ак алтын*) болот жана кайталанып келе берет.

**20.** Тексттерди көрктүү окуп, алар кандай стилде берилгенин аныктагыла. Публицистикалык стилге мүнөздүү белгилер кайсылар? Ал жөнүндө айтып берип, тексттерден мисал келтиргиле.

## НАН БИЗДИН БАЙЛЫГЫБЫЗ

I

Нан биздин түгөнгүс байлыгыбыз! Нансыз жашоо да, тиричилик да болбостугу жалпыбызга маалым. Нан канчалык көп болсо, кайсы гана жерде болбосун токчулук өкүм сүрөрү белгилүү.

Биздин колубуздагы токчулуктан кабар берип турган ак нан кайратман баба дыйкандарыбыздын ак ниеттүү эмгегинен, мандай теринен жаралат эмеспи!

Азыркы турмушта ар кандай учур кездешет, мисалы, кээ бир адамдар жерде жаткан нанды өйдө алып коюудан намыстанышат. Бир сындырым нанды да коромжуга учуратпай, аны ыйык жана улук деп билүүбүз керек. Эмесе, «нан болсо, ыр да болот» деген кепке терең түшүнө билүүбүз зарыл.

Нанды ысырапкорчулукка учуратып жаткандар менен келишпес түрдө, аёосуз күрөш жүргүзөлү, жаш достор!

Г р а м м а т и к а – тил илиминин бир бөлүгү. Кең мааниде «лингвистика» деген түшүнүк менен синонимдеш. Адатта, ал тилдин морфология жана синтаксис деп аталган бөлүктөрүн өз ичине камтып, сөздөрдүн жана сүйлөмдөрдүн ички түзүлүш өзгөчөлүктөрүн үйрөтөт. Ар бир тилдин өзүнө мүнөздүү грамматикалык өзгөчөлүктөрү бар.

II

1. Кычыраган кыш. Күн суук. Чыкылдаган кышкы аяз бети-колду тоңдурат. Күн чайыттай ачык. Асманда токумдай да булут жок. Кышкы күн алсыз нурун ай-ааламга чачууда. Аппак карлар жарк-журк этет. (*К. Б.*)

2. Чаргын – айылдын белгилүү жигиттеринин бири. Жашы отуздан ашкан. Жаагы кере карыш бөтөнчө чоң, көздөрү алаңдай берген, тартайган узун неме. Кичирээк жылкыга минсе, үч бүктөлөт. Жөө арышы саржан салган кишидей, өзү менен катар баскан адамдын алдына озуп кетет. (*Т. С.*)

III

ЖАЙДЫН КЕЧИ

Манаттай асман кызарып,
Магдырап барат айланам.
Чачырайт көбүк бетиме,
Чамынып аккан дайрадан.

Жалбыздын жыты буркурап,
Жанына жыпар чачкандай.
Торгойлор тынбай шаңшышат,
Токтогул күүсүн тарткандай!



Үргүлөп тоолор баратат,
Уйкуга батып, алсырап.
Токтой тур, курбум, ток той тур,
Чолпон да чыгар чачырап. (*Ж. Б.*)

## § 6. ТҮШҮНДҮРМӨ МҮЧӨ

**Т ү ш ү н д ү р м ө   м ү ч ө сүйлөмдүн баш жана айкындооч мүчөлөрүнөн кийин келет да, алардын маанисин тактайт, толуктайт жана ким, эмне экендигин билдирет.**

Түшүндүрмө мүчө бир же бир нече сөздөн түзүлүшү мүмкүн.

Мисалы, 1. *Биз, **жаштар**, ата-бабаларыбыздын осуяттарын аткарууга аракеттенебиз.* 2. *Биз, **чөп чапкыч машина айдаган балдар**, Даниярды ошондо биринчи жолу көрдүк.* (Ч. А.)

Түшүндүрмө мүчөлөр: *жаштар, чөп чапкыч машина айдаган балдар.* Булар *биз* деген сөздүн маанисин толуктады: 1-сүйлөмдө *биз* деген *жаштар* экендигин, 2-сүйлөмдө *биз* деген *чөп чапкыч машина айдаган балдар* экендигин билдирди.

Өзүнөн мурда келген сөз сүйлөмдүн кайсы мүчөсү болсо, түшүндүрмө мүчө да ошондой милдетти аткарат: *Бизге, **окуучуларга**, сыйлыктар берилди.* К и м г е берилди? – *бизге* – толуктооч; к и м д е р г е? *окуучуларга* – толуктоочтун түшүндүрмө мүчөсү.

Түшүндүрмө мүчө интонациялык жактан бөлүнүп айтылат да, жазууда эки жагынан үтүр менен ажыратылат: *Мени Бишкекке, **педагогикалык университетке**, жиберишти.*

Э с к е р т ү ү. Чакырык маанисинде айтылган сүйлөмдө түшүндүрмө мүчө сызыкча менен ажыратылат: *Жашасын тынчтык – **адамзаттын жаркыраган келечеги**!*

**21.** Окугула. Сүйлөмдөгү түшүндүрмө мүчөнү тапкыла. Ал кайсы сөздүн маанисин тактады? Сүйлөмдүн кайсы мүчөсү?

1. Январь айы... Биз Сухуми шаарына келдик. Күн жылуу. Пай-пай, шаар эмес бекен! Кышы жок бул эмне деген шаар? Азыркы күндө бизде, Кыргызстанда, катуу кыш. А мында, Абхазияда, коңур күз.

Карыя бизди, Кыргызстандан баргандарды, конок үйүнө алып кирди[4]. Үйдөгү адамдар жабыла тура калышты. Көрсө, алар, конок үйүндө отургандар, карыянын небере-чөбүрөлөрү экен. (*К. Б.*)

2. Айтканындай эле, Дүйшөн бизди ак дилинен окутуп жатты. Ошондо биз үчүн, тоо койнундагы кыргыз балдары үчүн, укмуштуудай жаңы дүйнө

ачылды. Ошондо эле Олуя-Ата, Ташкен сыяктуу чоң шаарлар бар экенин укканбыз. Турмуш оңолгондо, биздин мектеп чоң ак там болоруна ошондо эле ишенгенбиз. Биз, тоо балдары, эч бир кимөн санабай окуп жаттык. (*Ч. А.*)

**22.** Сүйлөмдөрдү бири бирине салыштыргыла. Түшүндүрмө мүчө кандай маанide колдонуларын түшүндүргүлө.

1. Улуу акын Токтогул өз өнөрүн шакирттерине, Калык менен Алымкулга, үйрөтүүнү эч качан көңүлүнөн чыгарган эмес. – Улуу акын Токтогул өз өнөрүн шакирттерине үйрөтүүнү эч качан көңүлүнөн чыгарган эмес. 2. Акындын кыргыз элине атагы чыккан ондогон окуучулары бар. 3. Алар, шакирттери, Токтогулдун күүлөрүн кылдаттык менен аткарышат. (*Ж. Б.*) 4. Алыста жүргөн атаң өзүнүн сагынычтуу саламын жиберет. – Алыста, кандуу майданда, жүргөн атаң өзүнүн сагынычтуу саламын жиберет. 5. Биз Батышта арстандарча алышып жатабыз. – Биз, кыргыз жоокерлери, Батышта арстандарча алышып жатабыз. (*К. Б.*)

**23.** Көчүргүлө. Синтаксистик талдоо жүргүзүп, түшүндүрмө мүчө сүйлөмдүн кайсы мүчөсүнүн милдетин аткарганын аныктагыла.

1. Анда мен, он төрттөгү жетим кыз, туугандарымдын колунда жүргөм. (*Ч. А.*) 2. Ал кишини биз, кыргыз балдары, Кузьмич ата дечүбүз. (*Т. С.*) 3. Бүбүсайра Бейшеналиеванын, кыргыз балеринасынын, аты көп жерге белгилүү. 4. Эки-үч күндө жайлоого, Сары-Белге, барганы жатабыз. 5. Бизге, жаштарга, билимге ээ болуу керек. («*КБ*»)

Ү л г ү: *Анда мен, он төрттөгү жетим кыз, туугандарымдын колунда жүргөм.* – Э м н е болгом? – *жүргөм* – баяндооч; к и м? – *мен* – ээ; к и м? – *он төрт жаштагы жетим кыз* – ээнин түшүндүрмө мүчөсү; к а й д а жүргөм? – *туугандарымдын колунда* – орун бышыктооч.

**24.** Көчүргүлө. Түшүндүрмө мүчөнү таап, аны үтүр менен ажыраткыла. Ал сүйлөмдүн кайсы мүчөсүнүн милдетин аткарды?

1. Менин[2] турмушумдагы ушундай таң каларлык күндү 1962-жылдын 12-апрелин чыдамсыздык менен күттүк. Биз космонавттар тынчтык үчүн кызмат кылабыз. («*КТ*») 2. Биз акындар жылдыз болсок көктөгү, анда Алыкул – жылдыздардын Чолпону. (*Б. С.*) 3. Анда биз бир кур өспүрүм балдар чарбада суу сугарабыз. Согушта салгылашып жаткан эр бүлөнүн оор түйшүгү биздин жаш балдардын мойнунда. Өзгөчө, эгин-жыйын келгенде, аптасы менен үй бетин көрбөйбүз. (*Ч. А.*)



**25.** Көп чекиттин ордуна мааниси жагынан ылайык келүүчү түшүндүрмө мүчөнү коюп, сүйлөм түзгүлө. Аларды сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдагыла. Түшүндүрмө мүчө сүйлөмдүн кайсы мүчөсү?

Силер ..., биз ..., туулуп-өскөн айылыма ..., институтка ..., кечинде ..., силер үчүн ..., бизге ...

Ү л г ү: *Силер, тогузунчу класстын окуучулары, эл жүгүн көтөргөн улан, кыздардан болгула.*

**26.** Көчүргүлө. Калтырылып кеткен тыныш белгини койгула. Эмне үчүн коюлганын түшүндүргүлө. Андан кийин сүйлөмгө синтаксистик талдоо жүргүзгүлө: а) айтылыш максаты боюнча; б) грамматикалык түзүлүшү боюнча; в) сүйлөм мүчөлөрү боюнча.

1. Биз тоо балдары өзүбүздүн ата журтубузга кызмат кылабыз. Силерге окуунун алдыңкыларына ыракмат айтабыз. 3. Кырмандын бир четинде өзүнүн күндүзгү ордунда бир комбайн турат. («*КБ*») 4. Адам баласы өзүнө керектүү эгинди чөптү жашылчаларды баарын жерден алат. Ошон үчүн жерди иштетүү пайдалануу жана сактай билүү керек. («*А*») 5. Кайгы өмүрдүн уусу. Күлкү – өмүрдүн жан азыгы. (*Мак.*)

**27.** Көп чекиттин ордуна түшүндүрмө мүчөнү таап койгула. Көчүрүп жазып сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдагыла. Түшүндүрмө мүчө сүйлөмдүн кайсы мүчөсү? Тыныш белгиси кандайча коюлду?

1. Биз ... өз мектебибизге жардам бердик[3]. 2. Газдын эң көп запасы бизде ... . 3. Анда силер ... келечек жөнүндө көп ойлончусуңар. 4. Биз ... ата мекенди коргоого ар дайым даярбыз. 5. Биздин улуу кенчибизди ... этият сактайлы.

**28.** Окугула. Тыныш белгиси эмне үчүн коюлгандыгын түшүндүргүлө. Жөнөкөй сүйлөмдүн кандай түрлөрү бар?

– Карасаң, карасаң! Тигилер эмне? – деп Сейдакмат биринчи кыйкырды. Бугулар! Кайдан келген бугулар? – Эмне кыйкырдың? Буларды марал дейт. Биз кечээ эле көргөнбүз, – деди Орозкул байкас албагандай.

– Пай-пай-пай! – деп тамшанып, Көкөтай көйнөгүнүн жакасын чечип жиберди. – Сүмбөдөй семирген экен ээ...

– Мүйүзүнүн чоңдугун, бай түп чынар! – Кантип көтөрүп жүрөт болду экен? – деп Көкөтай сугун артып турду. (*Ч. А.*)

**29.** Синтаксистик талдоо жүргүзгүлө. Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрүн, жалпылагыч сөздү жана түшүндүрмө мүчөнү аныктагыла. Аларда тыныш белгиси кандайча коюлган?

1. Таятамдыкы Чоң-Таштан кырк чакырымдай ары, Кең-Сууда. (*М. Э.*) 2. Бизге, дыйкан чарбасына, айыл чарба машиналары керек. 3. Ата, ал – Кубат, менин эң жакын жолдошум. (*Т. С.*) 4. Сары-Жаз кырка тоосунан батышты көздөй созулуп жаткан тоолор булар: Көөлү, Ак-Шыйрак, Кара-Кече, Кабак. (*«АТ»*)

## § 7. СҮЙЛӨМДӨГҮ СӨЗДӨРДҮН ОРУН ТАРТИБИ

Сүйлөмдөгү сөздөр өзүлөрүнүн синтаксистик кызматына ылайык түгөй-түгөйү менен аныкталат: 1) ээ менен баяндоочтун орду; 2) аныктооч жана аныкталгычтын орду; 3) толуктооч жана баяндоочтун орду; 4) бышыктооч жана баяндоочтун орду.

Сүйлөмдө ээ мурда, баяндооч андан кийин келип, түз орун тартиби боюнча орун алышат: ***Жаз*** *– жарыш,* ***күз*** *– күрөш.*

Аныктооч аныкталуучу сөздөн мурда келет: 1. ***Өмүрдүн*** *кубанычы – эмгек.* 2. ***Калдайган кара*** *булут уламдан-улам көтөрүлүп келет.*

Аныктоочтор: *өмүрдүн, калдайган кара.* Аныкталуучу сөздөр: *кубанычы, булут.*

Толуктооч менен бышыктооч өздөрүн башкарган баяндоочтон мурда келет: 1. *Ал* ***Жапарга*** *кайрылды.* К и м г е? – *Жапарга* толуктооч, баяндоочтон мурда келди. 2. *Күн* ***уясына*** *батып* баратат. (*К. Б.*) К а й - д а? – *уясына* – бышыктооч, баяндоочтон мурда келди.

Бул – сөздөрдүн көндүм болгон түз орун тартиби. Бирок сөздөрдүн түз орун тартиби дайым эле сакталбайт. Стилдик максатка, ырдын уйкаштыгын сактоого ж. б. байланыштуу алардын орду кээде өзгөрүлүп да колдонулат.

Мисалы, *Чапкан билет* ***тулпарды****, таптаган билет* ***шумкарды****.* (*Мак.*) Мында *тулпарды, шумкарды* деген толуктоочтор билет деген баяндоочтордон кийин келишти.

**30.** Окугула. Сүйлөмдөгү сөздөрдүн түз орун тартибин аныктагыла. Этиштик баяндоочко сүйлөмдүн кайсы мүчөлөрү башкарылат? Башкаруу байланышында багыныңкы сөздүн орду кандай болууга тийиш?

1. – Ташта! Ташта капты! – деп кыйкырып жиберди Жамийла. Данияр тил алган жок. Кампачы токтоно албады. Даниярга жулкунду:



– Токто! Мен билем сени. Ташта ушул жерге! Кайт артына. Ким айтты сага ушундай каптарды көтөрөсүң деп?

Айылга кайтып бараткандa бирибиз да сүйлөгөн жокпуз. Ошондой болсо да, Даниярдын бүгүнкүсү катуу тийип жатты бизге. (*Ч. А.*)

2. Айтса тил жетпес көркүңдү,
Атактуу Соң-Көл сенсиңби?
Аркансыз, жипсиз заматта
Алдың, го ээлеп эркимди.
Ачыгын айтчы жашырбай,
Акмөөрсүңбү, көлсүңбү? (*Б. С.*)

Күн жарыгы тийгендей,
Күлгөнү кызык баланын.
Көйкөлүп өссө эгин, чөп,
Көркү экен эгин талаанын.
Умтулсаң жакшы жүрүүгө
Узарат, жаштар, кадамың. (*Ж.*)

**31.** Сүйлөмдөгү сөздөрдүн орун тартибин өз ара салыштыргыла. Кайсынысында ой-пикир ырааттуу болуп турат? Эмне үчүн?

1. Биз[1] силердин ишиңерге ыраазыбыз. – Биз ыраазыбыз ишиңерге[2] силердин. 2. Эл-журт Дүйшөнкулду узатуу үчүн чогулушту. – Эл-журт Дүйшөнкулду чогулушту узатуу[3] үчүн. 3. Акыры менин оюм иш жүзүнө ашты. – Акыры оюм менин ашты иш жүзүнө. 4. Аппак шекер жамынган айлана тыптынч. – Айлана аппак шекер жамынган тыптынч. 5. Нарын суусу ак көбүгүн чачыратат. – Суусу Нарын чачыратат ак көбүгүн.

**32.** Сүйлөмдөгү сөздөрдүн түз орун тартибине көңүл бургула. Ээрчишүү байланышында ээ кайсы орунда турууга тийиш. Ал эми башкаруу байланышында баяндоочко башкарылган сөздөрдүн түз орун тартиби кандай?

### УЧКУЛ СӨЗДӨР

1. Жаман киши ишеничти актабайт, өз абийирин сактабайт. 2. Баласына атасы акыл айтат, акылга көнгөн баладан эмгек кайтат. 3. Бир жолу калп айтсаң, өмүр бою калпычы атың өчпөйт. 4. Жоого жалынба, доско таарынба. 5. Эр энеден туулат, элге кызмат кылат.

**33. БК.** Текст кептин кайсы түрүнө кирет? Негизги ойду далилдөө үчүн кандай мисалдар колдонулду? Аларды көрсөткүлө. Ой жүгүртүү кеби жөнүндө айтып бергиле. Текстке эмне деген ат койсок?

Ар адамдын кадырлап сүйгөн кесиби болот эмеспи. Анын сыңары, мен мугалим болсом деп тилейм.

Эмне себептен бул кесипти тандап алдым? Анткени кичинекей бөбөктөрдү окутканды жакшы көрөм. Окуучуларды адептүүлүккө, сылыктыкка тарбиялaсам кандай бакыт!

Азыр мен, өз мугалимдеримди көрүп алып, суктанам.

Биринчи арип үйрөткөн мугалимим али эсимде. Канча мезгил өтсө да, эже-агайларымды унутпайм деп ойлойм, себеби мугалимдердин эмгеги абдан ардактуу. Коомубузда бардык адамдар эң алгач мугалимдердин тарбиясынан өтөт. Азыр атагы дүйнөгө тараган Чыңгыз Айтматов дагы кезегинде Инкамал апанын таалимин алган.

Кийин өзүн окуткан окуучуң эл ишине жараган белгилүү азамат болсо, андан артык сыймык болобу! Ошондуктан мен мугалим болууну чечтим.

(*«КБ»*)

**34.** Көчүргүлө. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө. Алардын сүйлөмдөгү адат болгон түз орун тартиби жөнүндө айтып бергиле.

Токтогул ырын токтотту да, курбусу[2] экөө айылга бастырып кетишти. Кыз-келиндердин артынан[3] жете барышты. Токтогулдар кыз-келиндерди[4] жандап бастырып бара жатышат. Алардын күлкүлөрү көбөйдү. Акын комузун алды да, жагымдуу үн менен ырдап коё берди. (*Ж. Б.*)

**35.** Сүйлөмдүн тутумундагы сөздөрдү түз орун тартибине келтирип, көчүргүлө. Аларды сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдагыла. Аныктооч менен аныкталгычтын, бышыктооч менен баяндоочтун сүйлөмдөгү орун тартиби кандай?

1. Толтурду кампага кызылды эл жайлай эмгектенген. 2. Жыттанат сопсонун гүлдөрү тоонун. 3. Төрөлгөнмүн мен жерде бийик тоолуу. 4. Күн сайын сулуулугуна анын таң калчумун мен. 5. Чыктык тоого эртең менен биз. 6. Аскат көрчү жакшы учкуч болууну.

**36.** Текстти адегенде берилген түрүндө окугула. Эмнени байкадыңар? Айтылып жаткан ой түшүнүктүү болдубу? Мындан кийин айрым сүйлөмдөгү сөздөрдү түз орун тартибине келтирип, кайра окугула. Эми кандай болду? Ойдун түшүнүктүү болушу эмнеге байланыштуу болорун түшүндүргүлө.

Бир күнү Орозалы карыя мени Токтогулга ээрчитип жөнөдү. Айылга үнү угулду акындын алар келгенде. Орозалы сыртка ээрчитип келген баласын койду да, кирди өзү үйгө.

Токо, сизди атайын издеп келдим. Бир балам ээрчитип келген бар. Өзү ырдап жүрөт айлыбызда. Ошондо Токтогул ырдап жаткан ырын токтото коюп, келген кишиге учурашты. Эшик жакка карап, мындай деди: «Качып жүрбөй далдаада, каргадай балам, кел мында».

Муундары баланын титиреп, учурашты менен Токтогул. Баланын акын аты-жөнүн сурай баштады. (*Ж. Б.*)



**37.** Окугула. Үтүр, чекит, кош чекит, тырмакча, суроо белгилеринин эмне үчүн коюлгандыгын түшүндүргүлө.

Байыркы өткөн заманда Толубай Сынчы, Жейренче Чечен, Алдар Көсөө, Акыл Карачач, Асан Кайгы, чык татырбас Чынарбай жашаган экен. Толубай Сынчы акылга дыйкан, кыраакы адам болгон. Адамды, малды сындаганда түп жайына дейре билген. Бир күнү Толубай жолдошторуна кеңеш курду: «Жер тандап, шаар куруп, оокат кылсак кантет?» Шериктери анын акылына көнүштү. Жер тандап, Арал деңизинин боюн турукташты.

Бирок Жаныбек хан тынчтык бербеди. Элди талады. Толубай шериктерине дагы мындай деди: «Бейкутураак жакка көчсөк кантет? Асан Кайгы макул болду. Кыргыз уруулары Ала-Тоого көчүп жөнөшөт. (*Т. М.*)

**38.** Көчүргүлө. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө. Сүйлөмдөгү сөздөрдүн орун тартиби жөнүндө эмне билесиңер?

Эр жигиттин жакшысы –
Сөзүндө болбойт жалганы.
Элине жагат кыялы,
Эч кимге тийбейт зыяны.

Эркин өсөр эр жигит,
Эл намысын талашат.
Кадыры бар эр жигит,
Калк намысын талашат. (*Б. А.*)

**39.** Жөнөкөй сүйлөмдүн кандай түрүн билесиңер? Төмөнкү тексттен мисал келтиргиле. Алар жөнүндө айтып бергиле.

Күз... Айлуу түн. Кеңкол өзөнүнүн боюу. Алыстан ак карлуу Ала-Тоо көрүнөт. Семетейдин ордосу. Кызыл-тазыл кийинген кыз-келиндер, ак калпактуу жигиттер эки топко бөлүнүшүп, оюн куруп жатышат. Бир топтун башчысы – Күлчоро, экинчи топтун башчысы – Канчоро.

Көпчүлүк жаштар селкинчек тээп жатышат. (*Ж. Б.*)

## СҮЙЛӨМГӨ МҮЧӨ БОЛО АЛБАГАН СӨЗДӨР

Сүйлөмдө сүйлөм мүчөлөрүнүн милдетин аткара албаган жана алар менен байланышта болбогон сөздөрдүн болушу да мүмкүн. Мындай сөздөр сүйлөмдүн жалпы маанисине гана таандык болуп айтылат.

Мисалы, 1. ***Акия,*** *сиз кырманга баш болуңуз.* (*Т. С.*) *Акия* – каратма сөз, *Акиянын* көңүлүн өтүнүчкө буруу үчүн колдонулду. 2. ***Ошентип,*** *биз көздөгөн максатыбызга жеттик. Ошентип – киринди сөз, ойду жыйынтыктады.* 3. ***Ботом,*** *сизге эмне болду, эжеке!* (*Ч. А.*) *Ботом* – сырдык сөз, ички сезимди (таң калууну, чочуп кетүүнү) билдирди.

Мындай сөздөргө төмөнкүлөр кирет: к а р а т м а  с ө з,  к и р и н д и  с ө з,  с ы р д ы к  с ө з.

## § 8. КАРАТМА СӨЗ ЖАНА АНЫН ТЫНЫШ БЕЛГИЛЕРИ

**К а р а т м а  с ө з – бул ойдун кимге багытталганын атап көрсөтүүчү сөз.** Ал атооч жөндөмөдөгү зат атоочтон же заттык маанидеги сөздөн болот да, бирөөгө кайрылуу интонациясы менен айтылат. Түзүлүшү боюнча бир сөздөн же бир нече сөздүн тизмегинен турат.

Мисалы, 1. ***Данияр,*** *мына мен өзүм келдим.* (*Ч. А.*) 2. ***Жолдош секретарь балам,*** *биздин эмгек – кубанычтын жарчысы.* (*Т. С.*) Каратма сөздөр: *Данияр* – жөнөкөй сөз; *жолдош секретарь балам* – сөз тизмеги.

Көркөм чыгармаларда жансыз заттарга да кайрылабыз: *Ук,* ***жер жүзү,*** *Тянь-Шанда кеним бар.* (*Ж. Т.*) Каратма сөз – *жер жүзү.*

Каратма сөз сүйлөмдүн ар кайсы жеринде келет да, жазууда үтүр менен ажыратылат:

а) Сүйлөмдүн башында келсе, үтүр өзүнөн кийин коюлат: ***Балам,*** *сенин колуңдан иш келет.* (*Т. С.*)

б) Сүйлөмдүн ортосунда келсе, үтүр анын эки жагына коюлат: *Гүлдөй бер,* ***Кыргызстаным,*** *күнөстүү тоонун боорунда.* (*«А»*)

в) Сүйлөмдүн аягында келсе, үтүр андан мурда коюлат: *Жемиши көлдөй толкуган жеримди макта,* ***комузум.***

Каратма сөз сүйлөмдүн башында келип, күчтүү интонация менен айтылса, андан кийин илеп белгиси коюлат да, кийинки сөз баш тамга менен башталып жазылат: ***Уландар жана кыздар!*** *Баарыңар терең билимге ээ болгула!*



**40.** Окугула. Каратма сөздөрдү тапкыла. Алар кандай мааниде колдонулду? Кайсы сөз түркүмүнөн болду? Түзүлүшү кандай?

– Толгонай, байкуш Толгонайым! Алдагы калтандаган башыңды ошондо боз кыроо чалбадыбы![4] Кайран олоң чач! Сен бул жерге келген сайын ар качан башкача болуп келчүсүң.

– Ооба, Жер энем. Эсиңдеби, Жер, Касымдан кат келгендеги күн?

– Эсимде эмей, Толгонай. Сен ошондо келиниң менен кичүү баланды сүйүнчүлөп келгенсиң[4], Толгонай. (*Ч. А.*)

Ук, жер жүзү,
Тянь-Шанда кеним[1] бар.
Ук, дүйнө[3],
Чүй боорундай жерим бар! (*Ж. Т.*)

**41.** Каратма сөздөрдү көрсөткүлө. Оозеки кепте каратма сөзгө кандай интонация мүнөздүү? Сүйлөмдөгү орду кандай? Жазууда үтүр белгиси кандайча коюлат?

О-о, кутмандуу талаам, сенин азыр дем алып жаткан кезиң[4]. Жан-жакадан комбайндар да көрүнбөйт. Мал дагы тоодон түшүп келе элек. Төрөгөн аялдай көшүлүп жатканыңдан, Жер энем![4] Бүгүн менин Субанкулду, Касымды, Майсалбекти, Жайнакты, Алиманды эстеген күнүм[4]. Кезеги келгенде Жанболотко түшүндүрүп айтып берем. Эси болсо түшүнөр, кечирер бизди, касиеттүү Жер эне! (*Ч. А.*)

Ардактуу ага-инилер, жан курбулар,
Жаңы өскөн, жайдары ачык жаш муундар!
Сиздерге айта турган сөзүм – ушул,
Ар дайым китеп менен дос болуңар. (*А. О.*)

**42.** Интонацияны туура сактап, коюлган тыныш белгилерине карай сүйлөмдү көркөм окугула. Каратма сөздүн интонациясын өз ара салыштыргыла. Тыныш белгилери кандайча коюларын түшүндүргүлө.

1. Кадырлуу жолдоштор, тапшырган кызматыныздарды аткардым.[4] (*К. Ж.*)
2. Жаш курбулар, жашарткыла өмүрдү. (*Ж. Б.*)
3. Баатыр, мени иретке чыксын деген экенсиз. (*К. Б.*)
4. Садагасы, сен таалайлуу баласын. (*Ж. Т.*)

Кадырлуу жолдоштор! Тапшырган кызматыңыздарды аткардым.

Кагылайын энеке! Менин жаралуу жүрөгүмдү козгобочу.

Кымбаттуу окуучулар! Терең билим алуу үчүн күрөшкүлө!

Токтогул! Токтогул! Барсыңбы үйдө? (*Ж. Б.*)

**43.** Тексттерди көркөм окуп, каратма сөз катышкан сүйлөмдөрдү тапкыла. Аны көчүрүп жазып, тыныш белгилерин койгула, кандайча коюлганын түшүндүргүлө. Сүйлөмдөргө синтаксистик талдоо жүргүзгүлө.

1. Сабыр алдыга өттү да, бүгүнкү «мөмө тоюна» арналган салтанатты ачты. Жолдош окуучулар кадырлуу ата-энелер биз эркин эмгектин жемишин жыйноого чогулдук. Жолдоштор бүгүнкү Үч-Дөбө насипке толгон ырыс дасторконундай берекелүү! Кадырлуу агайындар сөз профессор Константин Кузьмичке берилет. (*Т. С.*)

2. Арнап жаздым бул ырды.
Ардактуу балдар көбүнө.
Чынарга чырпык жеткинчек.
Кулак сал балдар кебиме. (*А. Ү.*)

**44.** Каратма сөз катышкан сүйлөмдөрдү тапкыла. Каратма сөздү бир нече сөздүн тизмеги аркылуу берип, сүйлөмдү көчүргүлө. Сүйлөмгө синтаксистик талдоо жүргүзгүлө.

1. Ызакул байке, Актан атамды убара кылбай эле коюнуз. (*Ш. Б.*) 2. Улуу ынтымак, күчтүү эмгек таалайдын эшигин кенен ирээк ачат, балдар. (*Т. С.*) 3. Биз жакшы заманда жашап жатабыз, жолдоштор. 4. Жардамыңызга ыракмат, аке. 5. Жолдоштор, бир кездерде биз «а» деген тамганы тааныбаган Дүйшөндүн мектебинде да окудук. 6. Ырдап жибер, Жамийла, кулак сенде. (*Ч. А.*)

Ү л г ү: *Урматтуу Ызакул байке, Актан атамды убара кылбай эле коюңуз*? Э м н е кылбай эле коюнуз? – *убара кылбай эле коюңуз* – баяндооч; ээ катышкан жок; к и м д и? – *Актан атамды* – толуктооч; *урматтуу Ызакул байке* – каратма сөз.

**45.** Төмөнкү сөздөрдү каратма сөздүн маанисинде колдонуп, ар бирине бирден ураан жана чакырык түрүндөгү сүйлөм түзгүлө. Аларда тыныш белгилери кандайча коюлду? Каратма сөз бир өнчөй түрүндө келеби? Мисал келтиргиле.

Студенттер жана окуучулар, эл агартуу кызматкерлери, курбулар, мекендештер, Ысык-Көл, Ала-Тоо, урматтуу классташтар, энеке.

**46.** Көчүргүлө. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө. Андан кийин ээ каратма сөздүн милдетин аткаргандай кылып, сүйлөмдү кайрадан ондоп түзгүлө. Кандай айырмачылыкты байкадыңар? Түшүндүргүлө.

1. Окуучулар мекен үчүн иштөөнү үйрөнүп жатышат. 2. Айымбүбү эне балдарга окуу китептерин алып келди. 3. Курбулары Гүлүманын бийлегенин сагынышты. 4. Жайлоого баруучулар жылуу кийимдерин да алышты.



Ү л г ү: *Окуучулар мекен үчүн иштөөнү үйрөнүп жатышат.* – Жай сүйлөм: э м н е б о л у п жатышат? – *үйрөнүп жатышат* – баяндооч; к и м д е р? – окуучулар – ээ; э м н е н и үйрөнүп жатышат? – *мекен үчүн иштөөнү*. Ондоп түзөбүз: *Окуучулар! Мекен үчүн иштөөнү унутпагыла.* – Жай сүйлөм: *окуучулар* – каратма сөз, өзүнөн кийин илеп белгиси коюлду, мында ээ катышкан жок.

**47.** Көчүргүлө. Каратма сөздөрдү таап, аны үтүр же илеп белгиси менен ажыраткыла. Алардын эмне үчүн колдонулганын түшүндүргүлө. Сүйлөм мүчөлөрүнүн астын сызгыла.

1. Садагасы өсөт чалгын канатын. Жаңы жерде, жаңы шартта туулган садагасы сен таалайлуу баласың! (*Ж. Т.*) 2. Ала-Тоо жериң салкын, ээлесин кедей калкын. (*А. Т.*) 3. Урумкан эне Урумкан эне Күн чыгып калбадыбы? (*Ш. Б.*) 4. – Ооба кутмандуу талаам уста майданга кетерде балкасы менен коштошот дейт. Касым да өз кесибинин устасы эмес беле. – Туура айтасың Толгонай. (*Ч. А.*)

**48.** Каратма сөздү сүйлөмдүн ар кайсы жерине келтирип окуп, үтүрдүн кайсы орунга коюларын байкагыла. Ал кайсы сөз түркүмүнөн болду?


1. Кымбаттуу уулубуз Жапар! Сен дайыма алдыда бол. Башкаларга үлгү көрсөт. (*К. Б.*) 2. Балам Нуркасым, чоң сакал Метрей экөөбүздүн айта турган бир ооз кебибиз бар[4]. Береги Тентеккерди кол башчы минсин, балам. Бул менин ак ниетим, чын сөзүм. 3. – Эсиңдеби, Жер эне, баягы айлуу түн? Балким, жаратылышта экинчи андай түн болбос. – Эсимде, Толгонай. Сен ошондо[3] мындай дегенсиң: «Жер, жан жараткан Жер, биз сенин балдарыңбыз. Ак тилегибизге жеткиргин». (*Ч. А.*)

**49.** Каратма сөздөрдү пайдаланып, курбуларыңарга, туугандарыңарга, таене, таятаңарга кат жазгыла.

**50.** Интонацияны туура сактап, көркөм окугула. Сүйлөмгө коюлган тыныш белгилери жөнүндө айтып бергиле.

1. Кымбаттуу окуучулар! Мектептин айланасын жашылдандырууга активдүү катышкыла! 2. Саламатсыңарбы, асыл зат теректерим? (*Ч. А.*) 3. Күн дегенибиз – ыпысык, жалындап күйүп турган жылдыз. Күндү айланып жүргөн планеталар булар: Меркурий, Чолпон, Юпитер, Марс, Сатурн, Уран, Нептун, Плутон жана биз жашап турган Жер. 4. Бизге, мектеп окуучуларына, илим жана билим керек. (*«КБ»*)

**51.** Таблицага көңүл бургула. Каратма сөздүн үтүр менен ажыратыларын эсиңерге сактагыла. Анын ар бир учуруна мисал ойлоп тапкыла.




 – каратма сөз [ ] – сүйлөм.

**52.** «Абийиринди жашыңдан сакта» деген темада ой жүгүртүү мүнөзүндөгү дилбаян жазгыла. Жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрүн колдонгула.

**53.** Көчүргүлө. Сүйлөм мүчөлөрү жана сөз түркүмү боюнча талдоо жүргүзгүлө. Каратма сөз боюнча төмөнкүдөй суроолорго жооп бергиле: а) Кайсы сөз түркүмүнөн болот? б) Түзүлүшү кандай? в) Сүйлөмдөн алган орду кандай? г) Үтүр менен кандайча ажыратылат?

1. Жол карайын, токтой турчу, Ата журт[1]! (*А. О.*) 2. Кыпкызыл, сары, капкара чар тарап толгон алчага. (*А. Токт.*) 3. Токо, Атай деген балаңыз – ушул. Сенин колуңдан күү келет, балам. (*К. К.*) 4. Токон жеңе! Токон жеңе! Аскерлер келе жатышат. (*Ч. А.*)

## § 9. КИРИНДИ СӨЗ ЖАНА АНЫН ТЫНЫШ БЕЛГИЛЕРИ

**К и р и н д и  с ө з – бул айтылып жаткан ойго карата сүйлөөчүнүн ар кандай мамилесин билдирген сөз.**

Мисалы, 1. ***Албетте,*** *менин бул эмгегим биздин айылдын биринчи мугалими Дүйшөн аксакалга арналат.* (Ч. А.) *Албетте* – киринди сөз; сүйлөөчүнүн айтып жаткан оюн ырастады. 2. *Силер,* ***мүмкүн,*** *эртең жолго чыгасыңар.* («А») *Мүмкүн* – киринди сөз; сүйлөөчүнүн ойго карата болгон божомолун билдирди.

Түзүлүшү боюнча бир сөздөн же бир нече сөздүн тизмегинен болот: ***Бактыга жараша,*** *биз улуу адамдардан үлгү алганбыз. Бактыга жараша* – киринди сөз, бир нече сөздүн тизмеги.

Киринди сөз сүйлөмдүн ар кайсы жеринде келет да, жазууда ү т ү р менен ажыратылат:

а) Сүйлөмдүн башында келсе, үтүр өзүнөн кийин коюлат: ***Эң оболу,*** *сен жанагы ишиңди айтчы?* («КТ»)

б) Сүйлөмдүн ортосунда келсе, үтүр анын эки жагына коюлат: *Адам баласына,* ***менимче,*** *тынчтык керек.* («А»)



в) Сүйлөмдүн аягында келсе, үтүр андан мурда коюлат: *Адис сиздин айылдан болсо керек,* ***сыягы.*** («КБ»)

Маектешүү кебинде киринди сөз кемтик сүйлөмдүн маанисинде колдонулушу мүмкүн:

– *Сен мага таарынып калдыңбы, Гуланда?*

– ***Албетте.*** (А. Т.) *Албетте* деген – киринди сөз; кемтик сүйлөм.

**54.** Окугула. Сүйлөмдөрдү өз ара салыштырып, киринди сөздөрдү тапкыла. Ал кандай мааниде колдонулду?

| | |
|---|---|
| 1. Биз өзүбүздүн ийгиликтерибизге ишенебиз. | Албетте[3], биз өзүбүздүн ийгиликтерибизге ишенебиз. |
| 2. Жамийланын жүрүш-турушунда кайраттуулук мүнөз бар. | Жамийланын жүрүш-турушунда, айтор[3], кайраттуулук мүнөз бар. |
| 3. Айыл чарбанын бардык тармагын өнүктүрөлү[4]. | Бактыга жараша, айыл чарбанын бардык тармагын өнүктүрөлү. Ал уялганынан келген жок, менин оюмча. |
| 4. Ал уялганынан келген жок. | |

**55.** Окугула. Киринди сөздүү сүйлөмдөрдү көрсөткүлө. Ал аркылуу сүйлөп жаткан адам ойго карата өзүнүн кандай мамилесин билдирди? Тыныш белгилеринин коюлушун түшүндүргүлө.

1. Ырас, Жапар адеп майданга келгенде[2] коркуп жүрдү. Бирок бара-бара көнүктү. Кийинчерээк коркуудан калды, чыйралды. (*К. Б.*) 2. Ал күнү, Орозмат айткандай, чачымды тезирээк шыпыртып алдым да, кырманга барып түнөдүм. Көрсө, Данияр түпкүлүгү биздин айылдан экен. Кишилердин айтышына караганда, анын тартпаган азабы калбаптыр. Эмнеси болсо да, элдер анын кайтып келгенин туура табышты. Ал тез-тез кыймылдап, чапчаң иштөөчү эле. Мүмкүн, турмуш аны тез иштөөгө үйрөттүбү? Балким, ошондой болуш керек. (*Ч. А.*)

**56.** Текстти көркөм окугула. Айтылып жаткан ойго карата сүйлөөчүнүн мамилесин билдирген сөздү тапкыла. Ал кандай мааниде колдонулду?

– Бул тарапка келбегениме беш жыл болду дедиңизби? – деди келин.

– Ооба, беш жыл болду.

– Ырас, анда мени тааныбаганыңыз чын экен, – деп жылмайды. Чынын айтканда, андан бери көп жаңылык, көп жетишкендиктер болду[4].

– Менимче, жашыңыз жаш көрүнсө да, сөзүңүз көптү көргөн кишиникиндей экен, – деп камдап келе жаткан суроолорумду алдына койдум.

– Арийне, мен өзүмдүн башыман өткөргөндөрдү айтайын. Азыркы айта турганымды уксаңыз, балким, ашыктык кылбас, – деди.

– Жок... Жок... Балким, аздык кылар, – деп шашып кеттим. Ошентип, ал башынан өткөргөн окуясын баяндоого киришти. (*К. Ж.*)

**57.** Текстти окугула. Сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрдү (каратма сөз, киринди сөз) көрсөткүлө, алар эмне үчүн колдонулду?

АЛТЫНАЙ СУЛАЙМАНОВАНЫН КАТЫ

Жолдош окуучулар, ангеменин аягында мен дагы бир ирет Алтынай Сулаймановanын катына кайрылгым келет. Мисалы, ал мындайча жазылган.

«Менин оюм боюнча, ошондо жаңы мектептин кадырлуу төрүндө Дүйшөн аксакал отуруш керек эле. Тескерисинче, биз үлпөттүн үстүндө отурдук. Мен, Дүйшөн мугалимиме барып, кечирим сурап өтүнөм. Ал киши экөөбүз, менимче, бири-бирибизди түшүнө турган жалпы тил табарбыз. Урматтуу жаштар, биз буларды сыйлабасак, өзүбүздү сыйлабаганыбыз.

Азыр атом менен космостун доору болсо да, жаштар үчүн Дүйшөн сыяктуу адам үлгү боло албайбы, туурасын айтканда? Эгерде биз, баарыбыз, ошол Дүйшөндөй эле болсок кана! (*Ч. А.*)

**58.** Калтырылып кеткен тыныш белгилерди коюп, сүйлөмдөрдү көчүргүлө. Ал белги эмне үчүн коюлду? Синтаксистик талдоо жүргүзгүлө. Сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткара албаган сөздөр барбы? Алар жөнүндө эмне билесинер?

1. Кагылайын энеке менин жаралуу жүрөгүмдү козгобочу?! (*К. Ж.*)
2. Улуу ынтымак, күчтүү эмгек таалайдын эшигин кенири ачат кымбаттуу балдар. (*Т. С.*) 3. – Чын эле космостон келдиңби? – Ооба. (*«КТ»*) 4. Спорттук машыгуу сөзсүз адамдын ден соолугун чыңдайт. (*«КБ»*)

**59.** Көчүргүлө. Көп чекиттин ордуна киринди сөздү коюп, айтылып жаткан ойго карата өз мамиленерди билдиргиле. Киринди сөзгө тыныш белгисин койгула.

1. ... адам баласына бейкутчулук керек. ... күн бая эле чыккан. 2. ... саат он экиге жакындап келатат. 3. Мен ... ал кишинин адамгерчилигине, адамга жасаган мамилесине ыраазы болдум. 4. Биз ... ата-бабаларыбыздын касиеттүү салттарын уланткыбыз келет. 5. Биз силерге, жаштарга, ак ниетибиз менен суктанабыз ...

**60.** Сунуш кылынган сөздөрдү жана сөз тизмектерин киринди сөздүн маанисинде колдонуп, ар бирине бирден сүйлөм түзгүлө. Анда айтылып жаткан ойго карата өзүңдүн кандай мамиленди билдирдиң?

Балким, чынын айтканда, тилекке каршы, мүмкүн, агайдын айтканына караганда, ырас, менин оюмча, энем айткандай, ошентип.



## § 10. КИРИНДИ СӨЗДҮН МААНИСИ

**Кыргыз тилинде киринди сөз төмөнкүдөй маанилерде колдонулат**

| Мааниси | Киринди сөз | Мисалдар |
|---|---|---|
| 1. *Бекемдөө, ырастоо, божомолдоо, күмөндүүлүк ж. б.* | Албетте, арийне, чындыгында, сөзсүз, кадиксиз, кандай болбосун, балким, мүмкүн, сыягы, калыбы, болжолу ж. б. | *Сыягы*, ал чоң майрамга даярдангандай болду. |
| 2. *Ар кандай сезимдер: сүйүнүү, капалануу, элжирөө, жактырбоо, ыраазы болуу.* | Бактыга карай, тилекке каршы, бактысыздыкка жараша ж. б. | *Тилекке каршы*, биз экскурсияга чыкпай калдык. |
| 3. *Ойдун ким тарабынан айтылгандыгы, кимге тиешелүү экендиги.* | Менимче, менин оюмча, анын айтуусуна караганда ж. б. | *Агайдын айтканына караганда*, бүгүн концерт болот. |
| 4. *Ойдун ирети, ырааттуулугу.* | Биринчиден, экинчиден, бир жактан, эң оболу, алды менен ж. б. | *Биринчиден*, кыргыздын айылынын шартын билбейт. Экинчиден, бизге ишенбейт. |
| 5. *Ойду чечмелөө, тактоо, натыйжалоо.* | Мындайча айтканда, демек, чындыгында, ошентип, кыскасын айтканда. | Бул иш, *башкача айтканда*, жаштардын колунан келет. |

Айтылып жаткан ойго карата болгон мамиле к и р и н д и  с ү й л ө м аркылуу да берилиши мүмкүн.

С а л ы ш т ы р г ы л а: 1. *Бороон,* ***менимче****, жакында басылат. Менимче* – киринди сөз. 2. *Бороон,* ***мен ишенемин****, жакында басылат. Мен ишенемин* – киринди сүйлөм.

**61.** Мааниси жагынан ылайык келүүчү киринди сөздү кошуп окугула. Айтылып жаткан ойдун кандай кырдаалы билдирилди?

I. О й д у б е к е м д ө ө, ы р а с т о о

1. Канышай жыйналышка өз убагында келет. 2. Жайкы каникулду жакшы өткөрөбүз. 3. Ден соолукту бекемдөө[1] үчүн спорт менен машыгуу керек. 4. Эртең күн бүгүнкүдөн ачык болот.

II. О й д у б о л ж о л д о о, к ү м ө н д ө ө

1. Быйыл жай айы жаандуу болор. 2. Университетке бара турган болдум. 3. Түштүктө азыр[3] деле ысык болуп турса керек. 4. Айылга артисттер келген окшойт.

III. А р к а н д а й с е з и м д и б и л д и р ү ү

1. Күн ачылып кетти. 2. Үчүнчү жолу учуу үчүн космодромго жөнөдүк. 3. Айрым окуучулар жакшы окуп жатышат. 4. Жолдошторума[2] кезиге албай калдым.

**62.** Көчүргүлө. Сөз түркүмү жана сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө. *Мүмкүн, чамасы, ошентип* деген сөздөрдүн биринчи учурдагы маанисин жана экинчи учурдагы синтаксистик кызматын аныктагыла. Эмнени байкадыңар?

1. *Мүмкүн,* биздин[1] космонавттар Айга да учуп барышат. – Биздин космонавттардын Айга да учуп барышы *мүмкүн.* 2. *Чамасы,* бул адам биздин айылдан болсо керек. – Бул ишти өз убагында аткарууга анын *чамасы* келбей калды. 3. *Ошентип,* Ала-Баш айылы дүркүрөп өсүүдө. – Илима сен жөнүндө *ошентип* айткан эле[3].

**63.** Окугула. Киринди сөздү тапкыла. Ал ойдун кандай кырдаалын билдирди? Тыныш белгисинин коюлушун түшүндүргүлө. Киринди сөздүн синонимдерин тапкыла.

Ошентип, үчүнчү жолу космоско учуу үчүн космодромго келдик. Адат боюнча, космоско учар алдында жыйналыш болуп өттү. Бардык тапшырмаларды, албетте, абийирдүүлүк менен аткаруу жөнүндө убада бердик.

Космодромдо биз ошол эле «космостук» үйдө уктадык. Бактыга жараша, эңсеген убакыт да келип жетти.

«Учургула!» деген буйрук берилди. Ю. Гагарин айткандай, бир маалда салмаксыздык абал пайда болду.

Жерге кайра келдик, чынын айтканда, ушул учурда космоско карай бешинчи жана алтынчы жолу учууга даярдык көрүлүп жаткан эле. («*КТ*»)



**64.** Көчүргүлө. Киринди сөздөрдү таап, аны үтүр менен ажыраткыла. Үтүр белгиси кандайча коюлду? Мындан кийин сүйлөмгө синтаксистик талдоо жүргүзгүлө. Киринди сөз кайсы сөз түркүмүнөн болду?

1. Ырас жумуш оор, жол алыс эле. Эки ортодо ашуу да бар. Жумуш оор деп, сырттагы курулуштан качканыбыз болбойт менин оюмча. (*К. Б.*) 2. Биринчиден Аскатты чоң атасы менен чоң энеси жалынып-жалбарып эркелетишет. Экинчиден аны көл жээгине алып кетишет. 3. Ал батып бара жаткан күнду неге карайт? Балким анын бирдемесин байкап жаткандыр. Болжолу бир ойго малынгандай. («*А*»)

**65.** Айтылып жаткан ойго карата өз мамилеңерди билдирүү үчүн киринди сөздү пайдаланып, аны көп чекиттин ордуна койгула. Көчүргүлө да, тыныш белгилери жөнүндө айтып бергиле.

1. ... көркөм адабият адамдын мүнөзүн тарбиялайт. Ал чоң иштерди жасоого үйрөтөт ... 2. ... кантип сыйланганыңды айт. 3. Эртең ... биздин айылдаштар районго барышат. Мен да ... алар менен кошо жөнөшүм керек, себеби баарыбыз ... өздүк көркөм чыгармачылыктын кароосуна катышабыз. («*АТ*»)

**66.** Окугула. Киринди сөздөр ойдун кандай кырдаалын билдирди? Аларды сүйлөмдүн ар кайсы жерине келтирип, кайрадан окугула. Тыныш белгилери кандайча коюлду?

1. Быйыл, чынында, эгин талаасында жакшы иштедик. 2. Карыялардын айткандарына караганда, бир кезде ушул жерде чытырман өскөн жүзүмдөр болгон экен. 3. Ырас, бул кезде улуу «Манас» эпосу дүйнөгө тааныла баштады. 4. Тилек айткандай, учурдун кандай өткөнүн да байкабай калдык. 5. Чынын айтканда, ал убакта биздин айылда жети жылдык мектеп гана бар эле. («*КТ*»)

Ү л г ү: *Быйыл, **чынында,** эгин талаасында жакшы иштедик.* – ***Чынында,*** *быйыл эгин талаасында жакшы иштедик.* – Быйыл эгин талаасында жакшы иштедик, **чынында.**

**67.** Ырастоо, божомолдоо, натыйжалоо, тактоо, ыраттуулук маанисиндеги киринди сөздөрдү колдонуп, суроолорго жооп бергиле. Жообунарды көчүрүп жазып, киринди сөздөрдүн тыныш белгилерин койгула.

Бүгүн[3] телевизордон футбол көрөсүңөрбү? 2. Радиодон балдар үчүн берүүлөрдү угасыңарбы? Кыргыз эл акыны А. Токомбаевдин «Таң алдында» деген чыгармасын окудуңбу?

Ү л г ү: *Сен Ч. Айтматовдун «Биринчи мугалим» деген чыгармасын окудуңбу?* – ***Албетте****, окугам.* ***Кыязы****, окуп чыксам керек.* ***Кыскасын айтканда****, окуп чыккамын.* ***Биринчиден****, окуп чыккамын;* ***экинчиден****, ал боюнча* ***сочинение*** *да жазгам.* ж. б.

68. Сүйлөмдөргө мүнөздөмө бергиле: а) айтылыш максаты боюнча; б) грамматикалык түзүлүшү боюнча; в) жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрү боюнча.

1. Кымбаттуу иним! Канчалык зарыл жумуштарым болбосун, баарын жыйыштырып коюп, мен ушул катты жазууну туура таптым. Менин оюмча, айтылгандар сизди кызыктырса, анда өз чыгармаңызга пайдаланыңыз.
2. – Ушул эки чүрпөнү мага бер, акылман эне. – Болуптур. (*Ч. А.*)
3. – Сиз жаштарды ашыра мактап жибердиңиз го. – Мүмкүн. (*«КТ»*)

**69.** Текстти көркөм окугула. Интонацияны сактагыла. Сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрдү көрсөткүлө. Алар эмне үчүн колдонулду? Айтылыш максаты боюнча кандай сүйлөмдөр бар?

– О-о, айланайын даркан талаам! Өзүң көрбөдүң беле, ал окуя да ушунда болбоду беле?
– Ооба, Толгонай, ушунда[1].
– Кантип жетип барганымды билбейм? Алиман экөөбүз кучакташып калдык.
– Келдиңби, балам, энеңе кайрылып келдиңби?[4]
– Келдим, энеке, келдим!
– Көзүңдөн айланайын, караанындан айланайын![3] – деп бети-башын сыйпалап, жалынып-жалбарып ыйлап жибердим.
– Ыйлабачы, эне! Ыйлабачы. Кечирип кой мени, кечиргин.

Ошентип, бул жолу да келиниме эч нерсе айта албадым. Эсиңдедир, Жер энем, ошол жылкы күз абдан жаанчыл болбодубу? Алимандын кабагы да ачылбай, сүйлөбөс болуп калды. Менин[2] оюмча, ай-күнү да жакындап келе жаткан эле. (*Ч. А.*)

## § 11. СЫРДЫК СӨЗ ЖАНА АНЫН ТЫНЫШ БЕЛГИЛЕРИ

**С ы р д ы к  с ө з айтылып жаткан ойдогу ички сезимдерди (кубануу, өкүнүү, корку, кубаттоо ж. б.) билдирет.**

М и с а л ы: 1. *Өмүрүң узун болсун,* ***кагылайын****!* Сырдык сөз – *кагылайын* – ыраазы болуу сезими. 2. ***Пай-пай****, эмгек сүйгөн кишилер алп экен го (Т. С.)* Сырдык сөз – *пай-пай* – таң калуу сезими.



Сырдык сөздүн сүйлөмдөгү орду эркин, тактап айтканда, сүйлөмдүн башында, ортосунда жана аягында келет. Оозеки кепте өзгөчө интонация менен бөлүнүп айтылып, жазууда үтүр менен ажыратылат:

а) Сүйлөмдүн башында келсе, өзүнөн кийин үтүр коюлат: ***Ботом****, айылдан качан келдиң?* ***Пай-пай****, эл да жаңы, жер да жаңы!* (*Т. С.*)

б) Сүйлөмдүн ортосунда келсе, үтүр анын эки жагына коюлат: *Табийгаттын көрүнүшү,* ***бах****, кандай кооз!* (*Н. Б.*)

в) Сүйлөмдүн аягында келсе, өзүнөн мурда үтүр коюлат: *Данияр ушундай экен да, капырай!* (*Ч. А.*)

Сырдык сөз сүйлөмдүн башында келип, күчтүү интонация менен айтылса, андан кийин и л е п  б е л г и с и коюлат да, кийинки сүйлөм баш тамга менен башталып жазылат: ***Бах!*** *Ала-Тоомдун булагы муздаксың да, тунуксуң!* (*Т. С.*)

Башка сөздөргө караганда, сырдык сөз интонацияга өтө бай, бирок жазууда алардын бардыгын тыныш белгилери менен толук көрсөтүүгө мүмкүн эмес.

**70.** Окугула. Сырдык сөздөр кандай сезимдерди билдирди? Тыныш белгилери менен кандайча ажыратылды? Дагы кайсы сөздөр сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткара алышпайт?

1. Акман машинанын артынан бек унчукту:
– Ой, саякатчылар[1], келип калдыңарбы?
Шамбет, машинадан түшүп, айланага көз жүгүрттү:
– Бах! Аба кандай таптаза[3]. Быйыл ар бир үйдө өчпөс шамдар жанат.
Ботом, келип калдыкпы! Бул кайсы жер? – деди кары аял. (*Т. С.*)

2. Жибек көйнөк сулууча кыз энтелейт,
Жамгыр кантсин, жаба куюп эркелейт.
Ай, булганды, ай, бузулду көйнөгүм,
Жаздын жааны жаабай койсо эмне? – дейт. (*А. О.*)

3. Э-э ботом, Жийдекан! Бул бала эмне болот? – деди бир кезде ал.
– Апээй, катыгүн, мен унутуп калган турбаймынбы.
– Жеңеке, бүгүнчө мени батыргыла.
– Эми кандай кылам, кап! (*М. Э.*)

**71.** Төмөнкү сөздөрдү сырдык сөздүн маанисинде колдонуп, ар бирине бирден сүйлөм түзгүлө. Кандай сезимдер билдирилди?

Бах, пай-пай, капырай, аттиң ай, апий ботом, ой кокуй, бали, кап, а-а, баракелде, о-о.

Бурнардаева Н. Д

**72.** Окугула. *Ай* деген сырдык сөз кандай сезимдерди билдирди? Аны кантип аныктоого болот? Сүйлөмдүн тыныш белгилери жөнүндө айтып бергиле.

1. *Ай-ай*, ушундай да иш кыласыңарбы? Мен силерден мындан башканы күткөн элем. (*Н. Б.*) 2. *Ай*, ушу сеники өтүп кетти. 3. *Ай-ай*, не деген жигиттер ушул сонун жерин кайрылып көрө албай кетишти. (*Т. С.*) 4. *Ай*, жолдош, токто! Кайт артыңа! – Жоош немени ушинте бергениң кандай, жене? – деп айтсам, Жамийла: – *Ай*, койчу ушуну, – деп колун шилтеп күлчү. – *Ай*, эми кетет го бир жакка, калбайт айылда! – деп ойлодум мен. 5. Жаштар гана эмес, бул тамашага биз да аябай кандык. Ошондогу асмандын ыраңы, *ай*! Ошондогу элдин күлкүсү, *ай*! (*Ч. А.*)

**73.** Калтырылып кеткен тыныш белгилерин койгула. Үтүр эмне үчүн коюлду? Сүйлөмдөгү сөздөргө сөз түркүмү боюнча талдоо жүргүзгүлө.

1. Садагасы // Салмоорбек бизди тосуп чыккан тура. Бери кел // садага. 2. Бали // Сөздүн атасын айтып, Акман келди. (*Т. С.*) 3. Эл-журт үчүн // пайпай // бул жаман болду го. Өзү тийишкен жоонун катыгын бергиле // жолдоштор. (*Н. Б.*)

**74.** Интонацияны туура сактап, көркөм окугула. Сырдык сөз кандай интонация менен айтылды? Үтүр же илеп белгисин колдонууда эмнени эске алабыз.

1. Кап, азыр төрөлсө, атын Жеңишбек койбойт белем. – Кап! Ушул акмакты кантсем болот ыя? 2. Кокуй, Искендер ыкка көнөт экен деп ойлобоңуз. (*Ж. Т.*) Охо-о!.. Тенти агайдай киши кайда! (*Ш. Б.*) 3. Баракелде, колуңардан иш келет деген ушул. – Аттиңай! Жакып устанын жоктугун карачы. (*Ш. Б.*) 4. Бах!.. Түнкү толкунду карачы. – Бах! Тынчтык заманда суу да кандай тунук агат. (*Т. С.*) 5. Ай-и-ий, ушунун баары бүгүн орулдубу? – Ай-ай! Мени алда качан байлап алган турбайсыңарбы? (*К. Ж.*)

**75.** Таблицага көңүл бургула. Сырдык сөздө тыныш белгилери кандайча коюларын эсиңерде сактагыла. Алардын ар бир көрүнүшүнө бирден сүйлөм түзгүлө.

| | |
|---|---|
| 1. △ , [ ] | 3. [ , △ , ] |
| 2. △ ! [ ] | 4. [ ], △ ! |

△ – сырдык сөз. [ ] – сүйлөм.



**76.** Көп чекиттин ордуна сырдык сөздөрдү колдонуп, өзүңөрдүн ички сезимиңерди билдиргиле. Тыныш белгилерин койгула. Сырдык сөздөрдүн маанилерин түшүндүргүлө.

1. Алабаштан качан келдиң ...? 2. Аксаамайдын ошондогу мүнөзү... али да көз алдымда турганын карачы. 3. Жакшы болот ... ошентип иштейлик. 4. ... иштесеңер, тигил Сыдыктай иштегиле! 5. Чын жүрөктөн күлгөн жаштардын добуштары ... 6. ... ушул жердеги карагаттын коюулугун карачы!

**77.** Көчүргүлө. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө. Алардын милдетин аткара албаган сөздөр барбы? Атагыла, алар сүйлөмдө кандай мааниде колдонулат?

1. Кадырлуу ата-энелер! Эмгек үзүрүнө арналган салтанатты ачык деп жарыялаймын. Мамлекеттик гимн аткарылды. Ушуну көзүбүз көрдү, Омор аке, бизде не арман. Эй, Кыяз ата! Илимге багыныңыз. (*Т. С.*) 2. Чиркин, сүрөтчү болсом, ушул эртең мененки күндү сүрөткө тартсам. (*«КТ»*)

**78.** Сүйлөм мүчөлөрү жана сөз түркүмдөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө. *Ырас, мүмкүн, кийин* деген сөздөрдүн синтаксистик кызматын жана морфологиялык белгисин аныктагыла.

1. *Ырас*, Асия адегенде эле өз пикирин түз айтты 2. *Мүмкүн*, Мырзакул Ысмайыл тууганынын качып келгенин сезип калгандыр. (*Ч. А.*) 3. Өнөрлүү, шыктуу балдардын ийримге тартылышы *мүмкүн*. 4. Тамактангандан *кийин* сапарыбызды уланттык. *Кийин* ушул саякат жөнүндө аңгеме жаздым. (*«КТ»*)

**79.** Окугула. Сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрдү атагыла. Алардын маанилери жана тыныш белгилери жөнүндө эмне билесиңер? Жалпы эле, сүйлөмдөгү тыныш белгилердин эмне үчүн коюлгандыгын түшүндүргүлө.

1. Дүйшөн өзү, албетте, менин бул абалымды жакшы билип жатты. Мүмкүн, менин көңүлүмдү көтөрөйүн деген ой менен ал ушунун эртесинде мектепке эки жаш терекче алып барды.
– Экөөбүз азыр чоң иш кылабыз, Алтынай, – деди мени күлө карап. Менин баамда, сен чоң окумуштуу адам болосуң. (*Ч. А.*)
2. Пай-пай, мындай жигитке ким таң калбасын?
– Бали, балам! Сен кимсиң? – деди көк сакал чал.
– Мен Айдар деген болом, аксакал, – деди жигит.
– Баракелде, балам! Атыңды уктум эле. Ошол сен экенсиң.
– Чын айтасыз, аксакал. (*А. Т.*)

**80.** Туулуп-өскөн айылынардын керемет кооздугун билесиңерби! Эмесе, ажайып айланага көз чаптырып көргүлөчү. Киндик каның туулган жерге болгон кубаныч, сүйүү, таң калуу сыяктуу сезимдеринерди сырдык сөз аркылуу билдирип, чакан текст түзгүлө.

### Кайталоо үчүн суроолор:

1. Сүйлөмдө каратма сөз кандай мааниде колдонулат? Ал кайсы сөз түркүмүнөн болот?
2. Киринди сөз айтылып жаткан ойго карата сүйлөөчүнүн кандай мамилесин билдирет? Мисал келтиргиле.
3. Каратма жана киринди сөздөрдүн тыныш белгиси жөнүндө айтып бергиле. Мисал келтиргиле.
4. Сырдык сөздүн мааниси эмнеде?
5. Сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткара албаган сөздөрдүн сүйлөмдө орду кандай болот?
6. Бул сөздөрдүн интонациялык өзгөчөлүгү кандай?



# СИНТАКСИСТИК ТҮРМӨКТӨР

## § 12. АТООЧТУК ТҮРМӨКТҮН СИНТАКСИСТИК КЫЗМАТЫ

**Атоочтук мүчөлөр (-ган, -ар, -оочу, -уучу ж. б.) менен аяктаган сөз тизмеги атоочтук түрмөк болот.** Мындай сөз тизмеги бир эле суроого жооп берет жана сүйлөмдүн бир гана мүчөсү болот.

Мисалы, ***Таттуу кыялга алданган*** *Зарыл кыздарды көздөй басты.* (*Т. С.*) Кайсы Зарыл? – *таттуу кыялга алданган* – атоочтук түрмөк, аныктооч.

Атоочтук түрмөктө сүйлөмдүн грамматикалык негизин түзүүчү ээ жана баяндооч болбойт.

**81.** Окугула. Атоочтук түрмөктөн болгон аныктоочторду тапкыла. Аларды аныктоочтун башка түрү менен салыштыргыла. Кайсынысында заттын белгиси кеңен-кесир көрсөтүлдү?

1. Мен *ак ниет* кишимин. – Мен *кемчиликти бетке айткан* кишимин. 2. Азамат – *жакшы жигит.* – Азамат – *шаардан окуп келген* жигит. 3. *Кичинекей* Элгүлү атасынын жанында турат. – *Өмүргө сараң караган* Жапар станоктун жанында турат. 4. *Жаман* жолдош доого алдырат. – *Салтка түшүнгөн* Жеңишкүл ыр кезегин башкага берди.

**82.** Атоочтук түрмөк катышкан сүйлөмдөрдү тапкыла. Аларды көчүрүп жазгыла да, сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө. Атоочтук түрмөк сүйлөмдүн кайсы мүчөсү болду? Кандай суроого жооп берди жана кайсы сөздү айкындады?

1. Уркуя *көптөн бери шаарда турган*[2] аял эле. Ал калпты чындай, чынды жоктой кылып сүйлөчү. Ал дейсиңби? Уркуя ушакка да жакын аял болучу. *Бирөөдөн уккан*[2] сөздү дароо илип алчу. (*К. Б.*) 2. *Жолоочуларды ташуучу* машина саат алтыда ордунан козголду. *Эл арты болуп түшкөн* адамдарга кыйын болду. – Апай, мындай келип отурунузчу, – деди Акия. – Байбиче, *келиниңиз көрсөткөн* орунга өтүңүз? (*Т. С.*) Талдын көлөкөсүнө отуруп, кечке чейин карап отурдум. *Жол чаңдаткан* машиналар кызылды кырманга ташып жатышты. Күүгүм киреерде комбайнчылар келишти. Отуруп чай ичтик. Бир сындырым нан алып тиштегенимде, *комбайнчынын кара май колу жыттанган*[3] нан оозума тыгыла түштү. Ооба, керосин жыттанган нан экен. (*Ч. А.*)

**83.** Көчүргүлө. Сүйлөм мүчөсү жана сөз түркүмү боюнча талдоо жүргүзгүлө. Атоочтук түрмөктү тапкыла, ал сүйлөмдүн кайсы мүчөсү болду? Атоочтуктардын кандай мааниде колдонуларын эсиңерге түшүргүлө.

1. *Таң азандан атка минген*[2] Шамбет жайлоого чейин барды. 2. *Өзүнөн өзү эле эл менен коштошуп жүргөн* Чаргын Камканын үйүн көздөй келе жатты. (*Т. С.*) 3. *Жакшы менен*[3] *жүргөн* жарыйт. *Жаман менен жүргөн* карыйт. 4. *Эже кийгенди*[3] синди киет. *Кылычынан кан тамганды тилинен бал тамган* жеңиптир. (*Мак.*)

**84.** Сөз тизмектерин пайдаланып, ар бирине бирден сүйлөм түзгүлө. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзүп, атоочтук түрмөк жөнүндө айтып бергиле.

Ысык-Көлгө баруучу[2] кишилер, Сагындык жетектеген бригада, сен окуган[2] китепти, тынчы кеткен адам, мен окуганды, эр сыйлаган, сабаттуулугу жогору адам, аскерге баруучу уулум.

**85.** Аныктоочту өзү аныктап турган зат менен бирдикте, сүйлөмдөн ажыратып, көчүргүлө. Аныктоочтордун түзүлүшүн бири бирине салыштыргыла. Кандай өзгөчөлүктү байкадыңар? Түшүндүргүлө.

1. Күн тийбес[2] тамда жатамын,
Күч кетип[2], эс оол алсырап.
Алдымдан нымдуу сыз өтөт,
Айласыз жатам жалдырап. (*Т.*)

2. Эриндери дирилдеген[3] Жамийла Осмонду бардык күчү менен жекирди. Айрыны алды да, унчукпай четке басты. (*Ч. А.*) 3. Айша – эстүү кыз. Жамийла болсо – шайыр, сөзмөр[3], жароокер кыз. (*К. Б.*) 4. Алтоо жүрүштөрүн тездетүүдө. Москвалык жаштар аларды куттукташты. Балапандай үрпөйгөн кыз Эшендин көз алдында калды[4]. (*Т. С.*)

Ү л г ү: *Күн тийбес тамда* – к а н д а й тамда? *күн тийбес* – аныктооч, атоочтук түрмөк. *Нымдуу сыз* – к а н д а й с ы з? – *нымдуу* – аныктооч, жөнөкөй.

**86.** Көчүргүлө. Атоочтуктан жана атоочтук түрмөктөн жасалган аныктоочтордун астын сызгыла. Мааниси жана түзүлүшү жагынан буларда кандай айырмачылыктар бар? Адегенде окшош белгилерин, андан кийин айырмачылыгын аныктагыла.

1. Мени жамандаган адам – менден корккон адам.
Мени[1] жактаган адам – мени жек көргөн[2] адам.

2. Боло турган азамат болоттон кылыч байланат. 3. Туулган жердин топурагы – алтын. 4. Кеңешип иш кылган адам жаңылбайт. 5. Тандаган адам тазга жолугат. 6. Элге пайдасы тийген адам – мыкты адам. (*«ЗО»*)



**87.** Окугула. Текстте кептин кайсы түрү колдонулду? Атоочтук түрмөктү көрсөткүлө. Ал кайсы сөз менен байланышты? Сүйлөмдүн кайсы мүчөсү болду?

1. Берки кыз Батиш деген. Орто бойлуу, мүчө түзүлүшү сыйда. Өңү да анча серт эмес. Сурмасы тартылган көздөрү оттуу. Сырын чыгара бербеген, кээде кырс эткен мүнөзү бар. Кепке сараң, кеңешке жок. Кээде кара таштай мелтиреген кыз. (*Т. С.*)

2. – Өнөр алды окуу экен, балам. Жаш чагында өнөр үйрөнүп алсаң, карыганда кор болбойсуң. Билек жирей албаганды билим жирейт[4]. Билим алуучу адамга карылык жок[4]. Сен азыр жашсың. Өнөр үйрөнүүгө аракет жаса. Өзүң билбегенди башкалардан сура. Адамдын акысын[2] жештен намыс кыл, – деп Чонкойчу Каныбекке акыл-насаатын айтты. (*К. Ж.*)

**88.** Көчүргүлө. Сүйлөм мүчөлөрүнүн астын сызгыла. Атоочтук түрмөктүн аныктоочтук жана толуктоочтук милдетти аткарышын түшүндүргүлө. Атоочтук түрмөк кайсы учурда заттык мааниде колдонулат?

1. Көптү көргөн адамдан сөз оку. – Көптү көргөндөн[2] сөз оку. 2. Карылар айткан[3] сөздү угуп жатасыңбы, балам. – Карылар айтканды угуп жатасыңбы, балам. 3. Колунан көөр төгүлгөн усталардан үйрөнгөнбүз. – Колунан көөр төгүлгөндөрдөн үйрөнгөнбүз. 4. Жайлоого баруучу малчыларды узатып жатабыз. – Жайлоого баруучуларды узатып жатабыз.

**89.** Көчүргүлө. Синтаксистик талдоо жүргүзгүлө: а) жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрү боюнча; б) сүйлөм мүчөлөрү боюнча.

1. Карыялар айткан сөздүн калети жок. 2. Карыялар айткан менин оюмда. 3. Карыялар[1] айтканды оюмдан чыгарбаймын. 4. Карыялар жөнүндө камкордук көрөлү. 5. Карыялар – үйдүн куту.

Ү л г ү: *Карыялар айткан сөздүн калети жок.* – Бир тутумдуу сүйлөм, жаксыз; *калети жок* – баяндооч; э м н е н и н? – *сөздүн* – аныктооч; к а й с ы с ө з д ү н? – *карыялар айткан* – аныктооч, атоочтук түрмөктөн болду.

## § 13. ЧАКЧЫЛ ТҮРМӨКТҮН СИНТАКСИСТИК КЫЗМАТЫ

**Чакчыл мүчөлөр (-ып, -а, -ганча, -гыча ж. б.) менен аяктаган сөз тизмеги чакчыл түрмөк болот.** Мындай сөз тизмеги негизги кыймыл-аракеттин маанисин толуктайт, сүйлөмдө бышыктоочтук милдетти аткарат.

Мисалы, *Кыш ышкырат, **үйлөрдү ачып**.* (*А. О.*)

К а н т и п ышкырат? – *үйлөрдү ачып* – чакчыл түрмөк, бышыктооч. *Ышкырат* деген негизги кыймыл-аракеттин маанисин толуктады.

Чакчыл түрмөктө сүйлөмдүн негизин түзүүчү ээ жана баяндооч болбойт. Ал интонациялык жактан бөлүнүп айтылып, жазууда ү т ү р менен ажыратылат:

а) Сүйлөмдүн башында келсе, өзүнөн кийин үтүр коюлат: ***Чоң арабакечтерди туурап,*** *жайбаракат бастым.* (*Ч. А.*)

б) Сүйлөмдүн ортосунда келсе, үтүр анын эки жагына коюлат. *Дүйшөн, **ордунан ыргып туруп,** тизелеп отура калды.* (*Ч. А.*)

в) Сүйлөмдүн аягында келсе, үтүр өзүнөн мурда коюлат. *Акын таң атканча уктаган жок, **курбу-курдаштарынын аманчылыгын сурап.*** (*Ж. Б.*)

**90.** Окугула. Негизги кыймыл-аракетти билдирген баяндоочту тапкыла. Андан кийин анын маанисин толуктаган чакчыл түрмөктү көрсөткүлө. Ал сүйлөмдүн кайсы мүчөсү болду? Кайсы сүйлөмдө кыймыл-аракет элестүү баяндалды?

| | |
|---|---|
| 1. Ал көпчүлүктү кубандырып койду. | – *Чукугандай сөз таап*, ал көпчүлүктү кубандырып койду. |
| 2. Кыз-келиндер иштеп жатышат. | – *Чарчаганды билбей, оюн-күлкүгө батып*, кыз-келиндер иштеп жатышат. |
| 3. Эдиса ордунан тура калды. | – Эдиса, *эки жакты карап, алаканын шак коюп*³, ордунан тура калды. |
| 4. Бактыбек ата-энесинин айткандарына макул болду. | – Бактыбек ата-энесинин айткандарына макул болду, *көздөрүн кыбыңдатып*³. |

**91.** Тексттерди көркөм окугула. Жөнөкөй сүйлөмдүн кайсы түрлөрү колдонулду? Негизги кыймыл-аракеттин (баяндоочтун) маанисин толуктаган чакчыл түрмөктү тапкыла. Ал сүйлөмдө кандай милдетти аткарды?

1. Май айынын салкын жели. Талаа тынч... Кыбырап ордунан туруп², Ажар жолуна түштү. Каш карайып түн кирди. Бирок сулуу ай, алтын бууга боёлуп², чыгыш тараптан көрүндү. Ал, мээримсиз караңгылыкты алда кайда



кубалап³, кең талааны кубантты. Ыйлап сооронгон баладай жылмайып³, койнун ачып³, кучагын жайып, кең талаа да Ажарга жол берди. (*К. Б.*)

2. Айтике беш-алты кишинин ортосунда турган баласын көрө койду. Ал, кирпигин жай ирмеп, тактайдын бетин тиктейт. Атасын да байкаган жок.

Айтике, көнөчөгүн коё коюп³, дубалга сүйөнүп, баланы карап, отура калды. Кол жоолугун ала коюп, боргулданган баланын бетин сүртүп, быйпыйган кичинекей мурдунан чымчып эркелетип³, Наташа баланы отургандарга тааныштырды. Айтике түш көргөндөй болду, өз көзүнө өзү ишенбеди. (*А. Т.*)

**92.** Окугула. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча оозеки талдоо жүргүзгүлө. Чакчыл түрмөк катыштыбы? Ал сүйлөмдүн кайсы мүчөсү болду? Кайсы сөз менен байланышты?

1. Кырк чоросун жулкунтуп², айгайлаган ызы-чуусун салып², ак асаба кызыл туусун кармап², кабылан Манас келе жаткансыйт. 2. Айкөл Манас кабылан, Аккуланы чуратып³, Аккелте менен бир атып³, жоону сүрүп бараты. (*«Манас».*) 3. Майрык, уйпаланган эски түлкү тебетейин баса кийип, кара чепкенин ак жоолук менен оро курчанып, үңүрөйгөн көзүн үлүндөтүп, ичке куркуйган мойнун көтөрүп, Керездин жанына басып келди. (*Ш. Б.*) 4. Камчыны сүйрөй, чоң арабакечтерди туурап, чыйт түкүрүп, жайбаракат бастым. (*Ч. А.*) 5. Ысык-Көлдүн балыгындай сүзүп, Чолпонбай суунун аркы өйүзүнө чыкты. (*К. Ж.*)

**93.** Көчүргүлө. Чакчыл түрмөктү таап, аны үтүр менен ажыраткыла. Аталган түрмөк сүйлөмдүн кайсы мүчөсү менен байланышты? Андагы үтүрдүн коюлушун түшүндүргүлө.

1. Күрөгүнүн сабына таянып² саамай чачын сылап² Зарыл бир саамга токтоп калды. Чаргын шашкалак башка сөзгө келбей жөнөп кетти. 2. Акман карылыкка ашыккан киши эмес. Суу башкарат колунан кетменин түшүрбөй. (*Т. С.*) 3. Ырыскысына мас болуп³ мөмөлүү жыгачтар үргүлөгөндөй сезилет. Бир кезде Жапар Чүкөбайга карады. Чүкөбай шашып дароо ордунан тура калды. Эки жагын каранып³ тамагын кырып³ жыйналышты ачты. (*К. Б.*)

**94.** Көчүргүлө. Сүйлөмдөрдү түзүлүшү боюнча салыштыргыла. Кайсынысы жөнөкөй, кайсынысы татаал сүйлөм? Эмне үчүн?

1. Айдалган аңыз куру калып, үрөн себилбей, жүрөгүм кансырап жатты. – Ушундай ойлорго берилип, Субанкулду эстедим. 2. Мени кучактап, Алиман боюн таштады. – Көзүмө жаш толуп, үрөндү алып кеткен качкын-

дарды карадым. 3. Алимандын башын тиземе коюп, мойнунан кучактап отурдум. – Санаа басып, келинимдин тагдырын ойлоп кеттим. (*Ч. А.*)

**95.** Көчүргүлө. Синтаксистик талдоо жүргүзүп, чакчыл *-ып* мүчөсү менен аяктаган сөздүн жана сөз тизмегинин грамматикалык белгисин аныктагыла: *чакчылбы, чакчыл түрмөкпү, татаал сүйлөмдүн бир бөлүгүбү, татаал этиштин түгөйүбү?* Булардын синтаксистик кызматы кандай?

1. Жамийла Кыргызстандын жаратылышы жөнүндө айтып[2] берди. – Жамийла, башын төмөн салып[2], унчукпастан жүрүп отурду. – Жапардын сөзүнө күлүмсүрөп[2] жооп берди. – Жүрөгү уйгу-туйгу болуп[3], түпсүз кыял Жапарды курчап алды. (*К. Б.*)

2. Чагылган жаркылдап[3], жүрөк титирейт. – Чоң көздөрүн бажырайтып, Чаргын отургандарга тандана карады. – Акия айткандай, ошол эле күнү көпчүлүк эл Чаргынды башкармалыкка шайлап[2] коюшту. (*Т. С.*)

**96.** Чакчыл түрмөктү сүйлөмдүн башында, ортосунда жана аягында келтирип, ар бир сүйлөмдү кайрадан окугула. Үтүр белгисинин кандайча коюларын түшүндүргүлө. Сүйлөм мүчөсү боюнча талдагыла.

1. Динарды катуу-катуу кучактап[2], Бурма ыйлап жиберди. (*Т. С.*) 2. Колун жаагына таяп[1], Бектурган көз ачып жумганча өйдө болду. (*А. Т.*) 3. Жапар, башын көтөрүп[3], Айшаны тике карады. (*К. Б.*)

**97.** Чакчыл түрмөктөрдү пайдаланып, ар бирине бирден сүйлөм түзгүлө. Чакчыл түрмөктүн маанисин айтып бергиле. Ал сүйлөмдүн кайсы мүчөсү болду?

Колун өйдө көтөрүп; мени көрө коюп; туулуп-өскөн жерди көрүп; китебин алып; баланын үнүн угуп; бизди тике карап; бөбөгүн көкөлөтө көтөрүп; көзүн улам-улам ирмеп; колун ушалап; алаканын чапкылап.

**98.** Жөнөкөй сүйлөмдүн түзүлүшү боюнча синтаксистик талдоо жүргүзгүлө, а) эки тутумдуу сүйлөмдөрдү аныктоо; б) бир тутумдуу сүйлөмдөрдү көрсөтүү. Сүйлөмдөрдүн айырмасы эмнеде?

1. Күз ... Чүйдүн талаасы сапсары алтындай. Башы кере карыш буудайлар ... Жол ... Ушул жол менен далай жүрдүм.
– Сиз ким деген болосуз? – деди атчан жигит.
– Мен Бектурган деген болом.
– Кайда бара жатасыз? – Балдарыма. (*А. Т.*)

2. Биздин жаштар өз элине, ата мекенине кызмат кылууга тийиш. 3. Атанын салган жолу бар. Эненин бычкан тону бар. 4. Эненин ырын унуткан эне тилин унутканга барабар. 5. Адамды кийиминен тааныбайт. (*Мак.*)



6. Айта-буйта дегиче, ачып көздү жумганча алып жетип барайын. (*«Эр Төштүк»*) 7. Кана карыялар, алтын шилекейиңерди чачыратып, менин суроомо жооп бергиле. (*К. Б.*)

**99.** Атама, жактуу жана жаксыз сүйлөмдөрдүн түзүлүшү кандай болот? Төмөнкү сүйлөмдөрдөн мисал келтиргиле. Алардын баш мүчөлөрүн тапкыла.

### ДҮЙНӨНҮН КООЗ ЖЕРЛЕРИ

Сары-Челекти дүйнөнүн кооз жери деп аташат. Чындыгында, ошондой жер!.. Жер-жемиштер. Алмалар. Арча-кайыңдар. Көз жоосун алган жаңгактарга таң каласың. Эмнелер гана жок бул жерде!

Токойду аралап баратабыз. Тунук суусуна жүз чайкадык. Гүлдөргө суктандык. Албетте, жаратылыштын ушундай байлыгын сакташ керек.

Бул жер – табигатка көрк берген элик, аркар, бугулардын мекени. Көзүбүз көрбөгөн илбирстер да жашайт. Бир карап, токойду аралап, гүлдөргө суктанып, өмүрүңөргө өмүр кошкула, кымбаттуу жаштар! (*Н. Б.*)

**100.** Текстти окугула. Ал сүйлөмдүн кандай түрлөрүнөн түзүлдү? Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү барбы?

Бир адам сапарга чыгат. Анын өзү менен кошо алып алган бир карышкыр, бир эчки, бир боо чөбү бар эле.

Бир жерден кайык менен аркы өйүзгө өтүүгө туура келет. Жанындагынын баарын бир алып өтүүгө мүмкүн эмес.

Эгерде карышкыр менен эчкини бул жээкте калтырса, эчкиден айрылат. Эчки менен чөптү калтырса, чөптөн айрылат. Эчкини адегенде алып өтсө, кийинкисинде анын кашына сөзсүз карышкыр же чөп келтирилет. Ал адам бул абалдан кантип чыкса болот? (*«КТ»*).

**101.** Көчүргүлө. Синтаксистик талдоо жүргүзгүлө: а) түзүлүшү боюнча кандай сүйлөмдөр бар? б) сүйлөм мүчөлөрүнүн астын сызгыла.

1. Ысык-Ата курорту – кыргыз жергесинин бир кереметі. 2. Жерден атырылып чыккан ысык суу ашказан, муун, нерв ооруларына жардам берет. (*«КТ»*) 3. Чоку болот тоолордун бийик жери. Чокудай бол, кыргыздын жигиттери! (*Б. С.*) 4. Кудай таала энеге үч касиетти артык берген. Биринчиден, эне мүнөзү жагынан кечиримдүү. Экинчиден, эне бардык өмүрүн балдарын тарбиялоого арнайт. Үчүнчүдөн, эненин күнүнкү турмуш-тиричиликтеги түйшүгүн эч нерсе менен салыштырууга болбойт. (*«КТ»*)

**102.** Көчүргүлө. Сүйлөм мүчөлөрүнүн астын сызгыла жана алардын ортосундагы байланыштын жолдорун (ээрчишүү, башкаруу, ыкташуу, таандык байланыш) аныктагыла.

1. Ысык-Көл бизге ден соолук тартуулайт. 2. Ошон үчүн биз анын керемет сырына таазим этебиз. 3. Көпкөн жигит көп сүйлөйт. Чечен жигит төп сүйлөйт. 4. Эл амандыкты тилейт. Душман жамандыкты тилейт. (*Мак.*)

**103.** Тексттин мазмуну менен таанышып чыккыла. Андагы негизги ой эмне жөнүндө болуп жатат? Эне тил жөнүндө сенин пикириң кандай? Бул текст кептин кайсы түрүнө таандык.

### ТИЛ

Абуталиб бир жолу Москвада болуп калып, бирдеме сураш үчүн көчөдө өтүп бараткан бирөөгө кайрылып калат. Болгону, базардын каерде экенин сурамакчы го. Абуталиб токтоткон киши англичан экен. Англичан Абуталибдин айтканына түшүнбөй, кайрадан англисче, анан французча, анан испанча сураган окшойт.

Абуталиб болсо англичанга элден мурун орусча, анан лакча, анан аварча, анан лезгинче, анан даргынча, анан кумыкча түшүндүрөм менен убара болот. Акыры бирин-бири түшүнбөгөндөн кийин бөлүнүп кетишет.

Англисче эки жарым сөз билген, «маданияты» башынан ашкан дагстандык бирөө кийинчерээк Абуталибге акыл үйрөткөн экен:

– Мына көрдүңбү, маданият деген эмне экенин? Сен анча-мынча маданияттуураак болгонунда англичан менен сүйлөшө алат элең. Көрдүңбү, түркөйлүктүн кесепетин?

– Көрдүм, – дептир Абуталиб. Бирок эмне үчүн англичан менден көрө маданияттуураак болуп кетет, аделе мен сүйлөгөн тилдин бирин түшүнгөн жок го?

Мага ар түркүн элдердин тилдери көктөгү жылдыз катары туюлат. Мейли, жылдыздар да жаркырап турсун. Мейли, ар бир адамдын өз жылдызы болсун. Мен өз жылдызымды, эне тилимди, боор этим менен тең көрөм. Кичинекей тоолордон да сандаган алтын кен чыгышы мүмкүн. (*Р. Гамзатов.*)



# ТАТААЛ СҮЙЛӨМ

## § 14. ТАТААЛ СҮЙЛӨМДҮН ТҮЗҮЛҮШҮ

**Татаал сүйлөм эки же андан көп жөнөкөй сүйлөмдөн түзүлөт. Анын тутумундагы сүйлөмдөр маанилик жактан да, грамматикалык жактан да өз ара байланыштуу болушуп, бүтүн бир ойду билдиришет.**

Мисалы, төмөнкү сүйлөмдөргө көңүл буруп көрөлү:

*Жаан жаайт, эгин өсөт, эл күн көрөт, мен да алар менен кошо жашайм.* (Ч. А.)

Бул татаал сүйлөм төрт жөнөкөй сүйлөмдөн түзүлдү. Мындагы сүйлөмдөр бири-бири менен мезгилдик мааниси боюнча байланышып, болгон окуялар биринин артынан экинчиси көрсөтүлдү.

Ал эми маанилик жактан бири бирине жакын болбогон жөнөкөй сүйлөмдөр татаал сүйлөмдү уюштура алышпайт. Мисалы, *Сабак башталды* жана *Ысык-Көл тоңбойт* деген жөнөкөй сүйлөмдөрдөн татаал сүйлөм түзүлбөйт, себеби бул сүйлөмдөр мааниси боюнча өз ара байланыштуу эмес.

Жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөр бири биринен грамматикалык түзүлүшү боюнча айырмаланышат. Атап айтканда, жөнөкөй сүйлөмдө бир эле грамматикалык негиз (баш мүчөлөр) болсо, ал эми татаал сүйлөмдө эки же андан көп грамматикалык негиз болот.

С а л ы ш т ы р г ы л а:

1. Коңур салкын күз келди.
2. Ак кеме каалгып сүзүп баратты.
3. Жер тойгузат, от күйгүзөт. (*Мак.*)
4. Каалга шарт ачылды да, Ызакул үйгө кирип келди.

Татаал сүйлөмдүн өзүнө мүнөздүү грамматикалык түзүлүшү бар. Ал төмөнкүдөй жөнөкөй сүйлөмдөрдөн түзүлөт (кашаанын ичиндеги 2 деген сан – эки тутумдуу, 1 дегени – бир тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдү билдирүүчү шарттуу белгилер).

1. ***Акылы бар билимди самайт, акылы жок кийимди самайт.*** (*Мак.*) Эки тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөр. (2+2) Эки сүйлөмдө тең баш мүчөлөр катышты.

2. *Китепти* **сүйгүлө**, *ал силердин келечек турмушуңар үчүн* **керек болот**. Биринчи бөлүгү – бир тутумдуу (ээ катышкан жок); экинчиси – эки тутумдуу жөнөкөй сүйлөм. (1+2)

3. **Кеңешме болот**, *ошого дейре уюштуруу иштериңди* **жолго кой**. Биринчи бөлүгү – эки тутумдуу; экинчиси – бир тутумдуу (ээ катышкан жок) жөнөкөй сүйлөм. (2+1)

4. *Өзүңдү* **эр ойлосоң**, *башканы* **шер ойло**. (*Мак.*) Бир тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөр; эки сүйлөмдө тең ээ катышкан жок. (1+1)

Жазууда жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ортосуна үтүр коюлат.

**104.** Текстти окугула. Жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдү атагыла. Айырмачылыктары эмнеде?

### АТА ЖУРТТУН БИР УУЧ ТОПУРАГЫ

Бир ууч топурактын эмне деген касиети бар? Чабалекей таруудай топурактан уя салат. Балапан чыгарып, алыска учуруп кетет. Келерки жылы жыт синген эски уясына кайра келет. Ошентип, бир ууч топурактан куштардын мекени пайда болот экен.

Көл бир тамчы суудан жыйылат, күү бир кайрыктан чертилет, кылым бир күндөн түзүлөт. Демек, санжырачылардын ата журт бир ууч топурактан куралат дегендери чындык экен да. Ата журттун бир ууч топурагы ыйык, ошондуктан эл жаман көргөн адамына бир ууч топурак салбай коёт. Баарыбыз ата мекенди сүйөбүз, туулган жердин топурагы – алтын. (*«КБ»*)

**105.** Окугула. Татаал сүйлөмдөрдү көрсөткүлө. Жөнөкөй сүйлөмдүн кайсы түрлөрүнөн түзүлгөнүн аныктагыла. Баш мүчөлөрдү атагыла.

Алиман, ичтен солкулдап, үшкүрүп келе жатты. Айтор, багы ачылса болду. Касымдай болгон ынагына жолугар бекен, ким билет? «Бактылуу бол, чырагым! Убалыңа калбайын, качан кетсең да, башың бош. Ыраазымын сага, балам, күнүңдү көр», – деп сүйлөшүүгө даярданып келе жаттым. Мен ошондо ушинтип санаа чектим, аны Алиман билген экен. Алимандын тоодой адамгерчилигине ыраазымын. Эмне үчүн ошондо мен боштук кылып жаш балача ыйладым?

– Эне, – деди ошондо Алиман:

– Жакшылык колдосо, кичине бала аман кайтып келет. Биздин кичине бала аман эле, көкүрөгүм айтып турат. Сабыр кылалы, эне, күтөлү. (*Ч. А.*)



**106.** Көчүргүлө. Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнүн астын сызгыла. Татаал сүйлөмдө канча грамматикалык негиз болот? Грамматикалык түзүлүшү боюнча сүйлөм канчага бөлүнөт? Татаал сүйлөмдүн жөнөкөйдөн айырмасы эмнеде?

1. Нан бекеринен улуу деп аталбайт. Кимде ким нандын кадырына жетсе, ал элдин урмат-сыйына ээ болот. (*«КБ»*) 2. Сөзүм бүттү, жасадым гүлзар жайды; жыпар жытын ааламга чачсын деги. Билим ал, киши болгун! (*Ж. Б.*) 3. Алар көз ачып жумганча асман мелжиген бир үйгө келип токтошту, машинадан түштүк. Баарыбыздын жүзүбүз жарык, кубанычтуубуз. (*К. Б.*)

**107.** Татаал сүйлөмдөрдү таап, аларды көчүргүлө. Тутумундагы ар бир сүйлөмдү өзүнчө атап, үтүр менен ажыраткыла. Татаал сүйлөмдөр түзүлүшү боюнча жөнөкөй сүйлөмдүн кайсы түрүнөн түзүлгөнүн шарттуу белгилер менен көрсөткүлө.

1. Асманда алакандай булут жок, өлчөмсүз асман тынтынч жаткан океан сыяктанат. Гүлдөн гүлгө конуп, бал тарткан аарылар. Кызыл ала, көк ала көпөлөктөр... Бул көрүнүштү сүрөттөш кыйын, эч нерсе менен салыштырууга болбойт. Табияттын кол тийбеген байлыктары наристе бойдон, бардыгы керемет. Жапайы жүзүмдөр жашыл жалбырактын арасынан күндү шыкаалашат. (*А. Т.*)

2. Ат тойгон жерине качат, эр жигит туулган жерине шашат. Душманга жаныңды берсең да, сырыңды бербе. (*Мак.*)

3. Көзүмдүн жашы көл болуп, жаш баладай ыйладым. (*Т.*)

Ү л г ү: *Ат тойгон жерине качат, эр жигит туулган жерине шашат.* Татаал сүйлөмдүн биринчи бөлүгү да, экинчиси да – эки тутумдуу жөнөкөй сүйлөм. (2+2)

**108.** Төмөндө татаал сүйлөмдүн түзүлүшү шарттуу белгилер аркылуу көрсөтүлдү. Ошол схемаларга карата татаал сүйлөм түзгүлө. Эки жана бир тутумдуу сүйлөмдөр жөнүндө эмне билесиңер?

1. Эки тутумдуу + эки тутумдуу = 2 + 2
2. Эки тутумдуу + бир тутумдуу = 2 + 1
3. Бир тутумдуу + Эки тутумдуу = 1 + 2
4. Бир тутумдуу + бир тутумдуу = 1 + 1

**109.** Мааниси жагынан ылайык келүүчү экинчи сүйлөмдү ойлоп таап, көп чекиттин ордуна жазгыла да, татаал сүйлөм түзгүлө. Татаал сүйлөмдүн тыныш белгисин койгула. Баш мүчөлөрдүн астын сызгыла.

1. Адамдын акысын жер кайтарат ... 2. Биз жолго чыга албадык ... 3. Сабак бүткөндөн кийин ... 4. Баатыр кол баштайт ... 5. Жашыл онот ... 6. Эки тоо көрүшпөйт ... 7. Туура бийде тууган жок ...

**110.** Татаал сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла. Аларга сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө. Татаал сүйлөм жөнөкөй сүйлөмдүн кайсы түрүнөн түзүлдү? Бир тутумдуу сүйлөмдүн кандай түрлөрүн билесиң?

1. Бүгүн[3] менин сыйынуу күнүм. Мен аларды өлөр өлгүчө унутпаймын[3]. 2. Кыш киргенче, балдардан кат келип турду. (*Ч. А.*) 3. Чилде түшкөн... Аяз[1] барынча күчөп турган кез. (*М. Э.*) 4. Өзүң билесиң, сен барда энең үй кызматында жүрчү эмес беле. Эми эпкиндүүлөрдүн бири. Айылыбыз жаман эмес. Кыйынчылыктардан кутулдук. (*К. Б.*)

5. Күз келсе, гүл да солуйт, жазында өсөт.
Күн чыкса, калың жылдыз жапырт өчөт. (*А. Токт.*)

**111. БК.** Окугула. Текст түзүүдө сүйлөмдүн кайсы түрү колдонулду? Ал сүйлөмдөрдүн ортосунда айырмачылыктар барбы? Мында автордун айтайын деген негизги оюу эмнеде?

Бир жаш жигит сурап калды: – Урматтуу карыя, улуулук деген кандай болот? – Бул суроону байыркы бабалардан калган бир уламыш кеп менен жооп берейин.

Кайсы бир кылымдардын биринде Адам ата улуулукту табуу үчүн көп жол басат, дүйнөнү түгөл кыдырат, таппайт. Акыры дүйнөдөгү эң чоң океандан сурайт, ал да өзү таппай жүргөнүн айтат. Андан соң Тибеттеги дүйнө боюнча эң бийик Эверест тоосунан сурайт. Ал да, арчаларын түтөтүп, улуулуктун кайда экенин таппай жаткан болот.

Акырында улуулукту сурап ааламга кайрылат. Анда ал мындай деген экен: «О-о, адам, муну мен сенден сураганы бараттым эле, анткени улуулук сага берилген».

Көрдүңбү, көрсө улуулук өзүбүздө тура. Эми аны барктап, баалай билүүбүз керек. Анткени улуулук – адам баласынын эң таза маданияты, акыл-эси, кубанычы, жашоосу... («*КТ*»).

**112.** Өзүңөр жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөргө (ар бирине үчтөн) мисал ойлоп жазып келгиле. Аларга мүнөздүү грамматикалык белгилер жөнүндө айтып бергиле: а) сүйлөмдүн грамматикалык негизи жөнүндө; б) түзүлүшү жөнүндө; в) тыныш белгилери жөнүндө.

**113.** Схемага көңүл бургула: айтылыш максаты, грамматикалык түзүлүшү боюнча сүйлөмдүн бөлүнүшүн эсинерде сактагыла. Ар бирине мисал келтиргиле.



Сүйлөм:
- айтылыш максаты боюнча:
  - а) жай
  - б) суроолуу
  - в) илептүү
  - г) буйрук
- грамматикалык түзүлүшү боюнча:
  - а) жөнөкөй
  - б) татаал

**114.** Сүйлөмдөрдү алардын түзүлүшү боюнча талдагыла. Кандай сүйлөмдөр бар? Түшүндүргүлө.

1. – Уулуң өспүрүм жетип калыптыр, Толгонай.
– Ооба, кутмандуу талаам. (*Ч. А.*)

2. Жаш иштейт, карыя акыл берет. Жаштык бар жерде жалын бар. Асыл таштан чыгат, акыл жаштан чыгат. (*Мак.*)

3. Ныязаалы комузчу, кылдын ыргагын көрүп, комузун күүлөй баштады. Ошентип, «Кер толгоо» күүсү жаңырды. Андан кийин Токтогул, комуз күүлөп, «Чоң кербезди» чертти (*Т. К.*)

## § 15. ТАТААЛ СҮЙЛӨМДҮН ТҮРЛӨРҮ

Татаал сүйлөмдү түзгөн жөнөкөй сүйлөмдөр өз ара тең укукта, тең мааниде колдонулушу мүмкүн.

Мисалы, *Көпкөн жигит көп сүйлөйт, чечен жигит эп сүйлөйт.* (*Мак.*) Мында эки сүйлөм бар: 1. *Көпкөн жигит көп сүйлөйт.* 2. *Чечен жигит эп сүйлөйт.* Эки сүйлөмдүн бири экинчисине багынган жок, ар биринин баяндоочу тыянактуу айтылды.

Ошентип, **тең укуктагы жөнөкөй сүйлөмдөрдөн түзүлсө, ал тең байланыштагы татаал сүйлөм деп аталат.**

Кээде жөнөкөй сүйлөмдүн бирөө ойдун натыйжасын билдирет да, экинчиси мааниси боюнча ага багынып, анын ар кандай кырдаалын (ордун, мезгилин, шартын ж. б.) билдирет.

Мисалы, *Касым жөнөп кеткенден кийин, Майсалбектен кат келди* (*Ч. А.*) Негизги сүйлөм – *Майсалбектен кат келди.* К а ч а н? – *Касым жөнөп кеткенден кийин* – негизги сүйлөмдөгү ойдун мезгилин билдирди, ага мааниси боюнча багынды.

Эгерде ушул сүйлөмдү өзүнчө алып карасак, тыянактуу ойду билдире албайт, ошон үчүн *Майсалбектен кат келди* деген сүйлөм менен ажырагыс бирдикте колдонулат.

Ошентип, **жөнөкөй сүйлөмдөрдүн бири экинчисине багынып турса, ал багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм деп аталат.**

Демек, татаал сүйлөмдү түзүп турган сүйлөмдөр өз ара тең укукта болушат, же болбосо, бири экинчисине багынат. Ушуга байланыштуу татаал сүйлөмдүн эки түрү бар: 1) т е ң  б а й л а н ы ш т а г ы татаал сүйлөм; 2) б а г ы н ы ң к ы  б а й л а н ы ш т а г ы татаал сүйлөм.

**115.** Текстти окугула. Татаал сүйлөмдү атагыла, ал канча жөнөкөй сүйлөмдөн түзүлдү? Татаал сүйлөмдүн кайсынысында жөнөкөй сүйлөмдөр өз ара тең байланышты?

Эртеден кечке Лена дарыясынын үстүндө саякатта болдук. Лена мелтиреп гана турат, акканы билинбейт.

Жазылыгы жагынан эч кайсы дарыядан кем калбайт. Табигат бийик аскаларды пайда кылгандыктан, «Ленанын жаагы» деп аталган бийиктик өтө эле кооз. Биз барганда, Лена дарыясы көркүнө чыгып турган экен.

Кышында Ленанын үстү менен машиналар жүрө берет, курулуш материалдары ташылат. Ленада көп кемелер сүзүп жүрүшөт, алардын бири «Ысык-Көл» деп аталыптыр. (*Т. Ү.*)

**116.** Окугула. Татаал сүйлөмдү көрсөткүлө. Алардын кайсынысында жөнөкөй сүйлөмдүн бирөө экинчисине багыныңкы байланышты?

1. Бүгүн бала Кароол-Дөбөгө чыкты. Күнгөйгө дүрбү салса, бул тараптын тоолору жапызыраак. Эриген коргошундай көлкүлдөп, Ысык-Көл жатат. Көлдүн төрүнө көз жетпейт, көгүлтүр суу менен көк асман биригип кеткендей. Бала дүрбүсүн кайра көлгө бурду. Ак кеме али көрүнбөйт. (*Ч. А.*)

2. Адыры болбой, тоо болбойт,
Аркары болбой, зоо болбойт.
Карысы болбой, эл болбойт,
Камышы болбой, чөл болбойт. (*Т. М.*)

**117.** Ата-энеңерден сурап, макал жана учкул сөз жазып келгиле. Грамматикалык түзүлүшү боюнча алар кандай сүйлөмдөр? Түшүндүргүлө.

**118.** Окугула. Жыйынтыктуу ой берилдиби? Анда эмесе, мааниси боюнча байланыштуу болгон экинчи сүйлөмдү ойлоп таап, көп чекиттин ордуна жазып, татаал сүйлөмдөрдү түзгүлө. Тыныш белгилерин койгула. Мындай түзүлүштөгү татаал сүйлөм кандайча аталат?

1. Жакшынын өзү өлсө да,... 2. Биз айылдан келгенче 3. Кыздар үйгө келгенде ... 4. Ызгаардуу кыш келип... 5. Эрте айдалган эгиндер сеңселип ... 6. Уста кандай болсо ...



**119.** Көп чекиттердин ордуна экинчи сүйлөмдү ойлоп таап, тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдү түзгүлө. Дептериңерге жазгыла да, баш мүчөлөрдүн астын сызгыла. Татаал сүйлөмдө канча баш мүчө болот? Ал эми жөнөкөй сүйлөмдөчү?

1. Аларга сен алтын бергениң жок ... 2. Күн чыкты ... 3. Үчүнчү күнү күн ачылды, туман тарады ... 4. ... кыш түштү. 5. ... жаман сөз баш жарат.

**120.** Окугула. Татаал сүйлөмдөрдү таап, аларды бири бирине салыштыргыла. Кандай өзгөчөлүктү байкадыңар? Кайсынысында жөнөкөй сүйлөмдөр тең укукта, кайсынысында багыныңкы абалда байланышты?

Жекшемби күнү курбулар кайра көл жээгине чыгышты. Тигил көкөмерендүү булуңда күлкү чыгат, тамашалуу кишилер отурушат. Шамбеттин алп денеси чымырап, жүрөгү кубанычта согот. Алыста аскалар каалгыйт, Шамбет кубанычта демин терең алса, колунда кесе толо кымыз мелт-калт этет.

Жээк баягыдай, жер-суу баягыдай! Элебес көрүнбөйт.

Курдаштары Элебести эстешет. Кыялын айтышат. Буларды четтен байкап, тигиндейде карыялар отурушат.

Пай-пай, эмгек сүйгөн кишилер алп экен го, эмгек өлбөс экен го! (*Т. С.*)

**121.** Тексттерди көркөм окугула. Татаал сүйлөмдүн кайсы түрү (тең байланыштагы же багыныңкы байланыштагы) колдонулду? Бул сүйлөмдөрдүн айырмасын айтып бергиле.

1. Тар элең, таштак элең, такыр элең,
Киргил суу шылдыраган арык менен.
Мен өстүм, жаш көбөйдү, сен көгөрдүң,
Жашымды, көгөрсүн деп, сага бергем. (*А. О.*)

2. Күн жарыгы тийгендей,
Күлгөнү кызык баланын. (*Ж.*)

3. Жанында өлүм турса да,
Жалтантып кылыч сунса да,
Жабыгып жүрөк кансырап,
Ирмелбей көзү турса да,
Үмүткө тойбойт адамзат. (*А. Т.*)

**122.** «Келечек жаштарга таандык» деген темада ой жүгүртүү мүнөзүндөгү дилбаян жазгыла. Татаал сүйлөмдү колдонгула.

**123.** Схемага көңүл бургула. Татаал сүйлөмдүн түрлөрүн эсиңерде сактагыла, алардын ар бирине үчтөн мисал ойлоп жазгыла. Сүйлөмгө синтаксистик талдоо жүргүзгүлө.

**Татаал сүйлөм** — теӊ байланыштагы татаал сүйлөм
— багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм

**124.** Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзүп, сүйлөмдүн түзүлүш өзгөчөлүгүн аныктагыла.

1. Биз аттанганда, асман бүркөлүп, күн салкындап турган эле. (*М. Э.*) 2. Казактын кең талаасы... Туулган жердин шамалы коюн-колтукка кирип, Эдигейди кучакташып тосуп алды. (*Ч. А.*) 3. Бүт дитин коюп, Токтогул ырдап жатты. (*Т. К.*)

4. Ак кар, сен сүйкүм көрүнгүн,
Ашыгы болуп жеримдин.
Берет деп ак кар ак нанды,
Пейли толсун элимдин.
Тазалап кочкул абаны,
Дарысы болгун өмүрдүн! (*С. А.*)





## § 16. ЖӨНӨКӨЙ СҮЙЛӨМДӨРДҮН ОРТОСУНДАГЫ МААНИЛИК КАТЫШТАР

Тең байланыштагы татаал сүйлөмдөр өзүлөрүнүн маанилери боюнча бири бирине багынбаган, тең укуктагы жөнөкөй сүйлөмдөрдөн түзүлө тургандыгы белгилүү. Алардын ортосунда төмөнкүдөй маанилик катыштар болот:

1. Т е ң  м а а н и л е ш. Сүйлөмдөр тең мааниде колдонулат: *Жакшы кыз – жакадагы кундуз, жакшы жигит – асмандагы жылдыз.* (*Мак.*)

2. М е з г и л д е ш. Жөнөкөй сүйлөмдөр бир мезгилде же ар мезгилде, же биринин артынан бири болгон окуянын иретин билдирет: 1. *Таң атты, жер бети кыймылга келе баштады.* (*Н. Б.*) Бир мезгилде. 2. *Бороон-чапкындуу кыш кетти да, жадыраган жаз айы келди.* (*М. Э.*) Ар мезгилде болду.

3. К а р ш ы л а ш. Сүйлөмдөр бири бирине каршы мааниде айтылат: *Оору кетет, адат кетпейт.* (*Мак.*)

4. С е б е п-н а т ы й ж а л а ш. Сүйлөмдөр өз ара себеп-натыйжалаш, же тескерисинче, натыйжа-себеп маанисинде колдонулат: *Ат мүдүрүлүп кетти, Ажар үстүнөн кулап түштү.* (*К. Б.*)

5. Ч е ч м е л ө ө (түшүндүрүү). Жөнөкөй сүйлөмдүн бирөө жалпы айтылып, калгандары анын маанисин толуктайт: *Бектурган бүгүн бактылуу: эки уулу бала-чакасы менен кашында, алар ойноп-күлүп конокто отурушат.* (*А. Т.*) Мында *Бектурган бүгүн бактылуу* деген сүйлөмдүн маанисин калгандары чечмеледи.

**125.** Тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн бөлүктөрүнүн (сүйлөмдөрдүн) ортосундагы маанилик карым-катыштарды аныктагыла. Татаал сүйлөмгө тыныш белгиси кандайча коюлат?

1. Айтор[3], туулган жер Мыскалдын көзүнө алда эмедей көрүнөт: теребел көк жашыл тартат, ой-тоо кайкалайт. 2. Устакана кереметтенет, туш-тушка ширенди бүркүлөт[4]. (*Т. С.*) 3. Күз өттү, кыш келди. 4. Сен улуусуң, улуулар ар дайым кичүүлөрдүн күнөөсүн кечүүгө тийиш. 5. Сураган тоодон ашат, сурабаган түздөн адашат[4]. (*Мак.*)

6. Ачуунун баары кас эмес,
Адилет бар мойнунда.
Кулгөндүн баары дос эмес,
Котур ташы койнунда. (*А. Т.*)

**126.** Тең байланыштагы татаал сүйлөмдү көрсөткүлө. Эмне үчүн тең байланыштагы деп аталат? Андагы жөнөкөй сүйлөмдүн баяндоочтору кандай формада аяктайт?

1. Артыкча, быйылкы кыш каарында[4]. Жер жүзү аппак. Улуу тоонун бөрүсүндөй, кез-кез бороон улуйт, борошо сапырылат. Темир аяз чыкылдайт, алкынган тоо суулары тоңгон. (*Т. С.*)

2. Акылдуулардын арасында акылга акыл кошулат, акмактардын арасында акыл акырындап жошулат. Пайдасыз жаткан темирди дат басат, акпай турган сууну балыр басат, ал эми пайдаланбаган акылды мaң басат. («*ЗО*»)

**127.** Мааниси жагынан жакын болгон сүйлөмдү ойлоп таап, көп чекиттин ордуна жазгыла. Тыныш белгисин койгула. Натыйжада, татаал сүйлөмдүн кайсы түрү түзүлдү? Анын грамматикалык түзүлүшү жөнүндө айтып бергиле.

1. Бүгүн күн чайыттай ачык … 2. Бул сүрөт мен үчүн дүйнөдө эң кымбаттуу зат, анткени … 3. … бир аздан кийин Ай көтөрүлдү … 4. Турмуш өзү сонун турбайбы … 5. Билимдүүнүн сөзү өткүр … 6. Жакшы сөз таш жарат …

**128.** Окугула. Тең байланыштагы татаал сүйлөмдү тапкыла. Аны көчүрүп жазып, сүйлөм мүчөлөрүнүн астын сызгыла. Алар жөнөкөй сүйлөмдүн кайсы түрлөрүнөн түзүлгөндүгүн сан менен көрсөткүлө.

1. Күн өттү, ай өттү, кыш түштү. 2. Чолпон-Атага келдик. Машина токтоду, эл ураалап кыйкырды. Деректир жыйналышты ачты. Акырында сөз мага берилди, мен ордумдан турдум. (*К. Б.*) 3. Ак күмүштөй колу бар, ак кайыңдай бою бар. (*Ж. Б.*) 4. Түн суук, кыш ышкырат, үйлөрдү ачып. Ыйлатат, урат, ойнойт, ыза кылат, жыргалдуу жазды ала качып. (*А. О.*)

Ү л г ү: *Күн өттү, ай өттү, кыш түштү.* Бул – татаал сүйлөм. Түзүлүшү: эки тутумдуу + эки тутумдуу + эки тутумдуу сүйлөмдөр. (2+2+2)

**129.** Татаал сүйлөм канча жөнөкөй сүйлөмдөн түзүлдү? Алардын ортосундагы маанилик катышты аныктагыла. Тыныш белгисинин коюлушу жөнүндө айтып бергиле.



1. Төрт түрдүү кулк-мүнөздүн акыры төмөнкүчө бүтөт: өжөрлүк уятка калтырат, жеңилдик өкүнүчкө алып келет, заар тил өчөштүккө жол берет, жалкоолук басырынууга алып келет. 2. Мен үчүн аялзатынын эки түрү маалым: биринчиси бизди азапка салат, экинчиси биздин азабыбызды тартат. Биздин азабыбызды тарткандан мен бирөөнү гана билем, ал – менин энем! («*ЗО*»)

**130.** Тең байланыштагы татаал сүйлөмдү көрсөткүлө. Аларды көчүрүп жазып, схемасын түзгүлө. Жөнөкөй сүйлөм үчүн чарчы кашааны пайдалангыла. Жөнөкөй сүйлөмдөр бири-бири менен кандайча байланышты?

1. Саламатсыңарбы, асыл зат теректер! Мынча эмне мундана шуулдайсыңар?[4] Кыш келе жатат, кейип турасыңарбы? Ооба, бороон-чапкындуу кыш да болот, бирок жаз да келет. Кейибегиле, биз силерди жакшылыкка багыштап тиккенбиз. Силер толукшуп бүрдөгөн жаздын бириндe жеңиш да келер, тынчтык да келер…

Ошол жерден айылда турган жаңы мектепти көрдүм, биздин мектептин орду жок. Ушуну менен мен жолго чыктым да, кайра арабага түшүп, станцияга кеттим. (*Ч. А.*)

Ү л г ү: *Кыш келе жатат, кейип турасыңарбы?*
[ ], [ ] – жөнөкөй сүйлөмдөр бири-бири менен интонация аркылуу байланышты.

**131.** Мезгилдеш жана карама-каршы мааниде байланышкан сүйлөмдөрдөн тең байланыштагы татаал сүйлөм (ар бирине үчтөн) түзүп келгиле. Тыныш белгисин түшүндүргүлө. Эгерде жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ортосунда маанилик жактан карым-катыш болбосо, кандай болор эле?

**132.** Жөнөкөй сүйлөмдөрү тең мааниде, себеп-натыйжа жана чечмелөө маанисинде колдонулган татаал сүйлөмдү көрсөткүлө. Алардын тыныш белгиси жөнүндө айтып бергиле.

1. Ар бир эл рухий байлыктардын эң керектүүлөрүн улам кийинки муундарга жеткирип турат. Ошондой байлыктардын бири – макалдар. Адатта, эл макалдарды жогору баалашкан, аларды сөздүн гүлү, сөздүн бермети деп коюшкан. Бул боюнча төмөнкү макалдардын маанисине көңүл бургула. Жылдыздын көбү – асмандын көркү, билимдин көбү – адамдын көркү.

2. Мылтык тарс этти, Жапаркул жерде сулап жатты. Эл чогулуп калды. Мен түшө калып Жапаркулдун башын жөлөдүм, ыйлап жибердим. (*К. Б.*)

3. Сергей курбусу жөнүндө өзү билген чындыкты баяндоого отурду. Үй ичи Сергейдин көзүнө баягыдай: акталган дубалда илинип сүрөттөр турат, ортодогу чоң үстөлдө баягы эле узун ак дасторкон жабылган. (*Т. С.*)

**133.** Окугула. Тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдү көчүргүлө жана аларга синтаксистик талдоо жүргүзгүлө.

1. Субанкул келип тамактанды да, түндөп айылга кетти. 2. Жер энем, биринчи жолу сага ошондо кайрылдым. Эсиңдеби, менин айткандарым? (*Ч. А.*) 3. Баатыр бир өлөт, артында даңкы калат. Коркок миң өлөт, артында тарпы калат. 4. Азаттыкты каалабаган адам жок: адилет адам азаттыкты жалпыга каалайт, адилетсиз жалгыз өзүнө каалайт. (*Мак.*)

**134.** Татаал сүйлөм жөнөкөйдүн кайсы түрлөрүнөн (бир же эки тутумдуу) түзүлдү? Алардын ортосундагы маанилик карым-катышты аныктагыла. Түзүлүшүн сан менен белгилеп, татаал сүйлөмдүн схемасын көрсөткүлө.

1. Кечигебиз, тез чурка деп тентек кызым жетеледи. 2. Үчүнчү күнү бороон басылды, асман кирсиз ачылды. (*Т. С.*) 3. Биз аттанганда, күн салкындап турган. (*М. Э.*) 4. Ажар чочуп кетти, жүрөгү туйлай баштады, бүткөн боюна калтырак кирди. (*К. Б.*) 5. Жалкоо күн батканга сүйүнөт, эпкиндүү күн батканга күйүнөт. 6. Ата жакшы – уул жакшы, эне жакшы – кыз жакшы. (*Мак.*)

Ү л г ү: *Кечигебиз, тез чурка деп тентек кызым жетеледи.* – Татаал сүйлөм. 1) кечигебиз (бир тутумдуу); 2) тез чурка деп тентек кызым жетеледи (эки тутумдуу); 1+2.

## § 17. ТЕҢ БАЙЛАНЫШТАГЫ ТАТААЛ СҮЙЛӨМДҮН ТЫНЫШ БЕЛГИЛЕРИ

1. Сүйлөмдөрдүн ортосунда мезгилдеш, каршылаш, тең маанилеш, себеп-натыйжа маанисиндеги карым-катыштар болсо, жөнөкөй сүйлөмдүн араларына ү т ү р коюлат: 1. *Жаан күчөдү, мен саманга көмүлүп жата бердим.* (*Ч. А.*) 2. *Жашыл оңот, жаш чоңоёт.* (*Мак.*)

2. Биринчи сүйлөмдө негизги ой берилип, калгандары анын маанисин чечмелеп турса, биринчисинен кийин кош чекит, кийинкилеринин араларына ү т ү р коюлат: *Чаке, бардыгы өз жайында: айдоо аянты кеңиптир, койлоруңа төл кошулуптур.* (*Т. С.*)

Тең байланыштагы татаал сүйлөмдө коюлуучу тыныш белгилеринин схемасына көңүл бургула:

**1. [ ] , [ ].**
**2. [ ]: [ ], [ ].**



**135.** Окугула. Үтүр, сызыкча жана кош чекит белгилеринин эмне үчүн коюлганын түшүндүргүлө. Татаал жана жөнөкөй сүйлөмдөрдүн кандай түрлөрү бар?

1. Төгүлдү, балкыды, нур мемиреди,
Гүлдөрдөй күлмүң-күлмүң берди белги.
Жыргал да, кубаныч да жана бакыт
Каптады, карагыла биздин жерди! (*А. О.*)

2. Баатыр адам – тирүү адам, кайраттуу адам – соо адам. (*Мак.*)
3. Бурма капаланган болуу керек: узун кирпиктери сууланып турат, өңү өчүңкү, кабагы бүркөө. (*К. Б.*)
4. Кары да, жаш да – баары тең ишке чыгышкан. – Каныбек эмне кылып жатат? – Билбейм. (*К. Ж.*)

5. Адамдан артык билгич бол, Төштүк,
Кыргыйдан кыраан илгич бол, Төштүк!
Мен бугудай моюн бурайын,
Өгөөгө жакын турайын, Төштүк. (*С. К.*)

**136.** Татаал сүйлөмгө тиешелүү тыныш белгилерди коюп, көчүрүп жазгыла. Алардын эмне үчүн коюлганын түшүндүргүлө. Жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ортосунда маанилик жактан кандай катыштар бар?

1. Шамбет теребелге көз чаптырат алыста аскалар каалгыйт астында көл мелтирейт булуңда күлкү жаңырат 2. Жээк баягыдай жер-суу баягыдай. (*Т. С.*) 3. Канча уктаганымды билбейм бир убакта бирөө басып келгендей болду. Көзүмдү ачсам Жамийла экен. (*Ч. А.*) 4. Тарбия берүү – улуу иш, ошол аркылуу адамдын келечек тагдыры чечилет. (*«КБ»*)

**137.** Тең байланыштагы татаал сүйлөмдү көчүрүп жазгыла. Эмне үчүн ал тең байланыштагы деп аталат? Татаал сүйлөмдүн дагы кандай түрүн билесиңер? Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө.

1. Иштин көзү дагы алдыда. Өстөн казылса[2], станция курулса, тентек суу жүгөндөлөт. Күчтүү кубат зымда агылат, ар бир үйдө өчпөс шамдар жанат. (*Т. С.*) 2. Ошол Бүркүт-Уядан гана кыйналабыз, бирок ал деле оңой. (*Н. Б.*) 3. Даниярдын арабасы атырылган бойдон короодон жулунуп чыкты да, чаң уюлгутуп, жолго түштү. (*Ч. А.*) 4. Ынтымак болсо калкында, душманындан тартынба. (*Т.*) 5. Сен аларга[2] алтын бергениң жок, алтындан кымбат сөзүңдү бердиң. Ал эми сөздүн өмүрү түбөлүктүү. Сөз жүрөктүн ачкычы. (*«АТ»*)

**138.** Көп чекиттин ордуна мааниси боюнча ылайык келүүчү экинчи сүйлөмдү ойлоп таап, тең байланыштагы татаал сүйлөм түзгүлө. Жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдүн айырмасын түшүндүргүлө.

1. Силер мага карабай кете бергиле ... 2. Менин тажрыйбам жакшы натыйжаларды берди ... 3. Айыл ичи куду баягыдай.... 4. ... аба укмуштуудай таптаза. 5. Ушулардын бардыгы Ала-Тоо өзөнүндө чоңоюшкан жөнөкөй кишилер эле ...

**139.** Көчүргүлө. Сүйлөмгө синтаксистик талдоо жүргүзгүлө: а) түзүлүшү боюнча кандай сүйлөм экендигин аныктоо; б) жөнөкөй сүйлөмдүн кайсы түрү; в) татаал сүйлөмдүн кайсы түрү; г) сүйлөм мүчөлөрүнүн астын сызуу.

1. Ушундай коркунучтуу талаада ким жүрсүн, бирок турмушта эмнелер болбойт. 2. Чүй талаасы сапсары алтындай. 3. Сенин кыялың адамда жок: кээде кишини магниттей тартасың, кээде жакындаган жанды жанындан түртөсүң. 4. Букарага келгениме алты ай болду. Мен үчүн ал алты жылдай сезилди. (*А. Т.*) 5. Колум ачык, бир чыны уудан бир чака бал бөлө алам. Көңүлүм жарык, музда көктөп, өнө алам. (*А. О.*)

**140.** Окугула. Түзүлүшү боюнча кандай сүйлөмдөр бар? Тыныш белгилердин эмне үчүн коюлганын түшүндүргүлө.

1. Быйыл жыл учуру болду го. Кар кетти, соко чыгарылды. Кең аянтта, тракторду күрүлдөтүп, Люба жүрдү. (*Т. С.*)

2. – Ооба, айланайын, дыйкан талаам, сен баарына күбөсүң, ниетим жакшы болчу. Ошентсе да, көздөгөн ишим ордунан чыкпай, жүрөгүм кансырап жатты.

– Анын чын, Толгонай. Менин барып турган душманым – согуш баштагандар, анткени алар эгин сеппейт.

– Туура айтасың. Согушкан эгин айдабайт, ал бардык адамдардын насибине кол салат. (*Ч. А.*)



## § 18. ЖӨНӨКӨЙ СҮЙЛӨМДӨРДҮН БАЙЛАНЫШУУ ЖОЛДОРУ

Тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн курамындагы сүйлөмдөр өз ара төмөнкүдөй жолдор менен байланышат:

1. **Интонация** аркылуу (байламтасыз): *Атанын уулу болуш – урмат, элдин уулу болуш баарынан кымбат.* (*Мак.*)

2. **Байламталар** аркылуу:

а) Б а й л а н ы ш т ы р г ы ч (*жана, ары, да, жана да, дагы* ж. б.): *Жаан басылды да, күн ачыла баштады.*(*«КБ»*)

б) К а р ш ы л а г ы ч (*бирок, анткени менен, ошенткени менен, ал эми, ошентсе да, антсе да* ж. б.): *Айткулу менен бирге кеткендер келишти, бирок Айткулу жок.* (*К. Б.*)

в) С е б е п - н а т ы й ж а л а г ы ч (*анткени, себеби, ошондуктан, ошол себептүү, эмне үчүн десең, неге десең* ж. б.): *Адамдар бактыга жетишет, анткени биздин доордо бардык жолдор жакшылыкка алып барат.* (*«А»*)

г) А ж ы р а т к ы ч (*же, же болбосо*): *Атаң да барат, же мен араба менен киши жиберейинби?* (*А. Т.*)

**141.** Окугула. Тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдүн бөлүктөрү бири-бири менен кандайча байланышты? Тыныш белгилери кандайча коюлду?

1. Согуштан кийин да[3] жылдар өтүп жатты, *бирок*[3] айылга бара албай жүрдүм. Анын себеби көп. Актанайын деген жерим жок, *анткени менен*[3] элге каттабагандыгымды чоң күнөө деп эсептеймин[2]. Багым бар экен, жолдошум экөөбүз ынтымакта жакшы турабыз. (*Ч. А.*) 2. Аке, койлор өзү үрктүбү, *же* карышкыр тийдиби. Шаймерден – бир киши, *а* биз көппүз. (*Т. С.*) 3. Таңга маал кар басылды, күн чайыттай ачылды[4]. 4. Бүгүн Самсахундун иши чатак, Каныбек жок. 5. Кичи Алайдын кышы суук, *ошондуктан* Ошко каттоо эчак эле тыйылган. (*К. Ж.*)

**142.** Байламталуу тең байланыштагы татаал сүйлөмдү көрсөткүлө. Жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ортосундагы маанилик катыштарды аныктагыла.

1. Баса, биздин жерибиз начар бекен, *же*[3] кишилерибиз алсыз беле? 2. Сабыр Орусбекке күлүмсүрөп койду *да*[3], кебин балдарга да, чоңдорго да таандык кылып уланта берди. (*Т. С.*) 3. Сатар баланын түшүнгөнүн биле койду. – Окуйсуңбу? Сендей балдар бизде абдан көп, *ал эми* мен ошолорду окута турган кишимин. Сенин топуң абдан эски турбайбы, *а* мен сага жаңы

топу берем. Карандаш, китеп – баарын берем, барасынбы? Бала бир далайга чейин унчуккан жок, *ошондой болсо да* Сатардын айтканына аябай кызыкты. (*А. Т.*)

**143.** Окугула. Түзүлүшү боюнча кандай сүйлөмдөр бар? Жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдүн түрлөрүн эстегиле. Алардын айырмасы кандай? Түшүндүргүлө.

1. Кулакты жапырып, тили жок бир дудук болдум да калдым. Бир кезде элдин катары менен мага да бир аяк жарма келди. Кайгылуу, жүдөө кабагым менен салбырап барып аякты колума алдым. (*М. Э.*)

2. – Сага кимден кат келмек эле, кызым?

– Алыс жактан. («*А*»)

3. Ата-бабам өскөн жер. Киндик каным тамган жер!
Калсам кантет? ... Жок, институтту бүтүрүшүм керек.

4. О-о, эмгекчил адам, сенин укугуң зор: бул дүйнөнүн ээси да – сен, башкаруучусу да – сен. 5. Күн кечтедиби, же күндүн көзүн булут каптадыбы? 6. Чоң ишти башкарасың, иштериңе ийгилик берсин. (*Т. С.*)

**144.** Окугула. Грамматикалык түзүлүшү боюнча кандай сүйлөмдөр бар? *Да, жана* байламталары кайсы учурда сүйлөм мүчөлөрүн, кайсы учурда жөнөкөй сүйлөмдөрдү байланыштырат? Сүйлөмдүн бир өнчөй мүчөлөрү жөнүндө эмне билесиңер?

1. Айтикенин эрки да, өмүрү да, бактысы да баланын колунда сыяктуу[1] эле. 2. Сулуулук сырткы көрүнүш менен чектелбейт да, мен адамдын ички сулуулугуна суктанам. 3. Чынын айтканда, силердин ишиңер да, кылыкжоругуңар да элге үлгү болгондой болсун. 4. Эл силерден[2] үйрөнсүн, жаштар силерди туурасын. (*А. Т.*) 5. Шаңдуу күү жана шайыр күлкүлөр жел менен бүт дүйнөгө кетип жаткансыйт. 6. Биз Валя менен Валерийди космоско узаттык жана алар өкмөттүн тапшырмасын орундатарына бекем ишендик. 7. Жыйналыш өз учурунда чакырылды жана жаштарды тарбиялоо жөнүндөгү маселе туура коюлду. («*КТ*»)

**145.** «Кыргызстан – көп улуттуу өлкө» деген темада ой жүгүртүү мүнөзүндөгү сочинение жазып келгиле. Элдердин достугуна, боорукердигине көңүл бургула. Тең байланыштагы татаал сүйлөмдү колдонгула.

**146.** Көчүргүлө. Синтаксистик талдоо жүргүзгүлө: а) айтылыш максаты боюнча; б) грамматикалык түзүлүшү боюнча; в) сүйлөм мүчөлөрү боюнча.



1. Устакана кереметтенет, туш-тушка ширенди бүркүлөт. 2. Оор барскандар күрсүлдөп, чулу темирлер жалпая түшөт. 3. Зор көөрүк тынбай үшкүрүнөт да, көк жалын үйлөйт. (*Т. С.*) 4. Жол тайгак эле, ошондуктан[3] Бектемир жай гана бастырып келе жатты. 5. Ушул жерде эң кызык кармашуу башталды, себеби[3] канаттуу жырткыч кол салууну күткөн эмес.

**147.** Текстти көркөм окугула. Тыныш белгилеринин коюлушун түшүндүргүлө. Сүйлөмдүн кайсы түрлөрү колдонулду?

Момун бая көргөн маралдарды эстей койду.

– Бүгүн мен бир сыр көрдүм, балам. Маралдар кайтып келиптир, бадал арасынан учуп өткөн элес болуп көрүндү.

Бала жалт кылчая карады:

– Чынбы?

– Чын! Өз көзүм менен көрдүм, үч баш экен.

– Каяктан келиптир?

– Ашуу ашып, тоо басып, келген го. Илгери, мүйүздүү Бугу эненин тушунда, бу жерлерде миң-сан марал жүрчү экен... (*Ч. А.*)

## § 19. БАЙЛАМТАЛАР МЕНЕН БАЙЛАНЫШКАН ТАТААЛ СҮЙЛӨМДҮН ТЫНЫШ БЕЛГИЛЕРИ

Байламта аркылуу байланышкан татаал сүйлөмдө үтүр белгиси төмөнкүдөй коюлат:

1. Байламта өзүнөн мурдагы сүйлөмгө тиешелүү болсо, ү т ү р байламтадан кийин коюлат (чарчы кашаа жөнөкөй сүйлөмдү билдирет):

*Чоң-Төрдү булут каптады да, аба ырайы бузула баштады.*

[ ] да, [ ].

2. Байламта өзүнөн кийинки сүйлөмгө тиешелүү болсо, ү т ү р байламтадан мурда коюлат:

*Кечээ Адисбектен кат келген, ошол себептүү Батма энеде тынчтык жок.*

[ ], ошол себептүү [ ] .

**148.** Окугула. Байламталуу тең байланыштагы татаал сүйлөмдү көрсөткүлө. Тыныш белгилери кандайча коюларын түшүндүргүлө. Байламталар жөнүндө эмне билесиңер?

Кабагына караганда, ал качандыр бир кезде атактуу баатыр киши болгон сыяктуу, бирок көрүнүшү анын карылыгын далилдейт. Кайдан келе жат-

канымды сурап койду да[3], мундуу күүсүн черте баштады. Менин сөзүмдү тыңшадыбы, аны карыядан байкоого болбойт, анткени ал бир калыпта жерди карайт. Балам, узак жолдон чыккан экенсиң, насыбай тартасыңбы? Мен жалтаңдап калдым.

Абышка баягы күүсүн дагы сыздатты. Бул күүнүн сыры эмнеде болду экен? Мүмкүн, эчен жылы ушинтип черткендир, бирок[3] эч ким билбейт. (*А. Т.*)

**149.** Көчүргүлө. Жөнөкөй сүйлөмдөр өз ара кандай жол менен байланышты? Үтүр белгиси кандайча коюлду? Сүйлөм мүчөлөрүнүн астын сызгыла.

1. Жоо жинденет, ошентсе да биздин элдин мизин кайтара албайт. (*Т. С.*) 2. Чынын айтайын, биз аны анча жактыра бербедик, себеби Данияр киши менен көп сүйлөшчү эмес. 3. Жүрө-бара женемдин бул тамашасына мен да кошулдум, анткени Данияр Жамийлага өтө эле кадала карай турган. (*Ч. А.*) 4. Бул түш Өмүрбекти ыза кылды, бирок анын ызасын сүйкүмдүү кыялы жууп жиберди. 5. Силерди көргөндө гүл соруп жаткан аарылар эсиме түшөт, же мунум жалганбы? (*А. Т.*)

**150.** Көп чекиттин ордуна мааниси жагынан ылайык келүүчү байламтаны коюп, тең байланыштагы татаал сүйлөм түзгүлө. Көчүрүп жазып тыныш белгилерин койгула. Эмне үчүн үтүр кээде байламтадан кийин, кээде андан мурда коюлат?

1. Кыз кайра тирилип адам болот... сенин заманың ушуну менен бүттү. (*Ч. А.*) 2. Акман кыйлага чыккан адам ... абышка карылыкка алдырган киши эмес. 3. Ала-Баш айылы ар жыл сайын мол түшүм алат ... суусу мол. 4. Сыдырым жел бир аз жортту ... шыбак башы термелди. (*Т. С.*)

**151.** Өзүңөр *себеби, ошондуктан, же, жана, да* байламталары аркылуу эки жөнөкөй сүйлөмдү байланыштырып, бир нече татаал сүйлөм түзгүлө. Көчүрүп жазып сүйлөмдөргө сөз түркүмү жана сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө.

**152.** Байламталар аркылуу жөнөкөй сүйлөмдөрдү байланыштырып, тең байланыштагы татаал сүйлөм түзгүлө. Сүйлөмдөрдүн ортосунда маанилик кандай карым-катыштар бар? Тыныш белгилерин койгула. Түшүндүргүлө. Схемасын чийгиле.

1. Кычан кыялданат. Көңүлү алып учат. 2. Силер аба менен дем ала турганыңарды жакшы билесиңер. Аба жердин айланасында гана бар. 3. Айтике түш көргөндөй болду. Өзүнө ишенбеди. 4. Бала бир далайга чейин унчуккан жок. Сатардын айтканына аябай ишенди. 5. Биз эми үчөөбүз. Сен кыргыздан чыккан тунгуч сүрөтчүсүң.



Ү л г ү: *Кычан кыялданат да, көңүлү алып учат.*

[ ] да, [ ].

**153.** Көчүргүлө. Калтырылып кеткен тыныш белгилерди койгула. Алар эмне үчүн коюлганын түшүндүргүлө. Түзүлүшү боюнча алар кандай сүйлөмдөр?

1. Аксакал сөзүн айтып бүттү да комузун безелентип, «Чоң кербезди» чертти. Шамбет да, Сергей да, Чаргын да – баары дөбөчөдө отурат. 2. Алар азыр Динарды караан туттубу же Окжетпес айдадыбы? Же үйдө болсун же талаада болсун мени ар дайым урматтап жүрдүңөр.

3. Бул сүрөт – азырынча ойдогу тилек ошондой болсо да бүтө элек чыгармамды ортого салайын. 4. Силер азыр да ошондойсуңарбы же болбосо чарчаган күндөрүңөр болобу? (*Ч. А.*)

**154.** *Бирок, ошентсе да, анткени менен, же болбосо* деген байламталарды катыштырып, ар бирине бирден тең байланыштагы татаал сүйлөм түзгүлө. Тыныш белгилерин койгула, алардын коюлушун түшүндүргүлө.

**155.** Жаратылыштын сүрөттөлүшүнө көңүл бургула, ага мүнөздүү негизги белгилерди атагыла. Тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдү көрсөткүлө. Бул кайсы чыгармадан? Автору ким?

Улуу-Чаттын чөйрөсү аскалуу тоо... Какыраган таштак, адырлуу боз чап. Анда-санда эрбейген алтыгана, кай бир жерлеринде бир-эки элиден артпаган суйдаң чөптөр бар. Чоң суунун бою токой. Башка жерде өсүп, бетегени белден буратып, карагайлуу токойлорун аралаган адамга бул жерде эл жашайт деп ишендирүү кыйын эле.

Улуу-Чаттын түштүк-чыгыш тарабында Үч-Таш жайлоосу жайгашкан. Анда кичинекей көл бар. Көлдүн айланасы тай чабымдай... Өскөн камыш, балгын, жекендер көлдүн көрүнүшүн кубултуп, көркөмдүгүн арттырат. Көлдүн аты – Айдың-Көл. Эртели-кеч көлдүн үстү өрдөктөн көрүнбөйт. (*К. Ж.*)

**156.** Татаал сүйлөмдөрдү таап, алардын бөлүктөрүн үтүр менен ажыраткыла. Эмне үчүн үтүр кээде байламтадан мурда, кээде андан кийин коюлду? Үтүр белгиси дагы кайсы учурларда колдонулат? Мисал келтиргиле.

1. Ырдын мазмуну шахтёр Мусабектин жүрөгүн сыздатты анткени анын өткөндөгү турмушу таптакыр башкача эле. (*С. С.*) 2. Аны Өмүрбек атайын калтырдыбы же Гүланда билдирбей алып калдыбы? Анысы бизге белгисиз. 3. Ысман бөбөгү жөнүндөгү кабарды атасына жазды да Өмүрбек менен Жалал-Абадга кайтты. (*А. Т.*) 4. Чакен ырыс толгон үйдүн ээси ошондой эле ырыска

шерик уулдун атасы. 5. Жигит тек турмушка ыраазы жана үй-бүлөсүнө ыраазы. Бардыгы үйдөн чыгышты да Чаргын тарапта басышты. (*Т. С.*)

**157.** Көп чекиттердин ордуна экинчи сүйлөмдү ойлоп таап, тең байланыштагы татаал сүйлөм түзгүлө. Көчүрүп жазып тыныш белгилерин койгула. Алардын коюлушун түшүндүргүлө.

1. Айгеримдин ачуусу келди бирок ... 2. Айыл арасында күндөгүдөй кыймыл жок анткени менен ... 3. Эл карыбайт ошондуктан ... 4. Үйдө отурган Бермет катуу-катуу сүйлөдү да... 5. Эртеси да козу кайтарууга чыктык ...

**158.** Окугула. Тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдү таап көчүргүлө. Аларга талдоо жүргүзгүлө: а) айтылыш максаты боюнча; б) түзүлүшү боюнча жөнөкөй сүйлөмдүн кайсы түрүнөн түзүлдү; в) тыныш белгиси.

1. Көп өнөрдү киши акылы ойлоп табууда. Эмесе, кишинин сыры терең! Чын ниетиң менен элди сүйө бил, ошондо анын улуу дүйнөсүн таанийсың. Булар бейпилдикти сүйүшөт, өзүлөрүнүн ата мекени менен сыймыктанышат. Жолдоштор, күн чыгып калды, эл өстөнгө чыгышсын. (*Т. С.*) 2. Мен сенин агаң болом, а сен мени көргөн эмессиң. Аида сен ымыркай болчусуң. Бул – менин досумдун баласы, анда мен зергер болчумун. (*А. Т.*)

**159.** Тең байланыштагы татаал сүйлөмдөргө сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө. Татаал сүйлөм жөнөкөйдүн кайсы түрүнөн түзүлдү? Татаал сүйлөмдүн түзүлүшүн шарттуу сан белгиси менен көрсөткүлө.

1. Досу көптү жоо албайт, акылы көптү доо албайт. (*Мак.*) 2. Аке, койлор өзү үрктүбү, же карышкыр тийдиби. (*Т. С.*) 3. Ал бизге кол булгалады, бирок суунун шарынан эч нерсе угулган жок. 4. Алиман ордунан кайра ыргып турду да, чоң жолду кездей атырылып жөнөдү. (*Ч. А.*)

Ү л г ү: *Досу көпту жоо албайт, акылы көпту доо албайт.* 1) *досу көпту жоо албайт* – эки тутумдуу сүйлөм, жайылма; эмне болбойт? – *албайт* – баяндооч; ким? – *жоо* – ээ; кимди албайт? – *досу көпту* – толуктооч; 2) *акылы көпту доо албайт* – эки тутумдуу, жайылма; *албайт* – баяндооч, *доо* – ээ; *акылы көпту* – толуктооч; 2 + 2.



## § 20. ТЕҢ БАЙЛАНЫШТАГЫ ТАТААЛ СҮЙЛӨМ БОЮНЧА СИНТАКСИСТИК ТАЛДОО

Т а л д о о н у н т а р т и б и:

1. Айтылыш максаты боюнча кандай сүйлөм экендигин аныктоо.
2. Канча жөнөкөй сүйлөмдөн түзүлгөнүн атап көрсөтүү, алардын ар биринин баш мүчөлөрүн табуу.
3. Татаал сүйлөмдүн кайсы түрү экендигин аныктоо; жөнөкөй сүйлөмдөрдүн байланышуу жолдорун (интонация же байламта) белгилөө.
4. Жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ортосундагы маанилик байланышты аныктоо.
5. Тыныш белгисинин коюлушун түшүндүрүү.
6. Мындан ары татаал сүйлөмдүн ар бир бөлүгү жөнөкөй сүйлөм сыяктуу эле талдалат.

Ү л г ү: *Ар иштин устасы бар, ар устанын устаты бар.* (*Мак.*) – Айтылыш максаты боюнча жай сүйлөм; түзүлүшү жагынан тең байланыштагы татаал сүйлөм; эки жөнөкөй сүйлөмдөн түзүлдү: 1) *ар иштин устасы бар* (ээси – *устасы*, баяндоочу – *бар*); 2) *ар устанын устаты бар* (ээси – *устаты*, баяндоочу – *бар*). Жөнөкөй сүйлөмдөр өз ара интонация аркылуу байланышты; алардын ортосунда тең маанилеш катыш бар; жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ортосуна үтүр коюлат.

**160.** Тең байланыштагы татаал сүйлөмдөргө синтаксистик талдоо жүргүзгүлө.

1. Мен ага каршылык айтууга дааай албайм, анткени[3] ал – менден улуу адам. 2. Дыйкан чарбасынын бардык тармагы өсүп-өнүктү: төлгө төл кошулду, айдоо аянты көбөйдү, элдин турмушу оңолду. 3. Чын айтып залал тап, акырында жетерсиң муратка. Калп айтып пайда тап, акырында каларсың уятка. 4. Асман ачык, Ысык-Көл мелтиреп турат. 5. Мен аз гана жашадым, бирок[3] чексиз узак жол жүрдүм.

**161.** Текстти окуп, тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдү тапкыла. Аларга оозеки талдоо жүргүзгүлө. Татаал сүйлөмдүн жөнөкөйдөн айырмасы эмнеде? Жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдүн кандай түрлөрүн билесинер?

Марттын аягы ... Бир күнү бороон болду, кар жаады. Ой-тоону кар басып, жаман шашып калдык. Күн да, түн да мен жылкылардын жанында болдум. Сакал-мурутум музга тоңуп, колум кымтууга келбей калды. Жылкычылар болбой жатып мени үйгө жиберишти. Үйдү көздөй келе жатамын, жер-суу көрүнбөйт. Бардык нерсе ак кардын алдында.

Үч күндөн кийин күн ачылды, бирок ой-тоо кар. Биз жылкыларды төмөндөтүп айдап түштүк да, эртеси мен Чолпон-Атага жүрүп кеттим. Абийир болуп, ал жылы да малым аман болду, бээлердин бири да кулун салган жок. (*К. Б.*)

**162. БК.** Тексттин мазмуну менен таанышкыла, андагы негизги ой эмне жөнүндө? Мазмуну темасына жооп береби? Анын мазмунун өз сөзүңөр менен кайра айтып бергиле. Түзүлүшү боюнча сүйлөмдүн кайсы түрлөрү колдонулду?

## АКЫЛДУУ ДЫЙКАН

Бир хан эсирип отуруп жигиттерине буйрук берет: «Мага акмак таап бергиле!» Эки жигит, акмакты издеп келе жатышып, карагай сүйрөткөн бир кишиге жолукту:

– Карагайыңды таштагын, сени хан чакырып жатат, – дешти.

– Жок, жигиттер, карагайды орто жолго таштап, бара албайм, – деп бастырып кетип калды.

Андан кийин хандын эки жигити жер айдап жаткан дыйканга жолугуп:

– Ой, дыйкан, жүргүн ханга! – дешти.

– Эмне үчүн?

– Хан акмакты таап кел деген, сен акмак экенсиң!..

Жигиттерге дыйкандын ачуусу келип:

– Силер үчүн акмакты даярдаган киши жок, жоголгула! – деди.

– Эмесе, акмакты таап бер, – деп абышканы кармап туруп алышты.

Дыйкан ойлонуп туруп мындай деди: «Акмакты таап кел деген хандын өзү акмак, же акмакты издеп жүргөн экөөң акмак». Эки жигит дыйкандын сөзүн ханга айтып келишти. «Ошол дыйкандын колу-бутун байлап, алып келгиле!» – деп хан буйрук кылды.

Дыйкан хандын астына келип отурду. Хан дыйканды кекетип:

– Сен мени акмак депсиң, эгер акылдын баары сенде болсо, кудай кайсы жерде турат, ушуну айтчы? – деди.

– Ханым, ушул кебетем менен кантип айтам, тагыңызга отуруп, анан айтайын.

Хан макул болуп кийимин чечип берди. Дыйкан хандын кийимин кийип, тагына отуруп, жигиттерди чакырды:

– Ушул убакка чейин акмакты таппай жүрүпсүңөр.

Мындан артык акмак барбы, башын кескиле, – деди.

Жигиттер хандын башын кесип ыргытышты. Ошентип, дыйкан элге кайрымдуу жана адилет болуп калган экен. («*Кыргыз эл жомоктору*»)



**163. БК.** Чубакка тиешелүү сапаттар, белгилер кандайча сүрөттөлгөн? Чечмелеп айтып бергиле.

## ЧУБАК

Акбалтанын Чубагы –
Арстандын бирөө бу дагы.
Ач айкырык, куу сүрөөн,
Ала байрак, жез найза,
Сунгандан кайра тартпаган,
Сумсайганын жазбаган.

Бузуку сөзгө көнбөгөн,
Акылга дыйкан, заары күч,
Душманга моюн бербеген.
Көркөмү бөлөк, көзү тик.
Найзакердин ыктуусу,
Алышса балбан мыктуусу.

(*С. К.*)

### Кайталоо үчүн суроолор:

1. Татаал сүйлөм жөнөкөйдөн кандайча айырмаланат?
2. Татаал сүйлөмдүн кандай түрлөрү бар? Мисал келтир.
3. Тең байланыштагы татаал сүйлөм деген эмне? Мисал келтир.
4. Жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ортосунда маанилик жактан кандай катыштар болот?
5. Татаал сүйлөмдүн курамындагы сүйлөмдөр өз ара кандай жолдор менен байланышат? Мисал келтир.
6. Татаал сүйлөмдүн тыныш белгиси жөнүндө айтып бер. Мисал келтир.

# БАГЫНЫҢКЫ БАЙЛАНЫШТАГЫ ТАТААЛ СҮЙЛӨМ

## § 21. БАГЫНЫҢКЫ БАЙЛАНЫШТАГЫ ТАТААЛ СҮЙЛӨМДҮН ТҮЗҮЛҮШҮ

Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм б а ш жана б а г ы н ы ң к ы сүйлөмдөрдөн түзүлөт.

**Ойдун натыйжасын билдирсе, баш сүйлөм деп аталат.**

**Баш сүйлөмдүн ар кандай кырдаалын (мезгилин, сыпатын, себебин, ордун ж. б;) билдирсе, багыныңкы сүйлөм деп аталат.**

Мисалы, ***Атам устаканадан кайтканча,*** *Садык байкемдин катына жооп жаздым.* (*Ч.А.*) 1) *Садык байкемдин катына жооп жаздым* – баш сүйлөм; к а ч а н? – 2) *атам устаканадан кайтканча* – багыныңкы сүйлөм; баш сүйлөмдөгү ойдун мезгилин билдирди.

Эгерде *атам устаканадан кайтканча* деген багыныңкы сүйлөмдү өзүнчө алып карасак, ал жыйынтыктуу ойду билдире албайт. Ошон үчүн ал баш сүйлөм менен ажырагыс бирдикте колдонулат.

Баш жана багыныңкы сүйлөмдөр ү т ү р менен ажыратылат.

**164.** Окугула. Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөрдү таап, аларды баш жана багыныңкы бөлүктөргө ажыраткыла. Багыныңкысы баш сүйлөмдүн кандай кырдаалын билдирди?

1. Балдар мени үйгө жеткиришип койгондон кийин, үч-төрт күн төшөктө жаттым[4]. Айылдагылар көңүл сурап, келип-кетип турушту. Элге ыраазымын[2]. Ошондо эч ким эчтеке деп кекеткен жок, ошентсе да көздөгөн ишим ордунан чыкпай, катуу кейидим. (*Ч. А.*) 2. Жигит айылга келсе, айыл дүрбөп жаткан экен. (*Ж. Б.*) 3. Мээнетиң катуу болсо, тatканың таттуу болор[4]. (*Мак.*) 4. Ошол күнү Бектурган аларды көрүп кетүү үчүн келген. 5. Араба ала салып кетпесин үчүн, анын дөңгөлөгүнө чынжыр байладык. (*А. Т.*)

6. Алты санын соо болсо,
Бекер карап жатпагын.
Атаң жаман болсо да,
Акылын ойго сактагын. (*Т.*)



**165.** Окугула. Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдү тапкыла. Ал кандай сүйлөмдөрдөн түзүлөт? Багыныңкыны баш сүйлөмдөн ажыратып, өзүнчө колдонууга болобу? Эмне үчүн?

1. Биз ээрчишип келе жатканда, дүйнө башкача сезиле турган. Бул айткандарың туура, Толгонай, отурчу бери. (*Ч. А.*) 2. Бүгүн күн чайыттай ачык, көл бетине нур чагылышат. Салкын жел көңүлдү көтөрүп, баарыбыз теребелге көз чаптырып баратабыз. (*Т. С.*) 3. Поезд Казан вокзалына токтоду, баарыбыз вагондон чыктык. Кеңешме бүткөндөн кийин, бизди конок үйүнө алып келишти. (*К. Б.*) 4. Жапар ойгонгондо, канатсыз учкан күндүн нуру терезеден жаңы эле шыкаалаган эле. Мезгил канаттуу куштай сызат, мага аны пайдалануу керек. (*А. Т.*)

**166.** Көчүрүп жазгыла. Татаал сүйлөмдүн бөлүктөрүн үтүр менен ажыраткыла. Баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдү атагыла. Кайсынысында айтылып жаткан ой жыйынтыктуу берилет?

1. Батийна үйдөн чыкса мамыда эки жылкы байланып туруптур. (*Т. С.*) 2. Жайыт от болгондуктан Орто-Сай айылынын малы жакшы эттенди. 3. Биз Шумкар-Уяга бурула бергенибизде Улар-Ашуунун белинен төрт киши чыкты. (*А. Т.*) 4. Ынтымак бар жерде ырыс да бар. 5. Шагылы болбой зоо болбойт, шайыры болбой эл болбойт. 6. Ишиң калганча ашың калсын. (*Мак.*)

**167.** Татаал сүйлөмдөрдү тапкыла. Кайсынысында жөнөкөй сүйлөмдөр тең укукта, кайсынысында багыныңкы абалда байланышты? Алардын айырмасын түшүндүргүлө.

Эки бала, улутуна бышактап жатып, уктап калышты. Жетимдин жары – кыдыр, бирок тагдыры жети ача деген – ак сөз. Түн бейкут өттү. Сүрдүү токойдун жырткычы тийбеди, желмогузу келбеди. Экөө ойгонсо, күн чыгып калыптыр. Экөө турду да, из кубалап дагы жөнөдү. Мөмө-чөмө менен өзөк жалгап жүрүп отурушту. Үч күн, үч түн дегенде бир бийик дөбөгө келип токтошту. Төмөн жакты карашса, көк жайыкта улуу той болуп жатат. Тигилген үйлөргө сан жеткис, жыйылган элге сан жеткис.

Балдар дөбөдөн түшүп барышты. Жоо эли балдардын сүйлөгөн сөзүнөн баамдап, бул экөө кыргыз тукуму экенин таанышты. (*Ч. А.*)

**168.** Көп чекиттин ордуна экинчи сүйлөмдү ойлоп таап, багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм түзгүлө, тыныш белгисин койгула. Баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдү аныктагыла. Алар жөнүндө айтып бергиле.

1. ... Зарыл апа жалгыздык тарткан жок. 2. ... ал ордунан обдулуп тура калды. 3. ... айылда калдым. 4. Жылдар өтсө... 5. Кышында кар калың жаап... 6. Мээнетиң катуу болсо ... 7. Күн аркан бою көтөрүлгөндө ...

**169.** Тең жана багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөрдү өз өзүнчө ажыраткыла. Алардын айырмачылыгын түшүндүргүлө. Баяндоочтору кандай формада аяктай тургандыгына көңүл бургула.

1. Билим – дарак, иш болсо – анын мөмөсү. 2. Акыл – тозбос тон, илим – түгөнбөс кен. (*Мак.*) 3. Күн батууга жакындап калган кезде, батыш тараптан калдайган кара булут көтөрүлдү. 4. Мен айылда жүргөн кезде, Дүйшөн айылдын мурабы эле. (*Ч. А.*) 5. Силердей уулдардан кандай сонун укмуштуу адамдар чыгарын болжоп болбойт, аны белгилей турган – бир гана келечек.

6. Бириндеп булут[1] бөлүнсө,
Күндүн көзү ачылат. (*Т.*)

7. Эне тилсиз тааныр белем жеримди,
Эне тилсиз тааныр белем элимди? (*Т. Б.*)

**170.** «Манас» эпосунан тең жана багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөрдүн ар бирине төрттөн мисал жазып келгиле. Алардын грамматикалык түзүлүшү, өз ара байланышуу жолдору жөнүндө айтып бергиле.

**171.** Көчүргүлө. Сүйлөм мүчөлөрүнүн астын сызгыла. Баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдүн сүйлөмдөгү орундары кандай? Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу ойду кандайча билдирет?

1. Чолпонбайлар жабылып сууга киргенде, аларды душмандар көрүп калышты. (*К. Ж.*)
2. Артымда солдат балдырап[1], айдоого кетип барамын. (*Т.*)

3. Талаанын көркү кайда, гүл болбосо?
Акындар ырдай албайт, тил болбосо,
Душманың жазганабы, сүр болбосо? (*Б. А.*)

4. Ал, согуштун элеси көз алдына келгендей, ордунан ыргып турду.
5. Алар, балдар оюндан келгенче, күтүп отурушту. 6. Мен, Аксаамай окууга келбей калып, анын үйүнө бардым. («*КБ*»)



**172.** Баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдү аныктагыла. Алардын сүйлөмдөгү орун тартибине көңүл бургула. Тыныш белгилеринин коюлушун түшүндүргүлө.

1. Бириндеп булут бөлүнсө[2], күндүн көзү ачылат. (*Т.*) Жанында досуң болбосо, бул дүйнөнүн көркү жок. (*Мак.*) 3. Бөлмөнүн ичи, Жутабай Нурбайга сөз бергенде, жымжырт боло түштү. (*К. Б.*) 4. Ай батууга жакындаганда, мен, төөнү алып, коктуга жөнөдүм. 5. Жок жерден шамал жаралып, көзүмдөн жаш куюла баштады. 6. Карыя ангемесин бүткөнчө, добул токтоп, таң атты. (*А. Т.*)

**173.** Сүйлөмдөрдү берилген түрүндө окугула. Айтылып жаткан ой кандай абалда болду? Ой-пикир жыйынтыктуу болсун үчүн экинчи сүйлөмдү ойлоп таап, көп чекиттин ордуна жазгыла. Тыныш белгисин койгула. Татаал сүйлөмдүн кайсы түрү түзүлдү?

1. Уста кандай болсо ... 2. Жомокто айтылган баштык андай болсо ... 3. Жаан басылган соң ... 4. Балдардын жүздөрүнөн нур төгүлөт ... 5. Энем жумуштан келгенде ...

**174.** Синтаксистик талдоо жүргүзгүлө: а) түзүлүшү боюнча кандай сүйлөм; б) жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдүн түрлөрүн аныктоо; в) сүйлөмдү сүйлөм мүчөлөрүнө ажыратуу.

1. Жамандыкты көрбөгөн жакшылыктын кадырын билбес. 2. Дүйнөдө майда эл жок, элдин улуулугу анын көптүгүнө карабайт. (*Мак.*) 3. Ынтымагың болбосо, жеңе албайт жоону бир адам. (*Т.*) 4. Жамгыр күчөгөндөн күчөп, чагылган чартылдады. 5. Күн жаап турган себептүү, биз жолго чыга албай калдык. («*АТ*» )

Ү л г ү: *Жамандыкты көрбөгөн жакшылыктын кадырын билбес.* – Жөнөкөй сүйлөм – эки тутумдуу, жайылма; к и м? – *жамандыкты көрбөгөн* – ээ; э м н е б о л б о с? – *билбес* – баяндооч; э м н е с и н билбес? – *кадырын* – толуктооч; эмненин кадырын? – *жакшылыктын* – аныктооч.

## § 22. БАШ ЖАНА БАГЫНЫҢКЫ СҮЙЛӨМДӨРДҮН БАЙЛАНЫШУУ ЖОЛДОРУ

**Сүйлөмдөрдүн байланышуу жолдору багыныңкы сүйлөмдүн этиштик баяндоочуна уланган мүчөлөр аркылуу аныкталат.** Баяндооч төмөнкүдөй формада келип, баш сүйлөм менен байланышат:

1. Атоочтуктун ***-ган*** мүчөсүнө жөндөмө мүчөлөр уланат, же жандоочтор кошулуп айтылат: 1. ***Жоокерлер жакындап кел + ген + де,*** *алар ды душмандар көрүп калышты.* (*К. Ж.*) Качан? – *жоокерлер жакындап келгенде* – багыныңкы сүйлөм; *-ген* – атоочтук мүчө, *-де* – барыш жөндөмөнүн мүчөсү. 2. ***Аба салкында+ган кезде,*** *Жапар менен Жамийла жолго чыгышты.* (*К. Б.*) Качан? – *аба салкындаган кезде*; ***-ган*** – атоочтук мүчө, *кезде* – жандооч.

2. Чакчыл мүчөлөр: ***-ып, -а(-й), -ганча, -ганы, -гыча ж.б.***: ***Жүрөгүм элжир+еп,*** *Алимандын сүйкүмдүүлүгүнө тойбодум.* (*Ч. А.*) Кантип? – *жүрөгүм элжиреп* – багыныңкы сүйлөм; *-ып* – чакчыл мүчө.

3. Шарттуу ыңгайдын ***-са*** мүчөсү: ***Гүл болбо+со,*** *талаанын көркү кайда? Гүл болбосо* – багыныңкы сүйлөм; ***-са*** – шарттуу ыңгайдын мүчөсү.

Кээде ***-са*** мүчөсүнөн кийин *да* (*дагы*) байламтасы кошулуп айтыла берет: ***Зарыл жумуштарым болсо да,*** *мен ушул катты жазууну туура таптым.* (*Ч. А.*) *Зарыл жумуштарым болсо да* – багыныңкы сүйлөм.

**175.** Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдү тапкыла, андагы баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдү аныктагыла. Алардын байланышуу жолдорун түшүндүргүлө. Багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмдүн кандай кырдаалын билдирди?

1. Жайыт кеңейген сайын[3], Кычан уйларын сонундатып кайтарчу болду. 2. Ызакул кирип келгенде[2], балдар тымтырс боло түшүштү. (*Ш. Б.*) 3. Күн мемиреп, асман көгүлтүр тартып, бүгүнкү күн жаш баланын жылмаюусундай көңүлдүү. (*Т. С.*) 4. Баканын өзү чолдо болсо да, көзү көлдө болот. (*Мак.*) 5. Мен турган убакта[3], элдин бардыгы уйкунун тынчтык кучагында эле. (*К. Ж.*) 6. Ким эмгектен көрүнгүсү келсе[2], ал кыйынчылыктан коркпоого тийиш. («*А*»)

**176.** Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдүн курамындагы баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдү өзүнчө ажыраткыла. Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу кандай формада аяктады? Атоочтуктар, чакчылдар жөнүндө эмне билесиңер?

Байбиче, сол колун сунуп, мага бирдеме берди. Бул садагасы экен, анткени Сарыбай бай көптөн бери ноокас эле. Жолдо бара жатканда бирөө мени кемсинткендей болуп, көңүлүм иренжиди.



Мен Кызыл-Кыяга барганда[2], атам төшөктө жаткан экен. Эшбай, көз жашын көлдөтүп, тамак сурап отурат.

Кийинки жылы Элебес мени бир байга малайлыкка берди. Биз аттаналы деп жатканда, Бурмаке байбиче келди. Биз атганганда[2], асман бүркөлүп, бир кара булут ары-бери уюлгуп, жел согуп, күн салкындап турган. (*М. Э.*)

**177.** Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочун ар кандай түргө келтирип, сүйлөмдөрдү кайра түзгүлө. Аларды бири бирине салыштыргыла. Багыныңкы сүйлөмдүн мааниси өзгөрдүбү?

1. Космосту өздөштүрүү жөнүндө берүүлөр башталганда, мен үйгө шаштым. 2. Күн уясына киргенде, кечки сыдырым өз кезегин алды. 3. Аба ырайы бир калыпта турбай, суук күчөй берди.

Үлгү: а) *космосту өздөштүрүү жөнүндө берүүлөр башталгандыктан, мен үйгө шаштым* (баш сүйлөмдөгү ойдун себеби көрсөтүлдү); б) *космосту өздөштүрүү жөнүндө берүүлөр башталса, мен үйгө шашам* (баш сүйлөмдөгү ойдун шарты көрсөтүлдү) ж. б.

**178. БК.** Окугула. Текст кептин кайсы түрүнө таандык? Түзүлүшү жана айтылыш максаты боюнча сүйлөмдүн кайсы түрлөрү катышкандыгын аныктагыла.

### ТӨРТ ГАНА КҮН КАЛГАН ЭЛЕ

Жаңга жагымдуу жай айы. Кычан бүгүн да бадачы кейпинде. Кыял кушун чабыттатып, чексиз мейкиндикте учуп жүрдү. Биринчи сентябрь жаңырат... Кол кармашуулар ... Кучакташуулар... Жаңы мугалимдер... Тенти агайындай сүйкүмдүү, билимдүү болуу...

Көз ачып жумганча Карагер кунан, башын көтөрүп, кош кулагын тикчийтип, тура калды. Бет алдында, Карагерди жылдырбай, кыл чылбырдан кармап, кара малакай, кара таар чапанчан Жумаалы каракчынын турганын көрдү. Заматта ачуусу ташыды.

– Коё бер кунанды! Бул жерге эмне келдиң?!

– Эмнеге келгенимди билбейсиңби?

Ызырынган мыкаачы Кычанды бардык күчү менен жерге басты да, денесине канжар урду.

Окуу башталарына төрт гана күн калган эле!.. (*Ш. Б.*)

**179. БК.** Бул текст кептин кайсы түрүнө таандык? Баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү кеби жөнүндө эмне билесиңер? Алардын айырмачылыгы кандай?

### УЛАР

Улар – куштардын кыргоолдор тукумундагы уруусу. Чымыр денелүү, буттары күчтүү. Улардын беш түрү Кавказ, Түштүк Сибирь, Кичи, Борбордук жана Орто Азиянын тоолорунда учурайт. Кыргызстандын тоолорунда кара боор уларлар кезигет. Боз түстө, кара ала тактуу, капталы менен мойнунда кызгылт күрөң чийиндери бар. Уясын жерге салып, бир нече жумуртка тууйт. Өсүмдүктүн бүчүрү, гүлү, уругу менен тамактанат. Улардын эти ширелүү. (*«КТ»*)

**180.** Көчүргүлө. Сүйлөм мүчөлөрүнүн астын сызгыла. Атоочтук, чакчыл түрмөк катышкан жөнөкөй сүйлөмдү жана багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдү таап, аларды өз ара салыштыргыла. Грамматикалык түзүлүшү боюнча кандай өзгөчөлүктү байкадыңар? Түшүндүргүлө.

1. Кычандар келишкенде, жыйналыш аяктап калган. 2. Ызакулдун сөзүн укканда Кычан токтоно албай кетти. (*Ш. Б.*) 3. Шаркырап аккан сууга жеткенде Данияр арабаны жайыраак айдады. 4. Ал кайра ырдаганда, мен сүйүнүп кеттим. 5. Айылга кайтып бара жатып, бирибиз да ооз ачып сүйлөгөн жокпуз. (*Ч. А.*) 6. Көңүлүм айдай ачылып, жүрөгүм толкуп кубанат. (*Р. Ш.*)

**181.** Тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн биринчи бөлүгүнүн баяндоочуна *-ып, -са, -гандан кийин, -ган соң, -ган убакта* деген формаларды улап, сүйлөмдөрдү кайра түзгүлө. Мурунку сүйлөм менен салыштыргыла. Алардын айырмачылыгын түшүндүргүлө.

1. Жигит өзү да иштейт, элге демилге берет. 2. Шамбеттин демилгеси ишти кызытат, алар эгин талаасынан мол түшүм алсак дешет. (*Т. С.*) 3. Аба барган сайын салкын тартты, күн кыскарды. 4. Чөптөр кубарды, тал-теректер жалбырактарын түшүрдү. (*К. Б.*) 5. Күндүн нуру жер бетине тегиз чачырады, биз жайлоого жөнөдүк. (*К. Ж.*)

Ү л г ү: *Жигит өзү да иштейт, элге демилге берет. Жигит өзү да иштеп, элге демилге берет.* Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм. Мында баш жана багыныңкы сүйлөм бар. Ал эми мурдагысы тең байланыштагы татаал сүйлөм болчу, анда баш жана багыныңкы сүйлөм дегендер болбойт.

**182.** Биринчи сүйлөмдүн баяндоочун ар кандай формага келтирип, сүйлөмдү кайра түзгүлө. Татаал сүйлөмдөрдүн ортосундагы айырмачылыкты аныктагыла.



а) Кыш түштү, кар жаады. б) Кыш кетти, жаз келди. в) Жогортон соккон сыдырым жел басылды, кырман тынчыды. г) Күн батты, жылдыздар көрүндү.

Ү л г ү: 1. *Күн батты, Ай чыкты. – Күн баткан соң, Ай чыкты. – Күн батты, бирок, Ай чыккан жок. – Күн баткандан кийин, Ай чыкты. – Күн батса, Ай чыгат.*

**183.** Окугула. Татаал сүйлөмдөрдүн түрлөрүн аныктагыла. Алардын айырмачылыгын түшүндүргүлө. Жөнөкөй сүйлөмдөр бири-бири менен кандайча байланышты?

1. Асмандагы жылдыздар алыста турганы менен, ар бири өзүнчө нур төгөт[4]. 2. Жылдыздар ушинтип толгондо, биз капчыгай аралап келе жатканбыз. 3. Ушундай түндө жол жүргөн кандай жакшы! (*Ч. А.*) 4. Көз байланган учурда Чолпонбай үйгө келди да, аскерге кетүүгө даярдана баштады. 5. Жай айлары аяктап калган, Чолпонбай жүргөн бөлүк Дон суусунун чыгыш тарабына орношту[4]. 6. Алда кайдан аркайып, Ала-Тоо карап тургансыйт, калдайган кыргыз эли, «талкала жоону» дегендей, кол булгалагансыйт. (*К. Ж.*)

**184.** Көчүргүлө. Синтаксистик талдоо жүргүзгүлө: а) грамматикалык түзүлүшү боюнча; б) сүйлөм мүчөлөрү боюнча; в) баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдүн байланышуу жолдору боюнча.

Тоо-токойго коңур күз келгенде, мен биринчи жолу мектепке бардым. Ушундан тартып, Дүйшөн айылды үймө-үй кыдырып, бизди мектепке алып барып жүрдү. Мен силерге, балдар, арип жазууну, сан жазууну үйрөтөм. Өзүм эмнени билсем, ошону окутам. Анын ак пейилинен кылган аракети, менимче, талаага кеткен жок. (*Ч. А.*)

**185.** Көп чекиттин ордуна экинчи сүйлөмдү ойлоп таап, көчүргүлө. Тыныш белгисин койгула. Татаал сүйлөмдүн кайсы түрү түзүлдү? Анын бөлүктөрү өз ара кандайча байланышты?

1. Чоң эненин жүрөгү элжиреп ... 2. ... балдар ордуларынан тура калышты. 3. Жер бай болсо ... 4. Баатыр кол баштайт... 5. ... тоого баратабыз.

**186.** Көчүргүлө. Сүйлөм мүчөлөрүнүн астын сызгыла. Атоочтук, чакчыл түрмөктөрдү тапкыла. Багыныңкы сүйлөмдүн синтаксистик түрмөктөр менен окшоштугу барбы? Айырмасы кандай?

1. *Антип-минтип арабаны кайырганча*, Жамийла нары жакта иштеп жаткан аялдарга чуркап кетиптир. – Биздин баатырлар кыштактан кездешкенче, арадан көп мезгил өттү.

2. *Токтогулдун үнүн угуп*, эл чогула калышты. – Мөмөлөр гүлдөп, айлана кулпура баштады. 3. *Сапарчылар жолго чыкканда*, майдалап кар жаай баштады. – Айылга жакындаганда Зарыл машинадан түшүп калды. (*Т. С.*)

**187.** Эки жөнөкөй сүйлөмдү *-ып, -са, -ган+да* мүчөлөрү менен байланыштырып, багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм (ар бирине экиден мисал) түзгүлө. Баш жана багыныңкы сүйлөмдөр жөнүндө айтып бергиле.

## § 23. БАШ ЖАНА БАГЫНЫҢКЫ СҮЙЛӨМДӨРДҮН ОРДУ ЖАНА ТЫНЫШ БЕЛГИЛЕРИ

1. Көпчүлүк учурда багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмдөн мурда келет: ***Соно суудан көтөрүлүп учканча***, *ак шумкар шыпылдап жетип келди. Соно суудан көтөрүлүп учканча* – багыныңкы сүйлөм.

2. Кээде баш сүйлөмдүн ортосунда кыстырылып келет: *Нурланбек*, ***мен барганда***, *кубанып кетчү. Мен барганда* – багыныңкы сүйлөм.

3. Баш сүйлөмдөн кийин келген учурлары да болот: *Бала кубанып жатты*, ***фашисттер жалп-жалп этип тоголонгондо***. (Ч. А.) *Фашисттер жалп-жалп этип тоголонгондо* – багыныңкы сүйлөм.

Багыныңкы сүйлөм ар дайым ү т ү р менен ажыратылат. Эгерде ал баш сүйлөмдүн ортосунда келсе, үтүр багыныңкы сүйлөмдүн эки жагына коюлат: *Келин-кыздар*, ***Бурулча эшиктен келгенде***, *орундарынан тура калышты*. (*К. Б.*)

Баш жана багыныңкы сүйлөмдөргө коюлуучу тыныш белгилердин схемасына көңүл бургула (чарчы кашаа баш сүйлөмдү, кашаа – багыныңкы сүйлөмдү билдирет):

1. ***Эне тил болбой***, *эл болбойт*. (*Мак.*)

( ), [ ].

2. *Таятам үйгө*, ***мен жаткандан кийин***, *келди*.

[, ( ), ].

3. Ала-Тоо көркко келбейт, эл болбосо. (*Б. А.*)

[ ], ( ).



**188.** Окугула. Багыныңкы сүйлөмдүн ордун аныктагыла. Тыныш белгисинин кандайча коюларын түшүндүргүлө. Алардын схемасын чийгиле (биринчи, төртүнчү жана алтынчы сүйлөмдүн).

1. «Ак зыйнат» чертилип, Султаналы уулунун келечегин ойлоду. 2. Алар айкөл Манастын күмбөзүнүн тушуна келген убакта, жаан күчөй баштады. (*К. К.*) 3. Бетинен нуру чачырап, толкундап Сырга кубанды. 4. Кара бороон согуп турду, карышкыр капчыгайдан улугандай. (*Ж. Б.*) 5. Жамгыр күчөгөндөн күчөп, чагылган чартылдап, койлор дыр берип үркүп жатты. (*А. Т.*) 6. Күн, ал Таабалдыны ээрчитип чыкканда, жаңыдан кылкылдап батып бараткан эле. (*К. Бек.*) 8. Уулжан, Жамийла келгенче, үй ичин тартипке келтирди. (*К. Б.*)

**189.** Окугула. Баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдү аныктагыла. Алардын сүйлөмдөгү орду кандай? Тыныш белгиси кандайча коюлду?

1. Ал, күрөөсү кызарганча, сүйлөдү. 2. Эки жигит, ырчылар жакындаганда, утурлай бастырышты. (*К. К.*) 3. Отундары күйүп бүткөндөн кийин, ракетанын баскычтары ыргып түшө баштады. («*КТ*») 4. Люба келгенден бери, Каныш жалгыздык тарткан жок. (*Т. С.*) 5. Күн нуру өрөөндү тегиз басканда, биз Жалал-Абадда болдук. 6. Сенин ишиң орундалат, Зарыл тоодон келсе. («*КБ*»)

**190.** Көчүргүлө. Баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдү тапкыла. Тыныш белгилерин койгула. Түшүндүргүлө. Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочуна сөздүн курамы (уңгу, мүчө) боюнча талдоо жүргүзгүлө.

1. Бир аздан кийин Ай көтөрүлүп анын шооласы үйдүн ичин жаркыратып жиберди. (*М. Э.*) 2. Салмаксыздык абал пайда болгон учурда мен ордумдан камгактай жогору көтөрүлдүм. («*КТ*») 3. Абышка биз боз үйгө киргенче жалгыз күүсүн он чакты кайталап чертти. (*А. Т.*) 4. Алар эл уктаганча сүйлөшүп отурушту. 5. Алым Каныбектин кабарын укканда жүрөгүнүн башына тикенек кадалгандай болду. (*К. Ж.*)

**191.** Калтырылып кеткен тыныш белгилерди коюп, көчүргүлө. Эмне үчүн коюлду? Түшүндүргүлө. Баш жана багыныңкы сүйлөмдөр бири-бири менен кандайча байланышты?

1. Баатыры[1] жообун бергенче эр Алмамбет кеп айтат. («*Манас*».) 2. Токтогул кезекти шакиртине бергенде Атай анын бир катар күүлөрүн аткарды. 3. Атай буга чейин Токтогулдун чоң акындыгын, комузчулугун гана билсе, анын даанышман киши экендигин азыр түшүндү. (*К. К.*) 4. Мен эгерде ата-

энем жаман көрбөсө мугалим болгум келет. (*Н. Б.*) 5. Токтогулдун өнөрү комуз колуна тийгенде төгүлдү. (*Ж. Б.*)

**192.** Көркөм окугула. Татаал сүйлөмдү таап, анын түрлөрүн (тең байланыштагы же багыныңкы байланыштагы) аныктагыла. Алардын тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр кандайча байланышат?

1. Аргымактын баласы
Буудан болот турбайбы.
Баатыр жигит эл үчүн
Курман болот турбайбы. (*Б. А.*)

Кызыл оңбос болсочу,
Кыз бурулбас болсочу!
Жибек оңбос болсочу,
Жигит өлбөс болсочу. (*Т.*)

2. Мугалим бала поездден түшкөндө, сен унчукпай тур, эне. Мени тааныр бекен? (*Ч. А.*) 3. Балам, шартың келсе, Кетмен-Төбөгө өзүң каттап тур. Атай жанына келгенде, Токтогул аны менен коштошту. (*К. К.*)

**193.** Көчүргүлө. Синтаксистик талдоо жүргүзгүлө: а) сүйлөмдүн грамматикалык түзүлүшү боюнча; б) сүйлөм мүчөлөрү боюнча. Үтүрдүн коюлушун түшүндүргүлө.

1. Айылдын мектеби. Мектептин ичи кенен, жарык. Алды жагында чоң кара такта. Тактадан ары кырка коюлган көп парта... Парталарда отурган – отузга жакын балдар. (*К. Б.*) 2. Жамгыр өз убагында жаап, жер бети жашыл ыранга бөлөндү. Жер да марттыгын көрсөттү. Бали! Быйылкы эгинге көз тийбесин, жаратылыш өзү колдосун! Буудай орокту күтүп турат, Чаргын, башташ керек. (*Т. С.*)

**194.** Татаал сүйлөмдүн тутумундагы баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдү тапкыла. Аларды өз ара байланыштырууда грамматикалык кандай формалар колдонулду?

1. Көңүлү туш-тушка бөлүнүп, Сейде дагы башын ылдый салды. Айыл тынчыганда, Сейде, жибин алып, отунга кетти. Туманда энтелеген аял өзүнүн эң жакшы көргөн кишисине шашып кетип бара жатты. (*Ч. А.*)

2. Туура сүйлөп, түз жүрсөң,
Кадырың болот калкыңа.
«Жайдары жигит болчу» деп,
Ыракмат айтат артыңда.
Кыялың, оюң түз болсо,
Кыргыз эмес кыпчак да
Жетет го, балдар, баркыңа. (*Т.*)



**195.** Көп чекиттин ордуна сүйлөм ойлоп таап, багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм түзгүлө. Татаал сүйлөмдүн ушул түрү жөнүндө айтып бергиле. Тең байланыштагы татаал сүйлөмдөн айырмасы эмнеде?

1. Тилек Туура-Суудан келгенче ... 2. Окуучулар эс алууга тараган кезде ... 3. Жаз эрте келсе ... 4. ... биз жолго чыга албай калдык. 5. ... мал короодон чыккан жок. 6. ... булбулдар сайрап турган убак. 7. ... жаан жаап жатыптыр.

**196. БК.** Окугула. Кептин кайсы түрү колдонулду? Анын кептин башка түрлөрүнөн айырмасы кандай? Ойду элестүү берүүдө чакчыл түрмөктүн кандай мааниге ээ болорун байкагыла.

1. Береги үйүн жана бардыгер мүлкүн бир гана төөгө жүктөп, эки жаш баласын жүктүн үстүнө отургузуп, жаман төшөк менен ороп таңып, зайыбы Күлүканга эшек мингизип, төө жетелетип, кызы Сүйүмкан менен уулу Алымды ээрчитип, белиндеги таягына эки колун арта салып, көкүрөгүн жагжайта, басып келе жаткан москоол денелүү, узун бойлуу кара киши Сансыздын досу – Карып. Ажар менен Сансыз жалынып-жалбарып жатып, ушул төөнүн күчүн Карыпка сурап беришкен.

2. Элечегине саймалуу ак жибек тартмасын тартынып, тартманын сол жагынан түркүн жибек жиптен жасалган чачысын булактатып, тартманын оң жагына келиштире тагылган үкүсүн сеңселтип, алтын менен жалатып жасалган үзөңгүсүн чирене теминип, кара чапандын эки этегин бош коюп, жүк үстүнө килем жайдырып, чоң кара атанды жетелеп, Түлкүбектин зайыбы Күмүш чубалжыган көчтүн эң алдында келе жатат. (*К. Ж.*)

**197.** Окугула. Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөрдү таап көчүргүлө, калтырылып кеткен тыныш белгисин койгула, анын схемасын чийгиле. Татаал сүйлөмдүн ушул түрү жөнүндө айтып бергиле.

1. Талаа да, кучагын жайып, Ажарга жол берди. Ажар бир аз жол жүргөндөн кийин арт жагынан көп нерсенин үргөнү угулду. Ажар коркту, ыйлап жиберди. Бирок илешкен жоо калчубу? Ажар карышкырлар жакындап кирип келген сайын ширеңке тартып жатты. (*К. Б.*) 2. Сулуунун көркү болбойт кал болбосо. Өрдөк, каз кайда конот көл болбосо? (*Б. А.*)

## § 24. БАГЫНЫҢКЫ БАЙЛАНЫШТАГЫ ТАТААЛ СҮЙЛӨМ БОЮНЧА СИНТАКСИСТИК ТАЛДОО

Т а л д о о н у н т а р т и б и:

1. Канча жөнөкөй сүйлөмдөн түзүлгөнүн атап көрсөтүү, алардын ар биринин баш мүчөлөрүн табуу.
2. Баш жана багыныңкы сүйлөмдү атоо.
3. Баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдүн байланышуу жолун, багыныңкы сүйлөмдүн кайсы түрү экенин аныктоо.
4. Тыныш белгилеринин коюлушун түшүндүрүү.

Ү л г ү: ***Биз белге чыкканда,*** *чыныдай аппак үйлөр көрүндү. (Н. Б.)* – Айтылыш максаты боюнча жай сүйлөм, түзүлүшү боюнча багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм; эки жөнөкөй сүйлөмдөн түзүлдү: а) *биз белге чыга бергенде* (*биз* – ээ, *чыга бергенде* – баяндооч); б) *чыныдай аппак үйлөр көрүндү* (*үйлөр* – ээ, *көрүндү* – баяндооч). Жөнөкөй сүйлөмдүн ар биринин баш мүчөлөрүнүн асты сызылат; экинчиси – баш сүйлөм. Биринчиси багыныңкы сүйлөм. Баш сүйлөмдөн мурда келип, аны менен *-ган+да* формасында байланышты. К а ч а н *чыныдай аппак үйлөр көрүндү? – биз белге чыга бергенде* – мезгил багыныңкы сүйлөм. Баш жана багыныңкы сүйлөмдүн ортосуна ү т ү р коюлат.

**198.** Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмгө синтаксистик талдоо жүргүзгүлө.

1. Жаз аяктаганда, тоо таянып, малчылар көчүп келишет. 2. Токойдун бир бутагы сынбасын деп, биз атайы коруп отурбайбызбы. (*Ч. А.*)

3. Жаманга дөөлөт келгенде,
Көтөрө албай мас болот,
Пайдалуу иши аз болот. (*Ж.*)

4. Ылай суу бара-бара тазаланар, каран түн, күн чыкканда, кайра жанар. (*«ЗО»*) 5. Жигиттин наамы чыкпайт, март болбосо. Ак бетте кызыл болбойт, нур болбосо. (*Б. А.*)

**199.** Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдү таап, ага синтаксистик талдоо (оозеки) жүргүзгүлө.



Душман жеңилип, согуш аяктаганда, алдастаган дүйнө тымтырс боло түштү. Алиман экөөбүз баштагыдай эле талаада иштеп жүрдүк. Бригадирликти мен, балдар фронттон кайтып келер замат, өткөрүп бергем. Заман тынчыганы менен, Алиман экөөбүздүн санаабыз тынган жок. Сыртыбыздан жашырып, сыр билдирбеген болобуз. Ал эми Алиман болсо, мени аяп, кыялбай жүрдү окшойт. Ичимден аябай ыраазы болдум. Ушинтип, бир-бирибизди кыялбай жүрдүк. Билесиң го, Жер энем, ошол жылы мен үчүн кандай оор жыл болду... (*Ч. А.*)

**200.** ««Манас» эпосу – кыргыз рухунун туу чокусу» деген темада ой жүгүртүү мүнөзүндөгү дилбаян жазып келгиле. Татаал сүйлөмдүн түрлөрүн колдонгула.

**201.** Текстти окугула. Татаал сүйлөмдөрдү көрсөткүлө, алардын кандай түрлөрүн билесиңер? Алардын айырмасын түшүндүргүлө.

– Мындайча айтканда, менде дагы кемчиликтер көп эле, ар нерсеге али түшүнгөн эмес экенмин. Мен да, Арзымат да – экөөбүз унчукпай отурабыз. Бүткөн боюм чымырап, бетим тамылжып, жүрөгүм алып учат, азоо жүрөк тык-тык урат!.. Ошентип, кыйынчылыктар артта калды, оор күндөрдү жеңип чыктык, – деп сөзүн бүтүрдү Айнагул.

Машина айылга жакындаганда, Эргеш менен Арзымат алдыбыздан чыкты. Кызыл-тазыл кийинген жаштар эл аралык аялдар күнүн майрамдап жүрүшкөн экен, бул майрамга биз да аралашып кеттик. (*К. Ж.*)

**202.** Көчүргүлө. Синтаксистик талдоо жүргүзгүлө.

### ЭЛ КАЗЫНАСЫНАН

1. Жөнөкөйлүктүн эки түрү бар: табигый түрү жана үйрөнгөн түрү. 2. Жүрүш-туруш адамдын ким экендигин билдире турган күзгү болот. 3. Адам эки жашабайт, бирок адам болуп бир жолу да жашай албагандар бар. 4. Жаманга башчы болгуча, жакшыга кошчу бол. 5. Жазуучунун бир гана мугалими болот, ал – анын окурманы. 6. Жакшы адам сөзүн бир айтар, жаман адам миң айтар.

# БАГЫНЫҢКЫ СҮЙЛӨМДҮН ТҮРЛӨРҮ

Мааниси жана грамматикалык түзүлүшү боюнча багыныңкы сүйлөмдүн төмөнкүдөй түрлөрү бар. Таблицага көңүл бургула.

| № | Багыныңкы сүйлөмдүн түрлөрү | Мисалдар |
|---|---|---|
| 1. | Мезгил | Сапарчылар мейкинге чыкканда, майдалап кар жаады. |
| 2. | Орун | Билим кайда болсо, өнөр да ошол жерде болот. |
| 3. | Шарттуу | Асмандан жамгыр төгүлсө, чөптүн гүлү ачылат. |
| 4. | Карама-каршы | Ал канчалык аракет кылса да, минген аты баспай койду. |
| 5. | Сыпат | Кош кубаныч жүрөгүн толкутуп, Кычан түндүн далайына чейин уктабады. |
| 6. | Салыштырма | Тоого чыккан адам алысты көргөндөй, окуган адам дүйнөнү кең тааныйт. |
| 7. | Себеп | Жол тайгак болгондуктан, Бектемир жай гана бастырып келе жатты. |
| 8. | Максат | Нурлан тоого барып келсин үчүн, энеси кам көрө баштады. |
| 9. | Сан-өлчөм | Адам канчалык көп окуса, ал ошончолук көптү билет. |

## § 25. МЕЗГИЛ БАГЫНЫҢКЫ СҮЙЛӨМ

**Мезгил багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмдөгү ойдун мезгилин билдирет.** К а ч а н? К а ч а н г а ч е й и н? К а ч а н т а н б е р и? К а ч а н г а д е й р е? К а й с ы у ч у р д а? К а й с ы у б а к т а? деген суроолорго жооп берет.



М и с а л ы: 1. ***Турсун эшикке чыкканда***, *күн батып кеткен болчу.* (*К. Б.*) – К а ч а н *күн батып кеткен болчу?* – *Турсун эшикке чыкканда* – мезгил багыныңкы сүйлөм.

Баш сүйлөм менен байланышууда мезгил багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочуна төмөнкүдөй мүчөлөр уланат:

1. Чакчыл мүчөлөр ***-а(-й), -ганча, -ганы, -гыча, -майынча, -майын: Жолдошторубуз кел+мейинче,*** *биз мелдешке барбайбыз.*

2. Атоочтуктун ***-ган*** мүчөсүнө ж ө н д ө м ө мүчөлөр (барыш, жатыш, чыгыш) уланат же ж а н д о о ч (*кийин, соң, чейин, кезде, бери* ж. б.) айкашып келет: 1. ***Биз ээрчишип келе жат+кан+да,*** *дүйнө башкача сезиле турган.* (*Ч. А.*). 2. ***Меймандар отур+ган убакта,*** *Токтогул комузун колуна алды.* (*К. К.*)

3. Шарттуу ыңгайдын ***-са*** мүчөсү: ***Балдар токойдон чыгыш +са,*** *айлананы туман каптап калыптыр.*

**203.** Окугула. Мезгил багыныңкы сүйлөмдү көчүрүп жазгыла. Анын баяндоочу кандай формада түзүлгөнүн жазып көрсөткүлө. Баш сүйлөм менен кандайча байланышты?

1. Бир аз убакыт өткөндөн кийин, Чолпонбайлар Дон суусунун чыгыш жээгиндеги камышка келишти[4]. Душман аларды али көрө элек. Суудан кантип өтүү керек? Чолпонбайлар жабылып сууга киргенде, душмандар көрүп калышты. (*К. Ж.*) 2. Күн чыга, Жапар кырмандан келди. 3. Кыш ооп, жаз да келди. (*К. Б.*) 4. Чөп чабык жаңы башталган кезде, фронттон бир жарадар аскер келди. (*Ч. А.*) 5. Эртеси малчылар белге чыгышса, борошолоп[2] кар жаады. Малчылар мындай күндөрдүн канчасын көрбөдү! (*«КТ»*)

Ү л г ү : *Бир аз убакыт өткөндөн кийин, жаркырап электр шамы күйдү.* К а ч а н? – *бир аз убакыт өткөндөн кийин* – мезгил багыныңкы сүйлөм; баяндоочу *-көн+дөн кийин* формасында түзүлдү; ушул эле формалар аны баш сүйлөм менен байланыштырды (*-көн* – атоочтук мүчө, *-дөн* – чыгыш жөндөмөнүн мүчөсү, *кийин* – жандооч).

**204.** Сол жак катардан мезгил багыныңкы сүйлөмдү тапкыла. Аны оң жактагы сүйлөм менен салыштыргыла. Тутумдаш мезгил бышыктоочтун жана аныктоочтун милдетин аткарган сөз тизмеги эмне үчүн өзүнчө сүйлөм боло албайт? Түшүндүргүлө?

| | |
|---|---|
| 1. *Сапарчылар тамактангандан кийин*, команда станциянын начальнигине жолугушту. (*Т. С.*) | *Тамактангандан кийин* команда станциянын начальнигине жолугушту. |

| | |
|---|---|
| 2. *Мамбетов жетекчилик кылган убакта*[3], бригада эгинден мол түшүм алды. («*К. Б*».) | *Мамбетов жетекчилик кылган* бригада эгинден мол түшүм алды. |
| 3. *Токтогул тигилген үйлөргө жөнөгөндө*, эл кашатты көздөй бет алды. (*К. К.*) | *Айылдан чыкканда*[3] Бекташ арабаны жайыраак айдады. (*Ч. А.*) |

**205.** Адегенде баш сүйлөмдү, андан кийин ал аркылуу суроо берип, мезгил багыныңкы сүйлөмдү аныктагыла. Баш жана багыныңкы сүйлөмдөр өз ара кандайча байланышты?

Ю. Гагарин ааламда учуп жүргөндө, ал жөнүндөгү атак-даңк бүткүл дүйнөгө тараган. – Ю. Гагарин ааламда учуп жүргөн мезгилде, ал жөнүндөгү атак-даңк бүткүл дүйнөгө тараган. – Ю. Гагарин ааламда учуп жүрсө, ал жөнүндөгү атак-даңк бүткүл дүйнөгө тараган. – Ю. Гагарин ааламда учуп жүргөн убакта, ал жөнүндөгү атак-даңк бүткүл дүйнөгө тараган.

**206.** Калтырылып кеткен тыныш белгини өз ордуна коюп, мезгил багыныңкы сүйлөм катышкан татаал сүйлөмдү көчүрүп жазгыла. Баш мүчөлөрүнүн астын сызгыла. Багыныңкы сүйлөм баш сүйлөм менен кандайча байланышты?

1. Мен кийинип жатканда кыздын энеси сөз сүйлөдү. Кызым, жалгыз жаның бар, бул баланы кор кылбай жумша. Эне сүтү оозунан кете элек бирөөнүн жалгызы экен. (*А. Т.*) 2. Билимге көңүлүңдү байлаба, өмүрүңдү байла. (*Мак.*) 3. Жаз жакындаган соң бул жерде да күндүн кыялы өзгөрүлүп турду. Каныбек нанды ала койгуча эшиктен кишилер кирип келишти. (*К. Ж.*) 4. Самтыр сүйлөгөндөн кийин бир саамга журт жымжырт отурушту. (*Т. С.*) 5. Кабар келгенине сүйүнбөй, кайра шылкыя калат экенсиң да, балам. Ушинтип, Толгонай Алиманды жемелейт. (*Ч. А.*)

**207.** Мезгил багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочун ар түрдүү формага келтирип, кайра түзгүлө, анын баяндоочу синонимдүү болорун эсиңерде сактагыла.

1. Чарбанын жумушу бир аз сээлдей түшөр замат, эл Шамбеттикине чогулду. (*Т. С.*) 2. Биз аянттан өтүп бараткан мезгилде, жаркырап күн ачылды. (*А. Т.*) 3. Жыйналыш бүтөрү менен, студенттер шатырата кол чабышты. 4. Талап шаардан келмейинче, биз тоого барбайбыз. («*А. Т.*»)

**208.** Кеп чекиттин ордуна баш сүйлөмдү, тескерисинче, багыныңкы сүйлөмдү ойлоп таап жазгыла. Тыныш белгилерин койгула. Татаал сүйлөмдүн кайсы түрү



түзүлдү? Мезгил багыныңкы сүйлөм деген эмне? Ал баш сүйлөм менен кандайча байланышат?

1. Кызмат аяктаган соң ... 2. Сен бак-даракты сугарып бүткөнчө ... 3. ... балдар жапырт гүл терүүгө чыгышты. 4. ... ал ордунан обдулуп тура калды. 5. Зина үйдөн чыгар замат ... . 6. ... гидротехник Бектемир атка минди.

**209.** Мезгил багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочун төмөнкүдөй формаларга келтирип, багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм түзгүлө.

| | |
|---|---|
| 1) -ган убакта | 4) -ган+да |
| 2) -ган сайын | 5) -ган+га чейин |
| 3) -са | 6) -майынча |

**210.** Атоочтук түрмөктү жана мезгил багыныңкы сүйлөмдү тапкыла. Аларды салыштыргыла. Кандай айырмачылыкты байкадыңар?

1. *Ызасы ташыган* Динар алга карай ылдамдай басты. – *Ызасы ташыган соң*, Динар алга карай ылдамдай басты. 2. *Уйкусу ачылып кеткен* Аскат ордунан ыргып турду. – *Уйкусу ачылып кеткенден кийин*, Аскат ордунан ыргып турду. 3. *Айылда жүргөн учурда* ал айылдык кеңештин төрагасы эле. – *Алтынай Сулайманова станцияга жөнөп жаткан учурда*, мен да кошо жөнөп калдым. (*Ч. А.*) 4. *Биз Бишкектен айылга кайтып баратканда*, айылдаштар өзүлөрүн кубанычтуу сезишти. *Үйүн көздөй кетип баратканда* Махабат өзүн бактылуу сезди. («*А*»)

**211.** Мезгил багыныңкы сүйлөмдү пайдаланып, чакан аңгеме жазып келгиле. Аңгеме түзүүдө кептин кайсы түрүн колдондуңар?

**212.** Мезгил багыныңкы сүйлөм катышкан татаал сүйлөмдү тапкыла. Ал боюнча төмөнкү суроолорго жооп бергиле: а) мезгил багыныңкы баш сүйлөм менен кандай формада байланышат; б) кандай суроолорго жооп берет; в) аны баш сүйлөмдөн ажыратып, өзүнчө колдонууга болобу?

Адегенде Берлинден Табылды кайтты. Ал күрөштөрдө дасыккан, көкүрөгү ордендерге толгон. Алаамат башталган күндөн бери, жигит майданда жүрдү. Ошентсе да жигиттин эч бир жерин ок чарпыган эмес.

Шамбет менен Табылды катар келе жатышса, көчөдө ойногон балдар, аларды карап, токтой калышат.

Күндөрдүн биринде Касейин экөө эрмектешип отурган кезде, Каныштын үйүнө дагы бир капитан жигит кирди. Баласынын кызыгына кубанып отурган Люба ордунан учуп турду. (*Т. С.*)

**213.** Баш жана мезгил багыныңкы сүйлөмдүн ордун аныктагыла. Тыныш белгисин койгула, үтүр кайсы жерге коюлду?

1. Мен чоң энем үйгө келгенде кубанып кеттим. 2. Чогулган эл Сабырлар келгенден кийин жемиш үзүүнү баштаашты. 3. Күркүрөп мотор айланды тетигин Сырга басканда. (*Ж. Б.*) 4. Ынтымак болсо калкыңда, душманыңдан тартынба. (*Т.*)

**214.** Суроолорго жооп бергиле: а) грамматикалык түзүлүшү боюнча сүйлөм канчага бөлүнөт? б) татаал сүйлөмдүн кандай түрлөрү бар? в) мезгил багыныңкы сүйлөм деген эмне? Жообунарды мисалдар менен бекемдегиле.

## § 26. ОРУН БАГЫНЫҢКЫ СҮЙЛӨМ

**Орун багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмдөгү ойдун ордун билдирет.** К а й д а? К а е р д е? К а й д а н? К а й с ы ж а к т а? деген суроолорго жооп берет.

М и с а л ы: ***Токтогул ырчы кайсы жерде болсо,*** *ыр менен күлкү ошол жерде болот.* (*К. К.*) К а е р д е ыр менен күлкү болот? – *Токтогул ырчы кайсы жерде болсо* – орун багыныңкы сүйлөм.

Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу шарттуу ыңгайдын ***-са*** мүчөсү менен аяктап, ага *кайда, каерде, кайдан, кайсы жерде*; баш сүйлөмгө *ошол жерде, ошерде, ошол жерден* деген сөздөр кошулуп айтылат: *Тартип кайда болсо, жеңиш ошол жерде болот.* (*Мак.*)

**215.** Текстти окугула. Орун багыныңкы сүйлөмдү тапкыла. Ал кандай суроолорго жооп берди? Баш сүйлөм менен кандайча байланышты? Текстте багыныңкы сүйлөмдүн башка түрү барбы?

Аскер кишиси тизме окуганда, Чаргындын аты чыкпай калды.

– Ой, жолдош! Мен эмне үчүн жокмун? – деди Чаргын. Аскер кишиси токтоо гана жылмайды:

– Айылыңа кете бер.

– Кетпеймин! – деди Чаргын ызаланып. Жолдошторум Элебес, Шамбеттер кайда баратса, мен да ошол жакка барамын. Жолдошторумдан бөлүнүп кала албаймын.

Жылдыз толгон кез. Күндүзгү уу-дуу жок. Пристанга келген эл каяктан келишсе, баары ошол жакка кетип баратышат. Түн бир убак. Жылдыздуу асман кереметтенет, Ала-Тоо көшүлүүдө. (*Т. С.*)



**216.** Жөнөкөй сүйлөмдүн биринчисине *кайда? каерде? кайдан?* экинчисине *ошол жерде, ошерде, ошол жерге, ошол жерден* деген сөздөрдү кошуп жазып, орун багыныңкылуу татаал сүйлөм түзгүлө. Сүйлөмдүн түзүлүшүндө кандай өзгөрүүлөр болду?

1. Нурланбек иштеп жатат. Таалайбек да врач болуп иштейт. 2. Мен айылдан келдим. Сен да айылга барасың. 3. Булут жылды. Көлөкө да жылды. 4. Мергенчилер барат. Тилек экөөбүз да барабыз.

Ү л г ү: *Нурланбек кайда иштесе, Таалайбек да ошол жерде врач болуп иштейт.*

**217.** Орун багыныңкы сүйлөмгө карата баш сүйлөмдү ойлоп таап, татаал сүйлөм түзгүлө. Тыныш белгисин койгула. Багыныңкы баш сүйлөм менен кандайча байланышты?

1. Билим кайда болсо ... 2. Кайсы жерде кыйын иш болсо ... 3. Биз каякка барсак ... 4. Адистер кайдан келишсе ...5. Мен кайда болсом ... 6. Менин балдарым кайсы жерде иштешсе ...

**218.** Окугула. Татаал сүйлөмдөрдү көрсөткүлө, анын кайсы түрү? Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм кандай бөлүктөрдөн түзүлөт? Багыныңкы баш сүйлөмдүн кандай кырдаалын билдирет? Текстте кептин кайсы түрү колдонулду?

Кыштын узак түнү... Чырак өчкөндө, мергенчи аңгемесин баштады.

Күндөрдүн биринде тоодон келе жатсам, бир аюу таш көтөрүп бараткан экен. Ташты жардын башына койду да, эңкейип алды жагын карады. Ошентип, казандай таштан беш-алтыны жыйды.

Мен аюунун бул ишине таң калдым. Бир кезде аюу тикесинен тура калды да, таштарды асканын астын көздөй зыркыратып ыргыта баштады. Бир маалда келе жаткан каманды көрө коюп, аюу бакыра жөнөдү. Аюу каякка качса, каман да ошол жакка чуркап бара жатты. Каман аюуну чала турган болгондо, каманды маңдайга басып калдым.

Окуя мындай болуптур. Асканын түбүндө аюунун балдары бар экен. Каман анын балдарын жей баштаганда, аюу таш менен уруп, бир топ торопоюн жалпайтыптыр. Ошентип, балдары үчүн аюуну ажалдан алып калдым. (*Р. Ш.*)

## БОЛОТ МУРАТАЛИЕВИЧ ЮНУСАЛИЕВ
## (1913–1970)



Белгилүү тилчи, түрколог, «Манас» эпосун изилдөөчү, академик. Кыргыз тил илиминин өнүгүшүнө, окуу программалары менен окуу китептерин түзүүгө, алардын мазмунун өркүндөтүүгө чоң эмгек сиңирген. 110дон көп илимий иштери жарык көргөн. Алардын ичинен «Кыргыз лексикологиясы» деген монографиясы түрколог-окумуштуулар тарабынан жогору бааланган.

Б. М. Юнусалиев кыргыз адабий тилинин тарыхы, анын калыптанышы жана улуу «Манас» эпосун изилдөө, жарыялоо, башка тилдерге которуу багытында үзүрлүү эмгектенген.

**219.** Синтаксистик талдоо жүргүзгүлө: а) грамматикалык түзүлүшү боюнча; б) жөнөкөй сүйлөмдүн түрү боюнча; в) татаал сүйлөмдүн түрү боюнча.

1. Байыркы кыргыз тилинде Манас сүйлөгөн. Семетей менен Айчүрөк сыр чечишкен. Бул тилде кыргыздардын жомоктору, эпостору жаралган. Токтогул менен Тоголок Молдонун насыят ырлары ырдалган. (*«КТ»*) 2. Эл кайда болсо, биз да ошол жакта болобуз. Мен күүдөн-күчтөн тайган кезде, ал менин жакшылыгымды унутпас. (*К. Б.*) 3. Токтогул кезекти шакиртине бергенде, Атай анын бир катар күүлөрүн аткарды. (*К. К.*)

**220.** Көрсөтүлгөн тартип боюнча орун багыныңкы татаал сүйлөм түзгүлө, анын түзүлүшү жөнүндө айтып бергиле. Багыныңкы сүйлөмдүн дагы кандай түрлөрү бар?

1) … кайда …са + … ошол жерде …
2) … кайдан …са + … ошол жерде …
3) … кайсы жакта …са + … ошол жакта …
4) … каякта …са + … ошол жерде …

Ү л г ү: *Тартип кайда болсо, ошол жерде ийгилик болот.*

**221.** Көчүргүлө. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө. Орун бышыктооч менен орун багыныңкы сүйлөмдүн айырмасы эмнеде?

1. Эмгек бар жерде жылыш бар. Жылыш бар жерде ырыс бар. (*«ЗО»*) 2. Кыз менин калпыма түшүндү окшойт, үнүн чыгарып, күлүп жиберди: – Мен сени менен качкым келет. Кайсы жактан келгениңди билесиңби? Сен кайдан келсен, экөөбүз ошол жакка барабыз. Куткарып кете аласыңбы? (*А. Т.*)



**222.** *-са* мүчөсү менен аяктаган сүйлөмдөр мааниси боюнча багыныңкы сүйлөмдүн кайсы түрү?

1. Көгүчкөн учар, жем чыкса. Көк тулпар чуркар, тер чыкса. (*Калыгул.*) 2. Арыктын көркү болбойт, тал болбосо. Чарбанын көркү болбойт, мал болбосо (*Б. А.*) 3. Баккан ээси жарашса, күйпүл күчүк сак болот. Балаң пайдалуу болсо, аштыгың айдалуу. 4. Кайсы жерде окуу болсо, сени ошол жерге жиберем. (*«КБ»*)

**223.** *-са* мүчөсүн пайдаланып, багыныңкы байланыштагы бир нече татаал сүйлөм түзгүлө. Багыныңкы баш сүйлөмдүн кандай кырдаалын билдиргендигин түшүндүргүлө.

## § 27. ШАРТТУУ БАГЫНЫҢКЫ СҮЙЛӨМ

**Шарттуу багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмдөгү ойдун шартын билдирет.** Э м н е  б о л о т? К а н д а й  б о л г о н д о? Э м н е  б о л б о й? деген суроолорго жооп берет.

Мисалы, ***Сүрөт элге жакса,*** *мен өзүмдү бактылуу деп эсептеймин. (А. Т.)*

Э м н е  б о л с о  мен өзүмдү бактылуу деп эсептеймин? – ***Сүрөт элге жакса*** – шарттуу багыныңкы сүйлөм.

Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу этиштин төмөндөкүдөй мүчөлөрү аркылуу түзүлөт:

1. Шарттуу ыңгайдын **-са** мүчөсү: ***Дыйканчылык көп болсо,*** *жердин гүлү ачылат.* (*Т.*) 2. ***-бай (-ба+й)*** мүчөсү: ***Ынтымак болбой,*** *иш оңолбойт.* (*Мак.*)

**224.** Окугула. Татаал сүйлөмдүн тутумундагы ойдун натыйжасын жана натыйжанын болушу үчүн шартты билдирген сүйлөмдү көрсөткүлө. Алар өз ара кандайча байланышты?

1. Аккан суу[1] түз кете албайт, сай болбосо[2].
Караңгы жарык болбойт, Ай болбосо. (*Б. А.*)

2. Капсалаң болбой[2], жут болбойт,
Кара өзгөй болбой, доо болбойт. (*Калыгул*)

3. Табият мага тил алса,
Жайкы таң болуп сөгүлсөм.
Жер-сууну нурга бөлөнтүп,
Күн болуп, жерге төгүлсөм. (*А. Т.*)

4. Шагылы болбой, зоо болбойт,
Шайыры болбой, эл болбойт. (*Калыгул*)

**225.** Окугула. Баяндоочтору *-са, -бай* мүчөлөрү менен аяктаса, ал багыныңкы сүйлөмдүн кайсы түрү болот? Аларды туура аныктоодо эмнеге көңүл буруу керек: сүйлөмдүн маанисинеби, же баяндоочтун формасынабы, же кандай суроого жооп бергенинеби?

1. Ашуу тез ачылса, бир жумадан кечикпей дыйкандар кош чыгарышат. – Мээнетиң катуу болсо[1], тапканың таттуу болот. 2. Бала жакшы болсо, ал – элдин баласы. – Билим алсаң, урмат-сый алып келет. 3. Малчылар тоодон келе жатышса, алдыларынан жаралуу кийик кезигет. – Сен билимди кайдан алсаң, мен да[3] ошол жактан аламын. 4. Тоскоолдуктар болбой, улуу иштер жаралбайт. – Күн ачылбай, кар кетпейт.

**226.** *-са, -бай* мүчөлөрүн этиштик баяндоочко улап, мезгил жана шарттуу багыныңкы сүйлөм (ар бирине экиден) түзгүлө. Алардын маанисин бири бирине салыштыргыла. Айырмачылыгын аныктагыла.

**227.** Сүйлөмдүн түзүлүшүнө көңүл бургула. Көпчүлүк учурда багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмдүн кайсы жеринде келет? Сүйлөмдүн маанисин туура аныктоодо эмнеге көңүл буруу керек? Төмөнкүлөр багыныңкы сүйлөмдүн кайсы түрү?

| | |
|---|---|
| 1. Асмандан балкып күн тийсе, шооласы жерге төгүлөт. (*Т.*) | (-се) |
| 2. Талант үйгө келсе, бөлмөнүн ичи капкараңгы. | (-се) |
| 3. Көздөгөн ишим ордунан чыкпай, катуу кейидим. | (-па+й) |
| 4. Нурбай карыя келбей, биз бул маселени чече албайбыз[3]. (*К. Б.*) | (-бе+й) |

**228.** Келечектен күткөн ар кандай ой-тилегиңер, үмүтүңөр бар. Аларды жүзөгө ашырыш үчүн кандайдыр бир шарт болуш керек. Ошол кырдаалды шарттуу багыныңкы сүйлөм аркылуу билдирип, чакан аңгеме жазып келгиле.

**229.** Көчүргүлө. Түзүлүшү боюнча кандай сүйлөмдөр бар экендигин аныктагыла. Андан кийин сүйлөм мүчөлөрүнүн астын сызгыла.

1. Айлана көзгө сайса көрүнгүс[3]. 2. Дагы эшик ачылды, чоң сакал Дмитрий үй-бүлөсү менен келди. (*Т. С.*) 3. Кыйкырган Кыргыл кары бар, кыраany Бакай кары бар. (*«Манас»*.) 4. Эгерде басмачынын шеги билинсе[2], ок чыгаргыла. (*А. Т.*) 5. Эгин өз убагында айдалса, аба ырайы түзүк болсо, түшүм мол болот.



**230.** Төмөнкү мүчөлөрдү багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочуна улап, багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөрдү түзгүлө. Багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмдөгү ойдун кандай кырдаалын билдирди?

| | |
|---|---|
| 1) -са | 3) -ба+й |
| 2) -ган+да | 4) -са деп |

Ү л г ү: *Жер бай бол+со, эл да бай болот.* Шарттуу багыныңкы сүйлөм. – *Күн чык+са, жер бети кыймылга келет.* Мезгил багыныңкы сүйлөм.

**231 БК.** Көркөм окугула. Аларда негизги ой эмне жөнүндө болду? Тарбиялык мааниси кандай? Багыныңкы сүйлөмдүн кайсы түрү колдонулду?

1. Ары жок – күлкүчү,
Санаасы жок – уйкучу.
Аюу аманын тилейт,
Акмак жаманын тилейт.

2. Шатыратып күн жааса,
Жерге жагат дечү эле.
Жакшы чыккан азамат
Элин багат дечү эле.
(*Калыгул.*)

3. Ынтымак болсо калкында,
Душманыңдан тартынба.
Айбаты бар жигиттин
Атагы калат артында. (*Т.*)

4. Ак мээнеттин пайдасы
Акыры барып ирденет.
Эрте туруп иш кылсаң,
Элден ишиң бат бүтөт.
(*Ж.*)

5. Жаш экенде бир атка
Конгон жигит жакшы экен.
Калың элдин калкасы
Болгон жигит жакшы экен. (*Б. А.*)

6. Алтындап үйгө кирсе да,
Асмандан жылдыз аралап,
Ай нурун кармап минсе да,
Бактыга тойбойт адамзат. (*А. Т.*)

**232.** Окугула. Татаал сүйлөмдү көрсөткүлө, анын кандай түрлөрү бар? Жөнөкөй сүйлөмдүн айырмасы эмнеде? Мисал келтиргиле.

1. Кең аалам өзүнүн жылдыздары, Айы, Күнү менен сыймыктанса, Жер шары бийик тоолору, океандары менен сыймыктанат. Ошол сыңары, адамзат өзүнүн асыл адамдары менен сыймыктанат. Алардан жаштар үлгү алышат. Ошон үчүн: «Жакшынын аты өчпөсүн, жалпы журт дайым эстесин.

Ай, жылдар учуп өтсө да, арчадай болуп көктөсүн!» – деген ыр саптары жаралса керек. («*КТ*»)

2. Эч кемтик таппайм кымындай,
   Эң сейрек чыккан сулуудай.
   Эргиткен чөккөн көңүлдү
   Эх, чиркин! Кандай сулуу жай! (*Б. С.*)

**233.** Окугула. Жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдү көрсөткүлө, алардын түрлөрүн аныктагыла. Каратма сөз барбы? Анын маанисин түшүндүргүлө.

Ар кандай ишти сулуу иштеген азаматтар болот эмеспи. Субанкул ошондой болчу! Ал бат эле узап кетчү, мен деле орокко белдүү элем, ошентсе да артта калып калам.

– Силер ошондо дайым элдин алды болуп келчү элеңер жумушка, Толгонай.

– Ооба, айланайын дыйкан талаам! Эл тура электе Субанкул экөөбүз ээрчишип кетчүбүз. Биз ээрчишип келе жатканда, дүйнө башкача көрүнүп, башкача сезиле турган. (*Ч. А.*)

## § 28. КАРАМА-КАРШЫ БАГЫНЫҢКЫ СҮЙЛӨМ

**Багыныңкы сүйлөмдүн бул түрүндө баш жана багыныңкы сүйлөмдөр бири бирине каршы мааниде колдонулат.** Э м н е б о л с о д а? Э м н е б о л г о н у м е н е н? Э м н е б о л г о н у б о л б о с о? К а н т с е д а? деген суроолорго жооп берет.

Мисалы, ***Эл уйкуга кирсе да,*** *электр шамы жаркырап күйүп турат.* – Э м н е б о л с о д а электр шамы жаркырап күйүп турат? – *Эл уйкуга кирсе да* – карама-каршы багыныңкы сүйлөм.

Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу төмөнкүдөй мүчөлөр менен аяктайт:

1. Шарттуу ыңгайдын **-са** мүчөсү, кээде ага *да, дагы, деле* байламталары кошулуп айтылат: ***Күн төбөдөн эчак өөсо да,*** *анын ысыгы али кайта элек.* (*К. Б.*)

2. **-ган** түрүндөгү атоочтук мүчөгө *менен* деген жандооч кошулуп айтылат: ***Мен көзүмдү жумган менен,*** *өткөн күндөр көз алдымда тартылып турду.* (*К. Ж.*)

3. **-ба+сын** мүчөсү: ***Кандай кыйынчылык алдыга келбесин,*** *биз аны жеңип чыгабыз.* (*Т. С.*)



**234.** Окугула. Татаал сүйлөмдүн кандай түрлөрү бар? Багыныңкы баш сүйлөмдүн кандай кырдаалын билдирди? Сүйлөмдүн грамматикалык негизин сүйлөмдүн кайсы мүчөлөрү түзөт?

1. Жашыңыз жаш көрүнсө да[3], сөзүңүз көптү көргөн кишиникиндей. Биз илгерки кишилерден болбосок да, күн санап өсүп бара жаткан жаштарданбыз. Демек, сиз менен пикир алышып, тажрыйбаны талкуулашып, баштан өткөн кыйынчылыктарды айтышсак.

Албетте[3], мен өзүмдүн башыман өткөргөн кыйынчылыктарды айтайын. Алар айтууга жеңил, угууга оор. Менин жашым ушул жылдын күзүндө жыйырма бирге толот. Жашым жаш болсо да, өз башымдан далай кыйынчылыктарды өткөрдүм. Менин[2] ата-энемдин оокаты жармач болгондуктан, жайлоого чыгууну алар билишкен эмес экен.

Мен бой тартып калган кезде, атамдын малы жок болсо да, кадырлап салам айтуучулар көбөйө баштады. Ошентип, жуучулар ойдон да келет, кырдан да келет. (*К. Ж.*)

**235.** Окугула, *-са* мүчөсү аркылуу байланышкан багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөрдү тапкыла. Багыныңкы баш сүйлөмдүн кандай кырдаалын билдирди? Тең жана багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөрдүн айырмасын түшүндүргүлө.

1. Атадан жакшы туулса, элинин камын көрөр. Атадан жаман туулса, элинин малын жээр. (*Мак.*) 2. Анча-мынчасы ооздон-оозго өткөн элдик жомок болсо да, биз үчүн анын баары – сүттөн ак чындык. (*Ч. А.*) 3. Пётр Кузьмич тирүү болсо[2], ал кишини Сабыр «мөмө тоюна» атайлап чакырат эле. (*Т. С.*) 4. Пахтаны жакшы баксаңыз, ал сиздин акыңызды жебейт. (*Т. У.*) 5. Мен ыраазымын, эгер мунуң чын болсо. (*Н. Б.*) 6. Мүнүшкөр мыкты таптаса, бүркүттүн көркү алганда. (*Мак.*)

7. Жанында өлүм турса[2] да,
   Жалантып кылыч сунса да,
   Жабыгып жүрөк кансырап,
   Ирмелбей көзү тунса да,
   Үмүткө тойбойт адамзат. (*А. Т.*)

**236.** Схема боюнча карама-каршы багыныңкылуу татаал сүйлөм түзгүлө. Жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ортосундагы маанилик катышты түшүндүргүлө.

Бол → со да / со дагы / со деле / гон менен / гону менен

**237.** Карама-каршы багыныңкы сүйлөмдөрдүн баяндоочтору кандай формада түзүлгөнүн жазып көрсөткүлө. Багыныңкы сүйлөмдөрдүн айырмачылыгы эмнеде: түзүлүшүндөбү же маанисиндеби?

1. Мүнөзү катуу болсо да, ал адилеттүү адам эле.
2. Мүнөзү катуу болсо дагы, ал адилеттүү адам эле.
3. Мүнөзү катуу болсо деле, ал адилеттүү адам эле.
4. Мүнөзү катуу болгон менен, ал адилеттүү адам эле.
5. Мүнөзү катуу болгону менен, ал адилеттүү адам эле.

**238.** Көчүргүлө. Калтырылып кеткен тыныш белгилерди өз ордуна коюп, анын эмне үчүн коюлганын түшүндүргүлө. Сүйлөмгө грамматикалык түзүлүшү жана сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө. Сүйлөм мүчөлөрү кайсы сөз түркүмүнөн болду?

1. Канча жаным кыйналса кардыгып калбайт добушум. (*Т.*) 2. Атом менен космостун доору болсо да Дүйшөн сыяктуу биринчи мугалимдер дале биздин катарыбызда. 3. Мен өзүм жүк ташуучу болгонум менен аткара турган милдетим башкача. 4. Чоң-Төрдү булут каптап турганы болбосо аба ырайында өзгөрүү жок. 5. Бекендин сөзү катуу тийсе да Садыр унчукпай тура берди. (*Ш. Б.*)

**239.** Сүйлөмдүн грамматикалык түзүлүшүн бири бирине салыштыргыла. Татаал сүйлөмдүн түрлөрүн аныктагыла. Алардын ортосунда кандай окшоштуктар бар? Айырмачылыгы эмнеде? Түшүндүргүлө.

| | |
|---|---|
| 1. Мына эми мен бир топ тажрыйбалуу болдум, ошондо да кээде тарткандарым ойдогудай болбой калат. | Мына эми мен бир топ тажрыйбалуу болсом дагы, кээде тарткандарым ойдогудай болбой калат. |
| 2. Бул – адамдын ачуусу келе турган жорук, бирок Данияр таарынчу эмес. (*Ч. А.*) | Бул адамдын ачуусу келе турган жорук болгону менен, Данияр таарынчу эмес. |
| 3. Эгерде ким эмгектен көрүнгүсү келсе, ал кыйынчылыктан коркпоого тийиш. («*КТ*») | Эмгектен көрүнгүм келет, ошондуктан кыйынчылыктан коркпоймун. |

**240.** Баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдү көрсөткүлө. Багыныңкы сүйлөмдүн кайсы түрү бар? Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдү тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн маанисинде колдонууга болобу? Эгерде болсо, сүйлөмдү ондоп түзгүлө, алардын ортосундагы айырмачылыкты далилдегиле.



1. Кумурсканын өзү кичине болсо да, кайраты тоо аңтарат. (*Мак.*) 2. Ал уктабаса, эне да уктабайт. 3. Кычандын жүрөгүн түпөйүл басканы болбосо, көңүлү сергек. (*Ш. Б.*) 4. Жемиш бөтөнчө сонун чыкканы менен, Ашымакундун тилеги ордунан чыккан жок. (*А. Т.*)

**241.** Орун, шарттуу жана карама-каршы багыныңкы сүйлөмдөрдүн ар бирине экиден сүйлөм түзгүлө. Алардын грамматикалык түзүлүшүн жана айырмачылыктарын түшүндүргүлө.

**242.** Сүйлөмдүн аягына коюлган тыныш белгиге карай текстти көркөм окугула. Тыныш белгилердин эмне үчүн коюлганын түшүндүргүлө. Сүйлөмдө кандай сезимдер көрсөтүлдү?

– Башыңды өйдө[1] көтөр, Толгонай. Кайрат кыл.

– Жарайт, андан башка чарам барбы? Эсиңдеби, айланайын туулган жер, ошол күнкү?!

– Мен эчтекени унутпаймын, Толгонай. Сенин да баштан өткөргөн тагдырың жүрөгүмдө. Сүйлөй бер, бүгүн кулак сенде.

– Ох, эмнени айтайын! Бүгүн менин сыйынуу күнүм. Бүгүн менин Субанкулду, Касымды, Майсалбекти, Жайнакты, Алимандарды эстеген күнүм. Мен аларды өлөр-өлгөнчө унутпаймын! Кезеги келгенде Жанболотко түшүндүрүп айтып берем. Эси болсо, түшүнөр... (*Ч. А.*)

**243. БК.** Тексттин мазмуну менен таанышкыла. Андагы негизги ой эмне жөнүндө болду? Негизги ойду далилдөө үчүн кандай мисалдар колдонулду? Мында жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдүн кайсы түрлөрү бар? Акылдуулук дегенди сен кандай түшүнөсүң?

## АКЫЛ КАРАЧАЧ

Өткөн заманда өзү чечен, сөзү бекем Жээренче Чечен деген киши болгон экен. Бир күнү келе жатып, бир топ келин-кыздардын отун көтөрүп келе жатканын көрөт. Ал аңгыча күн жаайт. Ошентип, келин-кыздардын баары музоосун эмизип, отунун таштап, үйүн көздөй чуркап кетишти.

Бир кыз, музоосун эмизбей кармап, отунун чапаны менен жаап, өзү отундун далдасына отуруп калды. Жээренче Чечен кыздын жанына келип:

– Ээ, балам, тиги кыздар жүгүргөн бойдон үйлөрүнө кетти, сен эмне үчүн отуруп калдың? – деди.

Кыз: – Ээ, ата, ал кыздардын төрт зыяны бар. Менин бир зыяным, үч пайдам бар, – деди.

Жээренче Чечен кыздын пайдасын сурап калды:

Кыз: – Музоом эмген жок, отунум кургак калды, өзүм суу болгон жокмун. Бул үч пайдам. Чапаным суу болду, бир зыяным – ушул. Кыздардын музоосу эмди, отуну суу болду, кийими да суу болду. Музоону эмиздин деп, кыздарын энеси урат. Ошентип, качып кеткен кыздардын төрт зыяны бар.

Бул кыздын айткан сөзүнө Жээренче Чечен ыраазы болду. Ошол убактан ушул күнгө чейин Акыл Карачач деген ат эл оозунда сакталып калган экен. (*«Жомок»*)

## § 29. СЫПАТ БАГЫНЫҢКЫ СҮЙЛӨМ

**Сыпат багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмдөгү ойдун ар кандай сыпатын билдирет.** К а н т и п? К а н д а й ч а? деген суроолорго жооп берет.

Мисалы, ***Кулжадай көзү кызарып,*** *болжоосуз кулук Тайтору болбой чуркап алыптыр.* (*«Семетей»*) – К а н т и п? – *Кулжадай көзү кызарып* – сыпат багыныңкы сүйлөм.

Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу төмөнкүдөй мүчөлөр менен аяктайт:

1. ***-ып, -бай: Нурматтын кара чаар өңү сурданып***, *заардуу сөздөрү чыга баштады.* (*К. Ж.*) К а н т и п? *Нурматтын кара чаар өңү сурданып* – сыпат багыныңкы сүйлөм.

2. ***-гансып (ган+сы+ып): Ортобузда эч нерсе болбогонсуп,*** *Данияр мурдагыдай эле бир сырдуу, токтоо.* (*Ч. А.*) – К а н т и п? – *Ортобузда эч нерсе болбогонсуп* – сыпат багыныңкы сүйлөм.

**244.** Окугула. Татаал сүйлөмдүн тутумундагы баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдү көрсөткүлө. Багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмдүн кандай кырдаалын билдирди? Кандай суроого жооп берди? Баяндоочу кандай мүчөлөр менен аяктады?

Күн тийбес тамда жатамын,
Күч кетип, эс ооп, алсырап.
Козголор менде дарман жок,
Кол-бутта кишен шалдырап.
Мурутум-чачым алынбай,
Мусапыр болдум момундай. (*Т.*)

**245.** Көчүргүлө. Сыпат багыныңкы сүйлөмдөрдү таап, ага сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө. Ал баш сүйлөм менен кандайча байланышты.



1. Зоолору күмүш кымкап жамынгансып, Алай тоолору асман тирейт. (*К. Ж.*) 2. Өз төшүн өзү жара муштап, эр болбойт. 3. Кубанычы койнуна батпай, Зарыл сыймыктанып келе жатыптыр. (*Т. С.*) 4. Эрте айдалган эгиндер сеңселип, кеч айдалган айдоолор көк майсандан көйнөк кийгенсип, айдоо аянты көзгө жакшы көрүнөт. (*К. Ж.*)

Ү л г ү: К а н т и п *Алай тоолору асман тирейт? – зоолору күмүш кымкап жамынгансып* – сыпат багыныңкы сүйлөм; э м н е болгонсуп? – *жамынгансып* – баяндооч; э м н е л е р и? – *Алай тоолору* – ээ; э м н е *жамынгансып? – кымкап* – толуктооч; к а н д а й кымкап? – *күмүш* – аныктооч; баш сүйлөм менен *-гансып* мүчөлөрү аркылуу байланышты.

**246.** Чакчыл түрмөк катышкан жөнөкөй сүйлөмдү жана сыпат багыныңкы сүйлөмдү өз-өзүнчө ажыраткыла. Салыштыргыла. Алардын ортосунда кандай айырмачылык бар?

1. Агасын көрүп[2], ини өсөт. Эжесин көрүп, синди өсөт. (*Мак.*) 2. Кош кубаныч жүрөгүн туйлатып[2], Кычан далайга чейин уктаган жок. (*Ш. Б.*) 3. Жапар, башын көтөрүп[2], балдарды карады. – Көл тынчыйт, толкундары тарап-тарап. (*А. О.*) 4. Өз ара сүйлөшпөй, кыз-келиндер кызуу иштеп жатышты. – Ар кимиси өз ара сүйлөшпөй[2], кыз-келиндер кызуу иштеп жатышты. 5. Камчыны сүйрөй, жайбаракат бастым. – Муңайып жүрөм Сибирде, бошонор күнүм табылбай. (*Т.*) 6. Алда кандай бир укмуш болуп жаткандай, айыл ичи ызы-чуу. (*К. Ж.*) – Жамгыр болбой, дан болбойт. (*«КБ»*)

**247.** Көчүргүлө. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө. Ал түзүлүшү боюнча сүйлөмдүн кайсы түрү? *-ып* мүчөсү менен аяктаган сөз тизмегинин синтаксистик кызматын аныктагыла.

1. Бектурган, баланы өзүнө тартып, эки бетинен эки өптү. (*А. Т.*) – Көңүлүм айдай ачылып, жүрөгүм толкуп кубанат. (*Р. Ш.*) 2. Катуу кыйкырыкты угуп, Бектурган токтой калды. (*А. Т.*) – Бүткүл аалам кызара түшүп, эң эле зор кочкул жалын асманды көздөй көтөрүлдү. (*«КТ»*) Бул күү, делебе козгоп, кайрат берүүдө. – Алыстан зоо жаңырып, укмуштуу добуш угулат. (*«КБ»*)

**248.** Көчүргүлө. Сүйлөмдүн мүчөлөрүнүн астын сызып, *-ып* мүчөсү менен келген сөз тизмегинин синтаксистик кызматын аныктагыла: өзүнчө сүйлөмбү же сүйлөм мүчөсүбү? Түшүндүргүлө.

1. Көздөрү чырактай жайнап, жүзүнөн нур төгүлөт. Күн, өрттөнгөн немедей кыпкызыл болуп, батууга жакындады. 2. Улуу кубанычы жүрөгүн тол-

кутуп, Кымкап кары байыркы колун мөмөгө карай создү. (*Т. С.*) – Ысман, бөбөгүн көкөлөтө көтөрүп, өпкүлөп жиберди. 3. Кыш айы келип, бүткүл жер жүзү аппак. – Ал, арабадан ыргып түшүп, Бектурганга карай чуркады. (*А. Т.*)

Ү л г ү: *Көздөрү чырактай жайнап, жүзүнөн нур төгүлөт.* К а н т и п? – *көздөрү чырактай жайнап* – сыпат багыныңкы сүйлөм; *-ып* мүчөсү менен аяктады, өзүнө тиешелүү *көздөрү* деген ээси бар.

**249.** Көчүргүлө. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө, *-ып* мүчөсү уланган сөз же сөз тизмеги сүйлөмдүн кайсы мүчөсү болду же өзүнчө сүйлөмбү?

1. – Балам, балдар кайда чыгып кетишти? 2. Алачыктын ары жагында тунук суу шылдырап агып жатат. 3. Метрейдин уулун көрүп, Бектурган чочуп кетти. (*А. Т.*) 4. Кайың ыйлап, тал ыйлап, калың журттун баары ыйлап. (*«Манас»*)

**250.** Окугула. Чакчыл түрмөктү тапкыла, алардын синтаксистик кызматын аныктагыла. Түзүлүшү боюнча кандай сүйлөмдөр бар?

1. Түн ... Жаратылыштагы нерселердин баары, салкын абага көшүлүп, уйкуда. Акырын басып, Ажар үйдөн чыкты. Ушул кезде, алтын бууга боёлуп, чыгыш жактан Ай көтөрүлдү. (*К. Б.*) 2. Айтике, көнөчөгүн коё коюп, дубалга сүйөнүп, баланы карап, отура калды. (*А. Т.*) 3. Майрык, уйпаланган эски тебетейин баса кийип, кара чепкенин ак жоолук менен курчанып, үңүрөйгөн көзүн үлүндөтүп, ичке куркуйгап мойнун көтөрүп, Керездин жанына басып келди. (*Ш. Б.*) 4. Аккуласын алкынтып, кырк чоросун жулкунтуп, ак асаба кызыл туусун кармап, айгайланган ызы-чуусун салып, Манас баатыр келе жаткансыйт. (*К. Ж.*)

**251.** Көчүрүп жазып тыныш белгилерин койгула. Эмне үчүн коюлганын түшүндүргүлө? Андан кийин багыныңкы сүйлөмдөрдү тапкыла, алар баш сүйлөмдөгү ойдун кандай кырдаалын билдирди?

1. Ошентип // кар калың түшсө // кычыраган аяздар болот. 2. Ардактуу балдар // сабактарды жакшы өздөштүрүүгө аракеттенгиле. (*«КБ»*) 3. Алиман сүйлөп бүткөндө // биз көпкө унчукпай отурдук. (*Ч. А.*) 4. Каалга шарт ачылып // Сатар кирип келди. 5. Тууган күйдүрүп айтат // душман сүйдүрүп айтат. (*Мак.*) 6. Камка кары // эки колун артына алып // козголбой отура берди. (*Т. С.*)



**252.** Кайсы сүйлөмдө *-ып* формасындагы сөз тизмеги, негизги кыймыл-аракетти айкындап, бышыктооч; кайсынысында баш сүйлөмдү айкындап, сыпат багыныңкы сүйлөм болду?

1. Койнун ачып, кучагын жайып, Боом капчыгайы көрүндү. – Жапар менен Жамийла келип, Уулжандын санаасы тынды. (*К. Б.*) 2. Алимандын мамилесине ыраазы болуп, ичим жылыды. – Касымдын комбайны эгин чаап, талаа дан жыттанып жатты. (*Ч. А.*) 3. Колун өйдө көтөрүп, Манап ордунан турду. – Гүлдөр жайнап, булбул сайрап турган убак. (*«КМ»*)

**253.** Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө. Түзүлүшү боюнча булар кандай сүйлөмдөр?

1. Дуу жарылган күлкүгө суу да дуу жарылып, күмүштөй чачырандылар бүркүлдү. Уялганына чыдабай, балдар кыпкызыл болуп кетишти. (*«КБ»*) 2. Бектурган, суудан өтүүгө даярданып, этегин белине кыстарып, таягын алып, кечүүнүн маңдайына барды. (*А. Т.*) 3. Баланы колуна алып, Айымбүбү эне отура калды. (*«А»*)

**254. БК.** Тексттин мазмуну менен таанышкыла. Андан кийин текстте баяндалган негизги ойду аныктагыла. Тилдик каражаттардын колдонулушун талдагыла: Сүйлөмдүн кайсы түрлөрү бар? Алар өз ара кандайча байланышты? Текст кайсы чыгармадан? Анын автору ким?

## АТАДАН КАЛГАН ТУЯК

Күндөрдүн биринде айылга көчмө кино келип калса болобу. Аны элден мурда Абалбек көрүп, өпкөсү жарылып кете жаздады: «Кино келди!.. Кино келди!» – деп кыркынчыларга кабар салды.

Кино согуш жөнүндө экен. Бомбалар жарылып, замбиректер тарсылдап, кара жер сапырылып жатты... Мына согуш деп ушуну айт! Мына согуш десе!

Замбирекчилер жети-сегиз адам экен. Арасында кебете-ирени кыргызга окшогон бирөө экранда улам көрсөтүлүп, көзгө жылуу учурай берди. «Атам экен» деп бала эч убакта ойлобос беле, мындай ишти капарына да албас беле... Баарын энеси жасады.

– Тетиги сенин атаң, – деп койду ал бир убакта, баланын кулагына шыбырап. Ушундан баштап жанагы замбирекчи Абалбектин атасы болду да калды.

Замбиректин жанында эки эле киши калды: Абалбектин атасы, дагы бир жоокер. Абалбектин атасы теңселип, жерден зорго турду. Жакындап

келе жаткан танканы көздөй, гранатаны колго алып, ал тайманбай бет алды. Гранатаны шилтөөгө камданып, бир оокумга, кулачын кере, туруп калды. Дал ошол учурда пулемёттун оозунан ок төгүлүп, Абалбектин атасы кыйган теректей сулады.

Бир маалда кимдир бирөөнүн кыйкырыгы тынчтыкты жарды:

– Балдар!.. Менин[1] атамды көрдүңөрбү?! Ал менин атам болчу! Көрдүңөрбү, менин[2] атам!..

Кишилер, эмне болуп кеткенин аңдабай, айран-таң болушту. Өмүрү атасын көрбөгөн балага бул учур анын атасы бар экенин далилдеген окуя эле.

Ошондо балдардын бири чындыкты бетке айтты:

– Ал сенин атаң эмес. Эмнеге кыйкырасың? Ал – артист.

Иштин жайын билген эстүү-баштуулар атасыз баланын жасап алган таттуу да, ачуу да алданмасын бүлдүргүлөрү келишпеди. (*Ч. А.*)

## § 30. САЛЫШТЫРМА БАГЫНЫҢКЫ СҮЙЛӨМ

**Салыштырма багыныңкы сүйлөмдө баш сүйлөмдөгү ой салыштыруу маанисинде колдонулат.** К а н д а й? Э м н е б о л г о н с ы я к т у у? Э м н е б о л г о н д о н б е т е р? деген суроолорго жооп берет.

Мисалы, ***Килем төшөп койгондой,*** *жер бети түркүн гүлдөр менен коовдолгон.* – К а н д а й? – *Килем төшөп койгондой* – салыштырма багыныңкы сүйлөм.

Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу төмөнкүдөй мүчөлөрдөн түзүлөт:

1. Атоочтуктун ***-ган*** формасына ***-дай*** мүчөсү уланат же жандоочтор (*сыңары, сыяктуу, бетер, шекилдүү* ж. б.) кошулуп айтылат: ***Майрам болуп жаткан сыяктуу,*** *туш-туштан музыка жаңырат.*

2. Шарттуу ыңгайдын ***-са*** мүчөсү жана ***кандай*** деген сөз, ал эми баш сүйлөмгө *ошондой* деген сөз кошулуп айтылат: ***Уста кандай болсо,*** *устаттык* ***ошондой*** *болот.* (*Мак.*)

**255.** Окугула. Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдү көрсөткүлө. Анын тутумунда салыштырма багыныңкы сүйлөм барбы? Ал баш сүйлөмдүн кандай кырдаалын билдирди.

1. Ийилип турган розанын гүлү кандай болсо, бул келин да ошондой. Ачык-айрымдыгы түштүктүн аялдарына окшобосо да, кыйылган эки каштын ортосундагы билинер-билинбес болуп салынган кал бул келиндин түштүк аялдарынан экендигине күбө болуп турат. (*К. Ж.*)



2. Жаш жарын бозой тоскондой,
Жадырап аппак таң атты. (*Ж. Б.*)

3. Улууларды кандай сыйласаң, кичүүлөрдөн ошондой сый көрөсүң. 4. Атаэнеңе кандай мамиле жасасаң, балдарыңдан ошондой мамилени күтө бер. 5. Энеден сүт ич, акылмандан акыл ич. (*Мак.*)

**256.** Баяндоочу *-са* мүчөсү менен аяктагандар багыныңкы сүйлөмдүн кайсы түрү? Мааниси жана грамматикалык түзүлүшү боюнча аларды бири бирине салыштыргыла. Кандай айырмачылыгы бар?

1. Табигат, тагдыр тил алса, мөл булак болуп ойносом. (*А. Т.*) 2. Адам канчалык акылдуу болсо, башкалардын жакшы жагын ошончолук тез көрүүгө тийиш. 3. Жолдошуң жаман болсо, алыс жолго түн катпа. (*Мак.*) 4. Биз дагы, эгин сээп, кырман бастырсак, бак-таалай деген – ошол. (*Ч. А.*)

5. Күн болбосо[2], Жер да болбос, Ай болбос.
Ай болбосо[2], турмуш көркү шай болбос. (*А. О.*)

6. Биз шаарга келсек, шаардын ичи майрамдагыдай коовдолгон. 7. Жаман жолдоштун таасири кандай болсо, жаман китептин таасири ошондой. (*«А»*)

**257.** Окугула. Салыштырма багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу кандай формада түзүлгөнүн эсиңерде сактагыла, алардын мааниси өзгөрдүбү? Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө.

Күн жылуулугун чачкандай, жер бети көшүлөт.
Күн жылуулугун чачкандан бетер, жер бети көшүлөт.
Күн жылуулугун чачкан шекилдүү, жер бети көшүлөт.
Күн жылуулугун чачкан сыяктуу, жер бети көшүлөт.
Күн жылуулугун чачкан сыңары, жер бети көшүлөт.

**258.** Өзүңөр жашаган айылдын көрүнүшүнүн бир учурун сүрөттөп жазып келгиле. Сүрөттөөдө салыштырма багыныңкы сүйлөмдү колдонууга аракеттенгиле.

**259.** Мисалдарга анын грамматикалык түзүлүшү (жөнөкөй сүйлөм жана анын түрлөрү; татаал сүйлөм жана анын түрлөрү) боюнча талдоо жүргүзгүлө. Багыныңкы сүйлөмдүн маанисин аныктагыла.

1. Кимде-ким зымырык кушту тапса, мен ага байлыгымдын жарымын беремин. 2. Ак пейилдүү азамат адамга кылбайт кыянат. (*Т.*) 3. Күн жаап тургандай, оттун учкуну жерге жалбырттап түшүп турду. 4. Жолдошу шайыр болсо, жолоочунун кумары канат. (*К. Б.*) 5. Суунун үстүнө жааган мөндүр кандай болсо, Чолпонбайларга каршы атылган октор так ошондой эле. (*К. Ж.*) 6. Кыш... Суук катуу. Ак кар... Көк муз. Жол жүрүп баратабыз. (*«А»*)

**260.** Мааниси жагынан ылайык келүүчү сүйлөмдү ойлоп тапкыла да, көп чекиттин ордуна коюп, багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм түзгүлө. Ойлоп тапкан сүйлөмүңөр багыныңкы сүйлөмдүн кайсы түрү болду?

1. ... Соке абышка туталана түштү. 2. ... Бектурган сүйүнүп кетти. 3. ... душманга моюн суна албайм. 4. ... жанында Бугу эне турат. 5. ... Каныбек издеп кеткен Самсахун да келди.

**261.** Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзүп, татаал сүйлөмдүн кайсы түрү бар экенин жана анын бөлүктөрү жөнөкөйдүн кайсы түрүнөн (эки тутумдуу, бир тутумдуу) түзүлгөнүн түшүндүргүлө.

1. Жолой Каныбекке акыл айтты: – Каныбек балам, жаш экенсиң, айткан сөзүңдүн көбү олуттуу. Мен сыяктуу өз башыңдын камын ойлобо, элдин тагдырын ойло. Кишини кандай сыйласаң, алардан ошондой сый көрөсүң. (*К. Ж.*) 2. Тоого чыккан адам алысты көргөндөй, окуган адам дүйнөнү кең тааныйт. (*Т. С.*) 3. Жаш жарын бозой тоскондой, жадырап аппак таң атты. (*Ж. Б.*)

Ү л г ү: *Каныбек балам, жаш экенсиң, айткан сөзүңдүн көбү олуттуу.* – Тең байланыштагы татаал сүйлөм; 1) *жаш экенсиң* (к а н д а й экенсиң?) – баяндооч; *Каныбек балам* – каратма сөз, сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткара албайт; бир тутумдуу сүйлөм; 2) *айткан сөзүңдүн көбү олуттуу* – к а н д а й? – *олуттуу* – баяндооч; көбү (к а н ч а с ы?) – ээ; *айткан сөзүңдүн* (э м н е н д и н?) аныктооч; эки тутумдуу.

**262.** Интонацияны сактап, текстти көркөм окугула. Тыныш белгилеринин эмне үчүн коюлганын түшүндүргүлө.

Жаным апа, тур! Жетим[4] тайлактай боздоп, жетимсиреп жалгызың келип отурат. Жалгызыңдын сөзүн ук, ая!

Жалгызың, бүгүндөн баштап, ата-бабасы[2] тааныбаган бөтөн журттун бирөөнө[2] башы байланганы, ага сатылганы жатат. Андан куткар, ал азапты көрсөтпө, койнуңа ал!..

Жасаган ай, мунуң эмне?[4] Анык бар болсоң, мени эмне көрбөдүң! Кантейин!..[4] Эң болбогондо, теңтуш болсо, жаттыгына карабай, «мейли» деп коёт элем. Бирок ал маркум атамдан да карыган киши экен. Кантип аны өмүрлүк жолдош кылам? Андан канткенде кутулам!

Айт, апа! Мага айла тап... Менин сенден башка барар жерим, таянар тоом калбай калды. Бирок сен, апа, жоксуң... Түбөлүк уйкуда жатасың... (*К. Б.*)



**263.** Татаал сүйлөмдөрдү таап көчүргүлө. Калтырып кеткен үтүр белгисин койгула, анын эмне үчүн коюлганын айтып бергиле. Мында татаал сүйлөмдүн кайсы түрү колдонулду?

1. Бектурган Ысман келгенде ордунан турууга аракет кылды. Бирок муундары калтырап бели бөкчөйүп тамырлары үзүлүп кетчүдөй болду.

– Сиз азыр баса албайсыз, атаке, – деп Ысман жылмайды.

Ошентип, чаалыкканын билгизбей, Ысман атасын көтөрүп жүрүп отурду.

Мына, арабанын шалдыраганы угулгансыйт ырайымдуу кишилер болгой эле. Бектурган арабадан үмүт кылган жок бирок баласынын көңүлүн кыйбады. Ал аңгыча арабалар жетип да келишти.

– Ой, сен кимсиң?

– Биз турпанчыбыз, айланайындар! Карыган атам оору эле көтөрүп келе жатам, – деди Ысман. (*А. Т.*)

**264.** Окугула. Татаал сүйлөмдүн түрлөрүн аныктагыла, аларга коюлган тыныш белгилерди түшүндүргүлө.

1. Жаңылбаган адам болбойт, бирок[3] акмак адам гана жаңылышын мойнуна албайт. 2. Баланды жалкоолукка үйрөтпөгүн, жашоодо белен оокат табылбастыр. (*«ЗО»*) 3. Бектурган бүгүн бактылуу: эки уулу бала-бакырасы менен кашында, алар ойноп-күлүп отурушат. (*А. Т.*) 4. Динар колундагы китебин жолдошторуна берди да, өзү койлорду тосууга чуркады. (*Т. С.*) Токтогул, күн айылга нурун төккөндө, жөнөп кетти. (*Ж. Б.*)

**265.** Окугула. Татаал сүйлөмдүн кайсы түрү бар? Түзүлүшү боюнча алардын айырмасы эмнеде? Түшүндүргүлө.

1. Ак ниет адамга асылгандар көп болот, бирок абийирин эч ким ача албайт. 2. Күн асмандын көркү болсо, абийир – адамдын көркү. (*Мак.*) 3. Адам баласы жакшы нерсени жаратканы үчүн кандай кубанса, ал жакшы нерсени көргөнү үчүн да ошондой кубанат. (*«КТ»*) 4. Алыстагы Теңир-Тоо кандай мемиресе, андан берки Ысык-Көл да ошондой мемирейт. 5. Айыл өзгөргөн: жаңы мектеп салынган, айдоо аянттары көбөйүптүр, төлгө төл кошулуптур. 6. Биздин классташтар, экзамен бүткөнчө, курбуларын күтүп турушту. (*«КБ»*)

**266.** Төмөндө багыныңкы сүйлөмдөр берилди. Аларды ушул түрүндө окуганда ой жыйынтыктуу болдубу? Анда эмесе, ой түшүнүктүү болсун үчүн баш сүйлөмдөрдү ойлоп таап, көп чекиттин ордуна жазгыла. Баш жана багыныңкы сүйлөмдөр жөнүндө айтып бергиле.

1. Эгерде комузчу болгудай шыгың болсо ... 2. Жаз айы келгенде ... 3. Кыш канчалык катуу болсо да... 4. Килем төшөп койгондой ... 5. Жамгыр күчөгөндөн күчөп ... 6. Жеңиш майрамы келгенче ...

**267.** Текстти көркөм окугула. Анда түзүлүшү боюнча кандай сүйлөмдөр бар? Сүйлөм мүчөлөрүнүн орун тартибинин өзгөчөлүгүнө көңүл бургула.

Буркурап ыйлап жиберип,
Асыл энең Каныкей
Дүрбү салып турду эле.
Тайторуга көз салса,
Жетим мойнок жонунда,
Келе жатат бууданым,
Темиркандын үч атынын соңунда.

Аркардай арыш узарып,
Кулжадай көзү кызарып,
Келе жатат Тайтору
Учкан куш менен жарышып.

Ошол кезде Семетей,
«Манастап» ураан чакырып,
Тайторудай бууданды
Букара сүрөп калды эми.

Манастап ураан чакырып.
Калаалуу Букар шаарына
Тайтору чыгып барды эми!

(*«Семетей»*)

## § 31. СЕБЕП БАГЫНЫҢКЫ СҮЙЛӨМ

**Себеп багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмдөгү ойдун себебин билдирет.** Э м н е  ү ч ү н? Э м н е  с е б е п т е н? Э м н е л и к т е н? деген суроолорго жооп берет.

Мисалы, ***Ашуу бек болгондуктан,*** *Жолой Кашкарды көздөй бет алды.* (*К. Ж.*) Э м н е үчүн Жолой Кашкарды көздөй бет алды? – *ашуу бек болгондуктан* – себеп багыныңкы сүйлөм.



Себеп багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу төмөнкүдөй мүчөлөр менен аяктайт:

1. Атоочтуктун *-ган* мүчөсүнө ***-дыктан*** мүчөсү уланат: ***Кар жаап тургандыктан,*** *мал короодон чыккан жок.*

2. ***-ган, -ганы*** түрүндөгү атоочтуктарга *себептүү, үчүн* ж. б. жандоочтор кошулуп айтылат: ***Күн жылыган себептүү,*** *жаз эрте келди.*

3. Этиштин терс түрү жана чакчыл мүчө: ***-ба+й, -ып: Аба ырайы бир калыпта турбай,*** *суук күчөй берди.*

**268.** Көчүрүп жазгыла. Татаал сүйлөмдөрдүн тутумундагы себеп багыныңкы сүйлөмдү таап, үтүр менен ажыраткыла. Ал баш сүйлөм менен кандайча байланышты? Түшүндүргүлө.

1. Ай жарык тийгендиктен айлана дапдаана көрүнөт[4]. (*К. Б.*) 2. Арзымат бай-манаптарды мактап ырдаган үчүн Токтогул аны жакшы көргөн эмес. (*Ж. Б.*) 3. Матай ордунан турбай койгон себептүү Айдар эшикке чыгып кетти. (*С. С.*) 4. Көл бети мелтиреп жаткан үчүн[3] шырп эткен балыктын дабышы алда кайдан угулуп турду. 5. Айдалган аңыз куру калып үрөн себилбей жүрөгүм кансырап жатты. (*Ч. А.*)

**269.** Окугула. Баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдүн сүйлөмдөгү орун тартибине көңүл бургула. Багыныңкы сүйлөмдөрдүн баяндоочунун түзүлүшүндө кандай жалпылык бар?

| | |
|---|---|
| 1. Саякат[1] аяктагандыктан, биз өзүбүздүн айлыбызга кайттык. | -ган+дыктан |
| 2. Саякат аяктаган үчүн, биз өзүбүздүн айлыбызга кайттык. | -ган үчүн |
| 3. Саякат аяктаган себептүү, биз өзүбүздүн айлыбызга кайттык. | -ган себептүү |

**270.** Көп чекиттин ордуна тиешелүү мүчөлөрдү (*-дыктан, -ып, -бай*) коюп, же жандоочторду (*үчүн, себептүү*) кошуп жазып, багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм түзгүлө. Ал баш сүйлөмдүн кандай кырдаалын билдирди?

1. Жаан басыл..., биз жолго чыкпай калдык. 2. Кышында кар калың болгон..., быйыл эгин мол болду. 3. Беш тогол өт..., жай болбойт. (*Калыгул.*) 4. Айжан окууга келбей кал..., мен анын үйүнө бардым.

**271.** Окугула. Грамматикалык түзүлүшү боюнча кандай сүйлөмдөр бар? Аныктагыла. Сүйлөмдөрдүн айырмасын түшүндүргүлө.

1. Чынын айтыш керек, келиним жаман чыккан жок. Ошонун өзү да үй-бүлөдө чоң ырыскы эмеспи. 2. Касым менен Алиман чоң жолго жеткенге чейин карап турдум. (*Ч. А.*) 3. Эртеси Султаналы баласын окутуу үчүн Таласка жөнөдү (*К. К.*) 4. Тенчилик доор чыкканда, териме батпай семирдим. (*Т.*) 5. Казанбак өтө сараң бай болгондуктан, Сатылган менен Бурманын турмушу оордой баштады. (*Ж. Б.*) 6. Билесинби, алардын ичинде бир жигит бар экен. Ал менин ордума башкарма болуптур, иштери кандай. (*Т. С.*)

**272.** Көчүргүлө. Калтырылып кеткен тыныш белгилерди койгула. Эмне үчүн коюлду? Синтаксистик талдоо жүргүзгүлө. Татаал сүйлөмдүн кандай түрлөрүн (грамматикалык түзүлүшү боюнча) билесиңер?

1. Ал жерден Күрпүлдөк айылынын аймагы дапдаана көрүнүп турган себептүү // окуучулар Орто-Кырга чейин барышты. (*Т. С.*) 2. Ошол жылда күз көпкө созулгандыктан // күн жаанчыл болбодубу. (*Ч. А.*) 3. Мугалим эртеңки замандын кишилерин даярдаган үчүн // анын иши ардактуу жана жоопту. 4. Ал бизден улуу адам эле // ошондуктан баарыбыз ал кишини сыйлачубуз. 5. Күн кылкылдап батып бара жатканда // биз айылды көздөй жөнөдүк. (*«КТ»*)

**273.** Өзүңөр окуган адабий китептерден мезгил жана себеп багыныңкы сүйлөмдөрдүн ар бирине экиден сүйлөм жазып келгиле. Баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдүн байланышуу жолдорун түшүндүргүлө.

**274.** Төмөндө багыныңкы сүйлөмдөр берилди. Окугула. Айтылуучу ой түшүнүктүүбү? Түшүнүктүү болсун үчүн баш сүйлөмдү ойлоп таап, көп чекиттин ордуна жазгыла. Багыныңкы жана баш сүйлөмгө синтаксистик талдоо жүргүзгүлө.

1. Быйыл кыш катуу болгондуктан ... 2. Аба ырайы бир калыпта турбай ... 3. Күн жылыган себептүү ... 4. Жол тайгак болгон үчүн ...

**275.** Баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдү аныктагыла. Алар өз ара кайсы мүчөлөр менен байланышкандыгын түшүндүргүлө. Багыныңкы сүйлөмдүн кайсы түрү колдонулду?

1. Жолдошторубуз өз убагында келбеген үчүн, биз жолго чыга албай жатабыз. 2. Адамга тиричилик канчалык керек болсо, жашоо да ошончолук кызык го. (*Т. С.*) 3. Күз узак болгондуктан, жаз айы кечигип келди. Керез сабакка бир жума келбей калган соң, Тенти агай анын үйүнө барды. (*Ш. Б.*) 4. Ынтымак болбой, иш оңолбойт. Көп акылман чогулса, кыйын ишти бүтүрөр. (*Мак.*)



**276.** Окугула. Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдү көрсөткүлө. Ал кандай сүйлөмдөрдөн түзүлөт? Багыныңкы сүйлөмдүн кайсы түрү катышты? Ал жөнүндө эмне билесиңер?

Жаан басылган үчүн, гидротехник Бектемир атка минди. Ал түндүк тараптагы аскалуу капчыгайды көздөй бет алды. Бир убакта аты кошкуруп, ордунан жылбай койду. Аска таштардын арасын караса, башы-көзү канжалап, үстөмөнүнөн түшкөн бирөө жатты. Ал түнү менен жаанда калган сыяктуу. Жаан тынбай жаай бергендиктен, аны топурак чала-була көөмп калыптыр. Аңгыча жаткан киши кыңылдап, болор-болбос дабыш чыгарды эле, Бектемир, анын тирүү экенине ишенип, кубана түштү. (*Ч. А.*)

**277.** Төмөндө баяндоочтору окшош мүчөлөр менен аяктаган багыныңкы сүйлөмдөр берилди. Силер, аларды өз ара салыштырып, ар бири кандай мааниде колдонулганын аныктагыла. Айырмасы эмнеде?

1. Бурулча эшиктен кирип келген соң, кыз-келиндер орундарынан тура калышты. (*К. Б.*) – Өз кулагы укпаган соң, Батыш алдыртадан тымпыйган болот. (*Т. С.*) 2. Алдаркөсөө келип караса, чык татырбас Чынарбай койдун башын куйкалап жатыптыр. (*«Жомок»*) – Ушул бойдон күн ачык турса, жер бети бат эле кулпуруп кетет. (*«КТ»*) 3. Капсалаң болбой, жут болбойт. (*Калыгул.*) Күн басылбай, оруу-жыюу иштери башталбайт. (*«БК»*)

**278.** Мааниси жагынан бири бирине байланыштуу жөнөкөй сүйлөмдөр берилди. Алардан багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм түзгүлө. Жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдүн түзүлүшү жөнүндө айтып бергиле.

1. Күн нуру өрөөндү тегиз басты. Биз жайлоого жөнөдүк. 2. Биз космодромго келдик. Ал жердеги көргөндөрүбүз баарыбызды кубанычка бөлөдү. 3. Мен ойгондум. Элдин баары уйкунун тынчтык кучагында эле. 4. Аба ырайы бузулду. Бурганактап кар жаай баштады.

Ү л г ү: *Күн нуру өрөөндү тегиз баскандан кийин, биз жайлоого жөнөдүк.* – Бул – багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм; эки сүйлөмдөн (баш жана багыныңкы) түзүлдү; мындай өзгөчөлүк жөнөкөй сүйлөмдө болбойт; экинчиден, жөнөкөй сүйлөмдө бир эле грамматикалык негиз (бир баш мүчө) болот; ал эми татаал эки сүйлөмдөн түзүлгөндүктөн, анда эки грамматикалык негиз (эки баш мүчө) бар.

**279.** Текстти көркөм окугула. Андагы жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдү өз-өзүнчө ажыраткыла. Алардын кандай түрлөрү бар? Тексттен мисал келтиргиле.

Алиман сүйлөп бүткөндө, көпкө унчукпай отурдук. Майдын орто чени беле ошондо. Тэ-ээ алда кайда агала булут түрмөктөлүп, анда-санда күн күркүрөп, шамал желдеп турду. Ошондо жазгы нөшөр төгүп турса керек. Жаандын салаалары, сымаптай кубулуп, дүйнө жүзүн жууп келе жатты.

Алиманга мен эчтеке деп айткан жокмун, бирок менин айтарым тетиги жаркыраган жаандай таза сөздөр эле. Алиман сыяктуу адамдарды жаратканыңа ыракмат, Жер эне! Дүйнөнүн тазалыгына, адамдын тазалыгына ыракмат. Жаан жаайт, эгин өсөт, эл күн көрөт, мен да алар менен кошо жашайм.

Буларды айтканым, Алиман мени урматтаганы үчүн эмес, адамдын улуулугуна сыйындым. Менин Алиманым адам да! (*Ч. А.*)

## § 32. МАКСАТ БАГЫНЫҢКЫ СҮЙЛӨМ

**Максат багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмдөгү ойдун максатын билдирет.** Эмне максат менен? Эмне үчүн? Эмнеге? деген суроолорго жооп берет.

Мисалы, 1. ***Жаш кулундарга жел тийбесин деп,*** *Кулболду карыя бээлерди короого айдап келди.* (*К. Б.*)

Эмне үчүн Кулболду карыя бээлерди короого айдап келди? – *жаш кулундарга жел тийбесин деп* – максат багыныңкы сүйлөм.

Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу келер чакта болуп, ага ***-бас, -сың*** (***-сың деп, -са деп, -сын үчүн***) ***-уу, -ыш*** мүчөлөрү уланат жана *үчүн* деген жандооч кошулуп айтылат: ***Эгинден мол түшүм алуу үчүн,*** *окуучулар ишембиликке чыгышты.*

**280.** Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөн баш сүйлөмдү тапкыла. Ал аркылуу суроо берип, багыныңкынын кайсы түрү экенин аныктагыла.

1. Ошол түнү[1] асманды карап жатсам, Саманчынын жолу жылт-жулт[2] этип копшолуп жатты. Бүгүн түнү дүйнөгө дагы бир жаңы дыйкан келди, өмүрлүү болсун.

Сепкен аштыгы жылдыздай түгөнгүс болсун деп, Саманчынын жолун тиктеп жатып уктап кеттим. (*Ч. А.*) 2. Мал кыштан семиз чыксын үчүн, тоюткор жетиштүү камдалды. 3. Бардык жерде тең укуктуулук болсун[2] үчүн[3], биздин мамлекетибиз зор иштерди жүргүзүүдө[4]. 2. Жаандын суусу кирип келбес үчүн, боз үйдү айланта арык каздык. («*КТ*») 3. Биздин саякат эстелик болсун деп, ушул таштын бетине сөз жазалы. (*Т. С.*)



**281.** Көп чекиттердин ордуна баш сүйлөмдү ойлоп таап жазгыла. Тыныш белгилерин койгула. Максат багыныңкы сүйлөм жөнүндө айтып бергиле.

1. Такшалган мыкты педагог болуш үчүн ... 2. Араба ала салып кетпесин деп ... 3. Арстанбек окуудан бүгүн келер деп ... 4. Иш жемиштүү болсун үчүн ...

**282.** Төмөндө татаал сүйлөмдөрдөгү ойдун жыйынтыктары берилди. Силер дагы бирден сүйлөм ойлоп таап, ошол ойдун максатын билдиргиле. Ал сүйлөмдөрдү көп чекиттин ордуна жазгыла, тыныш белгилерин койгула.

1. ... атасы даярдык көрө баштады. 2. ... мектептин айланасына бак отургуздук. 3. ... ата-энелерим жайлоого көчүп кетишти. 4. ... баарыбыз жакшы окууга тийишпиз.

**283.** Көчүрүп жазгыла. Сүйлөм мүчөлөрүнүн астын сызгыла. Түзүлүшү боюнча кандай сүйлөмдөр бар?

1. Сабатсыздыгымды жоём деп, Субанкул бригадирликтен бошонуп алган. 2. Эртең-бүрсүгүнү чабыкка чыгабыз деп, ал комбайнын даярдап койгон эле. (*Ч. А.*) 3. Ошол күнү Бектурган балдарды көрүп кетүү максаты менен келген эле. (*А. Т.*) 4. Жетимдерге көз салууга Бурмаке байбиче келди. (*М. Э.*) 5. Эчкилер бактарды аарчып койбосун деп, биз мектептин айланасын курчап койдук. (*М. Ж.*)

**284.** Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзүп, максат бышыктоочту жана максат багыныңкы сүйлөмдү аныктагыла. Алардын айырмачылыгы эмнеде?

1. Элге дагы сүйгүнчүлүктүү болуш үчүн, мен өзүмдүн ырымды ого бетер сүйөмүн. (*А. Т.*) 2. Такшалган мыкты геолог болуу үчүн, Керимбек жердин геологиялык сырын жакшы өздөштүргөн. 3. Көчөттөр тез күч алсын үчүн[3], үзбөй сугарып турабыз. 4. Негизги маселе туура чечилсин үчүн, студенттер шайлоого өз убагында барышты. («*КТ*»)

**285.** Окугула. Сүйлөмдөрдү өз ара салыштырып, багыныңкы сүйлөмдүн түрлөрүн аныктагыла. Айырмачылыгы эмнеде? Максат багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу келер чакта болорун эсиңерде сактагыла.

| | |
|---|---|
| 1. Милдеттенме өз убагында аткарылсын үчүн, биздин бригадага айылдаштар жардам беришти. | Милдеттенме өз убагында аткарылган[3] үчүн, биздин бригадага сыйлыктар берилди. |
| 2. Балдар эртели-кеч футбол ойношсун үчүн, үйдүн алдына кичинекей аянтча жасадык. | Балдар эртели-кеч футбол ойногон үчүн, үйдүн алдына кичинекей аянтча жасадык. |

**286.** Максат багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочун төмөнкүдөй формаларга келтирип, ар бирине бирден татаал сүйлөм түзгүлө. Аларга синтаксистик талдоо жүргүзгүлө. Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу этиштин кайсы чагында келди?

1. -сын үчүн
2. -ыш үчүн
3. -уу үчүн
4. -са деп

**287.** Синтаксистик талдоо жүргүзгүлө: а) жөнөкөй сүйлөмдүн грамматикалык түзүлүшү боюнча; б) татаал сүйлөмдүн түзүлүшү боюнча; в) сүйлөм мүчөлөрү боюнча.

1. Күз[1]. Атакандын айылы бүгүн[3] жандуу. (*Ж. Б.*) 2. Мектепке кирип келгенден кийин Дүйшөн күндөгүсүндөй от жаккан жок. (*Ч. А.*) 3. Кырк баатырдын баары бар, Кыргыл чал менен Бакай кары бар. (*«Манас».*) 4. Дүйнөнүн эмгекчил адамдары бекем достукта турганда, адам изин эч ким[3] баса албайт. 5. Күлкү тып басылган үчүн, үй ичи жымжырт боло түштү. (*Т. С.*)

**288.** «Өз кесибинин ээси» деген темада ой жүгүртүү мүнөздө сочинение жазып келгиле. Ой-пикириңерди кенен-кесир жана ачык-так баяндоодо багыныңкы сүйлөмдүн ар кыл түрлөрүн колдонууга аракет кылгыла.

**289.** Текстти окугула. Жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдүн кайсы түрлөрү бар, аныктагыла. Багыныңкы сүйлөмдөр барбы? Анын кайсы түрү?

Бүгүн жекшемби. Курбулар кайра көл боюна чыгышты. Баягыдай серке чаначка кымыз теңденип, Акман да келди. Камканы ээрчитип, Мыскал келди. Бүгүн сейил. Тигил булунда күлкү жаңырат, ал жерде жаштар олтурушат.

Шамбеттин алп денеси чымырап, жүрөгү кубанычта согот. Ал, Чаргынды катарына алып, теребелге көз чаптырат. Шамбет терең дем алса, колунда кесе толо кымыз мелт-калт этет.

– Мына көксөгөн тилекке жеттик! Кайрадан жолугушканыбыз үчүн ичелик, курдаштар!

Булар – кыштактын жаштары, айылды гүлдөткөн ушулар. Бири жаңы көктөгөн чырпыктай, бири жаңы ачылган гүлдөй. Пай-пай! Эмгек сүйгөн кишилер алп экен го. Өлбөс жан экен го! (*Т. С.*)

**290.** Синтаксистик талдоо жүргүзгүлө: а) жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдүн грамматикалык түзүлүшү боюнча; б) сүйлөм мүчөлөрү боюнча; в) тыныш белгилери боюнча.

1. Түн. Ай жарык. Бак жактан музыканын үнү угулат. Машина, күн бата, Бишкек шаарына келди. (*К. Б.*) 2. Чаргын, колуна кесени алып, күлүп



койду. (*Т. С.*) 3. Алдейлеп баккан журт үчүн арнадым кырчын өмүрдү! (*Ж. Б.*) 4. Баарынан намыс кымбат турарын, балдар, унутпагыла. 5. Талаага гүл кандай көрк берсе, акылдуулук да адамга ошондой көрк берет. 6. Күрдөлдүү эл – алтын терек, кол сунган адам жете албас. Эл деген аскалуу зоо, эч душман бузуп өтө албас. (*«ЗО»*) 7. Көгөргөнү чын болсо, гүлдөр соолбос болсочу. (*Т.*)

**291.** Мезгил, сыпат, салыштырма багыныңкылуу татаал сүйлөм (ар бирине экиден) түзүп келгиле. Алар жөнүндө айтып бергиле.

**292.** Текстти көркөм окугула, түзүлүшү боюнча талдап, жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдү тапкыла. Сүйлөмдөгү сөздөрдүн орун тартиби кандай болду? Алардын түз орун тартибин эсиңерге түшүргүлө.

### АЯЛГА

Жар салып, сүйөмүн деп айткандардын
Жүрөгү таш болбосун абайлагын.
Касиет, нарк-насилиң бузулбасын,
Бактыңды башка келген учурбагын.

Сагынтып санаа кылсын касиетиң,
Сүйүшсүн жоготуп акыл-эсиң.
Баш ийсең, бир сүйүүгө баш иерсиң,
Ал сенин айкөл терең касиетиң.
Жашоодо жашыл жарык экениңди
Далилдеп турсун дайым акыл-эсиң.

*М. Токторов*

## § 33. САН-ӨЛЧӨМ БАГЫНЫҢКЫ СҮЙЛӨМ

**Сан-өлчөм багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмдөгү ойдун көлөм, сан, даража өлчөмдөрүн билдирет.** К а н ч а? К а н ч а л ы к? Э м н е б о л с о? ж. б. суроолорго жооп берет.

Мисалы, ***Адам канчалык көп окуса,*** *ал ошончолук көптү билет.* – Э м н е б о л с о ал ошончолук көптү билет? – *Адам канчалык көп окуса* – сан-өлчөм багыныңкы сүйлөм.

Багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу ***-са*** мүчөсү менен аяктап, баш сүйлөмгө *канча, канчалык,* багыныңкы сүйлөмгө *ошончо, ошончолук* деген сөздөр кошулуп айтылат: ***Күчүм канча жетсе,*** *ошончо окутам.* (*Ч. А.*)

**293.** Окугула. Багынынкы байланыштагы татаал сүйлөмдөрдү ажыратып, андагы сан-өлчөм багынынкы сүйлөм жөнүндө айтып бергиле. Тыныш белгилеринин коюлушун түшүндүргүлө.

Ооба, Жер энем, ымандай сырымды айтып жатам, өзүң билесиң го. Алиманга эч нерсе айта албадым. Эгерде айтсам, адамзатынын кандайдыр бир асыл дүйнөсүн бүлдүрүп, кандайдыр бир ак нерсени булгап коё тургансып, батына албай жүрдүм. Андан бери канча жылдар өтсө да, эл ошончолук сыйлашып келе жатышат. Ыракмат, көзүм жумулганча ыраазымын.

Жылдар өтө берди. Сүйүнгөнүм канчалык көп болсо, өкүнүп-өксүгөнүм андан да көп болду. (*Ч. А.*)

**294.** Синтаксистик талдоо жүргүзгүлө: а) грамматикалык түзүлүшү боюнча; б) багынынкы сүйлөмдүн түрлөрү боюнча; в) сүйлөмдүн баш мүчөлөрү боюнча.

1. Төө канча болсо, жүк ошончо болот. (*Мак.*) 2. Өмүрбектин көңүлү канчалык жумшак болсо, ал ошончолук көк эле. 3. Мен бүгүн агайым менен сүйлөштүм. 4. Менин биринчи ырлар жыйнагым басылып жатыптыр. 5. Менин ырымды эл канчалык сүйсө, мен аларга ошончолук кызмат кылам. (*А. Т.*)

**295.** Багынынкы сүйлөмгө *канча, канчалык,* ал эми баш сүйлөмдө *ошончо, ошончолук* деген сөздөрдү катыштырып, сан-өлчөм багынынкы сүйлөм (ар бирине экиден) түзгүлө. Баш жана багынынкы сүйлөмдүн байланышуу жолдорун түшүндүргүлө.

**296.** Текстти окугула. Багынынкы байланыштагы татаал сүйлөмдү ажыраткыла. Багынынкы сүйлөмдүн кайсы түрлөрү бар? Алар жөнүндө эмне билесинер? Тыныш белгилеринин коюлушун айтып бергиле.

Кымбаттуу иним! Канчалык зарыл жумуштарым болсо да, бардыгын жыйыштырып таштап, мен ушул катты жазууну туура таптым... Эгерде ушунда айтылгандар сизди кызыктырса, анда өз чыгармаңызга пайдаланууну суранам. Бул жаштар үчүн керек го деп эсептеймин.

Муну канчалык көп адам билсе, мен ошончолук бактылуу болом. Ошончолук эл алдында ыйык парзымды аткарып, ошончолук менин да кетирген күнөөм кемийт.

Эгер жаза турган болсоңуз, мени уялат деп тартынбаңыз. Эч нерсесин жашырбай, ачыктан-ачык жазыңыз. (*Ч. А.*)

**297.** Багынынкы сүйлөмдүн баяндоочун төмөнкүдөй формаларга келтирип, татаал сүйлөм түзгүлө. Алар багынынкы сүйлөмдүн кайсы түрү болду? Көчүрүп жазып, тыныш белгисин койгула. Баш мүчөлөрдүн астын сызгыла.



Оку — са деп
Оку — са да
Оку — ганы болбосо
Оку — гансып

**298.** Жөнөкөй сүйлөмдөн адегенде тең байланыштагы, андан кийин багынынкы байланыштагы татаал сүйлөм түзгүлө. Көчүрүп жазып, тыныш белгилерин койгула. Татаал сүйлөмдүн түрлөрүнүн айырмачылыгы эмнеде?

1. Күн нуру жер бетин тегиз каптады. Биз айылдан чыктык. 2. Музейге баргыбыз келди. Убакыт болбой калды. 3. Үчүнчү күнү шамал басылды. Күн ачылды.

Ү л г ү: *Күн нуру жер бетин каптады, биз айылдан чыктык. – Күн нуру жер бетин тегиз каптаганда, биз айылдан чыктык. – Күн нуру жер бетин каптаса, биз айылдан чыгабыз. – Күн нуру жер бетин каптаган үчүн, биз айылдан чыктык. Күн нуру жер бетин каптап, биз айылдан чыктык* ж. б.

**299.** Татаал сүйлөмдөргө оозеки талдоо жүргүзгүлө. Багынынкы сүйлөмдүн кайсы түрлөрү бар? Алардын кандай мааниде колдонулганын туура аныктоодо эмнеге көңүл буруу керек?

1. Сууну көп кечсе, чалчык болот. Сөздү көп сүйлөсө, тантык болот. (*Мак.*) 2. Күн кылкылдап батып бара жатканда, Чоро жөнөп калды. (*К. Ж.*) 3. Эр жигит акылдуу болсо, ак шумкардай айланат. 4. Таанысаң, кыргыз, кутман эл, тартыштан мөрөй уткан эл. (*Ж. Б.*) 5. Бактыбыз болсо, душманды жеңели. (*«Курманбек»*) Дулдуйган Атай, апасына кошулуп, көз жашын шыпырды. (*Ш. Б.*) 7. Баланы карап, Айтике отура калды. (*А. Т.*) 8. Адырларды аралап, шылдырап аккан сууга жеткенибизде, Дүйшөн менин көзүмө эркелей карады. (*Ч. А.*)

**300.** «Ысык-Көлдү сактоо» деген темада чакан текст түзүп келгиле. Багынынкы сүйлөмдүн түрлөрүн колдонууга аракеттенгиле.

**301.** Таблицага көңүл бургула. Шарттуу ыңгайдын *-са* мүчөсү багынынкы сүйлөмдүн кайсы түрлөрүндө колдонуларын эсиңерде сактагыла.

| К/н | Мисалдар | Багынынкы сүйлөмдүн кайсы түрү |
|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 |
| 1. | Балдар мектептен чыгышса, кар жаап жаткан экен. | Мезгил багынынкы сүйлөм. |

| 1 | 2 | 3 |
|---|---|---|
| 2. | Ынтымагың болбосо, жеңе албайт жоону бир адам. | Шарттуу багыныңкы сүйлөм. |
| 3. | Билим кайда болсо, өнөр ошол жерде болот. | Орун багыныңкы сүйлөм. |
| 4. | Чоң-Төрдү булут каптап турганы болбосо, аба ырайы бир калыпта. | Карама-каршы багыныңкы сүйлөм. |

**302.** Көчүргүлө. Синтаксистик талдоо жүргүзгүлө: а) багыныңкы сүйлөмдүн кайсы түрлөрү бар; б) чакчыл *-ып* мүчөсү кандай сүйлөмдөрдө колдонулду; в) ал уланып турган сөз сүйлөмдүн кайсы мүчөсү?

1. Колун жаагына таяп, отту карап отурган Бектурган көз ачып-жумганча ордунан турду. (*А. Т.*) 2. Кайсы бирөөлөр орондосо, биз сылык мамиле менен өзүн уялтуубуз керек. («*А*») 3. Бүткөн боюм ымыр-чымыр болуп, аттан түштү. 4. Нары жактан Алиманды ээрчитип, үч-төрт аял келе жаткан экен. 5. Аңгыча болбой Айша кошунамдын короосунан аялдар чыга калып, мени колдон бекем кармашты. (*Ч. А.*)

**303.** Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзүлө. Жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдүн кайсы түрү бар?

Үн салып ырдап жатышкан келин-кыздарды Жутабай карыя, башын көтөрүп, кылчайып карап койду. Алыстан, кырман жактан, тамак мезгили болгонун билгизип, коңгуроо кагылды. Ушул кезде Оморбек да жетип келди.
– Сүйүнчү, Жапар ага, сүйүнчү, Жутаке, – деди шашып.
– Болсун, болсун, кагылайын.
– Биз «Кеңеш» айылынан өтүптүрбүз. (*К. Б.*)

**304.** Таблицага көңүл бургула. Чакчыл *-ып* мүчөсүнүн колдонулушуна көңүл бургула. Эсиңерде сактагыла.

| к/н | Мисалдар | *-ып* мүчөсү катышкан сүйлөм жана сөз тизмеги | Сүйлөмдүн кайсы түрү |
|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 |
| 1. | Бетинен нуру чачырап, толкундап Сырга кубанды. | *Бетинен нуру чачырап* (к а н т и п?) | Сыпат багыныңкы сүйлөм. |



| 1 | 2 | 3 | 4 |
|---|---|---|---|
| 2. | Нурлан жумушка келбей калып, мен анын үйүнө бардым. | *Нурлан жумушка келбей калып* (э м н е  ү ч ү н?) | Себеп багыныңкы сүйлөм. |
| 3. | Гүлдүү жоолугун салынып, Алиман жасанып алган. | *Гүлдүү жоолугун салынып* (к а н т и п?) | Чакчыл түрмөк (жөнөкөй сүйлөм). |

**305.** Баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдүн ордун аныктагыла. Көчүргүлө. Калтырылып кеткен тыныш белгилерин койгула жана алардын коюлушун түшүндүргүлө.

1. Адегенде биз кантер экен деп сыр алдырган жокпуз. 2. Жамийла Данияр трапка жакындай келгенде артынан жетти. 3. Данияр аксай баштаганда биз аны кандай азапка салганыбызды ошондо түшүндүк. 4. Ал Жамийланын үнүн укканда кайра чымыркanып илгери умтулду. (*Ч. А.*)

**306.** Жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдө тыныш белгилеринин эмне үчүн коюлганын түшүндүргүлө.

1. Үйдүн ичи баягы өзү көргөндөй: эч бир өзгөрүш жок, чоң күзгү өз ордунда. Жамийла ага карангысы, чачын тарангысы келди. Ордунан туруп, күзгүгө барды. (*К. Б.*) 2. Данияр, эрдин кесе тиштеп, көзүн жумду. Ушул учурда Жамийла, көзүн Даниярдан албай, телмирип калыптыр.
– Ташта! Ташта капты! – деп кыйкырып жиберди Жамийла. Данияр тил алган жок.
Ушул учурда алдан кеткен Данияр капты коё бербесе, жыгылганы эле калды.
– Жүгүр! Артынан сүйөп жибер! – деди мага Жамийла, өзү болсо, Даниярды тосуп алчудай, шашканынан ага колун сунуп көтөрдү. (*Ч. А.*)

**307.** Багыныңкыга карата баш сүйлөмдү ойлоп таап, көп чекиттин ордуна жазгыла, тыныш белгилерин койгула. Багыныңкы сүйлөмдүн кайсы түрү экендигин аныктагыла. Жөнөкөй сүйлөмдөрдүн баш мүчөлөрүнүн астын сызгыла.

1. Жакшынын өзү өлсө да … 2. Окуучулар шаардан келатса … 3. Эгер жаан басылса … 4. Кайсы жерде кыйын иш болсо …

**308.** Төмөндө баш сүйлөмдөр берилди. Багыныңкы сүйлөмдү ойлоп таап, көп чекиттин ордуна жазгыла, тыныш белгисин койгула. Тапкан сүйлөмүңөр багыныңкынын кайсы түрү?

1. ... Каныш апа жалгыздык тарткан жок. 2. ... мен да ошол окууга барамын. 3. ... аба ырайында өзгөрүү болгон жок. 4. ... биз жакшы окууга аракеттенишибиз керек.

**309.** Түзүлүшү боюнча кандай сүйлөмдөр бар? Алардын айырмачылыгын түшүндүргүлө.

1. Көп бириксе, көл болот. Көл каптаса, сел болот. 2. Кылыч жарасы бүтөт, тил жарасы бүтпөйт. 3. Көрө-көрө көсөм болот, сүйлөй-сүйлөй чечен болот. (*Мак.*) 4. Караңгы түн. Алда кандай бир нерсеге түшүнө албай жаткандай, табийгаттын көрүнүшү тыптынч. 5. Табийгаттын ушундай кубулуштарын байкап жатып, мен көпкө чейин уктай албадым. (*М. Э.*)

**310.** Калтырылып кеткен тыныш белгилерди өз ордуна койгула. Алар эмне үчүн коюлду?

Күн балбылдап уясынан чыгып келе жаткан кезде // Өмүрбек балдарын самолётко отургузду. Ошентип, беш күндөн кийин так он сегизинчи август күнү шумкар баласы булуттун үстү менен жөнөдү.

Коноктор Бектурган карыянын өмүрүндөгү кызык окуяларын тыңшашып // кээде күлүшүп // кээде кейишип отурушту. Карыя // кубанычка балкып // муундары бошоп // жыргалга көңүлү жибип отурду.

Карыя көп жашапсыз // Сизде да арман болот бекен?

// Карыянын сөзүн угалык, чынын айтыңыз //

Э-э балам // Суроон эң эле сонун // деди Бектурган // сакалын сылап. (*А. Т.*)

**311.** Баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдү тапкыла жана алар өз ара кайсы мүчөлөр аркылуу байланышканын түшүндүргүлө.

1. Желгенине жел жетпей, жетик чуркап алыптыр. Басканына мал жетпей, башкача чуркап алыптыр. (*«Семетей»*.) 2. Акыркы оюн ойлогондо Каныбек аябай кубанып кетти. Көздөрү жайнап, бүркөлгөн кабагы ачылып, дүнүйөсү түгөл болгондой боло түштү. (*К. Ж.*) 3. Апийимди тилип болуп, күн батарга жакындаганда, биз үйгө кайттык. (*М. Э.*)

4. Көтөрүлүп көп сүйлөп,
Болбос ишке күлбөгүн.
Алган жарың жаш болсо,
Акырын айтып үндөгүн.
Акылың жетсе ар ишке,
Билип туруп сүйлөгүн. (*Т.*)



### Кайталоо үчүн суроолор:

1. Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм кандай бөлүктөрдөн турат?
2. Баш жана багыныңкы сүйлөм деген эмне? Мисал келтиргиле.
3. Багыныңкы сүйлөмдүн кандай түрлөрү бар?
4. Шарттуу багыныңкы баш сүйлөм кайсы мүчөлөр аркылуу байланышат? Мисал келтиргиле.
5. Баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдүн орду кандай?
6. Мезгил багыныңкы сүйлөм менен тутумдаш мезгил бышыктоочтун айырмасын түшүндүргүлө.
7. Чакчыл түрмөк менен сыпат багыныңкы сүйлөмдүн айырмасы кандай?
8. *-са, -ып* мүчөлөрү багыныңкы сүйлөмдүн кайсы түрлөрүндө колдонулат? Мисал келтиргиле.
9. Баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдүн тыныш белгиси жөнүндө айтып бер.
10. Себеп жана максат багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочтору этиштин кайсы чагында келет? Мисал келтиргиле.
11. Тең жана багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөрдүн айырмасы эмнеде?

## § 34. КӨП БАГЫНЫҢКЫЛУУ ТАТААЛ СҮЙЛӨМ

**Баш сүйлөмгө эки же андан көп багыныңкы сүйлөм байланышып келсе, бул көп багыныңкылуу татаал сүйлөм болот.**

Мисалы, 1. ***Күз келгенде, эгин бышканда,*** *ал биздин айылга кызматка келген.* (*Н. Б.*) 2. ***Алым Каныбектин тарыхын укканда, ичи туз куйгандай ачышып,*** *жүрөгүнүн башына тикенек кадалгандай болду.* (*К. Ж.*)

Биринчи мисалдагы баш сүйлөм – ал *биздин айылга кызматка келген.* К а ч а н? – 1) *күз келгенде*; 2) *эгин бышканда.* Экөө тең бирдей суроого (к а ч а н?) жооп берди, мезгил багыныңкы сүйлөм. Баяндоочтору да бирдей формада (*-ган+да*) түзүлдү. Демек, булар бир өңчөй түрүндө кезикти.

Экинчи мисалдагы баш сүйлөм – *жүрөгүнүн башына тикенек кадалгандай болду.* К а ч а н? – 1) *Алым Каныбектин тарыхын укканда* – мезгил багыныңкы сүйлөм. К а н т и п? – 2) *ичи туз куйгандай ачышып* – сыпат багыныңкы сүйлөм. Булар бир өңчөй эмес.

Демек, багыныңкы сүйлөмдөр өзүлөрүнүн түзүлүшү боюнча бир өңчөй же бир өңчөй эмес түрүндө болушу мүмкүн.

**312.** Окугула. Адегенде баш сүйлөмдү тапкыла. Андан кийин ал аркылуу суроо берип, багыныңкы сүйлөмдөрдү аныктагыла. Багыныңкы сүйлөмдөрдүн түзүлүшү кандай: бир өңчөйбү же бир өңчөй эмеспи?

Гүлжандын ушул турган турпаты өзгөчө сонун көрүндү. Беттеринин нурлары ак жуумал жүзүн албыртып, узун кирпиктери тынымсыз ирмелип, жука эриндери жылмайып, көздөрү моймолжуп кетти. Назик манжалары, ал колун шилтеген сайын, көргөндөрдүн көз отторун чачырата берди.

Кыш түшкөндө, күн кыскарганда, ал биздин айылга кызматка келген. Келгенден бери эл оозуна алынып, ар кимге кадыры өтүп калган. Жыйналышта отурган жаштар анын сөзүн абдан көңүл коюп угушту.

– Кар кетсе, күн жылыса, жазгы талаа жумуштары башталат, – деп Гүлжан сөзүн улантып жатты. (*Н. Б.*)

**313.** Көчүргүлө. Көп багыныңкылуу татаал сүйлөмдүн бөлүктөрү багыныңкы сүйлөмдүн кайсы түрүнөн түзүлгөнүн аныктагыла. Алардын ар бири баш сүйлөм менен кандайча байланышты?

Кычан[1] жакындап барганда[2], өрт чет жагынан тутанып, кууураган бедeлер чатырап[2], кыпкызыл жалын асманга көтөрүлүп жаткан экен. (*Ш. Б.*) 2. Жамийла окууга кирмейинче, өзү бир кызматка турмайынча, Чонмурун да ага ооз ачпас болду. (*К. Б.*) 3. Күркүрөгөн күз айлары келип, коон-дарбыз эзилип, ак алтын булайып, мээнеткеч адамдар берекеге белчесинен батып, түштүктө ак төөнүн карды жарылып турган кез эле. (*К. Бект.*)

**314.** Көп багыныңкылуу татаал сүйлөмдү көрсөткүлө. Баш сүйлөмдөн суроо берип, багыныңкы сүйлөмдөрдүн кайсы түрү экенин аныктагыла. Алардын түзүлүшү бир өңчөйбү же бир өңчөй эмеспи?

Токтогул көпкө чейин ырдады, эч ким[2] үргүлөп да койгон жок. Үйдүн ичи да, тышы да кыз-келиндер, жаш балдар, кемпир-чалдар менен[3] жык толду. Булардын ичинде Алымкан да[3] бар.

Токтогул ырдап отурганда[3], чогулгандар туурдуктарды жыртып жиберчү эле. Алымканга акындын көзү түштү[3]. Ай тоодон ашып, күн чыгууга аз калганда, жаштар айыл-айылга тарашты. Кыз-келиндер кетүүгө камынышып, алды узай бергенде, Алымкан жанындагы келинге бирдемени шыбырады. Төртөө калышты, жаштар үй-үйлөрүнө кирип кетишти. (*Ж. Б.*)

**315.** Берилген мисалды баш сүйлөмдүн маанисинде колдонуп, ага карата бир нече багыныңкы сүйлөмдү ойлоп таап, көп чекиттин ордуна жазгыла. Алар багыныңкы сүйлөмдүн кайсы түрлөрү?



1. ... биз жолго[1] чыктык. 2. ... кышкы талаа жумуштары башталды. 3. ... жаан басылды. 4. ... жер бети гүлгө оронду. 5. ... эл жымжырт отурушту.

**316.** Багыныңкыларга карата баш сүйлөмдү ойлоп тапкыла. Аны көп чекиттин ордуна коюп, көчүргүлө. Татаал сүйлөмдүн грамматикалык түзүлүшү жөнүндө айтып бергиле. Сүйлөмдүн ар биринин баш мүчөлөрүнүн астын сызгыла.

1. Булуттар уйгу-туйгу болуп, күн күркүрөп, чагылган чартылдап, ... 2. Кара жер көк тукабадай кулпунганда, келгин куштар келе баштаганда, ... 3. Улуу жагылган от балбылдап, жаштар бийлеп бүткөн кезде, ... 4. Эл-журт жаз эмгегине жарыша киргендиктен, талаада түркүн үндөр өз ара айкашып, ...

**317.** Калтырылып кеткен тыныш белгилерин коюп, көп багыныңкылуу татаал сүйлөмдү көчүргүлө. Тыныш белгиси эмне үчүн коюлду? Ушул сүйлөмдөргө синтаксистик талдоо жүргүзгүлө: а) татаал сүйлөмдө канча баш мүчө бар? б) татаал сүйлөмдүн башка түрлөрүнөн айырмасы эмнеде?

1. Жаз. Чөп тушарга чыккан кез... Кой короодон узап кетти. Күн ысый берген кезде козулар[1] бадалга кирип кеткен убакта биз көнөчөгүбүздөн айран ичүүгө отурдук. (*М. Э.*) 2. Сырттан дабыш угулар замат эшик шарт ачылып шашкалактаган[3] Көкө ирегеге тура калды. (*К. Ж.*) 3. Август айы ортолоп[2] калган убакта чөп чабылып жатканда Сабыр баштаган үч бала окууга келди. (*Т. С.*)

**318.** Көркөм адабий китептерден же өзүңөрчө ойлоп таап, көп багыныңкылуу татаал сүйлөмгө төрт мисал жазып келгиле. Экөөндө багыныңкы сүйлөмдөр бир өңчөй, калгандары бир өңчөй эмес түрүндө болсун. Сүйлөмдөрдүн баш мүчөлөрүнүн астын сызгыла.

**319.** Текстти көркөм окугула. Ой-пикирди ачык, так, кенен жана толук баяндоодо бир нече багыныңкылуу татаал сүйлөм кандай мааниге ээ болорун байкагыла. Татаал сүйлөмдүн дагы кандай түрлөрү колдонулганын атагыла.

Киши канчалык[1] көп жер көрсө, ошончолук анын кемтиги толуп, ой-санаасы кеңейет. Токтогул Ныязаалыдан нечен түркүн күү, Женижоктон төрт санат ырды каныга укту. Акындын ой чабыты кеңейип, таланты өөрчүп, эл казынасы чети оюлбаган кенч экенине көзү жетти.

Жер үлбүрөгөн ак кыроо. Желп эткен жел сезилбейт, аба жыпжылуу[3]. Токтогул, өнөрпоздор үйгө келгенде, салам айтып, жай сурап, ырдап учурашты. Теңтуш Ныязаалы, «ыр пиринин эсин бир чыгарайын» – деп кымы-

йып карап турду. Женижок, урушчаак бөдөнөдөй чукчуюп, кыя карап отуруп тыңшады. «Эми алымсабак айтышкыла, собол-жооп беришкиле», – деп отурган эл дуулдашып калышты. Женижок акырын нускоо айтты: «Ырчы болсоң, эрди айт, эрди тапкан элди айт. Эл ичинде теңди айт, пейли жакшы кеңди айт». (*Т. К.*)

**320.** Окугула. Сүйлөмдүн грамматикалык түзүлүшүн өз ара салыштыргыла. Чакчыл түрмөктөн болгон бир өңчөй бышыктооч менен бир нече багыныңкылуу татаал сүйлөмдүн өзгөчөлүгүн түшүндүргүлө.

1. Момун чал, оор дем алып, колун көтөрө албай, көзүн араң ачып, баланы бир карады. 2. Айдалган аңыз куру калып, үрөн себилбей, жүрөгүм кансырап жатты. (*Ч. А.*) 3. Башымдан сылап, маңдайымдан өөп, тизеси оозуна тийген кара кемпир бир далайга мени карап отурду. 4. Менин кубанычым койнума батпай, жүрөгүм сүйүнгөндөн ээлигип, толкунданып турдум. 5. Кыз, менин калп айтканыма түшүнүп, үнүн чыгарып, күлүп жиберди. (*А. Т.*)

**321.** Көчүргүлө. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө. Сүйлөмдөрдүн грамматикалык түзүлүшүн аныктагыла.

1. Кыз, колун сунуп, эркелеткендей болду. 2. – Эртең менен эрте туруп, малга барып, келген жолуңду байка. Төөлөрдүн ичинде жез буйлалуу боз инген бар, ошону сууткун. Кыздын айтканындай, иштей баштадым. Ай батууга жакындап, коноктор уктаганда, биз жолго чыктык. (*А. Т.*)

Ү л г ү: *Кыз, колун сунуп, эркелеткендей болду.* – Канткендей болду? – *эркелеткендей болду* – баяндооч; к и м? – *кыз* – ээ; К а н т и п эркелеткендей болду? – *колун сунуп* – чакчыл түрмөктөн болгон сыпат бышыктооч. Түзүлүшү боюнча эки тутумдуу жөнөкөй, жайылма сүйлөм.

**322.** Бир нече багыныңкылуу үч татаал сүйлөм түзүп келгиле. Ар бир сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнүн астын сызгыла.

**323.** Окугула. Түзүлүшү боюнча татаал сүйлөмдүн кайсы түрлөрү бар? Алардын ар бирине мүнөздүү өзгөчөлүгү кандай?

1. Жүрөктү жүрөк сагынса, жолборс да болсо арытат. Жанына кылыч тийгендей, жаралап дени тартылтат. (*А. Т.*) 2. Жаз – жарыш, күз – күрөш. 3. Буюмдун кирин самын жууйт, көңүлдүн кирин акыл жууйт. 4. Ата уулу айтканынан кайтпайт, жоомарт бергенин айтпайт. (*Мак.*) 5. Эл чогулуп, көпчүлүк батпай турган соң, чогулуш сыртта өттү. (*«КТ»*)



## § 35. АРАЛАШ ТАТААЛ СҮЙЛӨМ

**Сүйлөмдүн бул түрү тең байланыштагы жана багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөрдөн түзүлөт.**

Мисалы, ***Калк көбөйгөндөн кийин, кыштак, пайда болот,*** *ал шаарга айланат.* Мында үч жөнөкөй сүйлөм бар: 1) *калк көбөйгөндөн кийин;* 2) *кыштак пайда болот;* 3) *ал шаарга айланат.*

Булардын ичинен экинчи жана үчүнчү сүйлөм бири-бири менен тең байланышты, тактап айтканда, бири экинчисине мааниси боюнча багынбайт.

Ал эми биринчи менен үчүнчү сүйлөм өз ара багыныңкы абалда байланышты, тактап айтканда, биринчиси үчүнчү сүйлөмгө багынып турат, себеби ал өзүнчө турганда жыйынтыктуу ойду билдире албайт.

**324.** Татаал сүйлөмдү таап, анын кайсы түрү экенин (тең байланыштагы, багыныңкы байланыштагы, аралаш) көрсөткүлө. Алардын айырмачылыгы эмнеде?

– Согуш чыкпаганда, Субанкул менен Касым канча эгин өстүрөт эле, өздөрү да дүйнөнүн канча ыракатына ээ болушар эле! Согуштун болушуна мен макул эмесмин. Адам баласы, бири бирине залал келтирбей, тынчтыкта жашай албайбы? Айтчы чыныңды, сырдаш талаам.

– Мына мен Жермин, мен бардык адам баласына теңмин. Айдоого бир дан таштасаңар, жүз дан кылып берем. Чырпык сайсаңар, чынар кылып берем. Мага чатагыңардын кереги жок.

Согуштун залалын мен тартпайт дейсиңерби. Курман болгон дыйкандардын эмгегин сагынам, кырман өз убагында бастырылбай жатканда, аларды чакырам. (*Ч. А.*)

**325.** Татаал сүйлөмдөрдү таап, ал канча бөлүктөн түзүлгөндүгүн, жөнөкөй сүйлөмдөр өз ара кандайча байланышканын айтып бергиле. Алар татаал сүйлөмдүн кайсы түрү?

1. Устакананын ичи кереметтүү, себеби[1] туш-тушка ширенди бүркүлөт, оор барскандар күрсүлдөп, чулу темир жалпая түшөт. Зор көөрүктөр тынбай үшкүрүнөт, көк жалын үйлөйт, бирок[3] уста эч бир чаалыкпагансыйт. (*Т. С.*) 2. Алым эшиктен киргенде, үй ичи жымжырт боло түштү да, төрдөгү бирөө чочугандай ордунан тура калды. (*К. Ж.*) 3. Поезд өтүп кеткенден кийин, бир топко чейин станцияда эч жан жоктой байкалды, тынчтык өкүм сүрдү. (*Ч. А.*)

**326.** Аралаш татаал сүйлөмгө үч мисал жазып келгиле. Анын тутумунда татаал сүйлөмдүн кайсы түрлөрү болот? Татаал сүйлөмдүн кайсы түрлөрүн билесиңер?

**327.** Таблицага көңүл бургула. Көп багыныңкылуу менен аралаш татаал сүйлөмдөрдүн айырмачылыгын түшүндүргүлө.

| к/н | Көп багыныңкылуу татаал сүйлөм | Аралаш татаал сүйлөм |
|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 |
| 1. | *Тарам-тарам суулар акса, жер тамыры көктөсө,* анда бак-дарактар көбөйөт эле. | Эшик ачылды да, *чоң энеси үйгө киргенде,* Динар ангемесин кайталап окуй баштады. |
| 2. | *Биз аттанганда,* асман бүркөлүп, күн салкындап турган. | Турмуш өзү сонун турбайбы, *үтүрөйгөн кайгы дарбазаны ачканча,* кош кубаныч кирип келди. |
| 3. | *Күн чыкканда,* жаан басылып, айлана шанга бөлөнөт. | Аба конур тартты, *көк майсаң чөптөр жытын аңкытып,* бак-дарактар көркүнө келе түштү. |

**328.** Татаал сүйлөмдөрдүн курамында канчадан сүйлөм бар? Алардын түзүлүшүн жана өз ара байланышуу жолдорун аныктагыла. Тең байланыштагы татаал сүйлөмгө синтаксистик талдоо жүргүзгүлө.

Тил, албетте, өзгөрөт, мен муну талашпайм. Ал эмес, дарактын жалбырактары жыл сайын алмашат, бири куурайт, анын ордуна жаңысы өсөт. Дарак жыл өткөн сайын коюу да, бутактуу да, бекем да боло берет. Ошол сыяктуу эле тил да өсүп-өнүгөт, жаңы сөздөр пайда болот, айрымдары колдонуудан чыгып калат. (*Р. Гамзатов.*)

**329.** Өзүңөр аралаш татаал сүйлөмгө үч мисал түзүп келгиле. Анын тутумундагы сүйлөмгө грамматикалык түзүлүшү боюнча мүнөздөмө бергиле. Аралаш татаал сүйлөм көп багыныңкылуудан кандайча айырмаланат?

**330.** Окугула. Айтылыш максаты жана грамматикалык түзүлүшү боюнча кандай сүйлөмдөр бар? Алар жөнүндө эмне билесиңер? Тыныш белгилердин коюлушун түшүндүргүлө.

Шолоктоп ыйлап[1] ат жалына жыгылдым[2]. Мен ыйлап бүткөнчө, Дүйшөн, башымдан сылап, үнчүкпай турду.

– Кой эми, Алтынай, жол тарталы. Турмуш ушуну менен эле токтоп туруп албайт да. Же сен таптакыр эле жакшылыктан түңүлдүңбү? Кой айланайын[3], антпе, антпегин!



Адырларды аралап, биз шылдырап аккан сууга жеткенде, Дүйшөн менин жүзүмө эркелей карады:

– Аттан түшүп, бети-колуңду жууп алчы! Жуунгун, бардыгын эстен чыгарып, унуткун. Суудан жаңы киши, таза киши болуп чыга кел, макулбу. (*Ч. А.*)

**331.** Көчүргүлө. Синтаксистик талдоо жүргүзгүлө: а) сүйлөмдүн түзүлүшүн аныктагыла: жөнөкөйбү же татаалбы? б) сүйлөм мүчөлөрүнүн астын сызгыла; в) тыныш белгилеринин коюлушун түшүндүргүлө.

Пайдалуу достон үчөө, зыяндуу достон үчөө болот. Пайдалуу досторго булар кирет: чындыкты бетке айткан, сөздү түз сүйлөгөн, көп билген адамдар. Эки жүздүү, калп айткан, маңыздар – булар зыяндуу адамдар. (*«ЗО»*)

**332.** Түзүлүшү боюнча жөнөкөй, татаал сүйлөмдөрдүн кандай түрлөрүн билесиңер? Алардын ар бирине мүнөздүү кандай өзгөчөлүктөр бар? Төмөнкү сүйлөмдөрдөн мисал келтиргиле.

1. Күн дайым эле күлкү менен чыгып, кубаныч менен батпайт. Анын көзүн жөө туман, кара булут калкалап калган учурлар да болот. Ошондой эле адам баласы да кубаныч менен өкүнүчкө дуушар болот. (*Ш. Б.*) 2. Жалкоо күн батканга сүйүнөт, эпкиндүү күн батканга күйүнөт, анткени жалкоо эртерээк жатып уктаганды кааласа, эпкиндүү жумушунун көбүрөөк бүтүшүн каалайт. (*Н. Б.*) 3. Жокту жок издеген табат, жолдошу шайыр болсо, жолоочунун кумары канат. (*К. Ж.*)

**333.** Татаал сүйлөмдүн кандай түрлөрүн билесиң? Бул боюнча схемага көңүл буруп, алардын ар бирине экиден сүйлөм түз жана алардын түзүлүш өзгөчөлүгүн түшүндүр.

**Татаал сүйлөм** –
- тең байланыштагы
- багыныңкы байланыштагы
- аралаш

**334. БК.** Тексттин түзүлүшү кептин кайсы түрүнө таандык? Текстте сүйлөмдүн кайсы түрлөрү колдонулду? Алардын байланышуу жолдорун белгилегиле.

## БАЛЕТ АСМАНЫНДАГЫ АК КУУ

Искусствонун дагы бир улуу сыры, ички касиети балет өнөрү аркылуу ачылат. Балеттин артыкчылыгы мына мында, окуялар, кубулуштар сөз менен эмес, бий жана үнсүз ишарат аркылуу түшүндүрүлөт.

Эгерде биз турмушту бий аркылуу түшүнгүбүз келсе, анда балет өнөрүнүн чебери Б. Бейшеналиева көз алдыбызга келет. Ал өз өнөрүнүн туу чокусуна жетип, кыргыз балетин көп өлкөлөргө тааныткан. Аны кыргыз хореографиясынын устаты десек да болот.

Б. Бейшеналиеванын татынакай талантына көптөгөн өлкөлөрдүн балет сүйүүчүлөрү таазим кылышкан. Кыскасы, анын ак куудай учкан элеси ар дайым элдин эсинде. («*КТ*»)

**335.** Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө, алардын ар бири кайсы сөз түркүмүнөн болду? Түзүлүшү боюнча кандай сүйлөмдөр бар, алар жөнүндө эмне билесиңер?

Бир сөз үчүн далай улуу жортуулдар болгон, килейген шаарлар тургузулган. Бир сөз үчүн нечен адамдын өмүрү кыйылган учурлар да бар. Бир эле кыргыз деген сөз бир зор мамлекетти туюндурат.

Бир эле тил канча сан кишилердин башын бириктирип турат, тили болбогон эл чачылып кетет, ошон үчүн ар бир элдин ата мекени, эне тили бар. Ошентип, адамды бир эле сөздөн билсе болот. Бир эле сөздө не деген тарых, не деген керемет күч бар! («*КТ*»)

**336.** Көчүргүлө. Кандай сүйлөмдөр (жөнөкөй, татаал) бар? Аларга синтаксистик талдоо жүргүзгүлө. Тыныш белгилеринин коюлушун түшүндүргүлө.

«Сабырдуу бол, айланайын, сабырдын түбү – сары алтын», – деген сөз бар. Ушундай сөздүн өзү эле – жаштар үчүн улуу тарбия. Биздин айылда мен бала кезден билген бир адам бар. Мен анын адамдык сапаттарын үлгү тутам, токтоо мүнөзүнө, сылык-сыпаа мамилесине суктанамын.

Ал табиятынан эмгекчил, жөнөкөй. Ылайым эле, ушундай пейли кенен, кадырман карыяларыбыз көбөйө берсин. («*КТ*»)

**337.** Тексттерди көркөм окугула. Татаал сүйлөмдү көрсөткүлө, анын кандай түрлөрү бар?

ТЕРМЕ

Кыз кыялдуу кылтыңдап,
Жакшы ат камчы салдырбайт.
Жакшы адамдын белгиси,
Көңүлүңдү калтырбайт.

Көтөрүлүп көп сүйлөп,
Болбос ишке күлбөгүн.
Акылың жетсе ар ишке,
Билип туруп сүйлөгүн. (*Т.*)

Жашылданган көк шибер,
Жайдын көркү турбайбы,
Жабыраган көп жылдыз
Айдын көркү турбайбы.

Жамандык башка түшкөндө,
Жакын кандай, жат кандай?
Турпатына карасак,
Туйгун кандай, каз кандай? (*О. Б.*)



**338.** Татаал сүйлөмдүн түрлөрүн ажыраткыла. Алардын түзүлүш өзгөчөлүктөрү кандай? Түшүндүргүлө.

Булардын сөзүн тыңшап отурган киши акырын гана балдарына сүйлөдү:
– Кагылайын кулундарым! Силер менин бактымсыңар, силер аман болсоңор, мөмөлөгөн бакыт – ошол. Менден бактылуу ким бар?! Силер өссөңөр, бакыт силердин колуңарда болот.

Күндөрдүн биринде кандын вазири акылмандан сурады: – Сен айтчы деги, бактылуу киши азыр барбы?

Акылман катуу каткырып күлдү:
– Хан өлсө, сен зынданга кирсең, байдын казынасы чачылса, бактылуу кишилер ошондо жаралат. («*АТ*»)

**339.** *-са, -ып* мүчөлөрүн сүйлөмдүн баяндоочуна улап жазып, багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм түзгүлө (ар бирине экиден мисал). Алардын тең байланыштагы татаал сүйлөмдөн айырмасы кандай?

**340.** Төмөндө баш сүйлөмдөр берилди. Мааниси боюнча ылайык келүүчү багыныңкы сүйлөмдөрдү ойлоп таап, татаал сүйлөм түзгүлө. Багыныңкы сүйлөмдөр кандай мааниде колдонулду?

1. ... биздин айылдаштар жогорку окуу жайларына окууга өтүү үчүн кетишти. 2. ... биз Ысык-Көлгө эс алууга барабыз. 3. ... минген аты баспай койду. 4. ... классташтар футбол ойноп жатышыптыр.

**341.** Көчүргүлө. Синтаксистик талдоо жүргүзүп, сүйлөмдүн түзүлүшүн аныктагыла: жөнөкөй же татаал; алардын кайсы түрү?

1. Эмесе, курдаштар, мени ошондо ээрчитип баргыла, мен алардын баласымын. 2. Таягын колуна алып, калтаңдап күтүп турган атам менен кучакташып көрүштүм. (*А. Т.*) 3. Эртеден бери көйкөлүп, тынч жаткан Ысык-Көл да чайпала баштады. 4. Күндүн ысыгы катуу тийип, балдар көлөкөдө отурушат. («*КТ*»)

**342.** Баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдү өз-өзүнчө ажыраткыла. Алар бири-бири менен кандай мүчөлөр аркылуу байланышат?

1. Калыстыгың болбосо, акимдигиң не пайда. Кайрымдуу жоомарт болбосо, калың малың не пайда. 2. Эрге нөөмөт[1] келгенде, элиртип күлүк ат байлайт. Жерге нөөмөт келгенде, көк чымырап, гүл жайнайт. («*ЗО*») 3. Алиман угуп койбосо экен деп, оозумду басып, чүмкөнө бердим. 4. Сүйлөөгө дарманым келбей, мен ыйлап эле тура бердим. Ыйлаба, Алтынай. Улам күч

[1] *Нөөмөт* – учуру, доору.

алып ылдамдаган поезд күпүлдөп, мен казактын даркан талаасы менен жаңы турмушка бара жаттым. (*Ч. А.*)

**343. БК.** Тексттин мазмуну менен таанышкыла, андагы негизги ой эмне жөнүндө айтылды. Тилдик кандай каражаттар колдонулду? Бул текст кептин кайсы түрүнө кирет? Кеп жөнүндө айтып бергиле.

### АКЫЛМАНДЫН ЖООБУ

Хандын ооруганы бир жылдан ашып кеткен эле. Эч кандай табып анын оорусуна дары таба албады. Кулак угуп, бут жеткен жердеги билгичтердин баарын жыйнады да, хан аларга суроо берди:

– Бул оорунун дарысы барбы?

Акылман билгичтер бир кишидей жооп беришти:

– Бул оорунун дарысы жок.

Хан каарына алды да, булардын ичинен кырк бир кишини тандап алып:

– Оорунун аягы эмне менен бүтөт? – деди.

Буга эч ким жооп бере алган жок.

– Буга жооп таппасаңар, дарынын атын билбесеңер баарыңардын башыңарды аламын, – деди хан.

Билгичтер үч күнгө мөөнөт сурашты, өздөрүнчө кеңешип жооп бермек болушту.

Билгичтердин баары жооп таба алышпай, ар кимиси өз арманын айтышты. Үч күндүк мөөнөт да бүттү. Хандын вазирлери келишип:

– Хан силерден жооп күтөт. Таптыңарбы, жокпу? – дешти.

Отурган кырк бир кишинин бири да унчуккан жок.

Алардын көзүнө өлүм гана элестеди, ыйлай баштašты.

Жупуну кара киши, ордунан тура калып, кулдук кылды да: «Жооп даяр, ханга айта бериңиз», – деди.

Кырк бир киши жалгыз кишинин колун өпкүлөштү:

– Дарысы табылдыбы, жаныбыз калабы?

– Жаныбыз калат, дарысы табылбайт. Өздөрүңө өздөрү жооп бергендей кыламын. Аны силер хандын алдында уккула.

– Алдаяр ханым! Сөзүңүз эки болбосун, дары – мына бул, дүйнөдө ким бактылуу болсо, ошол кишинин кир көйнөгү – дары. Ошол көйнөктү кечинде кийсеңиз, эртең менен куландан соо болосуз.

Вазирлер элди бүт кыдырып, бактылуу кишини таба алышпады. Акыры акылман кишиге келишти, ал күлүп мындай деди:

– Бактылуу киши азыр жок. Хан өлсө, казынасы чачылса, бактылуу кишилер ошондо жаралат.

Ошентип, хандын оорусуна дары табылган жок. Бактылуу кишилер алардан кийин жаралды. (*А. Т.*)



## БӨТӨН СӨЗДҮ КОЛДОНУУНУН ЖОЛДОРУ

### § 36. ТИКЕ ЖАНА КЫЙЫР СӨЗ

Бөтөн сөз ар кандай жолдор менен колдонулат: 1) тике сөз түрүндө; 2) к ы й ы р сөз түрүндө. Салыштыргыла:

1. Элде мындай деген макал бар: «*Билим – түгөнбөс байлык*».

2. Эл билим түбөлүк байлык болорун айтышкан.

Биринчи мисалда «*Билим – түгөнбөс байлык*» бөтөн сөз, эч өзгөрүүсүз колдонулду. Экинчи мисалда бөтөн сөздүн грамматикалык түзүлүшү өзгөртүлүп, анын жалпы мазмуну гана берилди.

Ушундай эле, бөтөн сөздү кыйыр сөз түрүндө берүүдө киринди сөздүн колдонулушу мүмкүн, мисалы: *Элдин айтканына караганда, билим түгөнбөс байлык болот.*

Мында *элдин айтканына караганда* – киринди сөз.

Ошентип, **бөтөн сөз эч кандай өзгөрүүсүз берилсе, бул тике сөз деп аталат.** Тике сөз тырмакчага алынып жазылат.

**Бөтөн сөз өзгөртүлүп колдонулса, ал кыйыр сөз болот.** Тырмакчага алынбайт.

**344.** Окугула. Кайсы сүйлөмдө бөтөн сөз өзгөрүүсүз колдонулду, кайсынысында анын грамматикалык түзүлүшү өзгөрүлдү? Түзүлүшүн өз ара салыштыргыла.

**345.** Төл жана бөтөн сөздөрдүн ортосунда бир аз тыным жасап, окугула. Бөтөн сөздү тапкыла, ал кандай жол менен берилди? Тыныш белгилеринин коюлушу жөнүндө айтып бергиле.

| | |
|---|---|
| 1. Элде мындай сөз бар: «Жигитке жетимиш түрдүү өнөр аз». | Элдин айтканына караганда, жигитке жетимиш түрдүү өнөр аздык кылат. |
| 2. Нурлан мындай деди: «Кеңешүү – акылдардын кошулуусу». | Нурлан кеңешүү акылдардын кошулуусу боло тургандыгы жөнүндө айтты. |
| 3. «Жылкычылар жайлоодон келишти», – деп Жумакадыр айтып келди. | Жылкычылардын жайлоодон келгендигин Жумакадыр айтып келди. |
| 4. Омор карыя мындай деди: «Бул жылы да эгинден мол түшүм алдым». | Омор карыя бул жылы да эгинден мол түшүм алгандыгын билдирди. |

1. Улуу[1] акын Токтогул жаштарга мындай деген насаат айткан:

«Колдон келер иш болсо,
Коркуп[3] бекер качпагын.
Мурунку жаман ишинди
Кийинки жерде таштагын».

2. «Эне тилиң[2] жан дүйнөңдү сугарып, биринчи жолу улуттук сезиминди ойготот... Адамга эбегейсиз эстетикалык ыракат тартуулайт»,– деп айткан азыркы доордун көрүнүктүү жазуучусу Чыңгыз Айтматов.

3. Элде мындай сөз бар: «Жамандык жолго баспагын, кырсык тилеп аласын. Досуңа чуңкур казбагын, өзүң түшүп каласың». (*«ЗО»*)

**346.** Окугула. Тике сөздү көрсөткүлө. Аны кыйыр сөзгө айландырып, кайра окугула. Кандай өзгөрүүлөр болду? Түшүндүргүлө. Кыйыр сөз деген эмне?

1. Ойчул[1] акын Калыгул Бай уулу өз учурунда мындай деген экен: «Ысык-Көл – бейиштин эшиги. Ысык-Көлдөн чыкпагыла, балдар». (*«Мурас»*.) 2. «Башка тилди кандай жакшы көрсөм да, эне тилиң[2] сүйгөнүмдөн жаңылбайм», – деп айткан таланттуу акын А. Осмонов. 3. Элде мындай деген макал бар: «Жаштык бар жерде жалын бар». «Жаш улук эмес, акыл улук». «Кырсык болсо, кыламыктан бут сынат». (*«ЗО»*) 4. Ошондо Толгонай мындай деди: «О-о, жан жараткан Жер! Биз сенин балдарыңбыз, ак тилегибизге жеткиргин!» (*Ч. А.*)

**347.** Эл ичинде айтылып жүргөн макал, учкул сөздөрдү жазып келгиле. Алардын айрымдарын тике сөз түрүндө колдонуп, сүйлөм түзгүлө. Эмне үчүн тике сөз колдонулат?

**348.** Окугула. Тике сөздү тапкыла, ага коюлган тыныш белгилери жөнүндө айтып бергиле. Андан кийин көчүрүп жазгыла да, сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө.

1. Элде мындай макал бар: «Эне тилим[2] – эне сүтүм». 2. «Алдагы колундагы эмне?» – деп Жамийла сүрөттү менден тартып алды. 3. Жамийла Даниярга шыбырап[3] жатты: «Кантип эле сени бирөөгө алмаштырайын...». 4. «Кадырлай билсең карыны, касиет дейбиз аныны», – деп көрүнүктүү акын Ысмайыл Борончиев ырдаган.

**349.** Тике сөздү тапкыла, калтырылып кеткен тыныш белгисин коюп, көчүргүлө. Алардын эмне үчүн коюлгандыгы жөнүндө айтып бергиле.



1. Эмгек кылгыла, жолдоштор // Эмгек[1] кылсаңар, баарыңар биз сыяктуу сыйланасыңар // деп Кулболду карыя сөзүн бүтүрдү. (*К. Б.*) 2. Сен Токтогул болуп жүрбөгүн // деп Ныязалы сүйүнүп кетти. (*Ж. Б.*) 3. Атам заманда кыргыз журту Эне-Сайды жайлап турган экен. Эне-Сай сенден жаркын мекен барбы[2] // деген ыр ошондон калыптыр // (*Ч. А.*) 4. О-о, саякатчылар // келип калдыңарбы // деп сурап калды Акман карыя. (*Т. С.*)


**350.** Тике сөздү кыйыр сөзгө айландырып, сүйлөмдү кайра түзгүлө. Сүйлөмдөрдүн грамматикалык түзүлүшүндө жана тыныш белгилердин коюлушунда өзгөрүү болдубу? Салыштыргыла. Кандай өзгөрүүлөрдү байкадыңар?

1. Мындай деген накыл сөз бар: «Карынын кебин капка сал». 2. «Ооба, апасына окшош экени чын!» – деди Толгонай. 3. «Агайынды жаман деп, тууганды кайдан табасың?» – деп улуу акын Токтогул айткан эле. 4. Мугалим минтип айтты: «Адеп менен нусканы биле жүр, балам».

**351.** Берилген сүйлөмдөрдү тике сөз катышкан сүйлөмгө айландырып жазгыла. Тыныш белгилерин койгула жана аны түшүндүргүлө.

1. Дарыгердин айтканына караганда, тамеки тартуу ден соолукка өтө зыяндуу. 2. Карыялардын айткандары боюнча, абийирди жаш кезден сактоо керек. 3. Бакыттын окуудан келгендиги жөнүндө таянем айтып келди. 4. Ар качан ар бир иште сабырдуу болуу жөнүндө айтылган сөз бар.

**352.** Төмөнкү схема боюнча тике сөз катышкан сүйлөм түзгүлө. Тике жана кыйыр сөз жөнүндө эмне билесиңер? Тике сөздө тыныш белгиси кандайча коюлат?




**353.** Тике сөздүн ордун алмаштырып түзүп, сүйлөмдү кайра көчүргүлө. Тыныш белгилеринин коюлушун түшүндүргүлө.

1. Мындай деген макал бар: «Жер бай болсо, эл да бай болот». 2. Шамбет тигил кызга түшүндүрдү: «Акман деген – ушул, сонун киши!» (*Т. С.*) 3. Баланын оюу чаташат: «Эмне үчүн адамдар тынч жашай алышпайт? Эмне үчүн

биреө жаман, биреө жакшы?» (*Ч. А.*) 4. К. Шопокова мындай деди: «Мен өз антымды жемиштүү эмгегим менен актадым». (*Ж. Б.*)

Ү л г ү: *Мындай деген макал бар*: ***«Жер бай болсо, эл да бай болот»***. – ***«Жер бай болсо, эл да бай болот»***, – *деген макал бар*. Биринчисинде, тике сөз төл сөздөн кийин келди да, өзүнөн мурда кош чекит коюлду; экинчисинде төл сөздөн мурда келип, өзүнөн кийин үтүр (жай сүйлөм болгон үчүн) жана сызыкча (,–) коюлду.

**354.** Диалог түрүндөгү текстти окугула. Анда төл жана бөтөн сөз барбы? Алардын ар бирин өзүнчө ажыраткыла. Тыныш белгилери кандайча коюлду?

Бир киши көп жашаган карыяга кайрылат:
– Айтыңызчы, карыя, кандай адам акылдуу?
Карыя мындай жооп берген экен:
– Колдон келген ишке умтулган адам акылдуу.
– Адам баласы бардыгын билет деп ойлойсузбу?
– Жок, дүйнөдөгү нерселерди толук билип чыгууга кудурети жетпейт.
– Демек, адам бардыгын билип чыга албайт дечи.
– Албетте.
– Адамдын акылдуу болушуна эмне себепкер?
– Билим. Ал – көрүнбөгөн нерсени көрсөтүүчү көз. (*«ЗО»*)

**355.** Тике сөзгө коюлган тыныш белгилерге карай, интонацияны туура сактап, текстти көркөм окугула. Интонациянын жардамы менен ар кандай ички сезимдер даана байкалып турсун.

1. Жигит келүүгө намыс кылды да, катуу буйрук берди:
– Кел жаныма! Кел, жүгүн! Түбөлүк күн кылам!
Кыз, төөнү бура тартып, эскертти:
– Чатаксыз кайт, менин колум сага барбайт.
– Кел дегенде кел! Багынасыңбы, жокпу?! (*А. Т.*)
2. Жамийла Данияргa акырын шыбырап жатты:
– Чын эле, күмөн санадыңбы? Кантип эле сени биреөгө алмаштырайын!.. Керек эмес, түштөн кийинки сүйүүсү, өзүнө буюрсун! Жалгызым, секетим, эч кимге сени ыраа көрбөйм!..
– Жамийлам, жаным калкатайым, кызыл гүлүм, Жамалтай! – деп Данияр кыргыз менен казакта болгон эң назик аттарды сүйгөнүнө арноодо.
– Көрсө, менин сүйгөнүм туулган жеримде тура! Көрсө, ал сен экенсин, кызыл гүлүм!
– Бүркүтүм! Шаңшыган бүркүтүм! Бери болчу, көзүңдү көрсөтчү! О-о, шаңшыган бүркүтүм! (*Ч. А.*)



## § 37. ТИКЕ СӨЗДҮН ТЫНЫШ БЕЛГИЛЕРИ

Тике сөз төл сөздөн мурда же андан кийин, же анын ортосунда келе берет. Ошентип, тике сөздө тыныш белгилердин колдонулушу алардын сүйлөмдөгү орун тартибине негизделген:

1. Тике сөз (автордун сөзү) төл сөздөн кийин келсе, өзүнөн мурда кош чекит коюлат да, баш тамга менен башталып жазылат: *Жанболот сүйүнүп кетти*: ***«Эне, алма алып келдиңби?»*** (*Ч. А.*)

2. Тике сөз төл сөздөн мурда келсе, (жай сүйлөм болсо, чекиттин ордуна үтүр коюлат), өзүнөн кийин үтүр жана сызыкча коюлат: ***«Уят өлүмдөн катуу»***,*– деген макал бар.*

Эгерде тике сөз суроолуу же илептүү сүйлөм болсо, суроо (?) жана илеп белгиси (!) сакталат: 1. ***«Алтынай, жашың канчада?»*** – *деп Дүйшөн күлүп койду*. 2. ***«Эмгек өлбөйт экен го, нан өлбөйт экен го!»*** – *деди Толгонай*. (*Ч. А.*)

3. Тике сөз төл сөздүн ортосунда келсе, тике сөздөн мурда кош чекит, кийин үтүр жана сызыкча коюлат:

*Элде*: ***«Эр эмгегин жер жебейт»*** – *деген сөз бар.*

4. Тескерисинче, тике сөздүн ортосунда төл сөз келсе, төл сөздүн эки жагына үтүр жана сызыкча коюлат:

***«Мен***, – *деди Бугу эне*, – ***силерге Умай эне болом»***.

Тике сөз менен төл сөздү өз ара байланыштырууда *деп, деген, деди* ж. б. сөздөр колдонулат.

5. Диалогдордо тике сөз тырмакчага алынбайт, ар бир кишинин сөзү жаңы жолдон башталып, алдына сызыкча коюлат:

*– Аксакал, башта эмне болуп иштөөчү элеңиз?*
*– Үкөм, башта мен уста элем*, – *деп Чыныбай сөзгө кириштi*. (*Н. Б.*)

**356.** Окугула. Тике сөздүн сүйлөмдөгү ордуна көңүл бургула. Ушуга байланыштуу ага тыныш белгилеринин кандайча коюларын түшүндүргүлө.

1. «Бул сабакта мен силерге[1] өзүбүздүн ата мекенибиз жөнүндө айтып берем», – деп Жамийла шашпай сабагын баштады. (*К. Б.*) «Карачы, эне, – деди ал шолоктоп, – күн минтип жаркырап турса, Касым келбейт ээ?» (*Ч. А.*) 3. Бектурган баланы[2] мойнунан кучактады: «Эми менин жараланган жүрөгүм айыкты! Силер бактылуу болгула!» (*А. Т.*) 4. Докладчы сөзүнүн аягында: «Жашасын эркиндик, ура!» – деп кыйкырып жиберди. (*Н. Б.*) 5. Кадырлуу ага-инилер, – деди Шамбет, көпчүлүктүн назарын өзүнө буруп, – биз силерди эмгекке чакырабыз». (*Т. С.*)

**357.** Окугула. Тике сөз катышкан сүйлөмдү тапкыла. Ал айтылыш максаты боюнча кандай сүйлөм? Тике сөздөн кийин коюлган үтүр жана сызыкча, суроо белгиси жана сызыкча, илеп белгиси жана сызыкча эмнеге негизделип коюлду? Түшүндүргүлө.

«Ашыралы байкем келе жатат!» – деп бир кичинекей кыз кыйкырып жиберди. Кыйкырган бойдон солдатты көздөй жүгүрдү. «Кокуй[3], чын эле, Ашыралы турбайбы!» – деп айлдар да чуулдап жөнөштү. Ошол учурда бизди кандайдыр бир күч бийлеп, баарыбызды тең эргитип алып учту. Ошол ызы-чууда ар кимибиз, туш-туштан Ашыралынын мойнуна асылып, өпкүлөдүк. «Кайда менин Касымым?» – деп чыңырды Алиман. «Башкалар кайда кайда? Качан келет калгандар!» – деп эл-журт жабыла сурап жатышты.

Ашыралыны туугандары үйүнө ээрчитип кеткенден кийин, Алиман экөөбүз үйгө кайттык. Биз унчукпай келе жаттык. «Ай[3], эми айрылышабыз го. Касымдан түңүлүп бүттү го», – деп ойлоп келе жаттым. «Эне, мынча эмне бөксөрдүң? Антпечи, энеке! Мындай дөңсөөгө отуруп, сүйлөшөлүчү», – деди бир маалда Алиман. (*Ч. А.*)

**358.** Окугула. Төл жана тике сөздөрдү көрсөткүлө. Көчүрүп жазып, тыныш белгилерин койгула. Алардын эмне үчүн коюлгандыгын түшүндүргүлө.

1. Баарынан намыс кымбат[1] турарын унутпа // деп акылмандар айтышкан. 2. Кузьмич ата мындай деди // Силерди билим күтүп турат. (*Т. С.*) 3. Муну ким[3] тарткан // деп ал чоң барак кагазды сунду. 4. Дүйшөн толкундап сүйлөдү // өкмөт бизди билимге жетилсин деп жатат, ошондуктан[3] балдарды окутуубуз керек. (*Ч. А.*) 5. Сиз такыр байкабагансыз // деди Сатар // бул балада талант бар. (*А. Т.*)

**359.** Тике сөздү кыйыр сөз менен алмаштырып, сүйлөмдү кайра түзгүлө. Көчүрүп жазып, сүйлөмдүн грамматикалык түзүлүшүндөгү өзгөрүүлөрдү аныктагыла. Тыныш белгилердин коюлушунда кандай өзгөрүүлөр болду?

1. Шамбеттин үнү заңк[1] этип бийик чыкты: «Биздин ишибиз адил, жеңиш биздики болот!» 2. «Биз дагы бул чакырыкты кубаттайбыз», – деди чоң сакал Дмитрий. (*Т. С.*) 3. Сөздү Султаналы баштады: «Сен Кетмен-Төбөдөн башка жакты араладыңбы?» (*К. К.*) 4. Элде: «Чыныгы кайрат эр жигитке учууга[3] канат, конууга[3] куйрук берет», – деген сөз бар.

**360.** Кашаанын ичиндеги сүйлөмдү төл сөздүн маанисинде колдонуп, көп чекиттин ордуна жазгыла да, тике сөз катышкан сүйлөм түзгүлө. Көчүрүп жазып тыныш белгилерин койгула. Алар эмнеге негизделип коюлду?




1. Көрө-көрө көсөм болот... (деп Чаргын алдыртан ойлонот). 2. ... Эл ичи – өнөр кенчи (элде мындай деген макал бар). 3. Биз .., эл алдында берген убадабызды аткарабыз (деди Акия кетирекей). 4. Коркок дос .., душмандан жаман (деп айткан улуу адамдар). 5. Ырыс алды – ынтымак (элде мындай деген макал бар).

**361.** Тике сөздүн сүйлөмдөгү ордун алмаштырып, сүйлөмдү кайрадан көчүрүп жазгыла. Тыныш белгилеринин коюлушу жөнүндө айтып бергиле.

1. «Адеби жаман элди булгайт», – деген макал бар. 2. Улуу адамдар минтип айтышкан экен: «Ыр деген тоодон аккан тунук булак». 3. Чыгыш элдеринде мындай деген сөз бар: «Сөздүн мыктысы жөнөкөй, түшүнүктүү жана терең мазмундуу келет». (*«ЗО»*)

Ү л г ү: *Мындай деген макал бар*: ***«Адеби жаман элди булгайт».*** ***«Адеби жаман****, – деген макал бар, –* ***элди булгайт».*** *Элде*: ***«Адеби жаман элди булгайт»****,– деген макал бар.*

**362.** Схемага көңүл бургула. Ал боюнча тике сөз катышкан сүйлөм түзгүлө. Тике сөз деген эмне?



**363.** Төл сөз менен тике сөздүн ортосундагы интонацияны туура сактап, сүйлөмдү көркөм окугула. Тике сөздөн кийин коюлган үтүр жана сызыкча (,–), суроо жана сызыкча (?–), илеп жана сызыкча (!–) белгилери бир эле тыныш белгисиби же ар башкабы? Булардын колдонулушу эмнеге негизделген?

1. «Аман болгула, эл-журт! Биз кеттик!» – деп Чаргын арабанын үстүнө[2] тартайып тура калды. 2. «Эмне[3] мен мылтык да ата албай калыптырмынбы?» – деп Чаргын намыстанат. (*Т. С.*) 3. «Жүрөгүм алып учат, кандай окуя болорун билбейм, корком!» – деп Лайлыкан чочуп кетти. 4. «Лайлыкан! Сен бала болуп турасыңбы? Арзымат аман бекен?» – деп жеңем сурап калды. 5. «Кадырлуу жолдоштор! Мен, Кан-Абатка барып, тапшырган кызматыңарды орундатып келдим»,– деп Айнагүл сөзүн бүтүрдү. (*К. Ж.*)

**364.** Көчүргүлө. Тике сөз катышкан сүйлөмдүн схемасын чийгиле. Анын сүйлөмдөгү орун тартиби кандай? Тыныш белгиси кандайча коюлду?

1. Алымкан байбиче Токтогулга сүлөөсүн бөрк кийгизди да, мындай деди[4]: «Токо, тагдыр кошподу, мени эстеп жүрүңүз!» «Кургурум ай[3], дагы эле[3] сарсанаа кылар жоругуң»,– деп Токтогул мункана күңгүрөнүп жиберди. (*Т. К.*) 2. «Куттуктаймын! Шакен аман тура!» – деп Батыш күйөөсүн карады. 3. «Өчпөс шам жетпейт?» – деди бак-бак этип Чаргын. (*Т. С.*) 4. «Кен асылы жерде, сөз асылы элде», – деген макал бар. 5. Эл: «Байлыктын атасы – эмгек, энеси – жер»[4], – деп айткан.

**365.** Көркөм окугула. Маектешүүгө кимдер катышты? Алардын сөзүн (төл жана тике сөз) өз-өзүнчө ажыраткыла. Тыныш белгилери кандайча коюлду?

Алтынай Сулайманова, өзүнчө кыялданып, келе жатты.
– Сизге эмне болду, эжеке?[4] – деп арабакеч бала сурап калды.
– Анчейин, иним, сен бул айылдын элин тааныйсынбы?
– Таанычу элем.
– Дүйшөн деген башта мугалим болуп жүрчү кишини[2] билесиңби?
– Дүйшөн? Ал киши аскерге кетти жакында.
– Аял, балдары барбы?
– Ооба, бар. Үйү суунун тиги мандайында. (*Ч. А.*)

**366.** Окугула. Диалогго кимдер катышканын аныктагыла. Тыныш белгилеринин коюлушун түшүндүргүлө. Диалог кандай кырдаалда колдонулат?

– Ата, эмне үчүн сен көптү билесин?[4] – деп сурады баласы атасынан[2].
– Менин эң жакшы досум жана окутуучум бар. Ал бардыгын үйрөтөт,– деди атасы.
– Ал окутуучуң кайда? Эмне үчүн мен аны көргөн жокмун? – деди баласы.
– Ал мына,– деп атасы китептерин көрсөттү.
– Китептер мага[2] бардыгын үйрөтөт. Мына бул китептер адамдардын баатырдыгы, ата-бабаларыбыздын байыркы турмушу жөнүндө айтып берет. (*«А»*)

**367.** Өзүңөр кыскача диалог түзгүлө. Мында бирөөгө суроо менен кайрылууда каратма сөздү колдонгула. Тыныш белгилерди коюп, алардын эмне үчүн коюлганын түшүндүргүлө.

**368.** Тике сөздү атагыла. Андан кийин аларды диалог түрүндө ондоп түзгүлө. Тыныш белгилеринин коюлушунда кандай өзгөрүүлөр болгондугун аныктагыла.

1. Жамийла бир убакта алдыда бара жаткан Даниярга мындай деп кыйкырды: «Ой, сустайган неме, ырдап койсоң болбойбу?» 2. «Ырдай бер, Жамийла, кулак сенде!» – деди Данияр. 3. Жамийла кекете какшыктады:



«Ырдабасаң жөн кой, бой көтөргөнүн мунун!»[4]. «Сен ырдабасаң, мен ырдаймын»[2], – деп кайра өзү ырдады. 5. Бир аз өткөндөн кийин Жамийла Даниярды дагы үндөдү: «Ай, Данияр! Сен деги бирөөнү сүйдүң беле?» (*Ч. А.*)

**369.** Тиешелүү тыныш белгилерди өз ордуна коюп, текстти диалог түрүндө көчүргүлө. Сүйлөшүүгө кимдер катышты? Диалог жөнүндө эмне билесиңер?

Москванын поезди биздин станциядан түнкү он бирде өтөбү? Ооба эже он бирде өтөт. Эмесе, мен азыр жөнөшүм керек. Эмне үчүн? Сиз бир-эки күн туруп кетмек убадаңыз бар эмес беле? Эл сизди коё бербейт, эже. Зарыл жумуштарым бар.

**370.** Маектешүүнү андан ары улап, диалог түзгүлө. Бирөөгө кайрылууда каратма сөздү колдонгула. Мүмкүнчүлүгүнөргө карата кашаанын ичиндеги сөздөрдү (*саламатсызбы, ырахмат, кечирип коюңуз, жакшы калыңыз, ыраазымын*) пайдалангыла.

Ү л г ү: – Саламатсызбы! Талантты чакырып коёсузбу?

## § 38. ЦИТАТА ЖАНА АНЫН ТЫНЫШ БЕЛГИЛЕРИ

**Цитата – бул башка бирөөнүн сөзүн эч өзгөртпөй сөзмө-сөз колдонуу. Башкача айтканда, тике сөздүн колдонуунун бир түрү.**

Цитата баяндалып жаткан ой-пикирди ырастоо, бекемдөө максатында колдонулат. Анын тыныш белгилери тике сөздүкүндөй эле, бирок кээ бир айырмачылыктар бар.

Мисалы, цитата түзүлүшү жагынан төл сөз менен байланышып, анын бир бөлүгү катары колдонулушу мүмкүн. Мындай учурда цитата тырмакчага алынып, кичине тамга менен жазылат (башка белгилер коюлбайт).

Мисалы, *Эне тилсиз улуттун болушу мүмкүн эмес, ошондуктан* ***«элди түбөлүк эл кылып турган анын тили»*** *боло тургандыгын Ч. Айтматов таасын көрсөткөн.*

Эгерде цитата толук колдонулбаса, анда калтырылып кеткен сөздүн же сүйлөмдүн орду көп чекит менен көрсөтүлөт: ***«...Тил менен эмгек эмнени гана жаратпайт. Египеттик улуу пирамидалардан тартып XX кылымдын таң каларлык жетишкендиктери – тил менен эмгектин натыйжасы»***, *– деп жазат улуу акыныбыз А. Токомбаев.*

**371.** Окугула. Цитата түрүндө колдонулган сүйлөмдү көрсөткүлө. Ал сүйлөмдө кандай мааниде колдонулду? Цитатада тыныш белгилери кандайча коюлат?

1. Кыргыз тил илиминин өнүгүшүндө К. Тыныстановдун синирген эмгеги бөтөнчө. Анын колу тийбеген кыргыз лингвистикасынын теориялык, методикалык маселелери сейрек. Анын кесиптеши жана тагдырлашы, залкар окумуштуу профессор Е. Д. Поливанов мындайча эскерген экен: «Кыргызстандагы тил курулушу облусунда жана кыргыз тилин окутуу ишинде жолдош К. Тыныстанов эң маанилүү роль ойноп келген жана ойноп жатат». Демек, профессор К. Тыныстанов терең билимдүү инсан болгон.

2. – Атыңыз[2], фамилияңыз ким? – Атты айткан менен эмне чыгат? «Миң кишинин атын[2] билгенче, бир кишинин сырын бил» деген эмеспи? Сырымды билсеңиз, атымды да билерсиз. Албетте[3], мен өзүмдүн башыман өткөргөн кыйынчылыктарды айтайын, бирок[3] угууга оор. Ошондой болсо да, айтайын. (*К. Ж.*)

**372.** «Мен кайсы кесипти жакшы көрөм» деген темада дилбаян жазгыла. Өзүңөрдүн ой-пикириңерди, тилегиңерди жана каалооңорду ачык-так, ишенимдүү баяндоодо көрүнүктүү адамдардын айткандарын цитата түрүндө колдонгула.

**373.** Тике сөз катышкан сүйлөмгө синтаксистик талдоо жүргүзгүлө.

1. Элде мындай деген накыл сөз бар: «Акыл сурасаң Сарт акеге, сөз сурасаң Тилекмат акеге бар». (*«КТ»*)

2. Улуу ойчул Ж. Баласагын: «Билим – өнөр, өмүргө суудай керек»,– деген осуят калтырган. 3. «Дарак бир жерде көгөрөр»,– деп айткан экен нускоочу акын Калыгул. (*«Мурас»*) 4. «Эрди кабагынан сына» дегендей, сен өзүң ким болосуң, мырзам?» – деди Бектурган. (*А. Т.*)

**374.** Эл ичинде колдонулган макалдарды пайдаланып, төрт сүйлөм түзгүлө. Эки сүйлөмдө тике сөз төл сөздөн мурда, экөөндө андан кийин келсин. Тыныш белгилеринин коюлушун түшүндүргүлө.

**375.** Калтырылып кеткен тыныш белгилерди өз ордуна коюп, көчүргүлө. Алардын коюлушу кайсы эрежелерге негизделди?

1. Аксакал жөнөбөйлүбү // деди Керимбек. 2. Абдан жакшы болот, мен сизди эле күтүп турам // деди Чыныбай. (*Н. Б.*) 3. Жапар, баланы бооруна кысып, өпкүлөп жиберди // бул – менин досумдун баласы. 4. Сизге кыянат болбосо, күнүн сырын чечип берсеңиз // дедим. Олда балам ай // деди карыя // эми болбостур. (*А. Т.*)

**376.** Көчүргүлө. Синтаксистик талдоо жүргүзгүлө: а) түзүлүшү боюнча кандай сүйлөмдөр бар? б) сүйлөм мүчөлөрүнүн астын сызгыла.



1. Кезинде азуусун айга жаныган Арстанаалы кылычынын курчтугун байкаш үчүн адамдын башын[2] алдырган экен. (*Т. С.*) 2. Айта-буйта дегенче эр Бакайдын жанына чаап чыгып барышты. (*«Манас»*) 3. Чапанымды желбегей жамынып, тышка чыктым. 4. Асмандагы Ай, жымыңдап нурун чачып[2], уясына карай жылып бара жатат. (*К. Ж.*) 5. «Досу көптү жоо албайт, акылы көптү доо албайт»,– деген макал бар.

**377.** Төмөндө элдик макалдар берилди. Алардын ар бирин тике сөздүн маанисинде колдонуп, сүйлөм түзгүлө. Макалдын мааниси жөнүндө айтып бергиле.

1. Туулган жердин топурагы – алтын. 2. Өкүм болмок өзүңдөн, сылык болмок сөзүңдөн. 3. Жаман сөз жүрөккө барып таш болот. 4. Туура бийде тууган жок, туугандуу бийде ыйман жок. 5. Карагай болбой, чер болбойт, кайратсыз адам эр болбойт.

## § 39. ТИКЕ СӨЗ КАТЫШКАН СҮЙЛӨМ БОЮНЧА СИНТАКСИСТИК ТАЛДОО

Талдоонун тартиби:

1. Тике сөз катышкан сүйлөм экендигин көрсөтүү.
2. Тике жана төл сөздү (автордун сөзүн) ажыратуу.
3. Төл сөзгө карата тике сөздүн ордун аныктоо.
4. Тыныш белгилердин коюлушун түшүндүрүү.
5. Тике жана төл сөздөрдүн ар бири жөнөкөй же татаал сүйлөмдөрдүн тартибинде талдалат.

Талдоонун үлгүсү:

1. *Өмүрбек үчкүч жигиттен сурап калды*: «*Сиз Бектурганов дегенди билесизби?*» (*А. Т.*) – Бул – тике сөз катышкан сүйлөм; *Өмүрбек үчкүч жигиттен сурап калды* – төл сөз; «*Сиз Бектурганов дегенди билесизби?*» – тике сөз. Тике сөз төл сөздөн кийин келди, ал тырмакчага алынып, өзүнөн мурда кош чекит коюлат; суроолуу сүйлөм болгондуктан, аягына суроо белгиси коюлду.

Андан ары сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо зарыл болсо, анда төл жана тике сөздүн ар бири жөнөкөй сүйлөм катары талдалат.

2. «*Эне, сени таштап деле кете албайт экенмин*», – деп үшкүрдү Алиман. (*Ч. А.*) – Бул тике сөз катышкан сүйлөм; «*Эне, сени таштап деле кете*

*албайт экенмин»* – тике сөз; *деп үшкүрдү Алиман* – төл сөз. Тике сөз төл сөздөн мурда келди, ал тырмакчага алынып, өзүнөн кийин үтүр (жай сүйлөм болгон үчүн) жана сызыкча коюлду.

**378.** Тике сөз катышкан сүйлөмдү таап, ага синтаксистик талдоо жүргүзгүлө.

Эртең, мененки салкын жел, таза аба кандай! Көңүлдүн кирин кетирип, бир кубанычка бөлөйт, тула бойду кытыгылайт. «Элөөрүп эки жакты карап, чайды да жарытып ичпедиңиз?» – деп жанымда отурган келин жылмайды.

Жолоочу жолунда болсо, курсагы ток болсо, пикирлешип, ойноп-күлүп отуруу өзүнчө бир ыракат го! Сөздүн ыгы келгенде, келин сурап калды: «Сиз кайсы райондон болосуз, аты-жөнүңүз ким?» Кайдан келе жатканымды, ким экенимди айтып, өзүмдү тааныштырдым. Менин шашканымды билди. Келин: «Сизге жакын отурбасам, машинанын табышы сөзүмдү угузбас»,– деп мага карай ыктады. (*К. Ж.*)

**379.** Көчүргүлө. Тике сөз катышкан сүйлөмдөрдү сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдагыла. Тике сөздүн тыныш белгисин түшүндүргүлө.

1. «Окуу – билим азыгы, билим – ырыс казыгы», – деген макал бар. 2. «Абийирдүү жигитке ажалдуу кийик жолугат» – деген ушул, балам. 3. «Ий-ий, ушул чоң энем кызык киши деги»,– деди Динар кейип. 4. «Ооба, – деди Динар – мен чоңойгондо инженер болом». (*Т. С.*)

**380.** Өзүңөр тике сөз катышкан беш сүйлөм түзүп келгиле, анда тике сөз сүйлөмдүн ар кайсы жеринен орун алсын. Тыныш белгилеринин коюлушун түшүндүргүлө.



# ПУНКТУАЦИЯ

## § 40. ТЫНЫШ БЕЛГИЛЕРДИН МААНИСИ ЖАНА КЫЗМАТЫ

Ойду жана ички сезимдерди жазуу түрүндө ачык-айкын билдирүүдө тыныш белгилеринин мааниси зор, ошондуктан ал пикир алышуунун кошумча каражаты болуп эсептелет. Жазууда тыныш белгилери колдонулбаса, анда айтылып жаткан ой чаташып, баш аламандык болор эле.

Ушундай эле, сүйлөмдүн тутумундагы синтаксистик категорияларды: бир өңчөй мүчөлөрдү, түшүндүрмө мүчөнү, кириндИ сөздү, тике сөздү ж. б. өзүнчө бөлүп көрсөтөт. Ошентип, тыныш белгилери айтылып жаткан ойго кошумча маани, кошумча түс берет. Мисалы, сүйлөмдүн аягына коюлган суроо, илеп белгилери, биринчиден, сүйлөмдүн аякталып бүткөндүгүн билдирсе, экинчиден, анын кандай максатта колдонулуп жаткандыгын көрсөтөт.

Жазууда тыныш белгилерин туура колдонууда төмөнкү жоболор эске алынууга тийиш: а) сүйлөмдүн кандай маанide айтылып жаткандыгы; б) сүйлөмдүн грамматикалык түзүлүшү; в) интонация. Бул жоболор бири-бири менен байланыштуу, өз ара шарттлашкан мүнөздө каралат.

Азыркы кыргыз тилинде колдонулуп жүргөн тыныш белгилерге төмөнкүлөр кирет: *чекит, көп чекит, суроо жана илеп белгиси, үтүр, үтүрлүү чекит, сызыкча, тырмакча, кашаа.*

**381.** Төмөндө тыныш белгилери коюлбаган текст берилди. Текстти ошол түрүндө окугула. Кандай кыйынчылыкты байкадыңар? Эмне жөнүндө сөз болуп жатканын ачык-так аныктоого болобу? Андан кийин ушул эле текстти тыныш белгилери коюлган түрүндө кайта окугула. Сүйлөмдүн маанисин ачык-так кабыл алууга эмнелер жардам берди?

1. Суу болобуз кокуй үйгө кире туралы десем Алиман эчтеке эмес эне бүтүрүп коёлу деп жаандын кытыгылаганына каткыра күлүп жерди айдай берди Алиман улам алакандарын бетин жаанга тосуп эне бери карачы кандай сонун жаан кандай таза жаан быйыл эгин мол болот төгө бер берекенди төгө бер деп кубанып жатты келинимдин бул кылыгына мен да баттым.

2. Суу болобуз[1], кокуй[2], үйгө кире туралы десем, Алиман: «Эчтеке эмес, эне, бүтүрүп коёлу!» – деп жаандын кытыгылаганына каткыра күлүп, жерди айдай берди. Алиман улам алакандарын, бетин жаанга тосуп: «Эне, бери

карачы? Кандай сонун жаан! Кандай таза жаан! Быйыл эгин мол болот. Төгө бер, берекеңди төгө бер!» – деп кубанып жатты. Келинимдин бул кылыгына мен да баттым. (*Ч. А.*)

**382.** Коюлган тыныш белгилерине карай, интонацияны туура сактап, текстти көркөм окугула. Тыныш белгилердин эмне үчүн коюлганын түшүндүргүлө.

Ушинтип[1], согуш эң акыркы өчүн да алып тынды. Ошол күнкү баскан жол турмушумда эң оор жол болду го! Ай, ошондогу карангы түн ай! «Тү! Сенин бетиңе, дүйнө. Кечтим сенден, кечтим! Жашагым келбейт!» – деп ниеттен бузулуп, турмуштан безип келе жаттым. Мен ушинтип келе жатканымда, чапанымдагы кызыл эт бала, үн чыгарып[3], ыңаалап ыйлап жатты. Алда байкушум ай[3], адегенде эле энеңди жоктоп калдың го деп, ого бетер буркурап ыйладым.

Ымыркай баланын денеси[2] жүрөгүмдүн астында улам жылуу тартып, боорума жакындай берди. Ошол күйүт, арман, ыйдын арасынан кандайдыр бир бүдөмүк ой туулду: «Өмүр таптакыр эле түгөнүп калбаптыр го. Аягында кичинекей тирүү жан калыптыр го. Турмуш менен дагы кармашып көрсөк кантет». (*Ч. А.*)

**383.** Көчүрүп жазгыла да, тиешелүү жерлерге тыныш белгилерди койгула. Алар эмне үчүн коюлду? Кызматы эмне? Түшүндүргүлө.

Карыя жалгыз күүсүн[1] алда канча чертип жиберди //

// Аксакалдын бул күүсүнүн аты эмне // деп сурадым жанымдагы кара сакал кишиден //

// Билбеймин[2] // муну эч ким билбейт //

// Сиз ушул айылдансызбы // Эмне[3] үчүн билбейсиз // деп ал кишиден дагы сурадым //

// Ооба[3] // иним // ушул эле айылданмын // Мен бул кишиден элүү жаш кичүүмүн // деп жылмайды.

Бул кишинин сөзү мени ого бетер кызыктырды // (*А. Т.*)

**384.** Сүйлөмдөрдүн аягындагы тыныш белгилер эмнеге негизделип коюлду? Каратма сөз менен сырдык сөздөрдөн кийин илеп белгисин коюуда эмнени эске алдык? Жалпы эле, тыныш белгилери кандай кызматты аткарышты?

1. Алимандын тагдырын[2] эстегенде ичим күйүп чок болот... Анын[2] убалсообу кимде? Анын дартын кимге[3] айтам? Кайран[3] келиним! Гүл сүйгөн келиним! (*Ч. А.*) 2. Батманын оорусу күчөдү. Эки сөзүнүн биринде айтканы – Ажар.

– Жалгызым... Сен кантесиң?. Келчи мага!.. Айткулу ай!.. Ажарды алчы... Алчы!.. Үшүдүңбү? (*К. Б.*) 3. Турсун эже эмгегине тандандат: «Пайпай! Көз тийбесин!.. Былтыр эмне үчүн ушундай иштебедим экен?» Эсенгелдиге уулунан кат келди: «Ардактуу ата, эне! Мен жаңы тарбияга өткөндөн бери өзүмдүн эр жетип калганымды биле баштадым...» Энеси! Уулундан кат алдым.

Кана, буга эмне дейсиң. (*Т. С.*)

**385.** Сүйлөмдөрдүн аягына кайсы белгилер коюлат? Аларды коюуда эмнени эске алдыңар? Мисалдарды көркөм окуп, далилдегиле.

– А-а-а[3], Айганыш балам, ал-жайың кандай[3] // көрүнүшүң жаман го, үлүндөп[1] күйгөн шамдай //

– «Курманбек өлдү» деген кабар көңүлүнө майдай жагар //

– Абдан сонун кабар, балким, сага да жагар // – Абдан жагат // (*К. Ж.*)

**386.** Окугула. Үтүр белгисинин эмне үчүн коюлганын түшүндүргүлө. Сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр сүйлөмдүн ортосуна келгенде, үтүр кандайча коюлат?

1. Ажардын[1] бардык үмүтү да[3], тилеги да, өмүр сүрүүсү да ушул отко байланышкан. От өчсө, аны менен бирге Ажар да өчмөк. (*К. Б.*) 2. Биз, кыргыз эли, жаңы турмушту көздөй бет алдык[4]. Силер, жаштар, бул иште көч башында болууңар керек. («*КТ*») 3. Көптөн бери, курбулар, Жапардын созолонтуп ырдаганын сагындык[4]. 4. Балалык чак, айтор[3], бүлбүлдөп артта калууда. 5. – Бали[3], балам! Сен кимсиң?[3] – деди көк ала сакал абышка.

– Мен Айдар деген болом, аксакал, – деди жигит. (*Т. С.*)

**387.** Текстти окугула. Коюлбай калтырылып кеткен үтүр белгисин койгула. Кайсы эрежеге ылайык коюлду? Түшүндүргүлө. Оюнарды мисалдар аркылуу далилдегиле. Текст кептин кайсы түрүнө кирет?

Албетте // Дүйшөн өзү да менин[2] бул абалымды жакшы билип жатты. Мүмкүн // менин[1] көңүлүмдү көтөрөйүн дедиби // эртесинде мектепке эки терекче алып барды. Окуу бүткөндөн кийин // Дүйшөн мени колумдан жетелеп:

– Экөөбүз[3] азыр бир иш кылабыз // Алтынай // деди // мени күлө карап. Мына бул теректерди мен сага арнап алып келдим. Ушулар жетилип чоңойгондо // сен дагы көктөп бүрдөйсүң. (*Ч. А.*)

**388.** Кош чекит кайсы эрежеге ылайык коюлгандыгын түшүндүргүлө. Төмөндө берилген сүйлөмдөрдөн мисал келтирип, өз оюнарды бекемдегиле.

1. Поезд акырын келип[3] Казан вокзалына токтоду. Баарыбыз: кыргызстандыктар да, казакстандыктар да, өзбекстандыктар да вагондон чыктык.

Тышта[1] бизди көп эл күтүп турган экен. (*К. Б.*) 2. Адамдын баарында эки түрдүү кемчилик болот: бирөө[2] өзү менен кошо жаралат, экинчиси башкалардан жугат. 3. Даанышмандар минтип айтышкан: «Акылмандын акылдуу болушуна билим себепкер». («*ЗО*»)

**389.** Окугула. Диалогдо жана тике сөздө сызыкча кандайча коюлду? Эрежесин түшүндүргүлө. Тыныш белгилеринин коюлушунда кандай окшоштуктар бар? Айырмачылыгы эмнеде?

1. Бурулча Айшага мындай деди:
– Садаган[3], мен жумушка кетем. Сен үйдө кал.
– Жок, энеке, мен да сиз менен барам. Үйдө жалгыз кантип калат элем? – деди Айша. (К. Б.) 2. Жоокер, эки жагын каранып, күлүндөп[3] турду да:
– Күркүрөө айылынан[1] ким бар? – деп кыйкырып[2] жиберди.

**390.** Окугула. Сызыкча, кош чекит белгилери кайсы эрежеге ылайык коюлду? Ушул үзүндү өзүнчө текст болобу? Далилдегиле.

Биз жерден көтөрүлдүк. Баары дапдаана көрүнүп турду: айдоо аянттары, айылдар, шаарлар. Баары тең тааныш.

Алды жактан көрүнгөн шаарлар, кыштактар булар:

Кара-Балта, Сокулук, Ак-Суу, Кайыңды. Мына Зууракан Кайназарова жашаган айыл. Ал азыр дүркүрөп өсүүдө.

Самолёттун жолу даңгыр. Анын жолу – асман. Ага аска да, суу да – бардыгы тоскоол боло албайт.

Таластын тарыхый эстеликтеринин үстүнөн учуп бара жатабыз. Манастын күмбөзү, Айчүрөк конгон боз секи – баары көрүнүп турат. Дагы тоолор!.. Кубангандан же ырдагың, же кыйкыргың келет! (*Ж. Б.*)

### Кайталоо үчүн суроолор:

1. Бөтөн сөз кандай жолдор аркылуу колдонулат? Мисал келтиргиле.
2. Тике сөз деген эмне? Ага тыныш белгиси кандайча коюлат? Мисал келтиргиле.
3. Кыйыр сөз деген эмне? Мисал келтиргиле.
4. Цитата жана анын тыныш белгилери жөнүндө эмне билесиңер?
5. Диалог жөнүндө айтып бергиле.
6. Диалогдо тыныш белгиси кандайча коюлат?
7. Тыныш белгилеринин жазуудагы мааниси жөнүндө эмне билесиңер?
8. Тыныш белгилерди колдонууда кандай жоболорду жетекчиликке алабыз?



## IX КЛАССТА ӨЗДӨШТҮРҮЛГӨНДӨРДҮ КАЙТАЛОО

**391.** Окугула. Түшүндүрмө мүчө катышкан сүйлөмдү тапкыла, ал жөнүндө айтып бергиле, анда тыныш белгилери кандайча коюлат? Ошол сүйлөмгө синтаксистик талдоо жүргүзгүлө. Түшүндүрмө мүчө сүйлөмдүн кайсы мүчөсү болду?

Биздин айыл Ак-Жар тоо этегинде орношкон. Айылдын үстүндөгү адырда эки зор терек болор эле. Кийин, эс тартып чоңойгондо, мен бул теректердин сырын түшүндүм. Окуудан тараган жайкы маалда биз, бир топ балдар, балапан алабыз деп, ушул жерге келчүбүз. Ошондо биз, чор таман тентектер, теректерге мышыкча асылып чыкчубуз.

Мына ушул теректер турган жерди айылдагылар «Дүйшөндүн мектеби» деп койчу. Бир кездерде ошол дөбөнүн үстүндө, эки зор терек турган жерде, мектеп болгон имиш. (*Ч. А.*)

**392.** Сүйлөмдөгү сөздөрдүн орун тартиби жөнүндө эмне билесиңер? Сүйлөм мүчөлөрүнүн түз жана өзгөргөн терс орун тартиби кандай? Төмөнкү тексттерден мисал келтиргиле.

### НОБЕЛЬ СЫЙЛЫГЫ

1. Бул барктуу сыйлык химия, физика, адабият жана саясий иштер жаатында жетишкен ийгиликтер үчүн берилет. Аталган сыйлык Альфред Нобель деген швед окумуштуусунун ысмы менен байланышкан жана 1900-жылы уюшулган.

Ошентип, Нобель сыйлыгы ар жыл сайын (10-декабрь) көрүнүктүү окумуштууларга, жазуучуларга, ишмерлерге ыйгарылат. Стокгольм жана Осло шаарларында бул баалуу сыйлыкты тапшыруу аземи болуп турат. («*КТ*»)

2. Бир көрдүм Аркыт өрөөнүн,
Эсимден чыкпайт эгерим.
Бардыгы анда дээр элем,
Бар болсо «бейиш» дегеним. (*Б. С.*)

**393.** Каратма сөз катышкан сүйлөмдү көрсөткүлө. Бул сөз эмне үчүн колдонулат? Ага тыныш белгиси кандайча коюлат? Бирөөлөргө кайрылганда же алар менен аңгемелешкенде каратма сөздү колдонууга аракеттенгиле.

1. Суйкайган сулуу сеники, төрөм!
Сымбаттуу күлүк меники, төрөм!

Айтылуу сулуу сеники, төрөм,
Ашкере күлүк меники, төрөм! (*Ж. Т.*)

2. – Башыңды өйдө көтөр, Толгонай, кайрат кыл.

– Жарайт. Андан башка чарам барбы. Эсиңдеби, айланайын тууган жер, ошол күнкү?

– Мен эчтекени унутпайм, Толгонай. Сүйлөй бер, сүйлө, Толгонай, сүйлө, пендем. Бүгүн кулак сенде.

– Ох, эмнени айтайын, Жер энем! Ошонун эртесинде, күн чыга электе, орок оруп, жумушка кириштик. (*Ч. А.*)

**394.** Көчүргүлө. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча синтаксистик талдоо жүргүзгүлө. Мында сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткара албаган сөз барбы? Ал жөнүндө эмне билесинер?

1. Акия айткандай, ошол эле күнү көпчүлүк Чаргынды башкармалыкка шайлап коюшту. 2. Чынында эле, Чаргын майданга кеткен жолдошторунун ордун басышы керек эле. 3. Жакшылап ойлон, Чаке. Сен эми, албетте, баягы тентек жигит эмессин. 4. Сүйгүнчүлүктүү бол. Баарынан мурда, калыс бол. (*Т. С.*)

**395.** Текстти көркөм окугула. Ички сезимдерди билдирүүдө кайсы сөз колдонулат? Ошондой сөздү атагыла, ал кандай сезимди билдирди? Жазууда кайсы тыныш белгилери менен ажыратылды.

Ошентип, украиналык жаш аялды көрүү үчүн бужурөп баскан кемпирлер Каныштыкына киришти.

– Ботом, Каныш! Келин келди дешет. Кайсы келинин?

– Апей, кайсы келини болсун,– деди кайкы мурун кара кемпир, – жанакы орус...

Ал ангычакты болбой келгендерден көрүндүк алууга даяр отурган аялдардын бири кемпирлерге кайрылды:

– Көрүндүгүн бергиле, байбичелер? Бир эмес эки баш кошулду?

Камка кары үч сомдук кагазды уктап жаткан баланын койнуна салып койду да:

– О-о, садагасы, онкойгон арам! – деп баланын бөрсөйгөн мурдунан чымчып өөп койду. (*Т. С.*)

**396.** Атоочтук же чакчыл түрмөк катышкан жөнөкөй сүйлөмдү көчүрүп жазгыла. Алар сүйлөмдүн кайсы мүчөлөрүнөн болушту? Кайсы сөз менен байланышты?



1. Мен ушинтип турганда, үйдөн Алиман чыгып келди. Гүлдүү жоолугун салынып, жибек көйнөгүн кийип, жасанып алган. (*Ч. А.*) 2. Алымдын келишин күтө берип, Чоконун чыдамы кетти. Каныбектин дайынын билүү үчүн кеткен Алымдан эч кабар жок. Алым аман барбы же бирөөнүн колуна түштүбү? (*К. Ж.*) 3. Айтмакчы, унутуп баратыпмын. Сени бедеге төрөткөн Чаргын байкең кандай турат? Иштери кандай? (*Т. С.*)

**397.** Көчүргүлө. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө. Грамматикалык түзүлүшү жагынан булар сүйлөмдүн кайсы түрлөрүнөн болушту?

1. Бала, ызасына чыдабай, ыйлап жиберди. Муштумдарын түйүп, өйдө тура калып, колун кесеп сүйлөдү. Мен анын ушул кайратына ыраазы болдум. 2. Терең сайда күрөшкө тойбос Байдамтал дагы эле, жанын сабап, толкундарды ташка жанчат. (*Ч. А.*) 3. Ажардын көз жашы тыйылып, санаасы алда кайда кетти. (*К. Б.*)

**398.** Текстти көркөм окугула. Тыныш белгилердин коюлуш эрежелерин түшүндүргүлө.

Найман эне, эки колдоп бетин басып, солуктап ыйлап көпкө отурду. Анан калган күч-кубатын жыйнап, уулуна жөнөдү. Маңкурт уулу эчтеке көрбөгөн-билбегендей, кайдыгер карап турду.

– Отурчу, сүйлөшөлү, – деди Найман эне, оор үшкүрүнүп. – Сени издебеген жерим калбады го!

Экөө бет маңдай отурушту.

– Мени тааныйсыңбы? – деди эне.

Маңкурт башын чайкады.

– Сенин атың ким?

– Манкурт, – деди ал.

– Сени азыр ошентип аташат, мурдагы атың эсиңдеби? Атаңдын аты – Дөнөнбай, ошону билбейсиңби? Сенин атың – Жоломан!

Мунун баарысы уулуна эч кандай таасир этпей жатты. (*Ч. А.*)

**399.** Көчүргүлө. Калтырылып кеткен тыныш белгилерди өз ордуна койгула. Алар эмне үчүн коюлду? Түшүндүргүлө.

1. – Энеке // тиги кимдин баласы // деди Жапар. – А-а, кагылайын // ал Балтабайдын баласы Сатар эмеспи.

2. Сатар // бетиндеги терин сүртүп // күлүңдөп басып келди.

3. Биз // кыргыз жазуучулары // дүйнөнүн алдыңкы адамдары менен жакындашуу үчүн көп иштерди аткардык. (*К. Б.*)

**400.** Окугула. Татаал сүйлөмдү көрсөткүлө, анын кандай түрлөрүн билесиңер? Алардын айырмачылыгы эмнеде?

## ЭЛ КАЗЫНАСЫНАН

1. Акылдуу адам көптү билиш үчүн окуйт, майда адам көпкө көрүнүш үчүн окуйт. 2. Адам болууга умтулгандар үчүн илимдин кандайы болсо да оордук кылбайт. 3. Чөйрө кандай болсо, акыл ошондой болот: акылдуулардын арасында акылга акыл кошулат, акмактардын арасында акыл акырындап жошулат, өзү теңдүүлөрдүн арасында калыбын жоготпойт. 4. Туш келип дөөлөт жолукса, душманың келип дос болот. (*«ЗО»*)

**401.** Татаал сүйлөмдүн кайсы түрү баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдөн түзүлөт. Багыныңкы баш сүйлөм менен кайсы мүчөлөр аркылуу байланышат? Төмөнкүлөрдөн мисал келтиргиле.

1. Күн батып кетсе[2] да, анын асманды алоолонткон жарыгы талаа бетин күүгүмдөнтүп турат. 2. Тоо басып калгансып, Эдигей үч бүктөлүп отурат. 3. Ошондой болсо да, күн жылып, тоого жаз келип, биз кош айдоого эртерээк кириштик. 4. Нурбектин кубанычы кучагына батпай, ал өзүн эң эле бактылуу сезди. (*Ч. А.*)

**402.** Текстти көркөм окугула. Сүйлөмдүн түзүлүшүнө байкоо жүргүзгүлө да, үтүр белгилеринин эмне үчүн коюлгандыгын аныктагыла.

Комузчу, ырчы, обончу, чексиз чебер
Билсең айт, дагы акынга жетпейт нелер?
Ташыса Ысык-Көлдөй ташкыны бар,
Таланттан Токтогулга ким тең келер?
Эмесе «Жаш кыялы», «Алымканы»
Кылымдап кыргызында жашай берер.

Аппак[3] кар түшүп турат, түшүп турат,
Себилип тээ тетиги көктөн кулап.
Дарактар калч-калч этип үшүп турат,
Ар бири аппак кардан тумак сурап. (*С. Э.*)

**403.** Сүйлөмдөргө синтаксистик талдоо жүргүзгүлө. Түзүлүшү боюнча кандай сүйлөмдөрдү өздөштүрдүңөр? Алардын ар бирине мисал келтиргиле.

1. Бирде мен сөз кутулбас акынмын, бирде мен жоого кирчү баатырмын. (*С. А.*) 2. Коңур күз. Эртең айылга жөнөймүн. Ысык-Көл мелтиреп турат. Толкун да көрүнбөйт. Айлана тыптынч. Сапарыңар кут болсун, Талант балам. (*«КБ»*) 3. Күн бата, Чоң-Ташты көздөй жол тарттык. (*М. Э.*)



**404.** Татаал сүйлөмдүн кандай түрлөрүн билесиңер? Алардын ар бирине бирден сүйлөм ойлоп тапкыла, сүйлөмдөрдүн айырмачылыгы жөнүндө айтып бергиле.

**405.** Багыныңкы сүйлөмдүн кандай түрлөрү бар? Алардын кайсы түрлөрү катышты жана алар баш сүйлөм менен кандайча байланышты?

1. Буралып шибер чыкпаса,
Жердин көркү болобу?
Каз, өрдөгү болбосо,
Көлдүн көркү болобу? (*Т.*)

2. Жакшыга дөөлөт келгенде,
Бой көтөрбөй пас болот.
Жаманга дөөлөт келгенде,
Көтөрө албай мас болот. (*Ж.*)

3. Күн жарыгы тийгендей,
Күлгөнү кызык баланын.
Оргу-баргы кеп айтып,
Жүргөнү кызык баланын.

4. Жамаатың жакшы болгон соң,
Ырыска ыктоо эл болот.
Каршылашып жоо келсе,
Биригип каптап сел болот. (*Ж.*)

**406.** Төл жана бөтөн сөздөрдү өзүнчө ажыраткыла. Бөтөн сөзду кандай жол менен колдонсо болот? Тике сөздүн тыныш белгиси жөнүндө айтып бергиле.

1. Ойчул акын Калыгул мындай деп айткан: «Окусаң илим үйрөнүп, орундуу жазган кат жакшы». 2. «Айдан жылдыз чексиз көп, түн эмнеге караңгы?» – деп суроо койгон акын Жеңижок. (*«Мурас»*) 3. Кыз төөнү бура тартып тура калды да: «Мен убадама жеттим», – деди (*А. Т.*)

**407.** Көчүргүлө. Тике сөздү таап, анын тыныш белгисин койгула. Эмне үчүн коюлгандыгын түшүндүргүлө.

1. Эне, жер муштап, кайталап айта берди / / Эсте атыңды, сенин атың ким эле / / 2. Жакшы окуйт, балам зээндүү / / деди Момун. 3. Бугу эне уул бала менен кыз балага / / Балдарым, мына эми мен силердин энеңермин, мен силерди Ала-Тоого алып барамын / / деди. 4. – Жок, ал менин атам болчу, менин атам / / дей берди ызага туталанган Абалбек. (*Ч. А.*)

**408.** Көчүргүлө. Сүйлөмдөргө синтаксистик талдоо жүргүзгүлө: а) айтылыш максаты боюнча; б) грамматикалык түзүлүшү боюнча; в) сүйлөм мүчөлөрү боюнча.

1. Таятамдыкы Чоң-Таштан кырк чакырымдай ары, Кен-Суудa. (*М. Э.*) 2. Көктөйүн деген чырпык элем, гүлдөйүн деген дарак элем. (*Т. С.*) 3. Таң атты. Кар жаап турат. Танабай, атын теминип, желе-жорто жүрдү. (*Ч. А.*)

4. Кызым, эгер намысың болсо, макул дебе? Намыс үчүн өлчү атаңа кенедей да кайгы жебе? (*К. Ж.*)

**409. БК.** Текстти көркөм окуп, анын мазмуну менен таанышкыла. Текстке талдоо жүргүзгүлө, тилдик каражаттардын колдонулушун аныктагыла. Текстке кандай аталыш берүүгө болот?

Өткөн бир заманда Акыл аке аттуу киши болуптур. Мүмкүн, ал кишинин аты бардыр, бирок эл аны Акыл аке дешчү экен.

Элден элге барып, кызыктуу жомокторду, сонун аңгемелерди айтып, элдин моокумун кандырар эле. Эл анын сонун аңгемелери үчүн көп акча, кымбаттуу буюмдарын да аяшкан эмес.

Акыл аке элден эч нерсе сурачу эмес, бирок бергенин таштабай алып, оокаты жетишпегендерге бөлүп, андан калганын үйүнө жыйнап коё берүүчү.

Күндөрдүн биринде Акыл аке дагы элди аралап, өзүнүн кызыктуу сөздөрүн өзү тыңшоого чыкты. Тилекке каршы, өзүнүн берметтей сөздөрүн уга алган жок. Ошондон кийин жыйналган көп дүйнөсүнө он беш бөлмөлүү үй салдырды да, сергек балдардан отузду жыйнап, балдан ширин, суудан тунук, кылычтан өткүр сөздөрүн аларга үйрөтө баштады.

Эл Акыл акеге ыраазы болушуп: «Акыл аке дүйнөнү кубалабайт, акылды кубалайт. Өзүнүн артына акылдуу кишилерди тарбиялап чыгармакчы. Ал кишинин билгенин биз билбейбиз, ал киши – доордун булбулу», – дей турган болушту.

Акыл акенин сөзүн угуу үчүн ар кайсы хандыктардан кишилер келишип, анын өлбөс сөздөрүн уга башташты. Анын кадыры күн санап артылып, байлыгы өлчөмсүз арбый берди. «Хандардын казнасы Акыл акенин казнасына жетпейт», – деген сөз бардык элге жайылды. (*А. Т.*)



# ТАТААЛ СҮЙЛӨМДӨ КОЮЛУУЧУ ТЫНЫШ БЕЛГИЛЕР

### Чекит (.)

Жай сүйлөмдүн маанисиндеги татаал сүйлөмдүн аягына чекит коюлат: 1. *Көл бетине нур чагылышат, айлана килемдей кулпурат.* (*Т. С.*) 2. *Өнөрүң болсо, өргө чап.* (*Т.*)

### Суроо белгиси (?)

Суроолуу сүйлөмдүн маанисиндеги татаал сүйлөмдүн аягына суроо белгиси коюлат: 1. *Жакшы сөзү болбосо, карынын көркү болобу?* (*Т.*) 2. *Тең курбум эсен кайтып, биз кайрадан бирге иштөөчү күн келер бекен?* (*Т. С.*)

### Илеп белгиси (!)

Илептүү сүйлөмдүн маанисиндеги татаал сүйлөмдүн аягына илеп белгиси коюлат: *Барагой эми, балам, ак жолуң ачылсын!* (*Ч. А.*)

### Кош чекит (:)

Татаал сүйлөмдү түзүп турган жөнөкөй сүйлөмдөрдүн бирөө негизгиси болуп, калгандары анын маанисин чечмелеп турса, негизги сүйлөмдөн кийин кош чекит коюлат: *Мезгил бардыгын өзгөртөт: жыл өткөн сайын мүнөз да өзгөрөт, тагдыр да башкача болот.* («*КТ*»)

### Үтүр (,)

1. Татаал сүйлөмдүн курамындагы жөнөкөй сүйлөмдөр үтүр менен ажыратылат: *Намысы бар жигиттин нар күчүндөй күчү бар, намысы жок жигиттин намыс менен неси бар.* (*Мак.*)

2. Эгерде багыныңкы сүйлөм баш сүйлөмдүн ортосунда кыстырылып келсе, үтүр анын эки жагына коюлат: *Чүкөбай, **Жапар канча айтса да**, өз билгенин берген жок.* (*К. Б.*)

3. Сүйлөмдүн тутумундагы каратма, киринди, сырдык сөздөр үтүр менен ажыратылат: 1. ***Жолдоштор**, ар дайым карапайым жана жөнөкөй болгула.* 2. *Биз, **албетте**, өзүбүздүн ата мекенибизди сүйөбүз.* («*А*») 3. ***Эй, алтын тоо**, бөйрөгүңдү казабыз, уктап жаткан алтын кенин ачабыз.* (*К. М.*)

4. Сүйлөмдүн тутумундагы түшүндүрмө мүчөнүн эки жагына үтүр коюлат: *Ал кишини биз, **кыргыз балдары**, Кузьмич ата дечүбүз.* (*Т. С.*)

5. Сүйлөмдүн тутумундагы чакчыл түрмөк үтүр менен ажыратылат: ***Чаргын колуна кесени алып**, кулуп койду. **Чаргынды катарына алып**, Жапар теребелге көз чаптырат.* (*Т. С.*)

# ТИРКЕМЕ

## ФОНЕТИКАЛЫК ТАЛДООНУН ТАРТИБИ

1. Сөздө канча муун, канча тыбыш, канча тамга бар экендигин аныктоо.
2. Үндүү тыбышка мүнөздөмө берүү (жоон же ичке, кең же кууш, эриндүү же эринсиз, кыска же созулма).
3. Үнсүз тыбышка мүнөздөмө берүү (жумшак же каткалаң түгөйлүү же түгөйсүз).

## СӨЗДҮН КУРАМЫ БОЮНЧА ТАЛДООНУН ТАРТИБИ

1. Сөздүн уңгусун жана мүчөсүн аныктоо.
2. Мүчөнүн түрлөрүн атоо (сөз жасоочу же сөз өзгөртүүчү).
3. Сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдүн түрлөрүн аныктоо.

## СӨЗ ЖАСОО БОЮНЧА ТАЛДООНУН ТАРТИБИ

1. Кайсы сөздөн кандай маанидеги сөздүн жасалганын аныктоо (заттан этиш; этиштен зат; заттан сын атооч ж. б.).
2. Сөз кайсы мүчөнүн жардамы менен жасалгандыгын белгилөө.
3. Сөз жасоонун жолун атап көрсөтүү.

## МОРФОЛОГИЯЛЫК ТАЛДООНУН ТАРТИБИ

### I. Маани берүүчү сөз түркүмдөрү

Адегенде кайсы сөз түркүмү экендиги аталууга тийиш. Андан кийин сөз түркүмдөрүнүн ар бирине мүнөздүү белгилер көрсөтүлөт.

**З а т  а т о о ч:** энчилүү же жалпы зат атооч экендиги; кандай формада колдонулганы; жекелик же көптүк санда, жөндөмө, жак, таандык мүчөлөр менен келиши.

**С ы н  а т о о ч:** түрлөрү (сапаттык же катыштык); даражалары (жай, салыштырма, басаңдатма, күчөтмө); заттык мааниде болсо, кандай формада колдонулганы: жекелик же көптүк санда, жөндөмө, жак, таандык мүчөлөрдө келиши.

**С а н  а т о о ч:** түрлөрү (эсептик, иреттик, жандама, чамалама, бөлчөк, топ сан); кайсы формада колдонулганы: жөндөмө, жак, таандык мүчөлөрдө келиши.



**А т  а т о о ч:** түрлөрү (жактама, шилтеме, сурама, тангыч, аныктама, белгисиз ат атоочтор); кайсы формада колдонулганы: жекелик же көптүк санда, жөндөмө мүчөлөрдө келиши.

**Э т и ш:** түзүлүшү (негизги же жардамчы); кайсы формада колдонулганы: чагы, жагы, ыңгайы, мамилеси; этиштин өзгөчө түрлөрү: атоочтук, чакчыл, кыймыл атооч.

**Т а к т о о ч:** кандай мааниде колдонулганы (орун, мезгил, сыпат, сан-өлчөм).

### II. Кызматчы сөздөр

**Ж а н д о о ч:** кайсы жөндөмө менен колдонулганын белгилөө.

**Б а й л а м т а:** түрлөрү (каршылагыч, байланыштыргыч, ажыраткыч, себеп-натыйжалагыч, шарттуу, салыштырма).

**Б ө л ү к ч ө:** мааниси (чектеме, күчөтмө, аныктагыч, тангыч ж. б.).

### III. Өзгөчө сөз түркүмдөрү

**Т у у р а н д ы  с ө з:** тыбыш же элестүү сөз.

**С ы р д ы к  с ө з:** кандай мааниде колдонулганы (ички сезимди же эркти билдиргендиги).

## СИНТАКСИСТИК ТАЛДООНУН ТАРТИБИ

### I. Сөз айкашы

1. Сөз айкашынын түзүлүшү жөнүндө айтып берүү: а) негизги жана багыныңкы сөздү табуу; б) алардын кайсы сөз түркүмүнөн болгондугун көрсөтүү.
2. Негизги жана багыныңкы сөздөрдүн байланышуу жолдорун (ыкташуу, башкаруу, таандык байланыш) аныктоо.

### II. Жөнөкөй сүйлөм

1. Айтылыш максаты боюнча сүйлөмдүн кайсы түрү (жай, суроолуу, буйрук, илептүү) экенин атоо.
2. Сүйлөмдүн грамматикалык негизин (ээ, баяндооч) таап, анын жөнөкөй же татаал сүйлөм экендигин белгилөө.
3. Жөнөкөй сүйлөмдүн түзүлүшү жөнүндө айтып берүү:

а) эки тутумдуубу (жалаң жайылма) же бир тутумдуубу (атама, жактуу, жаксыз);

б) толук же кемтик сүйлөмбү (кемтик сүйлөм болсо, анын кайсы мүчөсү айтылбай калганын табуу).

4. Эгерде бир өнчөй мүчөлөр, жалпылагыч сөз, түшүндүрмө мүчө, сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр, чакчыл жана атоочтук түрмөктөр (алар сүйлөмдүн кайсы мүчөсү экендиги аныкталат) болсо, аларды өзүнчө белгилөө керек (өздөштүрүлгөндөн кийин).

5. Сүйлөмдү сүйлөм мүчөлөрүнө ажыратып, алардын милдетин кайсы сөз түркүмү аткаргандыгы айтылат; мында адегенде сүйлөмдүн баш мүчөлөрү, андан соң, айкындоочтор табылууга тийиш.

6. Тыныш белгилеринин коюлушун түшүндүрүү.

### III. Татаал сүйлөм

1. Сүйлөмдүн грамматикалык негиздерин (баш мүчөлөрүн) белгилөө менен татаал сүйлөм экендигин көрсөтүү.

2. Татаал сүйлөмдүн кайсы түрү экенин аныктоо:

а) тең байланыштагы татаал сүйлөм; анын тутумунда канча жөнөкөй сүйлөм бар экенин, алардын өз ара байланышуу жолдорун (интонация, байламта) аныктоо;

б) жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ортосундагы маанилик катышты (тең, маанилеш, мезгилдеш, себеп-натыйжа ж. б.) аныктоо.

3. Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм болсо, андагы баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдү көрсөтүү; багыныңкы сүйлөмдүн түрлөрүн (мезгил, себеп, максат ж. б.) аныктоо.

4. Тыныш белгилердин коюлушун түшүндүрүү.

5. Мындан кийин татаал сүйлөмдүн ар бир бөлүгүн жөнөкөй сүйлөм катары талдоо.

6. Көп багыныңкылуу татаал сүйлөмдү талдоодо багыныңкы сүйлөмдөрдүн бир өнчөй, же бир өнчөй эмес экендигин белгилөө.

7. Аралаш татаал сүйлөм болсо, андагы тең жана багыныңкы байланыштагы сүйлөмдөрдү ажыратуу.



## IX КЛАСС БОЮНЧА ТЕСТТИН ҮЛГҮЛӨРҮ

**1. Кайсы сүйлөмдө түшүндүрмө мүчө катышты:**

а) Кыз көгөргөн көлгө, керилген тоолорго суктана карайт.

б) Шамбетке Чаргын чапжаак ыраазы.

в) Биз, айылдын жаштары, быйыл өзүбүздүн айылга электр станциясын курабыз. (*Т. С.*)

**2. Төмөнкү мисалдардын ичинен кайсынысы татаал сүйлөм:**

а) Аркы-беркини байкас албай, Чаргын бек-бек унчукту.

б) Кишилерди күлдүрүп отуруучу Элебес көрүнбөйт.

в) Ооба, бийлегин, Сергей эмдигиче тим эле чимирилип кетмек. (*Т. С.*)

**3. Татаал сүйлөм грамматикалык түзүлүшү боюнча канчага бөлүнөт:**

а) экиге; б) төрткө; в) бешке.

**4. Татаал сүйлөмдүн кандай түрлөрү бар:**

а) тең байланыштагы жана багыныңкы байланыштагы;

б) жөнөкөй жана татаал;

в) бир тутумдуу жана эки тутумдуу.

**5. Түшүндүрмө мүчө катышкан сүйлөмдү тапкыла жана тыныш белгисин койгула:**

а) Күн кылкылдап уясына батып баратат.

б) Силер мугалимдер жаш өспүрүмдөргө таалим-тарбия берүүдө баа жеткис эмгек синирдинер. (*К. Б.*)

в) Шаркырап аккан сууга жеткенде Данияр арабаны жайыраак айдады. (*Ч. А.*)

**6. Каратма сөз катышкан сүйлөмдү көрсөткүлө:**

а) Таятамдын жомогу көп: кайгылуусу да, коркунучтуусу да бар.

б) Баарынан жакшы көргөнүм – жанагы мүйүздүү Бугу эне жөнүндөгү жомок.

в) Сен ал жомокту билесинби, ата? (*Ч. А.*)

**7. Сүйлөмдүн курамындагы каратма сөздүн астын сызгыла, тыныш белгилерин койгула:**

а) Мен Бугу эне болом. (*Ч. А.*)

б) Келдим эне элди-жерди сагынып. (*Ж. Т.*)

в) Байлык – колго кармаган муз. (*Мак.*)

**8. Сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздүн астын сызгыла жана тыныш белгисин койгула:**

а) Маралдар суу ичип турганда, өйүз жээкке корукчулар келди.

б) Эх ак маралдай манкайып дегендей эле бар экен!

в) Фотоаппаратты ала келсек, сонун болмок экен да! (*Ч. А.*)

**9. Тең байланыштагы татаал сүйлөмдү тапкыла:**

а) Улуу кубаныч Акияны да толкундаткан, ошентсе да өкүнүчтүү келин Элебесин эстейт.

б) Мыскал башынан өткөргөн окуясын Камкага сүйлөп жатканда, Сатай менен Салмоорбек, көчөнү жаңыртып, чуркап келишти. (*Т. С.*)

в) Күзүндө жамгыр болбосо, күлгүн чөп кайдан бүрдөсүн. (*Т.*)

**10. Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм кандай сүйлөмдөрдөн түзүлөт:**

а) баш жана багыныңкы;

б) толук жана кемтик;

в) тең уюктагы жөнөкөй сүйлөмдөрдөн.

**11. Мезгил багыныңкы сүйлөмдү тапкыла:**

а) Оор барскандар күрсүлдөп, устакана кереметтенет.

б) Эки абышканын жемесинен кийин элдин уу-дуусу бир азга басаңдады.

в) Шамбет майданга кеткенден кийин, күтүлбөгөн жерден Чаргын башкарма болду. (*Т. С.*)

**12. Киринди сөз катышкан сүйлөмдү тапкыла:**

а) Бектурган таң куланөөк болгондо эшикте болду.

б) Адам, чынын айтканда, бактыга тойбойт.

в) Эки гүлдүн ортосуна кандай тикенек чыкканы мага белгисиз. (*А. Т.*)

**13. Кайсы сүйлөмдө чакчыл түрмөк катышты:**

а) Арабадан ыргып түшүп, Алиман жаныма жетип келди.

б) Алимандын мунусуна ыраазы болуп калдым.

в) Энеке, Касымдан кат келди. (*Ч. А.*)

**14. Баш жана багыныңкы сүйлөм бири-бири менен грамматикалык кайсы каражаттар аркылуу байланышат:**

а) интонация, байламталар;

б) чакчыл, атоочтук жана шарттуу ыңгайдын *-са* мүчөсү;

в) түзүлүшү, орун тартиби.

**15. Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдү тапкыла:**

а) Кайгысы жок кара сууга семирет.

б) Жакшылардын үлгүсү жанып турган шамдай. (*Мак.*)

в) Каптаган душман ала албайт, тилектеш болсо миң адам. (*Т.*)

**16. Атоочтук түрмөк катышкан сүйлөм кайсы:**

а) Көтөрүлүп көп сүйлөп, болбос ишке күлбөгүн. (*Т.*)

б) Улар үнүн уккан адам барбы?

в) Таптаган билет шумкарды. (*Мак.*)



**17. Сыпат багыныңкы сүйлөмдү көрсөткүлө:**

а) Эне тил болбой, эл болбойт. (*Мак.*)

б) Бетинен нуру чачырап, толкундап Сырга кубанды. (*Ж. Б.*)

в) Айылдан эртең менен чыгып, станцияга түш оой барабыз. (*Ч. А.*)

**18. Шарттуу багыныңкы сүйлөмдү тапкыла:**

а) Күндүн нуру болбосо, суу күркүрөп көбөйбөйт.

б) Бардыгына күн себеп, бардыгына күн керек. (*Ж.*)

в) Бекендин сөзү катуу тийсе да, Садыр унчукпай тура берди. (*Ш. Б.*)

**19. Тең байланыштагы татаал сүйлөм кайсы:**

а) Өткөн күндү эскерген – өскөндүктүн белгиси.

б) Мээримдүүлүктү энеден үйрөн, адептүүлүктү эстүүдөн үйрөн. (*Мак.*)

в) Айтике, баланы карап, отура калды. (*А. Т.*)

**20. Баш сүйлөмдүн ортосунда кыстырылып келген багыныңкы сүйлөмдү тапкыла:**

а) Жапар катты окуп чыкканда, өңү кумсарып, көзү ымыр-чымыр болду.

б) Бүткөн бою дирилдеп, бир топко чейин каттан көзүн албады.

в) Ажар, карышкырлар жакындап кирип келген сайын, ширеңке тартып жатты. (К. Б.)

**21. Татаал сүйлөмдүн тутумундагы максат багыныңкы сүйлөмдү аныктагыла:**

а) Балдар окусун деп, Дүйшөн бизди мектепке ээрчитип чыкты.

б) Дүйшөн өзү жол баштап, анын артынан балдар чыйырга түштү.

в) Балдар чогулгандан кийин, Дүйшөн күндөгүдөй от жаккан жок. (*Ч. А.*)

**22. Көп багыныңкылуу татаал сүйлөмдү көрсөткүлө:**

а) Чынында, турмуш өзү сонун турбайбы, үтүрөйгөн кайгы дарбазаны ачканча, кош кубаныч кирип келди.

б) Дагы эшик ачылды, үйгө Зарыл менен Касейин кирди, Касейиндин колунда комузу бар.

в) Өстөн казылса, станция тургузулса, ар бир үйдө өчпөс шамдар жанат. (*Т. С.*)

**23. Аралаш татаал сүйлөмдү тапкыла:**

а) Мылтык тарс этти, мен карай калсам, Жапаркул жерде сулап жатыптыр.

б) Эл чогулуп калды, мен Жапаркулдун башын жөлөдүм, ыйлап жибердим.

в) Күн бүркөлдү, туман түштү, борошолоп кар жаады. (*К. Б.*)

**24. Тике сөздү таап, ага тиешелүү тыныш белгилерди койгула:**

а) Элдин айтканына караганда, өнөр алды – кызыл тил.

б) Кишиден кем болбогула, башка элге тең болгула деди мүйүздүү Бугу эне.

в) Бугу эне коштошуп турганда, арамдыкты каргап, адалдыкты зарлап кеткен экен дешет. (*Ч. А.*)

**25. Кандай учурда төл жана бөтөн сөздөрдө кош чекит коюлат:**
а) тике сөз төл сөздөн мурда келгенде; б) тике сөз төл сөздөн кийин келгенде;
в) тике сөз төл сөздүн ортосуна келгенде.

**26. Тике сөздү таап, анын тыныш белгилерин койгула:**
а) Шамбет эмгектин ийгилиги, аракеттин берекеси бар деди.
б) Демилге берип, Чаргын да эл менен бирге иштеп жатат.
в) Адырдан калкып жел жүрсө, ак буудай башы ыргалат.

**27. Кайсы учурда тике сөз катышкан сүйлөмдө суроо жана сызыкча белгилери коюлат:**
а) тике сөз төл сөздөн кийин келсе;
б) суроолуу сүйлөмдүн маанисиндеги тике сөз төл сөздөн мурда келсе;
в) тике сөз кыйыр сөз түрүндө колдонулса.

**28. Жайылма сүйлөмдү тапкыла:**
а) Бул кыз Мыскалды билер бекен, сурачы?
б) Энемди кыя албай, кайра айылга кеттим.
в) Өзүңүз баланын энеси болдуңуз, сизди чыгышты карай жөнөтөбүз.(*Т. С.*)

**29. Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдү көрсөткүлө:**
а) Биз, Бейшемби келген кезде, чөп үйүп жатканбыз. (*М. Э.*)
б) Бир аздан кийин күн ысый баштады.
в) Күндүн ысык шооласы Ажарды ысытып жиберди, бир тамчы суу көзүнөн учту. (*К. Б.*)

**30. Чакчыл түрмөк катышкан жөнөкөй сүйлөмдү тапкыла.**
а) Жалындаган от өчүп, карышкырлар кайра качырышты.
б) Ажар коркту, ыйлап жиберди.
в) Асмандагы сулуу Ай да кош айтышты, Ажарды аяп. (*К. Б.*)

**31. Тең байланыштагы татаал сүйлөм барбы:**
а) Мен өйдө турганым жок, оозумдан үн да чыккан жок.
б) Сүйүнгөнүм канчалык көп болсо, өкүнүп-өксүгөнүм андан көп.
в) Дүйшөн, аттан секирип түшүп, эшикти жара тепти. (*Ч. А.*)

**32. Татаал сүйлөмдүн курамында биринчи бөлүгү жайылма, экинчиси жалаң сүйлөмдөн түзүлгөн татаал сүйлөмдү көрсөткүлө:**
а) Байлыктын атасы – эмгек, энеси – жер. б) Акыл – тозбос тон, билим – түгөнбөс кен.в) Күч кетет, билим кетпейт. (*Мак.*)



**33. Эки тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөрдөн түзүлгөн татаал сүйлөм барбы, тапкыла:**
а) Алтын алба, алкыш ал.
б) Жолдон чыксаң да, элден чыкпа.
в) Акыл деңизден терең, билим тоодон бийик. (*Мак.*)

**34. Каратма сөз катышкан сүйлөмдү тап:**
а) Анын туура, улуу талаам, бирок биз пендебиз да, жакшылыктан дайым үмүтүбүз чоң.
б) Алиман экөөбүз вагондорду кыдыра жүгүрдүк.
в) Нечен вагондор өттү, бирок Майсалбекти жолуктура албадык. (*Ч. А.*)

**35. Экинчи катардагы сүйлөмдүн (б) калтырылып кеткен тыныш белгилерин койгун:**
а) Данияр жети пуддук чоң, кара капты көтөрүп баратты.
б) Ташта, ташта капты деп кыйкырып жиберди Жамийла.
в) Кампачы ачуусу келген бойдон Даниярга жулкунду.

**36. Татаал сүйлөмдүн курамынан салыштырма багыныңкы сүйлөмдү тапкыла:**
а) Бириндеп булут көрүнсө, күндүн көзү ачылат. (*Т.*)
б) Мактанчаак менен жалкоону элдин баары билишет, бирок өзүлөрү өлгүчө билишпейт.
в) Тоого чыккан адам алысты көргөндөй, окуган адам дүйнөнү кең таанийт. (*«ЗО»*)

**37. Багыныңкы сүйлөмдүн канча түрүн билесиңер:**
а) беш; б) жети; в) тогуз.

**38. Төмөнкүлөрдүн ичинен кайсынысы аралаш татаал сүйлөм:**
а) Күндөп издейт боз инген ак ботосун, түндөп издейт боз инген ак ботосун, зарлап издейт боз инген.
б) Эмчегим сыздап, сүт агат, аягым талыйт. (*Ч. А.*)
в) Жайкала шибер чыкпаса, сайраса булбул укпаса, жай болсо да кышка тең. (*«Мурас»*)

## ШАРТТУУ КЫСКАРТУУЛАР

*А. Т.* – Аалы Токомбаев
*А. О.* – Алыкул Осмонов
*А. Ү.* – АлымкулҮсөнбаев
*А. Токт.* – Абдрасул Токтомушев
*Б. А.* – Барпы Алыкулов
*Б. С.* – Байдылда Сарногоев
*Б. Ж.* – Бексултан Жакиев
*Ж. Б.* – Жоомарт Бөкөнбаев
*Ж. Т.* – Жусуп Турусбеков
*Ж. С.* – Жалил Садыков
*К. Б.* – Касымалы Баялинов
*К. Бект.* – Касымаалы Бектенов
*К. Ж.* – Касымаалы Жантөшев
*К. Жус.* – Кеңеш Жусупов
*К. М.* – Кубанычбек Маликов
*К. К.* – Касым Каимов
*К. О.* – Качкынбай Осмоналиев
*М. А.* – Мидин Алыбаев
*М. Т.* – Мырзабек Тойбаев
*М. Э.* – Мукай Элебаев
*Мак.* – Макал
*«ФС»* – Фразеологиялык сөздүк
*Н. Б.* – Насирдин Байтемиров
*О. Б.* – Осмонкул Бөлөбалаев
*С. К.* – Саякбай Каралаев
*С. Ө.* – Сагындык Өмүрбаев
*С. А.* – Сатин Абдыкеримова
*С. Э.* – Сүйүнбай Эралиев
*С. Р.* – Сулайман Рыспаев
*Т. М.* – Тоголок Молдо
*Т.* – Токтогул
*Т. К.* – Төлөгөн Касымбеков
*Т. С.* – Түгөлбай Сыдыкбеков
*Т. Б.* – Түмөнбай Байзаков
*Р. Ш.* – Райкан Шүкүрбеков
*Ч. А.* – Чыңгыз Айтматов
*Ш. Б.* – Шүкүрбек Бейшеналиев
*Ш. Д.* – Шайлообек Дүйшеев
*«А»* – «Асаба» гезити
*«АТ»* –«Ала-Тоо» журналы
*«КТ»* – «Кыргыз туусу» гезити
*«ЗО»* – «Залкар ойлор»
*«КБ»* – «Кут билим» гезити
*«ЭТ»* – «Эне тил» гезити



## МАЗМУНУ

### VIII КЛАССТА ӨЗДӨШТҮРҮЛГӨНДӨРДҮ КАЙТАЛОО

§ 1. Сөз айкашы ........ 3
§ 2. Жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрү ........ 5

### БАЙЛАНЫШТУУ КЕП

§ 3. Текст жана кеп жөнүндөгү маалыматтарды жалпылоо ........ 8
§ 4. Кептин түрлөрү ........ 10
§ 5. Публицистикалык стиль ........ 11
§ 6. Түшүндүрмө мүчө ........ 13
§ 7. Сүйлөмдөгү сөздөрдүн орун тартиби ........ 16

### СҮЙЛӨМГӨ МҮЧӨ БОЛО АЛБАГАН СӨЗДӨР

§ 8. Каратма сөз жана анын тыныш белгилери ........ 20
§ 9. Киринди сөз жана анын тыныш белгилери ........ 24
§ 10. Киринди сөздүн мааниси ........ 27
§ 11. Сырдык сөз жана анын тыныш белгилери ........ 30

### СИНТАКСИСТИК ТҮРМӨКТӨР

§ 12. Атоочтук түрмөктүн синтаксистик кызматы ........ 35
§ 13. Чакчыл түрмөктүн синтаксистик кызматы ........ 38

### ТАТААЛ СҮЙЛӨМ

§ 14. Татаал сүйлөмдүн түзүлүшү ........ 43
§ 15. Татаал сүйлөмдүн түрлөрү ........ 47

### ТЕҢ БАЙЛАНЫШТАГЫ ТАТААЛ СҮЙЛӨМ

§ 16. Жөнөкөй сүйлөмдөрдүн ортосундагы маанилик катыштар ........ 51
§ 17. Тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн тыныш белгилери ........ 54
§ 18. Жөнөкөй сүйлөмдөрдүн байланышуу жолдору ........ 57
§ 19. Байламталар менен байланышкан татаал сүйлөмдүн тыныш белгилери ........ 59
§ 20. Тең байланыштагы татаал сүйлөм боюнча синтаксистик талдоо ........ 63

## БАГЫНЫҢКЫ БАЙЛАНЫШТАГЫ ТАТААЛ СҮЙЛӨМ


§ 21. Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдүн түзүлүшү ................. 66
§ 22. Баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдүн байланышуу жолдору ............ 70
§ 23. Баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдүн орду жана тыныш белгилери ................................................................ 74
§ 24. Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм боюнча синтаксистик талдоо ................................................ 78


## БАГЫНЫҢКЫ СҮЙЛӨМДҮН ТҮРЛӨРҮ


§ 25. Мезгил багыныңкы сүйлөм ................................................ 80
§ 26. Орун багыныңкы сүйлөм .................................................. 84
§ 27. Шарттуу багыныңкы сүйлөм ............................................. 87
§ 28. Карама-каршы багыныңкы сүйлөм ..................................... 90
§ 29. Сыпат багыныңкы сүйлөм ................................................ 94
§ 30. Салыштырма багыныңкы сүйлөм ...................................... 98
§ 31. Себеп багыныңкы сүйлөм ................................................ 102
§ 32. Максат багыныңкы сүйлөм .............................................. 106
§ 33. Сан-өлчөм багыныңкы сүйлөм ......................................... 109
§ 34. Көп багыныңкылуу татаал сүйлөм .................................. 115
§ 35. Аралаш татаал сүйлөм .................................................... 119


## БӨТӨН СӨЗДҮ КОЛДОНУУНУН ЖОЛДОРУ


§ 36. Тике жана кыйыр сөз ....................................................... 125
§ 37. Тике сөздүн тыныш белгилери ......................................... 129
§ 38. Цитата жана анын тыныш белгилери ................................ 133
§ 39. Тике сөз катышкан сүйлөм боюнча синтаксистик талдоо ............ 135


## ПУНКТУАЦИЯ


§ 40. Тыныш белгилердин мааниси жана кызматы ....................... 137
IX класста өздөштүрүлгөндөрдү кайталоо ..................................... 141
Татаал сүйлөмдө коюлуучу тыныш белгилер .................................. 147


## ТИРКЕМЕ


Фонетикалык талдоонун тартиби ............................................... 148
Сөздүн курамы боюнча талдоонун тартиби .................................. 148
Сөз жасоо боюнча талдоонун тартиби ......................................... 148
Морфологиялык талдоонун тартиби ............................................ 148
Синтаксистик талдоонун тартиби ............................................... 149
X класс боюнча тесттин үлгүлөрү ................................................ 151
Шарттуу кыскартуулар ................................................................ 156





*Окуу китеби*

**Өмүралиев Боогачы**

**КЫРГЫЗ ТИЛИ**

**II бөлүк**

Синтаксис

Жалпы билим берүүчү кыргыз орто мектептеринин
9-классы үчүн окуу китеби

Кайрадан иштелип, 3-басылышы

Редактору *С. Төлөгөнова*
Сүрөт редактору *Д. Тимур*
Тех. редактору *М. Курбанбаева*
Корректору *Н. Эсенаманова*
Компьютердик калыпка салган *У. Дуулатова*

Терүүгө 20.10.10 берилди. Басууга 29.04.2012 кол коюлду.
Форматы 70x90 $^1/_{16}$. «Мектеп» арибы. 10,0 физ. басма табак.
Нускасы 45 500. Заказ № 110.

«Билим-компьютер» басмаканасында даярдалган жана бекитилген сигналдык нускасы, «ST.art LTD» ЖЧК типографиясында басылды.

«Билим-компьютер» басмасы
720065, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., «Восток-5» кичи р-ну, 14/2

«ST.art LTD» ЖЧК
720040, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Тыныстанов көч., 199-46